# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) 9

# «Финансылык инструменттер»

## 1-глава. Максаты

1.1 Ушул стандарттын максаты – финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга ишкананын келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын суммасын, келип чыгышынын мөөнөттөрүн жана айкын эместигин баалоого мүмкүндүк бере турган жөндүү жана пайдалуу маалыматты берүү үчүн финансылык отчеттуулукта *финансылык активдерди* жана *финансылык милдеттенмелерди* чагылдыруу принциптерин белгилөө.

## 2-глава. Колдонуу чөйрөсү

**2.1 Ушул стандартты бардык ишканалар финансылык инструменттердин бардык типтерине карата колдонууга тийиш, буга төмөнкүлөр кирбейт:**

**(a)** ***«Бириктирилген финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IFRS) 10го, *«Өзүнчө финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IAS) 27ге же *«Ассоциацияланган ишканаларга жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар»* ФОЭС (IAS) 28ге ылайык эсепке алынуучу туунду ишканалардагы, ассоциацияланган ишканалардагы жана биргелешкен ишканалардагы катышуу үлүштөрү. Бирок айрым учурларда ФОЭС (IFRS) 10, ФОЭС (IAS) 27 же ФОЭС (IAS) 28 туунду ишканага, ассоциацияланган ишканага жана биргелешкен ишканага катышуу үлүшүн эсепке алууну ушул стандарттын айрым же бардык жоболоруна ылайык жүзөгө ашырууну ишканадан талап кылат же ага уруксат берет. Ишканалар ошондой эле ушул стандартты маңызы туунду ишканага, ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага катышуу үлүшү болуп саналган туунду инструменттерге карата колдонууга тийиш, буга ушундай туунду инструмент *«Финансылык инструменттер: маалыматты берүү»* ФОЭС (IAS) 32де келтирилген ишкананын үлүштүк инструментинин аныктамасына жооп берген учурлар кирбейт;**

**(b)** **аларга карата *«Ижара»* ФОЭС (IFRS) 16 колдонулган ижара келишимдери боюнча укуктар жана милдеттер. Ошону менен бирге:**

**(i)** **ижарага берүүчү тааныган финансылык ижара боюнча дебитордук карызга (башкача айтканда, финансылык ижарага таза инвестицияга) карата жана операциялык ижара боюнча дебитордук карызга карата таанууну токтотуу жагынан жана нарктын түшүүшү жагынан ушул стандарттын талаптары колдонулат;**

**(ii)** **ижарага алуучу тааныган ижара боюнча милдеттенмелерге карата таанууну токтотуу жагынан ушул стандарттын 3.3.1-пункттун талаптары колдонулат; жана**

**(iii)** **ижара келишимине киргизилген туунду инструменттерге карата камтылган туунду инструменттерге тиешелүү ушул стандарттын талаптары колдонулат.**

**(c)** **аларга карата *«Кызматкерлердин сыйакылары»* ФОЭС (IAS) 19 колдонулган кызматкерлердин сыйакылар программаларынын алкагында иш берүүчүлөрдө келип чыккан укуктар жана милдеттер;**

**(d)** **ишкана чыгарган, ФОЭС (IAS) 32ге ылайык үлүштүк инструмент аныктамасына жооп берген (анын ичинде опциондор жана варранттар) же ФОЭС (IAS) 32нин 16A жана 16B-пункттарына же 16C жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк**

© ФОЭС Фонду

**инструмент катары классификациялоо талап кылынган финансылык инструменттер. Бирок, ушундай финансылык инструменттерди кармоочу бул инструменттерди, эгерде алар (а) пунктчасында көрсөтүлгөн өзгөчө учурга туш келбесе, эсепке алуу үчүн ушул стандартты колдонууга тийиш;**

**(e)** **төмөнкүлөр боюнча келип чыккан укуктар жана милдеттер (i) финансылык кепилдик аныктамасына ылайык келген камсыздандыруу келишимин чыгарган тарапта келип чыккан укуктарды жана милдеттерди кошпогондо, ал *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 4тө аныкталгандай, камсыздандыруу келишими, же төмөнкү боюнча (ii) ал өзүнө дискрециялык катышууну камтыгандыгынан улам ФОЭС (IFRS) 4түн колдонулушунун чөйрөсүнө кирген келишим. Бирок, эгерде төмөнкү туунду инструменттин өзү ФОЭС (IFRS) 4түн колдонулушунун чөйрөсүнө кирген келишим болуп саналбаса, ушул стандарт ФОЭС (IFRS) 4түн колдонулушунун чөйрөсүнө кирген келишим киргизилген туунду инструменттерге карата колдонулат. Мындан тышкары, эгерде финансылык кепилдик келишимдерин чыгарган тарап мурда мындай келишимдерди камсыздандыруу келишимдери катары караганын ачык формада билдирген болсо жана аларды камсыздандыруу келишимдерине карата колдонулган тартипте эсепке алган болсо, анда бул тарап өз каалоосу боюнча ушундай финансылык кепилдик келишимдерине карата ушул стандартты же болбосо ФОЭС (IFRS) 4тү (B2.5–B2.6-пункттарын караңыз) колдоно алат. Бул тарап мындай чечимди ар бир келишимге карата өзүнчө кабыл ала алат, бирок ар бир келишим боюнча кабыл алынган чечим кийин кайра каралышы мүмкүн;**

**(f)** **сатып алуу объектин сатып алуу же сатуу жөнүндө сатып алуучу менен сатуучу-акционердин ортосундагы форварддык келишим, анын натыйжасында келечекте *«Бизнестерди бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3тү колдонуу чөйрөсүнө кирген бизнестерди бириктирүү боюнча операция болуп өтөт. Мындай форварддык келишимдин колдонулушунун мөөнөтү узактыгы боюнча демейде бардык талап кылынган уруксаттарды алуу жана операцияны аяктоо үчүн зарыл болгон акылга сыярлык мезгилден ашууга тийиш эмес;**

**(g)** **2.3-пунктта сүрөттөлгөн зайымдарды берүү боюнча милдеттенмелерди кошпогондо, зайымдарды берүү боюнча милдеттенмелер. Бирок, зайымдарды берүү боюнча милдеттенмени өзүнө кабыл алган тарап нарктын түшүшүнө тиешелүү ушул стандарттын талаптарын ушул стандартты башка негиздер боюнча колдонуу чөйрөсүнө кирбеген зайымдарды берүү боюнча милдеттенмелерге карата колдонууга тийиш. Мындан тышкары, зайымдарды берүү боюнча бардык милдеттенмелер ушул стандартты таанууну токтотууга тиешелүү жоболорго жайылтылат;**

**(h)** **ушул стандарттын 2.4–2.7-пункттарында сыпатталган, аларга карата ушул стандарт колдонулган келишимдерди кошпогондо, аларга карата *«Акцияларга негизделген төлөмдөр»* ФОЭС (IFRS) 2 колдонулган акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын алкагындагы финансылык инструменттер, келишимдер жана милдеттер;**

**(i)** **ишкана «*Бааланууучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37ге ылайык бааланууучу милдеттенме катары тааныган же ага карата ФОЭС (IAS) 37ге ылайык бааланууучу милдеттенмени мурда эле тааныган милдеттенмени төлөө үчүн ал жүзөгө ашырууга тийиш болгон чыгымдарды компенсациялоонун эсебине төлөмдөрдү алууга укук;**

**(j)** **ФОЭС (IFRS) 15 ушул стандартка ылайык эске алууну талап кылгандарды кошпогондо, финансылык инструменттер болуп саналган жана «*Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15 колдонулган чөйрөгө кирген укуктар жана милдеттер.**

2.2 **ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык ушул стандартка ылайык эсепке алынуучу укуктардын наркы түшүшүнөн пайдаларды же зыяндарды таануу максаттары үчүн нарктын түшүшү жагынан ушул стандарттын талаптары колдонулат.**

2.3 **Ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө зайымдарды берүү боюнча төмөнкүдөй милдеттенмелер кирет:**

(a) **ишкана аларды өз каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу (4.2.2-пунктту караңыз) адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык милдеттенмелер катары классификациялаган зайымдарды берүү боюнча милдеттенмелер. Мурда зайымдарды берүү боюнча өзүнүн милдеттенмелеринен улам, тиешелүү зайымдарды бергенден кийин көп өтпөй келип чыккан активдерди сатууну колдонуп жүргөн ишкана ушул стандартты бир эле түргө таандык болгон зайымдарды берүү боюнча өзүнүн бардык милдеттенмелерине карата колдонууга тийиш;**

(b) **нетто-негизде акча каражаттары менен же башка финансылык инструментти өткөрүп берүү же чыгаруу аркылуу жөнгө салынышы мүмкүн болгон зайымдарды берүү боюнча милдеттенмелер. Зайымдарды берүү боюнча мындай милдеттенмелер туунду инструменттер болуп саналат. Зайымды берүү боюнча милдеттенме тиешелүү зайым бөлүктөр менен берилип жатат (мисалы, курууга ипотекалык кредит, ал курулуш алга илгерилешине жараша бөлүктөр менен берилет) деген негизде гана нетто-негизде жөнгө салынды деп эсептелиши мүмкүн эмес.**

(c) **рыноктуктан төмөн пайыздык ставка боюнча зайым берүү боюнча милдеттенмелер (4.2.1(d)-пунктту караңыз).**

2.4 **Ушул стандартты финансылык эмес объектти сатып алууга же сатууга төмөнкүдөй келишимдерге карата колдонуу керек, алар нетто-негизде акча каражаттары менен же башка финансылык инструмент менен же болбосо, эгерде бул келишимдер финансылык инструменттер болгон болсо, финансылык инструменттерди алмашуу аркылуу жөнгө салынышы мүмкүн. Сатып алууга, сатууга же пайдаланууга ишкананын күтүлгөн муктаждыктарына ылайык кандайдыр-бир финансылык эмес объектти алуу же берүү максатында түзүлгөн жана кармалып турушу улантылып жаткан келишимдер өзгөчө учур болуп саналат. Бирок, ушул стандартты ишкана өз каалоосу боюнча 2.5-пунктка ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификациялаган келишимдерге карата колдонуу керек.**

2.5 **Нетто-негизде акча каражаттары менен же башка финансылык инструмент менен же болбосо, эгерде бул келишим финансылык инструмент болгон болсо, финансылык инструменттерди алмаштыруу аркылуу жөнгө салынышы мүмкүн болгон финансылык объекттерди сатып алууга же сатууга келишим ишкананын каалоосу боюнча, эгерде ал сатып алууга, сатууга же пайдаланууга ишкананын күтүлгөн муктаждыктарына ылайык финансылык эмес объектти алуу же берүү максатында түзүлгөн болсо да, пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланууучу катары кийин кайра классификациялоо укугу болбостон классификацияланышы мүмкүн. Бул классификациялоо келишимди түзүү учурунда гана жана ал таанууга ыкмалардын ырааттуу эместигин (кээде ал «эсептик шайкеш эместик» деп аталат) жоюуга же кыйла азайтууга мүмкүндүк берген учурда гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн, андай болбосо шайкеш эместик көрсөтүлгөн келишимди таанызбай коюунун кесепетинен ал ушул стандарт колдонулган чөйрөдөн чыгарып салынган деген негизде келип чыкмак (2.4-пунктту караңыз).**

2.6 Финансылык эмес объектти сатып алууга же сатууга келишим нетто-негизде акча каражаттары менен же башка финансылык инструмент менен же болбосо финансылык инструменттерди алмашуу аркылуу жөнгө салынышы мүмкүн болгон ар кандай жагдайлар бар. Буларга төмөнкүдөй жагдайлар кирет:

(a) бул келишимдин шарттары ар кандай тарапка аны нетто-негизде акча каражаттары менен же башка финансылык инструмент менен же болбосо финансылык инструменттерди алмашуу аркылуу жөнгө салууга мүмкүндүк берген;

(b) келишимдин шарттары аны нетто-негизде акча каражаттары менен же башка финансылык инструмент менен же болбосо финансылык инструменттерди алмашуу аркылуу жөнгө салууга мүмкүндүк берген, бирок ишкана окшош келишимдерди нетто-негизде акча каражаттары менен же башка финансылык инструмент менен же болбосо финансылык инструменттерди алмашуу аркылуу (контрагент менен – компенсациялоочу натыйжасы бар келишимдерди түзүү же тиешелүү келишимди аткарганга же анын колдонулушунун мөөнөтү аяктаганга чейин аны сатуу жолу мененби) жөнгө салууну колдонгон;

(c) окшош келишимдер боюнча – ишкана баанын кыска мөөнөттүү өзгөрүүлөрүнөн пайданы же дилердин маржасын түзүү үчүн базалык активди алууну жана алгандан кийин көп өтпөй аны кайра сатууну колдонгон; жана

(d) келишимдин маңызын түзгөн финансылык эмес объектти акча каражаттарына айландырууга оңой болгон.

(b) пунктчасына же (c) пунктчасына ылайык келген келишимди сатып алууга, сатууга же пайдаланууга ишкананын күтүлгөн муктаждыктарына ылайык финансылык эмес объектти алуу же берүү максатында түзүлдү деп эсептөөгө болбойт жана, тиешелүү түрдө, ал ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирет. 2.4-пункт жайылтылган башка келишимдер сатып алууга, сатууга же пайдаланууга ишкананын күтүлгөн муктаждыктарына ылайык финансылык эмес объектти алуу же берүү максатында түзүлгөнүн же жоктугун жана кармалып турушу улантылып жатканын же жоктугун жана, тиешелүү түрдө, алар ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирээрин же жоктугун аныктоо үчүн баалануууга тийиш.

2.7 Нетто-негизде акча каражаттары менен же башка финансылык инструмент менен же болбосо финансылык инструменттерди алмашуу аркылуу жөнгө салууга 2.6(a) же 2.6(d)-пункттарына ылайык жол берген финансылык эмес объектти сатып алууга же сатууга чыгарылган опцион ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирет. Мындай келишим сатып алууга, сатууга же пайдаланууга ишкананын күтүлгөн муктаждыктарына ылайык финансылык эмес объектти алуу же берүү максатында түзүлүшү мүмкүн эмес.

## 3-глава. Таануу жана таанууну токтотуу

## 3.1 Баштапкы таануу

**3.1.1 Ишкана тиешелүү инструменттин шарттарын аныктаган келишим боюнча тарап болуп калган учурда ишкана финансылык абал жөнүндө өзүнүн отчетунда финансылык активди же финансылык милдеттенмени таанийт (B3.1.1 жана B3.1.2-пункттарын караңыз). Ишкана финансылык активди алгачкы жолу тааныганда, ал аны 4.1.1–4.1.5-пункттарга ылайык классификациялоого жана аны 5.1.1–5.1.3-пункттарга ылайык баалоого тийиш. Ишкана финансылык милдеттенмени алгачкы жолу тааныганда, ал аны 4.2.1 жана 4.2.2-пункттарга ылайык классификациялоого жана аны 5.1.1-пунктка ылайык баалоого тийиш.**

### Финансылык активдерди стандарттуу шарттарда сатып алуу же сатуу

**3.1.2 Финансылык активдерди *стандарттуу шарттарда сатып алууну же сатууну* – жагдайларга жараша – таануу же таанууну токтотуу үчүн бүтүмдү бекитүү күнү боюнча эсепке алуу методу жана эсептешүү күнү боюнча эсепке алуу методу колдонулат (B3.1.3–B3.1.6-пункттарды караңыз).**

## 3.2 Финансылык активдерди таанууну токтотуу

© ФОЭС Фонду

3.2.1 Бириктирилген финансылык отчеттуулуктун алкагында 3.2.2–3.2.9, B3.1.1, B3.1.2 жана B3.2.1–B3.2.17-пункттар бириктирилген негизде колдонулат. Ошентип, ишкана адегенде ФОЭС (IFRS) 10го ылайык бардык туунду ишканаларды консолидациялайт, ал эми андан соң көрсөтүлгөн пункттарды түзүлгөн топко карата колдонот.

**3.2.2 3.2.3–3.2.9-пункттарга ылайык *таанууну токтотуу* талап кылынаарын же жоктугун жана, эгерде ошондой болсо, кандай өлчөмдө талап кылынарын баалоодон мурда, ишкана көрсөтүлгөн пункттарды финансылык активдин бөлүгүнө карата (же болбосо окшош финансылык активдердин тобунун бөлүгүнө карата) же бүтүндөй алганда финансылык активге карата (же болбосо окшош финансылык активдердин тобуна карата) колдонуунун кереги бар же жоктугун аныктайт:**

**(a) 3.2.3–3.2.9-пункттар финансылык активдин кандайдыр-бир бөлүгүнө (же болбосо окшош финансылык активдердин тобунун бөлүгүнө карата) карата, эгерде аны таанууну токтотуу жагынан каралып жаткан бул бөлүк төмөнкүдөй үч шарттын бирине жооп берсе, колдонулат:**

**(i) бул бөлүк өзүнө финансылык активден (же болбосо окшош финансылык активдердин тобунан) конкреттүү идентификацияланган акча каражаттарынын агымдарын гана камтыйт. Мисалы, эгерде ишкана контрагентке карыздык инструменттин негизги суммасын эмес, пайыздарды алууга укук берген пайыздык стрипти түзсө, анда 3.2.3–3.2.9-пункттар пайыздык төлөмдөр жагынан акча каражаттарынын агымдарына карата колдонулат;**

**(ii) бул бөлүк өзүнө финансылык активден (же болбосо окшош финансылык активдердин тобунан) акча каражаттарынын агымдарынын пропорционалдуу үлүшүн гана камтыйт. Мисалы, эгерде ишкана келишим түзсө, ал боюнча контрагент карыздык инструменттен бардык акча каражаттарынын агымдарынын 90 пайыздык үлүшүнө укукту алса, анда 3.2.3–3.2.9-пункттар ушул акча каражаттарынын агымдарынын 90 пайызына карата колдонулат. Эгерде контрагенттер бир нече болсо, өткөрүп берип жаткан ишкана пропорционалдуу үлүштү өзүнө калтырган шартта, алардын ар бир акча каражаттарынын агымдарынын пропорционалдуу үлүшүнө ээ болушу талап кылынбайт;**

**(iii) бул бөлүк өзүнө финансылык активден (же болбосо окшош финансылык активдердин тобунан) конкреттүү идентификацияланган акча каражаттарынын агымдарынын пропорционалдуу үлүшүн гана камтыйт. Мисалы, эгерде ишкана макулдашуу түзсө, ал боюнча контрагент финансылык актив боюнча пайыздык келип түшкөн каражаттардын 90 пайыз үлүшүнө укук алса, анда 3.2.3–3.2.9-пункттар ушул пайыздык келип түшкөн каражаттардын 90 пайыз үлүшүнө карата колдонулат. Эгерде контрагенттер бир нече болсо, өткөрүп берип жаткан ишкана пропорционалдуу үлүштү өзүнө калтырган шартта, алардын ар бири конкреттүү идентификацияланган акча каражаттарынын агымдарынын пропорционалдуу үлүшүнө ээ болушу талап кылынбайт;**

**(b) калган бардык учурларда 3.2.3–3.2.9-пункттар бүтүндөй алганда финансылык активге карата (же бүтүндөй алганда окшош финансылык активдердин тобуна карата) колдонулат. Мисалы, эгерде ишкана (i) финансылык актив боюнча (же финансылык активдердин тобу боюнча) акча каражаттарынын агымдарынын биринчи же соңку 90 пайызына укук же (ii) дебитордук карыздын беренелеринин тобу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын 90 пайызына укук берсе, бирок мында сатып алуучуга дебитордук карыздын негизги суммасынын 8 пайызынан ашпаган өлчөмдө кредиттик чыгымдарды компенсациялай тургандыгына кепилдик берсе, анда 3.2.3–3.2.9-пункттар бүтүндөй алганда бул финансылык активге карата (же окшош финансылык активдердин тобуна карата) колдонулат.**

**3.2.3–3.2.12-пункттарда «финансылык актив» деген термин, ал жогоруда аныкталгандай, финансылык активдин бир бөлүгүн (же окшош финансылык активдердин тобунун бир бөлүгүн) же болбосо бүтүндөй алганда финансылык активди (же окшош финансылык активдердин тобун) белгилөө үчүн колдонулат.**

**3.2.3 Ишкана финансылык активди таанууну төмөнкүдөй учурда гана токтотууга тийиш:**

**(a) ушул финансылык активден акча агымдарына келишимде каралган укуктардын колдонулушунун мөөнөтү аяктаганда; же**

**(b) ал ушул финансылык активди, 3.2.4 жана 3.2.5-пункттарда белгиленгендей, өткөрүп бергенде жана бул өткөрүп берүү 3.2.6-пунктта баяндалган таанууну токтотуу үчүн талаптарга ылайык келгенде.**

**(Финансылык активдерди стандарттуу шарттарда сатуу жагынан 3.1.2-пунктту караңыз).**

**3.2.4 Ишкана финансылык активди төмөнкүдөй учурда гана өткөрүп берет:**

**(a) же болбосо финансылык активден акча каражаттарынын агымдарын алууга келишимде каралган укуктарды өткөрүп берет;**

**(b) же болбосо финансылык активден акча каражаттарынын агымдарын алууга келишимде каралган укуктарды сактап калат, бирок 3.2.5-пунктта каралган шарттарды канааттандырган макулдашуунун алкагында бул акча каражаттарынын агымдарын бир же бир нече алуучуларга төлөп берүүгө келишимде каралган милдетти өзүнө кабыл алды.**

**3.2.5 Эгерде ишкана финансылык активден («алгачкы актив») акча каражаттарынын агымдарын алууга келишимде каралган укуктарды сактаса, бирок бул акча каражаттарынын агымдарын бир же бир нече башка ишканаларга («түпкү алуучулар») төлөөгө келишимде каралган милдетти өзүнө кабыл алса, анда ишкана, эгерде төмөнкүдөй үч шарт аткарылса гана, бул операцияны финансылык активди өткөрүп берүү катары чагылдырат:**

**(a) эгерде ишкана алгачкы актив боюнча эквиваленттүү суммаларды албаса, ал түпкү алуучуларга кандайдыр-бир суммаларды төлөөгө милдеттүү эмес. Ишкана жайгаштырылган суммаларды толук ордун толтуруу укугу менен каражаттарды кыска мөөнөттүү жайгаштырышы плюс рыноктук ставкалар боюнча чегерилген пайыздар бул шартты бузуу болуп саналбайт;**

**(b) өткөрүп берүү жөнүндө тиешелүү келишимдин шарттары ишканага алгачкы активди, аларга акча каражаттарынын агымдарын төлөө боюнча өз милдеттерин камсыз кылуу катарында түпкү алуучулардан тышкары, сатууга же күрөөгө өткөрүп берүүгө тыюу салат;**

**(c) ишкана өзүнүн таламында чогултулуучу бардык акча каражаттарын олуттуу создуктурбастан которууга милдеттүү. Мындан тышкары, ишканада мындай акча каражаттарынын агымдарын кайра инвестициялоого укук жок, буга акча каражаттарынын агымдарын чогултуу күнүнөн тартып аларды түпкү алуучуларга талап кылынган которуу күнүнө чейин кыска төлөм мезгилинин аралыгында акча каражаттарына же акча каражаттарынын эквиваленттерине (алар «*Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет*» ФОЭС (IAS) 7де аныкталгандай) инвестициялар кирбейт, мында ушундай инвестициядан иштеп табылган пайыздар түпкү алуучуларга өткөрүп берилет.**

**3.2.6 Ишкана финансылык активди өткөрүп бергенде (3.2.4-пунктту караңыз), ал ушул финансылык активге менчик укугу менен байланышкан тобокелдиктерди жана пайдаларды сактаган даражаны баалашы керек. Бул учурда:**

**(a)** **эгерде ишкана финансылык активге менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп берсе, анда ал ушул финансылык активди таанууну токтотууга жана өткөрүп берүү учурунда түзүлгөн же сакталган бардык укуктарды жана милдеттерди активдер же милдеттенмелер катары өзүнчө таанууга тийиш;**

**(b)** **эгерде ишкана иш жүзүндө финансылык активге менчик укугу менен байланышкан бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактаса, анда ал ушул финансылык активди таанууну улантууга тийиш;**

**(c)** **эгерде ишкана иш жүзүндө финансылык активге менчик укугу менен байланышкан бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп бербесе жана сактабаса, анда ал ушул финансылык активге контролдукту ал сактап калганын же жоктугун аныктоого тийиш. Бул учурда:**

**(i)** **эгерде ишкана контролду сактап калбаса, анда ал ушул финансылык активди таанууну токтотууга жана өткөрүп берүү учурунда түзүлгөн же сакталган бардык укуктарды жана милдеттерди активдер же милдеттенмелер катары өзүнчө таанууга тийиш;**

**(ii)** **эгерде ишкана контролду сактап калса, анда ал ушул финансылык активди таанууну ушул финансылык активге өзүнүн улантылып жаткан катышуусунун көлөмүндө улантууга тийиш (3.2.16-пунктту караңыз).**

3.2.7 Тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп берүү (3.2.6-пунктту караңыз) өткөрүп берилген актив боюнча аны өткөрүп берүүгө чейин жана андан кийин таза акча каражаттарынын агымдарынын келип чыгышынын суммаларынын жана мөөнөттөрүнүн өзгөрүүлөрүнө ишкананын кабылышынын даражасын салыштыруу аркылуу бааланат. Эгерде ишкананын финансылык активден келечектеги таза акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркынын өзгөрүүлөрүнө кабылышы ушул өткөрүп берүүнүн натыйжасында кыйла өзгөрүүлөргө дуушарланбаса (мисалы, анткени ишкана финансылык активди кайра артка сатып алуу шарты менен бекитилген баа боюнча же сатуу баасы боюнча сатты плюс кредитордун кирешесине ылайык келген сумма), ишкана иш жүзүндө финансылык активге менчик укугу менен байланышкан бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калды. Эгерде ушундай өзгөрүүлөргө ишкананын кабылышы мындан ары финансылык актив менен байланышкан келечектеги таза акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрүнүн жалпы натыйжасына карата кыйла болуп саналбаса, ал иш жүзүндө финансылык активге менчик укугу менен байланышкан бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп берди (мисалы, анткени ишкана финансылык активди сатты жана сатып алуу учуруна карата *адилет нарк* боюнча аны кайра артка сатып алууга опционду гана калтырды же ал 3.2.5-пункттун шарттарына жооп берген зайымды берүүгө катышуу жөнүндө негизги кредитор менен макулдашуу сыяктуу макулдашуунун алкагында чоң финансылык активден акча каражаттарынын агымдарынын абсолюттуу пропорционалдуу үлүшүн өткөрүп берди.

3.2.8 Көпчүлүк учурларда ишкана иш жүзүндө финансылык активге менчик укугу менен байланышкан бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп бергендиги же жоктугу же сактап калгандыгы же жоктугу жөнүндө маселени чечүү айкын болуп калат жана кандайдыр-бир эсептешүүлөрдү аткарууга эч кандай зарылчылык келип чыкпайт. Башка учурларда келечектеги таза акча каражаттарынын агымдарынын өткөрүп бергенге чейинки жана андан кийинки келтирилген наркынын өзгөрүүлөрүнө ишкананын кабылышын эсептөө жана салыштыруу зарыл. Эсептөө жана салыштыруу дисконтирлөө ставкасы катары учурдагы тиешелүү рыноктук пайыздык ставканы пайдалануу менен жүргүзүлөт. Таза акча каражаттарынын агымдарынын бардык акылга сыярлык ыктымалдуу өзгөрүүлөрү эске алынат, мында келип чыгышынын ыктымалдуулугу жогору болгон натыйжаларга зор маани берилет.

3.2.9 Ишкана өткөрүп берилген активге контролду сактап калгандыгы же жоктугу жөнүндө маселени чечүү (3.2.6(c)-пунктту караңыз) кабыл алып жаткан тараптын бул активди сатууга мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу. Эгерде кабыл алып жаткан тарапта бүткүл активди бүт бойдон

көз карандысыз үчүнчү тарапка сатууга иш жүзүндө мүмкүнчүлүгү бар болсо жана мында кабыл алып жаткан тарап бул мүмкүнчүлүктү ушундай өткөрүп берүүгө кошумча чектөөлөрдү белгилөө зарылчылыгы болбостон бир тараптуу тартипте пайдалана алса, анда ишкана контролду сактап калган жок. Бардык башка учурларда ишкана контролду сактап калды деп эсептелет.

## Таанууну токтотуу үчүн талаптарга ылайык келген активдерди өткөрүп берүү

3.2.10 **Эгерде ишкана ушул операциянын алкагында финансылык активди өткөрүп берсе, бул өткөрүп берүү ушул финансылык активди таанууну толук токтотуу үчүн талаптарга ылайык келсе жана мында ишкана сыйакы үчүн ушул финансылык активди, тейлөөгө ушул келишимди тейлөөгө укукту сактап калса, ал тейлөө боюнча активди же болбосо тейлөө боюнча милдеттенмени таанууга тийиш. Эгерде ишкана алынууга тийиш болгон сыйакы тейлөө үчүн жетиштүү компенсация болуп саналбайт деп күтсө, анда тейлөөнү жүзөгө ашырууга өзүнүн милдети жагынан ал тейлөө боюнча милдеттенмени анын адилет наркы боюнча таанууга тийиш. Эгерде ишкана алынууга тийиш болгон сыйакы тейлөөнү жүзөгө ашыруу үчүн кыйла жетиштүү компенсация болот деп күтсө, ал тейлөө боюнча активди 3.2.13-пунктка ылайык тиешелүү чоң финансылык активдин баланстык наркын бөлүштүрүүнүн негизинде аныкталган көлөмдө таанууга тийиш.**

3.2.11 **Эгерде өткөрүп берүүнүн натыйжасында финансылык активди таануу толугу менен токтотулса, бирок бул өткөрүп берүүдөн улам ишкана жаңы финансылык активди алса же жаңы финансылык милдеттенмени же тейлөө боюнча милдеттенмени өзүнө кабыл алса, анда ишкана ушул жаңы финансылык активди, бул финансылык милдеттенмени же тейлөө боюнча милдеттенмени адилет наркы боюнча кабыл алууга тийиш.**

3.2.12 **Финансылык активди таануу толук токтотулган учурда:**

**(a) баланстык нарктын (таануу токтотулган күнгө карата бааланган) жана**

**(b) алынган ордун толтуруунун суммасынын (анын ичинде өзүнө кабыл алынган жаңы милдеттенменин көлөмүн алып салуу менен алынган жаңы активдин көлөмүнүн)**

**ортосундагы айырма пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш.**

3.2.13 **Эгерде өткөрүп берилген актив көп финансылык активдин бир бөлүгү болуп саналса (мисалы, ишкана карыздык инструменттин бир бөлүгүн түзгөн пайыздык акча каражаттарынын агымдарын өткөрүп бергенде, 3.2.2(a)-пунктун караңыз) жана ушул өткөрүп берилген бөлүк аны таанууну толук токтотуу үчүн талаптарга ылайык келсе, анда көп финансылык активдин мурдагы баланстык наркы таанылышы улантылып жаткан бөлүктүн жана таанылышы токтотулуп жаткан бөлүктүн ортосунда өткөрүп берүү күнүнө карата ушул бөлүктөрдүн адилет наркынын салыштырма чоңдугуна таянуу менен бөлүштүрүлүүгө тийиш. Бул максат үчүн тейлөө боюнча ишканада калган активди таанылышы улантылып жаткан бөлүк катары чагылдыруу керек. Төмөнкүлөрдүн:**

**(a) таанылышы токтотулган бөлүктүн бөлүккө бөлүнгөн (таануу токтотулган күнгө карата бааланган) баланстык нарктын жана**

**(b) таанылышы токтотулган бөлүктүн бөлүккө тиешелүү болгон алынган ордун толтуруунун суммасынын (анын ичинде өзүнө кабыл алынган жаңы милдеттенменин көлөмүн алып салуу менен алынган жаңы активдин көлөмүнүн)**

**ортосундагы айырма пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш.**

3.2.14 Ишкана көп финансылык активдин мурдагы баланстык наркы таанылышы улантылып жаткан бөлүктүн жана таанылышы токтотулуп жаткан бөлүктүн ортосунда бөлүштүргөндө, ишкана таанылышы улантылып жаткан бөлүктүн адилет наркын баалоого тийиш. Эгерде ишканада таанылышы улантылып жаткан бөлүккө окшош бөлүктөрдө сатуунун тажрыйбасы бар болсо же

ушундай бөлүктөр жагынан башка рыноктук операциялар бар болсо, анда жакындагы иш жүзүндөгү операциялардын баасы көрсөтүлгөн бөлүктүн адилет наркын эсептик баалоо үчүн эң жакшы маалыматты камсыз кылат. Алардын негизинде таанылышы улантылып жаткан бөлүктүн адилет наркын аныктоого мүмкүн болгон баа котировкалары же жакындагы рыноктук операциялар жок болгон учурда адилет нарктын эң жакшы баасы болуп бүтүндөй алганда тиешелүү көп финансылык активдин адилет наркынын жана таанылышы токтотулуп жаткан бөлүк үчүн кабыл алып жаткан тараптан алынган ордун толтуруу суммасынын ортосундагы айырма саналат.

## Таанылышын токтотуу үчүн талаптарга ылайык келбеген активдерди өткөрүп берүү

3.2.15 **Эгерде активди өткөрүп берүү ишкана өткөрүп берилген активге менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калса, анда ишкана бардык өткөрүп берилген активди таанууну улантууга тийиш жана алынган ордун толтуруу жагынан финансылык милдеттенмени таанууга тийиш. Кийинки мезгилдерде ишкана ушул өткөрүп берилген активден бардык кирешелерди жана ушул финансылык милдеттенме боюнча келип чыккан бардык чыгашаларды таанууга тийиш.**

### Өткөрүп берилген активдерге улантылып жаткан катышуу

3.2.16 **Эгерде ишкана өткөрүп берилген активге менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп бербесе жана сактап калбаса, анда ишкана өткөрүп берилген активди ушул активге анын улантылып жаткан катышуусунун көлөмүндө таанууну улантат. Өткөрүп берилген активге ишкананын улантылып жаткан катышуусунун көлөмү өткөрүп берилген активдин наркынын өзгөрүүсүнүн тобокелдигине анын кабылышынын даражасы менен аныкталат. Мисалы:**

**(a) Эгерде ишкананын улантылып жаткан катышуусу өткөрүп берилген актив боюнча кепилдиктин формасына ээ болсо, анда ишкананын улантылып жаткан катышуусунун көлөмү төмөнкүдөй эки сумманын алда канча азы менен чектелет: (i) бул активдин көлөмүнүн жана (ii) ишкана кайра кайтарып алууга милдеттүү болушу мүмкүн болгон алынган ордун толтуруунун максималдуу суммасынын («кепилдик суммасы»).**

**(b) Эгерде ишкананын улантылып жаткан катышуусу чыгарылган же сатып алынган опциондун (же тигиниси да мунусу да бирге) формасына ээ болсо, анда ишкананын улантылып жаткан катышуусунун көлөмү ишкана сатып алышы мүмкүн болгон өткөрүп берилген активдин көлөмү менен чектелет. Бирок, адилет нарк боюнча бааланып жаткан актив жагынан чыгарылган пут-опциондун учурунда ишкананын улантылып жаткан катышуусунун көлөмү төмөнкүдөй эки сумманын алда канча азы менен чектелет: өткөрүп берилген активдин адилет наркы жана бул опциондун аткаруу баасы (B3.2.13-пунктту караңыз).**

**(c) Эгерде ишкананын улантылып жаткан катышуусу акча каражаттары менен эсептешүүлөрдү жүргүзүүнү же өткөрүп берилген актив жагынан ушундай шартты караган опциондун формасына ээ болсо, анда ишкананын улантылып жаткан катышуусунун көлөмү жогоруда (b) пунктчада белгиленгендей эле тартипте бааланат, ал эсептешүүлөрдү акча каражаттары менен жүргүзүүнү карабайт.**

3.2.17 **Эгерде ишкана активди өзүнүн улантылып жаткан катышуусунун көлөмүндө таанууну улантса, ишкана ошондой эле аны менен байланышкан милдеттенмени тааныйт. Баалоо жагынан ушул стандарттын башка талаптарына карабастан, өткөрүп берилген актив жана аны менен байланышкан милдеттенме ишкана сактап калган укуктарды жана милдеттенмелерди чагылдырган негизде бааланат. Актив менен байланышкан милдеттенме өткөрүп берилген активдин жана аны менен байланышкан милдеттенменин таза балансты наркы төмөнкүлөрдү билдиргендей түрдө бааланат:**

**(a)** **эгерде өткөрүп берилген актив амортизацияланган нарк боюнча бааланса, ишкана сактап калган укуктардын жана милдеттердин амортизацияланган наркын; же**

**(b)** **эгерде өткөрүп берилген актив адилет нарк боюнча бааланса, алар өзүнчө бааланган сыяктуу ишкана сактап калган укуктардын жана милдеттердин адилет наркын.**

**3.2.18** **Ишкана өткөрүп берилген актив жагынан келип чыккан кирешени өзүнүн улантылып жаткан катышуусунун көлөмүндө таанууну улантууга тийиш жана аны менен байланышкан милдеттенме жагынан келип чыккан чыгашаларды таанууга тийиш.**

**3.2.19** **Кийин баалоо максаттары үчүн өткөрүп берилген активдин жана аны менен байланышкан милдеттенменин адилет наркынын таанылган өзгөрүүлөрү 5.7.1-пунктка ылайык бири-бирине жараша эске алынат жана өз ара чегерилүүгө тийиш эмес.**

**3.2.20** **Эгерде ишкананын улантылып жаткан катышуусу финансылык активдин бир бөлүгүнө гана таандык болсо (мисалы, ишкана өткөрүп берилген активдин бир бөлүгүн сатып алууга опционду сактаганда же бул активдеги калдык үлүштү сактап калса, анын натыйжасы аны менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калуу болуп саналбайт жана мында ишкана контролду сактайт), анда ишкана ушул финансылык активдин мурдагы баланстык наркын өзүнүн улантылып жаткан катышуусунун натыйжасында таанылышы улантылып жаткан бөлүктүн жана мындан ары таанылбаган бөлүктүн ортосунда өткөрүп берүү күнүнө карата бул бөлүктөрдүн салыштырма адилет наркына таянуу менен бөлүштүрөт. Бул максаттар үчүн 3.2.14-пункттун талаптары колдонулат. Төмөнкүлөрдүн:**

**(a)** **мындан ары таанылбаган бөлүккө бөлүнгөн (таанууну токтотуу күнүнө карата бааланган) баланстык нарктын жана**

**(b)** **мындан ары таанылбаган бөлүк үчүн алынган ордун толтуруу суммасынын**

**ортосундагы айырма пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш.**

3.2.21 Эгерде өткөрүп берилген актив амортизацияланган нарк боюнча бааланса, ушул стандартта финансылык милдеттенмени пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялоо мүмкүнчүлүгү тиешелүү милдеттенмеге карата колдонулбайт.

## Активдерди бардык өткөрүп берүүлөр

**3.2.22** **Эгерде өткөрүп берилген активдин таанылышы улантылса, анда бул актив жана аны менен байланышкан милдеттенме өз ара чегерилиши мүмкүн эмес. Ушундай эле түрдө ишкана өткөрүп берилген активден келип чыккан кирешелерди аны менен байланышкан милдеттенме боюнча келип чыккан чыгашалар менен өз ара чегерилүүгө тийиш эмес (ФОЭС (IAS) 32нин 42-пунктун караңыз).**

**3.2.23** **Эгерде өткөрүп берип жаткан тарап кабыл алып жаткан тарапка (карыздык же үлүштүк инструменттер сыяктуу) акчалай эмес камсыздоону берсе, анда өткөрүп берип жаткан жана кабыл алып жаткан тараптар ушул камсыздоону эсепке алышы кабыл алып жаткан тарапта бул камсыздоону сатууга же кайра күрөөгө коюуга укугу бар же жоктугуна, ошондой эле өткөрүп берип жаткан ишкана тарабынан дефолт орун алганына же жоктугуна байланыштуу. Өткөрүп берип жаткан жана кабыл алып жаткан тараптар мындай камсыздоону төмөнкүдөй түрдө эсепке алууга тийиш:**

**(a)** **эгерде кабыл алып жаткан тарап келишимден же салттан улам бул камсыздоону сатууга же кайра күрөөгө коюуга укуктуу болсо, анда өткөрүп берип жаткан тарап финансылык абал жөнүндө өзүнүн отчетунда көрсөтүлгөн активди (мисалы, зайым келишими боюнча өткөрүп берилген актив, күрөөгө өткөрүп берилген үлүштүк инструменттер же РЕПО бүтүмү боюнча дебитордук карыз сыяктуу) башка активдерден өзүнчө кайра классификациялоого тийиш;**

**(b)** **эгерде кабыл алып жаткан тарап өзүнө күрөөгө өткөрүп берилген камсыздоону сатса, анда ал сатуудан келип түшкөн каражаттарды жана бул камсыздоону кайра кайтарууга өзүнүн милдети жагынан адилет нарк боюнча бааланган милдеттенмени таанууга тийиш.**

**(c)** **эгерде өткөрүп берип жаткан ишкана тарабынан келишимдин шарттары боюнча дефолт орун алган болсо жана өткөрүп берип жаткан тарап мындан ары көрсөтүлгөн камсыздоону кайра кайтарууну күтүүгө укуксуз болсо, ал көрсөтүлгөн камсыздоону таанууну токтотууга тийиш, ал эми кабыл алып жаткан тарап бул камсыздоону өзүнүн активи катары таанууга тийиш, ал адегенде адилет нарк боюнча бааланат же, эгерде ал бул камсыздоону сатып жиберген болсо, анда аны кайра кайтаруу боюнча өз милдетин таанууну токтотууга тийиш;**

**(d)** **(c) пунктчасында сыпатталган учурду кошпогондо, өткөрүп берип жаткан тарап мурдагыдай эле көрсөтүлгөн камсыздоону өзүнүн активи катары чагылдырууга тийиш, ал эми кабыл алып жаткан тарап бул камсыздоону актив катары таанууга тийиш эмес.**

## 3.3 Финансылык милдеттенмелерди таанууну токтотуу

**3.3.1** **Ишкана финансылык милдеттенмени (же финансылык милдеттенменин бир бөлүгүн) финансылык абал жөнүндө өзүнүн отчетунан ал төлөнгөн учурда гана, башкача айтканда, келишимде каралган милдет аткарылганда, жоюлганда же мөөнөтү өткөндөн кийин токтотулганда алып салууга тийиш.**

**3.3.2** **Бир карыздык инструментти олуттуу айырмаланган шарттары бар башкасына алмаштыруу боюнча учурдагы зайым алуучунун жана кредитордун ортосундагы бүтүм алгачкы финансылык милдеттенмени төлөө жана жаңы финансылык милдеттенмени таануу катары эсепке алынууга тийиш. Ушундай эле колдо болгон финансылык милдеттенменин же анын бөлүгүнүн (ал карызкордун финансылык оорчулуктарынан келип чыкканына же жоктугуна карабастан) шарттарынын олуттуу модификациясы алгачкы финансылык милдеттенмени төлөө жана жаңы финансылык милдеттенмени таануу катары эсепке алынууга тийиш.**

**3.3.3** **Төлөнгөн же башка тарапка өткөрүп берилген финансылык милдеттенменин (же финансылык милдеттенменин бир бөлүгүнүн) жана төлөнүп берилген ордун толтуруунун, анын ичинде өткөрүп берилген акчалай эмес активдердин же өзүнө кабыл алынган милдеттенменин ортосундагы айырма пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш.**

3.3.4 Эгерде ишкана финансылык милдеттенменин бир бөлүгүн сатып алса, ал ушул финансылык милдеттенменин мурдагы баланстык наркын таанылышы улантылып жаткан бөлүктүн жана таанылышы токтотулган бөлүктүн ортосунда сатып алуу күнүнө карата бул бөлүктөрдүн адилет наркынын салыштырмалуукөлөмүнө таянуу менен бөлүштүрүүгө тийиш. Төмөнкүлөрдүн: (a) таанылышы токтотулган бөлүккө бөлүнгөн баланстык нарктын жана (b) ордун толтуруу суммасынын, анын ичинде өткөрүп берилген акчалай эмес активдердин же таанылышы токтотулган бөлүк үчүн төлөнгөн, өзүнө кабыл алынган милдеттенменин ортосундагы айырма пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш.

3.3.5 *[Бул пункт али күчүнө кире элек түзөтүүлөргө кирет жана ошондуктан бул басылмага киргизилген эмес.]*

# 4-глава. Классификация

## 4.1 Финансылык активдердин классификациясы

**4.1.1** **4.1.5-пунктта колдонулган учурларды кошпогондо, ишкана финансылык активдерди кийин амортизацияланган нарк, башкы жыйынды киреше аркылуу адилет нарк же пайда**

**же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары төмөнкүлөргө таянуу менен классификациялоого тийиш:**

**(a) финансылык активдерди башкаруу үчүн ишкана колдонуп жаткан бизнес-моделге жана**

**(b) келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары менен байланышкан финансылык активдин мүнөздөмөлөрүнө.**

**4.1.2 Эгерде төмөнкүдөй эки шарт сакталса, финансылык актив амортизацияланган нарк боюнча бааланууга тийиш:**

**(a) финансылык актив бизнес-моделдин алкагында кармалып турат, анын максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап туруу болуп саналат, жана**

**(b) финансылык активдин келишимдик шарттары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган акча каражаттарынын агымдарын көрсөтүлгөн күндөрдө алууну шарттайт.**

**B4.1.1–B4.1.26-пункттарда бул шарттарды кантип колдонуу керектиги жөнүндө көрсөтмөлөр берилген.**

**4.1.2A Эгерде төмөнкүдөй эки шарт сакталса, финансылык актив башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланууга тийиш:**

**(a) финансылык актив бизнес-моделдин алкагында кармалып калат, анын максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу аркылуу, ошондой эле финансылык активдерди сатуу аркылуу жетишилет, жана**

**(b) финансылык активдин келишимдик шарттары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган акча каражаттарынын агымдарын көрсөтүлгөн күндөрдө алууну шарттайт.**

**B4.1.1–B4.1.26-пункттарда бул шарттарды кантип колдонуу керектиги жөнүндө көрсөтмөлөр берилген.**

**4.1.3 4.1.2(b) жана 4.1.2A(b)-пункттарында колдонуу максаттары үчүн:**

**(a) карыздын негизги суммасы – бул баштапкы таануу учурундагы финансылык активдин адилет наркы. B4.1.7B-пунктунда «карыздын негизги суммасы» терминин аныктоо боюнча кошумча көрсөтмөлөр берилген;**

**(b) пайыздар акчалардын убакыт ичиндеги наркынын, айрым мезгил аралыгында төлөнбөгөн бойдон калган карыздын негизги суммасы жагынан кредиттик тобокелдиктин жана кредиттөө менен байланышкан башка демейки тобокелдиктердин жана чыгымдардын ордун толтурууну гана, ошондой эле пайданын маржасын камтыйт. B4.1.7A жана B4.1.9A–B4.1.9E-пункттарында «пайыздар» терминин, анын ичинде акчалардын убакыт ичиндеги наркынын маанисин аныктоо боюнча кошумча көрсөтмөлөр берилген.**

**4.1.4 Финансылык актив 4.1.2-пунктка ылайык амортизацияланган нарк боюнча же 4.1.2A-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланган учурларды кошпогондо, ал пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууга тийиш. Бирок ишкана андай болбогон учурда пайда же зыян аркылуу баалана турган *үлүштүк инструменттерге* айрым инвестицияларды баштапкы таануу учурунда өз каалоосу боюнча чечим кабыл алып, аны кийин жокко чыгаруу укугу болбостон, алардын**

**адилет наркынын кийинки өзгөртүүлөрүн башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтө алат (5.7.5–5.7.6-пункттарды караңыз).**

### Ишкананын каалоосу боюнча финансылык активди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификациялоо мүмкүнчүлүгү

**4.1.5 4.1.1–4.1.4-пункттардын жоболоруна карабастан, эгерде бул башкача болгондо активдерди же милдеттенмелерди баалоонун ар түрдүү базаларын пайдалануунун же алар менен байланышкан пайдаларды жана зыяндарды таануунун натыйжасында келип чыга турган баалоого же таанууга карата ыкмалардын ырааттуу эместигин (кээде «эсептик шайкеш эместик» деп аталат) жоюуга же кыйла азайтууга мүмкүндүк берсе, ишкана финансылык активди баштапкы таануу учурунда өз каалоосу боюнча аны, кийин кайра классификациялоо укугу болбостон, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификациялай алат (B4.1.29– B4.1.32-пункттарды караңыз).**

## 4.2 Финансылык милдеттенмелердин классификациясы

**4.2.1 Ишкана бардык финансылык милдеттенмелерди кийин амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу катары классификациялоого тийиш, буга төмөнкүлөр кирбейт:**

**(a)** ***пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык милдеттенмелер.*** **Мындай милдеттенмелер, анын ичинде милдеттенмелер болуп саналган *туунду инструменттер* кийин адилет нарк боюнча бааланат;**

**(b)** **финансылык активди өткөрүп берүү таанууну токтотуу үчүн талаптарга ылайык келбеген же улантылып жаткан катышууну эсепке алуу колдонулган учурда келип чыккан финансылык милдеттенмелер. Мындай финансылык милдеттенмелерди баалоого 3.2.15 жана 3.2.17-пункттар колдонулат;**

**(c)** ***финансылык кепилдик келишимдери.*** **Баштапкы тааннуудан кийин, мындай келишимди чыгарган тарап (эгерде 4.2.1(a) же (b) пункттары колдонулбаса) кийин мындай келишимди төмөнкүлөрдүн ичинен алда канча көп көлөмү боюнча баалоого тийиш:**

> **(i)** **5.5-бөлүмгө ылайык аныкталган *зыянга каралган баалоо резервинин* суммасынын, жана**
>
> **(ii)** **орундуу болгон учурда, ФОЭС (IAS) 15тин принциптерине ылайык таанылган кирешенин жалпы суммасын алып салуу менен алгачкы таанылган сумманын (5.1.1-пунктту караңыз);**

**(d)** **рыноктуктан төмөн пайыздык ставка боюнча зайым берүү боюнча милдеттенмелердин. Өзүнө ушундай милдеттенме кабыл алган тарап (эгерде 4.2.1(a)-пунктту колдонулбаса) кийин аны төмөнкүлөрдүн ичинен алда канча чоң көлөмү боюнча баалайт:**

> **(i)** **5.5-бөлүмгө ылайык аныкталган зыянга каралган баалоо резервинин суммасынын, жана**
>
> **(ii)** **орундуу болгон учурда, ФОЭС (IFRS) 15тин принциптерине ылайык таанылган кирешенин жалпы суммасын алып салуу менен алгачкы таанылган сумманын (5.1.1-пунктту караңыз);**

**(e)** **ага карата ФОЭС (IFRS) 3 колдонулган бизнестерди бириктирүү учурунда сатып алуучу тарабынан таанылган шарттуу ордун толтуруунун. Мындай шарттуу ордун толтуруу кийин адилет нарк боюнча бааланат, анын өзгөрүүлөрү пайданын же зыяндын курамында таанылат.**

### Ишкананын каалоосу боюнча финансылык милдеттенмени пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялоо мүмкүнчүлүгү

4.2.2 **Финансылык милдеттенмени баштапкы таануу учурунда ишкана аны өз каалоосу боюнча, кийин кайра классификациялоо укугу болбостон, эгерде 4.3.5-пунктка ылайык буга уруксат берилсе, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификациялай алат же болбосо төмөнкүлөрдүн натыйжасында алда канча жөндүү маалыматты берүүнү камсыз кылат:**

**(a) бул антпесе активдерди же милдеттенмелерди баалоонун ар түрдүү базаларын пайдалануунун же болбосо алар менен байланышкан пайдаларды жана зыяндарды таануунун натыйжасында келип чыга турган баалоого же таанууга карата ыкмалардын ырааттуу эместигин (кээде «эсептик шайкеш эместик» деп аталат) жоет же кыйла азайтат (В4.1.29–В4.1.32-пункттарын караңыз); же болбосо**

**(b) финансылык милдеттенмелердин тобун же финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин тобун башкаруу жана анын натыйжалуулугун баалоо документ менен тариздедлген тобокелдиктерди башкаруу стратегиясынын же инвестициялык стратегиянын негизинде жүзөгө ашырылат жана ушул эле негизде ушундай топ жөнүндө ички маалымат түзүлөт, ал ишкананын негизги башкаруучу персоналына (бул термин *«Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IAS) 24тө аныкталган), мисалы, ишкананын директорлор кеңешине жана башкы директоруна берилет (В4.1.33–В4.1.36-пункттарды караңыз).**

## 4.3 Камтылган туунду инструменттер

4.3.1 Камтылган туунду инструмент – бул гибриддик келишимдин компоненти, ал туунду эмес негизги келишимди камтыйт, анын колдонулушунун натыйжасында аралаш инструменттен айрым акча каражаттарынын агымдары бул өз алдынча туунду инструменттин учурунда орун алганга окшош өзгөрөт. Камтылган туунду инструмент айрым же бардык акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүшүн аныктайт, алар андай болбогон учурда келишимде айтылган пайыздык ставкага, финансылык инструменттин баасына, товардын баасына, валюталык курска, баалардын же ставкалардын индексине, кредиттик рейтингге же кредиттик индекске же кандайдыр-бир башка өзгөрүлмөгө ылайык бааланмак, финансылык эмес өзгөрүлмөнүн учурунда ал келишим боюнча тараптардын кимдир-бири үчүн спецификалык болуп саналбайт. Бирок ушундай инструментке карабастан өткөрүп берилиши же башка контрагент менен түзүлүшү мүмкүн болгон келишим боюнча *финансылык инструментке* байланган туунду инструмент камтылган туунду инструмент эмес, ал өзүнчө финансылык инструмент болуп саналат.

### Финансылык активдер болуп саналган негизги келишимдерди камтыган гибриддик келишимдер

4.3.2 **Эгерде гибриддик келишим ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирген актив болуп саналган негизги келишимди камтыса, анда ишкана бүткүл гибриддик келишим боюнча 4.1.1–4.1.5-пункттарда баяндалган талаптарды колдонууга тийиш.**

### Башка гибриддик келишимдер

4.3.3 **Эгерде гибриддик келишим ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирген актив болуп саналган негизги келишимди камтыса, анда камтылган туунду инструмент негизги келишимден ажыратылууга жана ушул стандартка ылайык туунду инструмент катары эсепте чагылдырылууга тийиш, бирок эгерде:**

**(a) камтылган туунду инструменттин экономикалык мүнөздөмөлөрүнүн жана тобокелдиктеринин негизги келишимдин экономикалык мүнөздөмөлөрү жана**

**тобокелдиктери менен тыгыз байланышы болбосо (B4.3.5 жана B4.3.8-пункттарды караңыз);**

(b) **камтылган туунду инструмент сыяктуу эле шарттарды караган өзүнчө инструмент туунду инструменттин аныктамасына жооп берсе; жана**

(c) **гибриддик келишим адилет нарк боюнча бааланбаса, анын өзгөртүүлөрү пайданын же зыяндын курамында таанылса (башкача айтканда, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу финансылык милдеттенмеге камтылган туунду инструмент ажыратылбайт).**

4.3.4 **Эгерде камтылган туунду инструмент ажыратылса, анда негизги келишим тиешелүү стандарттарга ылайык эсепке алынууга тийиш. Ушул стандартта финансылык абал жөнүндө отчетто камтылган туунду инструментти сөзсүз өзүнчө берүүнү эскертпейт.**

4.3.5 **4.3.3 жана 4.3.4-пункттардын жоболоруна карабастан, эгерде келишим бир же бир нече камтылган туунду инструменттерди камтыса жана негизги келишим ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирген актив болуп саналбаса, ишкана өз каалоосу боюнча бүткүл гибриддик келишимди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялай алат, буга төмөнкүдөй учурлар кирбейт:**

(a) **камтылган туунду инструмент (инструменттер) андай болбогон учурда келишимге ылайык талап кылынышы мүмкүн болгондорго салыштырганда акча каражаттарынын агымдарынын кыйла өзгөрүүлөрүн пайда кылбайт; же**

(b) **окшош гибриддик инструментти алгачкы кароо учурунда, минималдуу талдоонун негизинде же ансыз, камтылган туунду инструментти (инструменттерди) аныктоого тыюу салынгандыгы айкын, мисалы, мөөнөтүнөн мурда төлөөгө зайымга камтылган опцион, ал кармоочуга болжол менен анын амортизацияланган наркы боюнча зайымды мөөнөтүнөн мурда төлөөнү жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берет.**

4.3.6 **Эгерде ишкана ушул стандарттын талаптарына ылайык камтылган туунду инструментти негизги келишимден ажыратууга тийиш болсо, бирок сатып алуу учуруна карата же кийинки отчеттук мезгилдин аягында камтылган туунду инструментти өзүнчө баалоого кудуретсиз болсо, ал өз каалоосу боюнча бүткүл гибриддик келишимди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялоого тийиш.**

4.3.7 Эгерде ишкана камтылган туунду инструменттин адилет наркын анын шарттарына таянуу менен ишенимдүү баалай албаса, анда камтылган туунду инструменттин адилет наркы гибриддик келишимдин адилет наркынын жана негизги келишимдин адилет наркынын ортосундагы айырма болуп саналат. Эгерде ишкана көрсөтүлгөн методду пайдалануу менен камтылган туунду инструменттин адилет наркын баалай албаса, анда 4.3.6-пункт колдонулат жана гибриддик келишим ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификацияланат.

## 4.4 Кайра классификациялоо

4.4.1 **Финансылык активдерди башкаруу үчүн колдонулуучу бизнес-модель өзгөргөн өзгөчө учурларда, ишкана бардык козголгон финансылык активдерди 4.1.1–4.1.4-пункттарга ылайык кайра классификациялоого тийиш. 5.6.1–5.6.7, B4.4.1–B4.4.3 жана B5.6.1–B5.6.2-пункттарда финансылык активдерди кайра классификациялоо боюнча кошумча көрсөтмөлөр берилген.**

4.4.2 **Ишкана финансылык милдеттенмелерди кайра классификациялоого тийиш эмес.**

4.4.3 Төмөндө көрсөтүлгөн жагдайлар 4.4.1–4.4.2-пункттарды колдонуу максатында кайра классификациялоо деп эсептелбейт:

(a) мурда ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменти катарында аныкталган жана ушул сапатта акча каражаттарынын агымдарын же таза инвестицияларды хеджирлөө учурунда натыйжалуу болгон инструмент ушул инструментке карата талаптарга жооп бербей калат;

(b) инструмент ишкананын каалоосу боюнча айкын жана акча каражаттарынын агымдарын же таза инвестицияларды хеджирлөө учурунда натыйжалуу инструмент болуп калат; жана

(c) 6.7-бөлүмгө ылайык баалоо тартиби өзгөрөт.

# 5-глава. Баалоо

## 5.1 Баштапкы баалоо

**5.1.1 5.1.3-пункттун колдонулушунун чөйрөсүнө кирген соода боюнча дебитордук карызды кошпогондо, баштапкы таануу учурунда ишкана финансылык активди же финансылык милдеттенмени пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланбаган финансылык активдин же финансылык милдеттенменин учурунда финансылык активди же финансылык милдеттенмени сатып алууга же чыгарууга түз тиешелүү болгон операциялык чыгымдардын суммасына көбөйтүлгөн же азайтылган адилет нарк боюнча баалоого тийиш.**

**5.1.1А Бирок, эгерде баштапкы таануу учурунда финансылык активдин же финансылык милдеттенменин адилет наркы операциянын баасынан айырмаланса, ишкана В5.1.2А-пунктун колдонууга тийиш.**

5.1.2 Ишкана эсепке алууну кийин амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу актив үчүн эсептешүү күнү боюнча пайдаланган учурда мындай актив адегенде бүтүм бекитилген күнгө карата адилет нарк боюнча таанылат (В3.1.3–В3.1.6-пункттарын караңыз).

5.1.3 5.1.1-пункттун талаптарына карабастан, баштапкы таануу учурунда, эгерде соода боюнча дебитордук карыз ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык каржылоонун олуттуу компонентин камтыбаса (же ишкана ФОЭС (IFRS) 15тин 63-пунктунда каралган практикалык мүнөздү жөнөкөйлөтүүнү колдонгон учурда), ишкана соода боюнча дебитордук карызды (бул термин ФОЭС (IFRS) 15те аныкталгандай) операциянын баасы боюнча баалоого тийиш.

## 5.2 Финансылык активдерди кийинки баалоо

**5.2.1 Баштапкы тааныгандан кийин ишкана финансылык активди 4.1.1–4.1.5-пункттарга ылайык төмөнкүлөр боюнча баалоого тийиш:**

**(a) амортизацияланган нарк;**

**(b) башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк; же**

**(c) пайда же зыян аркылуу адилет нарк.**

**5.2.2 Ишкана 5.5-бөлүмдө баяндалган нарктын түшүшү жагынан талаптарды 4.1.2-пунктка ылайык амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу финансылык активдерге карата жана 4.1.2А-пунктка ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык активдерге карата колдонууга тийиш.**

**5.2.3 Ишкана хеджирлөөнү эсепке алуу жагынан 6.5.8–6.5.14-пункттардын (ошондой эле, эгерде муну колдонууга мүмкүн болсо, пайыздык тобокелдикти портфелдик хеджирлөө учурунда адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу жагынан *«Финансылык инструменттер: таануу жана баалоо»* ФОЭС (IAS) 39дун 89–94-пункттарынын) талаптарын ишкананын каалоосу**

**боюнча хеджирлөө объекти катары аныкталган финансылык активге карата колдонууга тийиш.**[1]

## 5.3 Финансылык милдеттенмелерди кийинки баалоо

5.3.1 **Баштапкы тааныгандан кийин ишкана финансылык милдеттенмени 4.2.1–4.2.2-пункттарга ылайык төмөнкүлөр боюнча баалоого тийиш.**

5.3.2 **Ишкана хеджирлөөнү эсепке алуу жагынан 6.5.8–6.5.14-пункттардын (ошондой эле, эгерде муну колдонууга мүмкүн болсо, пайыздык тобокелдикти портфелдик хеджирлөө учурунда адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу жагынан ФОЭС (IAS) 39дун 89–94-пункттарынын) талаптарын ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объекти катары аныкталган финансылык милдеттенмеге карата колдонууга тийиш.**

## 5.4 Амортизацияланган нарк боюнча баалоо

### Финансылык активдер

### Натыйжалуу пайыздык ставка методу

5.4.1 **Пайыздык түшкөн кирешелер *натыйжалуу пайыздык ставка методун* пайдалануу менен эсептелүүгө тийиш (А тиркемесин жана B5.4.1–B5.4.7-пункттарды караңыз), бул *финансылык активдин дүң баланстык наркына карата натыйжалуу пайыздык ставканы* колдонууну билдирет, буга төмөнкүлөр кирбейт:**

**(a)** ***сатып алынган же түзүлгөн кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдер*. Мындай финансылык активдердин учурунда ишкана *кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн натыйжалуу пайыздык ставканы финансылык активдин амортизацияланган наркына* карата баштапкы таануу учурунан тартып колдонууга тийиш.**

**(b)** **сатып алынган же түзүлгөн *кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдер* болуп саналбаган, бирок кийин кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдер болуп калган финансылык активдер. Ушундай финансылык активдердин учурунда ишкана натыйжалуу пайыздык ставканы кийинки отчеттук мезгилдердеги финансылык активдин амортизацияланган наркына карата колдонууга тийиш.**

5.4.2 Эгерде финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик финансылык актив мындан ары кредиттик-наркы түшкөн болуп саналбагыдай азайса жана бул азаюуну 5.4.1(b)-пунктунун талаптарын колдонгондон кийин болуп өткөн окуя менен (мисалы, зайым алуучунун кредиттик рейтингинин жакшырышы менен) байланыштырууга объективдүү мүмкүн болсо, 5.4.1(b)-пунктуна ылайык финансылык активдин амортизацияланган наркына карата натыйжалуу пайыздык ставканы колдонуу аркылуу отчеттук мезгилде пайыздык түшкөн кирешелерди эсептеген ишкана кийинки отчеттук мезгилдерде пайыздык түшкөн кирешелерди натыйжалуу пайыздык ставканы дүң баланстык наркка карата колдонуу аркылуу эсептөөгө тийиш.

### Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын модификациялоо

5.4.3 Эгерде келишимде каралган финансылык актив боюнча акча каражаттарынын агымдары тараптардын макулдашуусу боюнча кайра каралса же башкача түрдө модификацияланса жана модификациялоо ушул стандартка ылайык бул финансылык активди таанууну токтотууга алып келбесе, ишкана финансылык активдин дүң баланстык наркын кайра эсептөөгө жана *модификациялоодон пайданы же зыянды* пайданын же зыяндын курамында таанууга тийиш. Финансылык активдин дүң баланстык наркы келишимде каралган кайра каралган же

[1] 7.2.21-пунктка ылайык ишкана өзүнүн эсеп саясаты катарында ушул стандарттын 6-главасынын талаптарынын ордуна ФОЭС (IAS) 39дагы хеджирлөөнү эсепке алууга карата талаптарды колдонууну улантууну тандай алат. Эгерде ишкана ушундай тандоо кылса, анда ушул стандарттагы шилтемелер 6-главадагы хеджирлөөнү эсепке алууга карата конкреттүү талаптарга колдонулбайт. Анын ордуна ишкана ФОЭС (IAS) 39дагы хеджирлөөнү эсепке алууга карата тиешелүү талаптарды колдонот.

© ФОЭС Фонду

модификацияланган акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы катары кайра эсептелүүгө тийиш, алар ушул финансылык активдин баштапкы натыйжалуу пайыздык ставкасы (же сатып алынган же түзүлгөн кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдер үчүн кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн баштапкы натыйжалуу пайыздык ставка) боюнча же, эгерде колдонууга мүмкүн болсо, 6.5.10-пунктка ылайык эсептелген кайра каралган натыйжалуу пайыздык ставка боюнча дисконтирленет. Тартылган чыгымдар жана төлөнгөн комиссиялык акылар модификацияланган финансылык активдин баланстык наркын оңдоп-түзөйт жана модификацияланган финансылык актив колдонулган калган мөөнөттүн аралыгында амортизацияланат.

### Эсептен чыгаруу

5.4.4 **Эгерде ишканада финансылык активди толук көлөмдө же анын бир бөлүгүнүн ордун толтуруу жагынан негиздүү күтүүлөр жок болсо, ишкана финансылык активдин дүң баланстык наркын тикелей азайтууга тийиш. Эсептен чыгаруу таанууну токтотууга алып келүүчү окуяны билдирет (B3.2.16(r)-пунктун караңыз).**

## 5.5 Нарктын түшүшү

### Күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таануу

### Жалпы ыкма

5.5.1 **Ишкана 4.1.2 жана 4.1.2A-пункттарына ылайык бааланууучу финансылык актив боюнча, аларга карата 2.1(g), 4.2.1(c) же 4.2.1(d)-пункттарына ылайык нарктын түшүшүнө тиешелүү талаптар колдонулган ижара боюнча дебитордук карыз, *келишим боюнча актив* же зайым берүү милдеттенмеси жана финансылык кепилдик келишими боюнча *күтүлгөн кредиттик чыгымдарга* каралган баалоо резервин таанууга тийиш.**

5.5.2 Ишкана 4.1.2A-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык активдер боюнча зыянга каралган баалоо резервин таануу жана баалоо үчүн нарктын түшүшүнө тиешелүү талаптарды колдонууга тийиш. Бирок бул баалоо резерви башка жыйынды кирешенин курамында таанылууга тийиш жана финансылык абал жөнүндө отчетто финансылык активдин баланстык наркын азайтууга тийиш эмес.

5.5.3 **Эгерде төмөнкү финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик баштапкы таануу учурунан тартып кыйла көбөйсө, 5.5.13–5.5.16-пункттарда каралган өзгөчө учурларды эске алуу менен, ар бир отчеттук күнгө карата абал боюнча ишкана финансылык инструмент боюнча зыяндарга каралган баалоо резервин *бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарга* барабар суммада баалоого тийиш.**

5.5.4 Нарктын түшүшүнө тиешелүү талаптардын максаты баалоо жекече же топтук негизде болбосун, бүткүл негизделген жана ырасталган маалыматты, анын ичинде болжолдогон маалыматты эске алуу менен, алар боюнча кредиттик тобокелдик баштапкы таануу учурунан тартып кыйла көбөйгөн бардык финансылык активдерге бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таануу болуп саналат.

5.5.5 **Эгерде отчеттук күнгө карата баштапкы таануу учурунан тартып финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдиктин кыйла көбөйүшү жок болсо, 5.5.13–5.5.16-пункттарда каралган өзгөчө учурларды эске алуу менен, ишкана ушул финансылык инструмент боюнча зыянга каралган баалоо резервин *12 айлык күтүлгөн кредиттик чыгымдарга* барабар суммада баалоого тийиш.**

5.5.6 Зайымдарды берүү жана финансылык ижара келишимдери боюнча милдеттенмелердин учурунда ага карата ишкана аны кийин жокко чыгаруу укугу болбостон милдеттенменин тарабы болуп калган күн нарктын түшүшүнө тиешелүү талаптарды колдонуу максаттары үчүн баштапкы таануукүнү деп эсептелүүгө тийиш.

© ФОЭС Фонду

5.5.7 Эгерде мурдагы отчеттук мезгилде ишкана финансылык инструмент боюнча зыянга каралган баалоо резервин бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарга барабар суммада баалаган болсо, бирок учурдагы отчеттук күнгө карата абал боюнча 5.5.3-пункттун талаптары мындан ары аткарылбай жатат деп аныктаса, анда учурдагы отчеттук күнгө карата ишкана баалоо резервин 12 айлык күтүлгөн кредиттик чыгымдарга барабар суммада баалоого тийиш.

5.5.8 Ишкана отчеттук күнгө карата абал боюнча зыянга каралган баалоо резервин ушул стандартка ылайык таануу зарыл болгон көлөмгө чейин оңдоп-түзөө үчүн зарыл болгон күтүлгөн кредиттик чыгымдардын (же аларды калыбына келтирүүнүн) суммасын *нарктын түшүшүнөн пайда же зыян* катарында пайданын же зыяндын курамында таанууга тийиш.

### Кредиттик тобокелдиктин кыйла көбөйүшүн аныктоо

5.5.9 Ар бир отчеттук күнгө карата абал боюнча ишкана финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик кыйла көбөйгөнүн же жоктугун аны баштапкы таануу учурунан тартып баалоого тийиш. Баалоону жүргүзүүдө ишкана күтүлгөн кредиттик чыгымдардын суммасынын өзгөрүшүнө эмес, финансылык инструменттин колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн аралыгында дефолт болушунун тобокелдигинин өзгөрүүсүнө багыт алууга тийиш. Мындай баалоону жүргүзүү үчүн ишкана отчеттук күнгө карата абал боюнча финансылык инструмент боюнча дефолт болушунун тобокелдигин баштапкы таануу күнүнө карата финансылык инструмент боюнча дефолт болушунун тобокелдиги менен салыштырууга жана ашкере чыгымдарсыз жана аракеттерсиз жеткиликтүү болгон тиешелүү инструментти баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдиктин кыйла көбөйүшүн көрсөтүп турган негизделген жана ырасталуучу маалыматты талдоого тийиш.

5.5.10 Эгерде финансылык инструмент отчеттук күнгө карата абал боюнча төмөн кредиттик тобокелдикке ээ болгону аныкталган болсо (B5.5.22–B5.5.24-пункттарды караңыз), ишкана финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик баштапкы таануу учурунан тартып кыйла көбөйгөн жок деген божомолду пайдаланууга укуктуу.

5.5.11 Эгерде негизделген жана ырасталуучу болжолдуу маалымат ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болсо, ишкана баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик кыйла көбөйгөнүн же жоктугун аныктоодо *мөөнөтү өткөн* төлөмдөр жөнүндө маалыматка гана таяна албайт. Бирок мөөнөтү өткөн төлөмдөрдүн (ал жекече же топтук негизде болбосун) статусуна караганда алда канча божомолдуу болуп саналган маалымат ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болсо, ишкана баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик кыйла көбөйгөнүн же жоктугун аныктоодо мөөнөтү өткөн төлөмдөр жөнүндө маалыматты пайдалана алат. Баштапкы таануу учурунан тартып ишкана кредиттик тобокелдиктин кыйла көбөйүшүн баалашына жардам берген ыкмага карабастан, эгерде келишимде каралган төлөмдөрдүн мөөнөтү 30 күндөн ашыкка өтүп кетсе, финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик баштапкы таануу учурунан тартып кыйла көбөйгөндүгү жөнүндө төгүндөлүшү мүмкүн болгон божомол колдонулат. Ишкана бул божомолду, эгерде анда ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болгон, келишимде каралган төлөмдөрдүн мөөнөтү кала берсе 30 күндөн ашыкка өтүп кеткен шартта да баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик кыйла көбөйбөгөнүн көрсөтүп турган негизделген жана ырасталуучу маалымат бар болсо, төгүндөй алат. Эгерде ишкана кредиттик тобокелдик келишимде каралган төлөмдөрдүн мөөнөтү 30 күндөн ашыкка өтүп кеткенден мурда кыйла көбөйгөнүн аныктаса, төгүндөлүшү мүмкүн болгон божомол колдонулбайт.

### Модификацияланган финансылык активдер

5.5.12 Эгерде финансылык актив боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын шарттары кайра каралган же модификацияланган болсо жана финансылык активди таануу токтотулбаган болсо, ишкана финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик кыйла көбөйгөнүн же жоктугун 5.5.3-пунктка ылайык төмөнкүлөрдү салыштыруу аркылуу баалоого тийиш:

(a) отчеттук күнгө карата абал боюнча (модификацияланган келишимдик шарттардын негизинде) дефолт боло турган тобокелдикти; жана

(b) баштапкы таануу учурунда (модификацияланбаган алгачкы келишимдик шарттардын негизинде) дефолт боло турган тобокелдикти.

### Сатып алынган же түзүлгөн кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдер

**5.5.13 5.5.3 жана 5.5.5-пункттардын талаптарына карабастан, отчеттук күнгө карата абал боюнча ишкана баштапкы таануу учурунан тартып бүткүл мөөнөттүн ичинде топтолгон күтүлгөн кредиттик чыгымдарды гана сатып алынган же түзүлгөн кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдер боюнча зыянга каралган баалоо резерви катарында таанууга тийиш.**

5.5.14 Ар бир отчеттук күнгө карата абал боюнча ишкана бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдардын өзгөрүшүнүн көлөмүн нарктын түшүшүнөн пайда же зыяндар катарында пайданын же зыяндын курамында таанууга тийиш. Эгерде бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдар баштапкы таануу учурунда эсептик акча каражаттарынын агымдарына киргизилген күтүлгөн кредиттик чыгымдардын көлөмүнөн аз болсо да, ишкана бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдардын жагымдуу өзгөрүүлөрүн нарктын түшүшүнөн пайда катары таанууга тийиш.

### Соода боюнча дебитордук карыз, келишим боюнча активдер жана ижара боюнча дебитордук карыз үчүн жөнөкөйлөтүлгөн ыкма

**5.5.15 5.5.3 жана 5.5.5-пункттардын талаптарына карабастан, ишкана зыянга каралган баалоо резервин төмөнкүдөй учурда бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарга барабар суммада баалоого тийиш:**

**(a) ФОЭС (IFRS) 15ти колдонуу чөйрөсүнө кирген операциялардын натыйжасында келип чыккан соода боюнча дебитордук карыз же келишим боюнча актив жана алар:**

**(i) ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык (же ишкана ФОЭС (IFRS) 15тин 63-пунктунда каралган практикалык мүнөздөгү жөнөкөйлөтүүнү колдонгон учурда) каржылоонун олуттуу компонентин камтыбайт; же**

**(ii) эгерде ишкана бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарга барабар суммадагы зыянга каралган баалоо резервин өзүнүн эсеп саясаты катары тандаса, ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык каржылоонун олуттуу компонентин камтыйт. Бул эсеп саясаты бардык ушундай соода боюнча дебитордук карызга же келишим боюнча бардык ушундай активдерге карата колдонулат, бирок соода боюнча дебитордук карызга карата же келишим боюнча активдерге карата өзүнчө колдонулушу мүмкүн;**

**(b) эгерде ишкана бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарга барабар суммадагы зыянга каралган баалоо резервин өзүнүн эсеп саясаты катары тандаса, ФОЭС (IFRS) 16ны колдонуу чөйрөсүнө кирген операциялардын натыйжасында келип чыккан ижара боюнча дебитордук карыз. Бул эсеп саясаты ижара боюнча бардык дебитордук карыздарга карата колдонулууга тийиш, бирок финансылык жана операциялык ижара боюнча дебитордук карызга карата өз-өзүнчө колдонулушу мүмкүн.**

5.5.16 Ишкана соода боюнча дебитордук карыз, ижара боюнча дебитордук карыз жана келишим боюнча активдер үчүн эсеп саясатын бири-биринен көз карандысыз тандоого укуктуу.

## Күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо

**5.5.17 Ишкана финансылык инструмент боюнча күтүлгөн кредиттик чыгымдарды төмөнкүлөрдү чагылдырган ыкма менен баалоого тийиш:**

**(a) ыктымалдуу натыйжалардын диапазонун баалоо аркылуу аныкталган, ыктымалдуулукту эске алуу менен жаңылыш эмес жана орточо алынган сумманы;**

**(b) акчалардын убакыт ичиндеги наркын; жана**

**(c) мурдагы окуялар, учурдагы шарттар жана болжолдонгон келечектеги экономикалык шарттар жөнүндө отчеттук күнгө карата ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болгон негизделген жана ырасталуучу маалыматты.**

5.5.18 Күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоодо ишкана мүмкүн болгон бардык сценарийлерди сөзсүз эле идентификациялоого тийиш эмес. Бирок ал, эгерде кредиттик чыгым келип чыгышынын мүмкүнчүлүгү аз болсо да, кредиттик чыгым келип чыгышынын мүмкүнчүлүгүн жана кредиттик чыгым келип чыкпашынын мүмкүнчүлүгүн чагылдыруу аркылуу кредиттик чыгым келип чыгышынын тобокелдигин же ыктымалдуулугун эске алууга тийиш.

5.5.19 Күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо учурунда каралуучу максималдуу мезгил – бул анын аралыгында ишкана кредиттик тобокелдикке кабылышы мүмкүн болгон келишим боюнча (узартууга опциондорду эске алуу менен) максималдуу мезгил, ал иштиктүү практикага ылайык келсе да, чоң мезгил эмес.

5.5.20 Бирок айрым финансылык инструменттер зайымды, ошондой эле зайымдарды берүү боюнча милдеттенменин колдонулбаган компонентин камтыйт жана зайымды төлөөнү жана зайымдарды берүү боюнча милдеттенменин колдонулбаган компонентин жоюуну талап кылууга ишкананын келишимде каралган мүмкүнчүлүгү билдирүүнү берүү үчүн келишимдик мөөнөттө кредиттик чыгымдарга ишкананын кабылышынын тобокелдигин чектебейт. Ушундай жана ушундай гана финансылык инструменттер боюнча ишкана кредиттик тобокелдикке кабылышы мүмкүн болгон бүткүл мезгил үчүн күтүлгөн кредиттик чыгымдарды ишкана баалоого тийиш жана, эгерде мындай мезгил келишим боюнча максималдуу мезгилден ашса да, күтүлгөн кредиттик чыгымдар кредиттик тобокелдиктерди башкаруу боюнча ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында азайбайт.

## 5.6 Финансылык активдерди кайра классификациялоо

**5.6.1 Эгерде ишкана 4.4.1-пунктка ылайык финансылык активдерди кайра классификацияласа, ал кайра классификациялоону *кайра классификациялоо күнүнөн* тартып перспективдүү жүзөгө ашырууга тийиш. Ишкана мурда таанылган пайдаларды, зыяндарды (анын ичинде нарктын түшүүнөн пайдаларды же зыяндарды) же пайыздарды кайра эсептөөгө тийиш эмес. 5.6.2–5.6.7-пункттар кайра классификациялоого карата талаптарды белгилейт.**

**5.6.2 Эгерде ишкана финансылык активди амортизацияланган нарк боюнча бааалануучу категориядан адилет нарк боюнча бааалануучу категорияга пайда же зыян аркылуу кайра классификацияласа, анын адилет наркы кайра классификациялоо күнүнө карата абал боюнча бааланат. Финансылык активдин мурдагы амортизацияланган наркынын жана анын адилет наркынын ортосундагы айырманын натыйжасы болуп саналган ар кандай пайда же зыян пайданын же зыяндын курамында таанылат.**

**5.6.3 Эгерде ишкана финансылык активди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааалануучу категориядан амортизацияланган нарк боюнча бааалануучу категорияга кайра классификацияласа, анын кайра классификациялоо күнүнө карата адилет наркы мындай активдин жаңы дүң балансттык наркы болуп калат. (Кайра классификациялоо күнүнө карата натыйжалуу пайыздык ставканы жана зыянга каралган баалоо резервин аныктоо жагынан B5.6.2-пункттагы көрсөтмөлөрдү караңыз).**

**5.6.4 Эгерде ишкана финансылык активди амортизацияланган нарк боюнча бааалануучу категориядан башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааалануучу категорияга кайра классификацияласа, анын адилет наркы кайра классификациялоо**

**күнүнө карата абал боюнча бааланат. Финансылык активдин мурдагы амортизацияланган наркынын жана адилет наркынын ортосундагы айырманын натыйжасы болуп саналган ар кандай пайда же зыян башка жыйынды кирешенин курамында таанылат. Натыйжалуу пайыздык ставка жана күтүлгөн кредиттик чыгымдардын баасы кайра классификациялоонун натыйжасында оңдоп-түзөлбөйт. (B5.6.1-пунктту караңыз.)**

**5.6.5 Эгерде ишкана финансылык активди башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу категориядан амортизацияланган нарк боюнча баалануучу категорияга кайра классификацияласа, финансылык актив кайра классификациялоо күнүнө карата өзүнүн адилет наркы боюнча кайра классификацияланат. Бирок мурда башка жыйынды кирешенин курамында таанылган пайданын же зыяндын топтолгон суммасы өздүк капиталдан алып салынат жана кайра классификациялоо күнүнө карата финансылык активдин адилет наркынын ордуна оңдоп-түзөлөт. Натыйжада финансылык актив, ал дайыма амортизацияланган нарк боюнча баалангандай, кайра классификациялоо күнүнө карата бааланат. Мындай оңдоп-түзөө башка жыйынды кирешеге таасир этет, бирок пайдага же зыянга таасир этпейт жана, ошентип, кайра классификациялоочу оңдоп-түзөө болуп саналбайт («*Финансылык отчеттуулукту берүү*» ФОЭС (IAS) 1ди караңыз). Натыйжалуу пайыздык ставка жана күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо кайра классификациялоонун натыйжасында оңдоп-түзөлбөйт. (B5.6.1-пунктту караңыз.)**

**5.6.6 Эгерде ишкана финансылык активди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу категориядан башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу категорияга кайра классификацияласа, финансылык активдин адилет нарк боюнча бааланышы улантылат. (Натыйжалуу пайыздык ставканы жана кайра классификациялоо күнүнө карата зыянга каралган баалоо резервин аныктоо жагынан B5.6.2-пункттагы көрсөтмөлөрдү караңыз.)**

**5.6.7 Эгерде ишкана финансылык активди башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу категориядан пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу категорияга кайра классификацияласа, финансылык активдин адилет нарк боюнча бааланышы улантылат. Мурда башка жыйынды кирешенин курамында таанылган топтолгон пайда же зыян өздүк капиталдын курамынан кайра классификациялоо күнүнө карата кайра классификацияланган оңдоп-түзөө (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) катары пайданын жана зыяндын курамына кайра классификацияланат.**

## 5.7 Пайдалар жана зыяндар

**5.7.1 Адилет нарк боюнча баалануучу финансылык активден же финансылык милдеттенмеден пайданы же зыянды мезгил ичинде пайданын же зыяндын курамында таануу керек, буга төмөнкүдөй учурлар кирбейт:**

**(a) бул финансылык актив хеджирлөө мамилелеринин бир бөлүгү болуп саналат (6.5.8–6.5.14-пункттарды жана, эгерде колдонууга мүмкүн болсо, пайыздык тобокелдикти портфелдик хеджирлөө учурунда адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу жагынан ФОЭС (IAS) 39дун 89–94-пункттарын караңыз);**

**(b) ал үлүштүк инструментке инвестиция болуп саналат жана ишкана көрсөтүлгөн инвестициядан пайданы жана зыянды 5.7.5-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтүү чечимин кабыл алды;**

**(c) ал финансылык милдеттенме болуп саналат, аны ишкана өз каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялады жана бул милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнөн натыйжаны 5.7.7-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтүүгө милдеттүү; же**

**(d) ал 4.1.2А-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык актив болуп саналат жана ишкана адилет нарктын айрым өзгөртүүлөрүн 5.7.10-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында таанууга милдеттүү.**

5.7.1A *Дивиденддер* төмөнкүдөй учурда гана пайданын же зыяндын курамында таанылат:

(a) дивиденддерди алууга ишкананын укугу белгиленген;

(b) дивиденддер менен байланышкан экономикалык пайдалардын ишканага келип түшүшү ыктымалдуу болуп саналган; жана

(c) дивиденддердин суммасы ишенимдүү бааланышы мүмкүн болгон.

**5.7.2 Амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу жана хеджирлөө мамилелеринин бир бөлүгү болуп саналбаган финансылык активден пайданы же зыянды (6.5.8–6.5.14-пункттарды жана, эгерде колдонууга мүмкүн болсо, пайыздык тобокелдикти портфелдик хеджирлөө учурунда адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу жагынан ФОЭС (IAS) 39дун 89–94-пункттарын караңыз) ушундай финансылык активди таанууну токтотуу, аны 5.6.2-пунктка ылайык кайра классификациялоо учурунда, амортизациялоо процессинде же нарктын түшүшүнөн пайдаларды же зыяндарды таануу максатында мезгил ичиндеги пайданын же зыяндын курамында таануу керек. Эгерде ишкана финансылык активдерди амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу категориядан башка категорияга кайра классификацияласа, ал 5.6.2 жана 5.6.4-пункттарды колдонууга тийиш. Амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу жана хеджирлөө мамилелеринин бир бөлүгү болуп саналбаган финансылык милдеттенмеден пайданы же зыянды (6.5.8–6.5.14-пункттар жана, эгерде колдонууга мүмкүн болсо, пайыздык тобокелдикти портфелдик хеджирлөө учурунда адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу жагынан ФОЭС (IAS) 39дун 89–94-пункттарын караңыз) көрсөтүлгөн финансылык милдеттенмени таанууну токтотуу учурунда, ошондой эле амортизациялоо процессинде мезгил ичиндеги пайданын же зыяндын курамында таануу керек. (Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнөн пайдалар же зыяндар жагынан B5.7.2-пункттагы көрсөтмөлөрдү караңыз.)**

**5.7.3 Хеджирлөөнүн айрым катыштарынын алкагында хеджирлөөнүн объекттери болуп саналган финансылык активдерден жана финансылык милдеттенмелерден пайда же зыян 6.5.8–6.5.14-пункттарга жана, эгерде колдонууга мүмкүн болсо, пайыздык тобокелдикти портфелдик хеджирлөө учурунда адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу жагынан ФОЭС (IAS) 39дун 89–94-пункттарына ылайык таанылууга тийиш.**

**5.7.4 Эгерде ишкана эсептешүү күнү боюнча эсепке алуу методун пайдаланып, финансылык активдерди тааныса (3.1.2, B3.1.3 жана B3.1.6-пункттарын караңыз), анда бүтүмдү бекитүү күнүнүн жана эсептешүү күнүнүн ортосундагы мезгил аралыгында алынуучу активдин адилет наркынын ар кандай өзгөрүүсү амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу активдер жагынан таанылбайт. Бирок адилет нарк боюнча бааланууучу активдер жагынан алардын адилет наркынын өзгөрүшү кырдаалга жараша 5.7.1-пунктка ылайык пайданын же зыяндын курамында же башка жыйынды кирешенин курамында таанылууга тийиш. Нарктын түшүшүнө тиешелүү талаптарды колдонуу максаттары үчүн бүтүм бекитилген күндү баштапкы таануу күнү деп эсептөө керек.**

### Үлүштүк инструменттерге инвестициялар

**5.7.5 Баштапкы таануу учурунда ишкана өз каалоосу боюнча ага карата ФОЭС (IFRS) 3 колдонула турган бизнестерди бириктирүү боюнча бүтүмдүн алкагында ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирген, *соодага арналбаган*, сатып алуучу тааныган шарттуу ордун толтуруу болуп саналбаган үлүштүк инструментке инвестициянын адилет наркынын кийинки өзгөрүүлөрүн башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтүүгө чечимди, аны кийин жокко чыгаруу укугу болбостон, кабыл ала алат. (Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнөн пайдалар же зыяндар жагынан B5.7.3-пункттагы көрсөтмөлөрдү караңыз.)**

5.7.6 Эгерде ишкана 5.7.5-пунктта көрсөтүлгөн чечимди кабыл алса, ал ушундай инвестициядан алынган дивиденддерди 5.7.1А-пунктка ылайык пайданын же зыяндын курамында таанууга тийиш.

## Ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификацияланган милдеттенмелер

**5.7.7 Ишкана өзүнүн каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификацияланган финансылык милдеттенмеден пайданы же зыянды 4.2.2-пунктка же 4.3.5-пунктка ылайык төмөнкүдөй түрдө көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) финансылык милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөртүүлөрү менен шартталган мындай милдеттенменин адилет наркынын өзгөрүшүн чагылдырган сумма башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтүлүүгө тийиш (В5.7.13–В5.7.20-пункттарды караңыз), жана**

**(b) милдеттенменин адилет наркынын өзгөрүүсүнүн калган суммасы пайданын же зыяндын курамында көрсөтүлүүгө тийиш,**

**буга (а) пунктчада сыпатталган милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнөн натыйжаны чагылдыруу тартиби эсептик шайкеш эместиктен улам пайдага же зыянга таасирдин келип чыгышына же көбөйүшүнө алып келе турган учурлар кирбейт (бул учурларда 5.7.8-пункт колдонулат). В5.7.5–В5.7.7 жана В5.7.10–В5.7.12-пункттар эсептик шайкеш эместик келип чыгарын же жоктугун же көбөйүшүн аныктоо боюнча көрсөтмөлөрдү камтыйт.**

**5.7.8 Эгерде 5.7.7-пункттарда баяндалган талаптарды аткаруу эсептик шайкеш эместиктин натыйжаларынын пайдасына же зыянына таасирдин келип чыгышына же көбөйүшүнө алып келе турган болсо, ишкана ушундай милдеттенмеден бардык пайдаларды же зыяндарды (анын ичинде ушундай милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүсүнөн натыйжаны) пайданын же зыяндын курамында көрсөтүүгө тийиш.**

5.7.9 5.7.7 жана 5.7.8-пункттарда баяндалган талаптарга карабастан, ишкана өзүнүн каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификацияланган зайымдарды берүү жана финансылык кепилдик келишимдери боюнча милдеттенмелер боюнча бардык пайдаларды же зыяндарды пайданын же зыяндын курамында көрсөтүүгө тийиш.

## Башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу активдер

**5.7.10 Нарктын түшүшүнөн пайдаларды же зыяндарды (5.5-бөлүмдү караңыз) жана валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнөн пайдаларды жана зыяндарды (В5.7.2– В5.7.2А-пункттарын караңыз) кошпогондо, 4.1.2А-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу финансылык активди таанууну токтотуу же кайра классификациялоо учуруна чейин бул активге таандык болгон пайда же зыян башка жыйынды кирешенин курамында таанылууга тийиш. Финансылык активди таануу токтотулганда, мурда башка жыйынды кирешенин курамында таанылган топтолгон пайда же зыян өздүк капиталынын курамынан пайданын же зыяндын курамына кайра классификациялоочу оңдоп-түзөө катарында кайра классификацияланат (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз). Эгерде финансылык актив башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу категориядан башка категорияга кайра классификацияланса, анда мурда башка жыйынды кирешенин курамында таанылган топтолгон пайданы же зыянды ишкана 5.6.5 жана 5.6.7-пункттарга ылайык эсепке алууга тийиш. Натыйжалуу пайыздык ставка методун пайдалануу менен эсептелген пайыз пайданын же зыяндын курамында таанылат.**

**5.7.11 5.7.10-пунктка ылайык, эгерде финансылык актив 4.1.2А-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланса, пайданын же зыяндын курамында таанылуучу суммалар, эгерде финансылык актив амортизацияланган нарк**

**боюнча бааланган болсо, пайданын же зыяндын  курамында тааныла турган суммаларга барабар.**

## 6-глава Хеджирлөөнү эсепке алуу

## 6.1 Хеджирлөөнү эсепке алуунун максаты жана колдонуу чөйрөсү

6.1.1 Хеджирлөөнү эсепке алуунун максаты – ишкананын финансылык отчеттуулугунда пайдага же зыянга таасир этиши мүмкүн болгон айрым тобокелдиктер боюнча позицияларды башкаруу үчүн финансылык инструменттерди (же болбосо башка жыйынды киреше, эгерде бул аларга карата ишкана 5.7.5-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында адилет нарктын өзгөрүүлөрүн көрсөтүүнү чечкен үлүштүк инструменттерге инвестициялар болсо) пайдаланууну караган тобокелдиктерди башкаруу боюнча анын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын чагылдыруу. Бул ыкма хеджирлөө инструменттерин пайдалануунун контекстин түшүндүрүүгө чакырылган, аларга карата алардын багытын жана отчеттуулукка таасирин түшүнүү мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн хеджирлөөнү эсепке алуу колдонулат.

6.1.2 Ишкана өз каалоосу боюнча 6.2.1–6.3.7 жана B6.2.1–B6.3.25-пункттарга ылайык хеджирлөө инструментинин жана хеджирлөө объектинин ортосундагы хеджирлөө мамилелерин аныктай алат. Хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу критерийлерине жооп берген хеджирлөө мамилелерине карата ишкана 6.5.1–6.5.14 жана B6.5.1–B6.5.28-пункттарда каралган тартипте хеджирлөө инструментинен жана хеджирлөө объектинен пайданы же зыянды эсепке алууга тийиш. Эгерде хеджирлөө объекти объекттердин тобун билдирсе, анда ишкана 6.6.1–6.6.6 жана B6.6.1–B6.6.16-пункттарда баяндалган кошумча талаптарды сактоого тийиш.

6.1.3 Пайыздык тобокелдик менен байланышкан өзгөрүүлөрдөн финансылык активдердин же финансылык милдеттенмелердин портфелинин адилет наркын хеджирлөөгө карата (жана ушундай хеджирлөө учурунда гана) ишкана ушул стандартта белгиленген талаптардын ордуна ФОЭС (IAS) 39да каралган хеджирлөөнү эсепке алууга карата талаптарды колдонууга укуктуу. Бул учурда ишкана ошондой эле пайыздык тобокелдикти портфелдик хеджирлөө үчүн  адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу боюнча өзгөчө талаптарды колдонууга жана өз каалоосу боюнча айрым акча суммасын билдирген бөлүктү хеджирлөө объекти катары аныктоого тийиш (ФОЭС (IAS) 39дун 81A, 89A жана AG114–AG132-пункттарын караңыз).

## 6.2 Хеджирлөө инструменттери

### Хеджирлөөнүн квалификациялануучу инструменттери

**6.2.1 Айрым чыгарылган опциондорду кошпогондо, пайда же зыян  аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу туунду инструмент ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объекти катары аныкталышы мүмкүн ( B6.2.4-пунктту караңыз).**

**6.2.2 Пайда же зыян  аркылуу адилет нарк боюнча бааланган туунду эмес финансылык актив же туунду эмес финансылык милдеттенме, эгерде бул ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян  аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификацияланган ушул финансылык эмес милдеттенме болсо гана, ага карата көрсөтүлгөн милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрү менен шартталган бөлүктө анын адилет наркынын өзгөрүүлөрүнүн суммасы жагынан 5.7.7-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтүлсө, ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменти катары аныкталышы мүмкүн. Валюталык тобокелдикти хеджирлөө жагынан ишкана валюталык тобокелдик менен байланышкан туунду эмес финансылык активдин же туунду эмес финансылык милдеттенменин компонентин хеджирлөө инструменти катары аныкташы мүмкүн, мында ушул туунду эмес финансылык инструмент ишкана адилет наркынын өзгөрүүлөрүн 5.7.5-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтүүнү чечкен үлүштүк инструментке инвестиция болуп саналбагандыгы шарт.**

**6.2.3 Хеджирлөөнү эсепке алуу максаттары үчүн отчет берүүчү ишканага карата тышкы тарап (башкача айтканда, ага карата финансылык отчеттуулук түзүлүп жаткан топ же өзүнчө**

**ишкана үчүн тышкы) менен түзүлгөн келишимдер ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменти катары аныкталышы мүмкүн.**

### Ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменттерин аныктоо

6.2.4 Хеджирлөөнүн квалификацияланып жаткан инструменти ишкананын каалоосу боюнча бүтүн бойдон гана хеджирлөө инструменти катары аныкталышы мүмкүн жападан жалгыз жол берилген өзгөчө учурлар болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) опциондун келишиминин наркын ички наркка жана убакыт ичиндеги наркка бөлүү жана анын убакыт ичиндеги наркынын өзгөрүүлөрүн алып салуу менен опциондун ички наркынын өзгөрүүлөрүн гана хеджирлөө инструменти катары аныктоо (6.5.15 жана B6.5.29–B6.5.33-пункттарды караңыз);

(b) форварддык келишимдин наркын форварддык элементке жана спот-элементке бөлүү жана форварддык элементтин наркынын өзгөрүүлөрүн эмес, форварддык келишимдин спот-элементинин наркынын өзгөрүүлөрүн гана хеджирлөө инструменти катары аныктоо; ушундай эле түрдө валюталык базистик спрэд бөлүнүшү мүмкүн, бул аны финансылык инструментти ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменти катары аныктоодо эсепке албоо үчүн зарыл (6.5.16 жана B6.5.34–B6.5.39-пункттарын караңыз); жана

(c) хеджирлөөнүн бүткүл инструментинин пропорционалдуу үлүшү, мисалы, анын номиналдык наркынын 50 пайызы ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө инструменти катары аныкталышы мүмкүн. Бирок, анын аралыгында хеджирлөөнүн ушул инструменти жүгүртүүдө болгон мөөнөттүн бөлүгүнө гана таандык болгон анын адилет наркынын өзгөрүүлөрүнүн бөлүгүн хеджирлөө инструменти катары аныктоого болбойт.

6.2.5 Ишкана төмөнкүдөй инструменттерди алардын ар кандай айкалышында өз каалоосу боюнча хеджирлөө инструменти катары аныктоо үчүн жыйындысында кароого жана бириктирүүгө укуктуу (анын ичинде айрым хеджирлөө инструменттери боюнча келип чыккан тобокелдик же тобокелдиктер башка хеджирлөө инструменттери боюнча келип чыккан тобокелдиктерди компенсациялаган жагдайлар):

(a) туунду инструменттерди же алардын пропорционалдуу үлүшүн; жана

(b) туунду эмес инструменттерди же алардын пропорционалдуу үлүшүн.

6.2.6 Бирок, эгерде инструментти аныктоо күнүнө карата ишкананын каалоосу боюнча ал иш жүзүндө нетто-чыгарылган опционду билдирсе (ал B6.2.4-пунктка ылайык хеджирлөө инструменти катары квалификацияланган учурларды кошпогондо), чыгарылган опционду жана сатып алынган опционду (мисалы, пайыздык коллар) өзүнө бириктирген туунду инструментти хеджирлөө инструменти катары квалификациялоого болбойт. Ушундай эле түрдө эки же андан ашык инструменттер (же алардын пропорционалдуу үлүштөрү), эгерде аларды ишкананын каалоосу боюнча ушундай катары аныктоо күнүнө карата айкалышта каралган алар иш жүзүндө нетто-чыгарылган опцион болуп саналбаса (ал B6.2.4-пунктка ылайык квалификациялануучу хеджирлөө инструменти болуп саналган учурларды кошпогондо), ошондой учурда гана ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменти катары бирге аныкталышы мүмкүн.

## 6.3 Хеджирлөө объекттери

### Квалификациялануучу хеджирлөө объекттери

**6.3.1 Хеджирлөө объекти таанылган активди же милдеттенмени, таанылбаган *бекемделген келишимдик милдеттенмени, болжолдонгон операцияны* же болбосо чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестицияны билдириши мүмкүн. Хеджирлөө объекти төмөнкүлөрдү билдириши мүмкүн:**

**(a) бир объектти; же болбосо**

**(b) объекттердин тобун (6.6.1–6.6.6 жана B6.6.1–B6.6.16-пункттарды эске алуу менен).**

**Хеджирлөө объекти ошондой эле ушундай объекттин же объекттердин тобунун компоненти болушу мүмкүн (6.3.7 жана B6.3.7–B6.3.25-пункттарын караңыз).**

6.3.2 **Хеджирлөө объекти ишенимдүү баалангыдай болууга тийиш:**

6.3.3 **Эгерде хеджирлөө объекти болжолдонгон операцияны (же анын компонентин) билдирсе, анда бул операция толук ыктымалдуу болууга тийиш.**

6.3.4 **Хеджирлөө объекти катары ишкананын каалоосу боюнча 6.3.1-пунктка ылайык хеджирлөө объектине карата талаптарга жооп берген позициядан комбинацияны жана туунду инструментти билдирген тобокелдик боюнча жалпы позиция аныкталышы мүмкүн (B6.3.3–B6.3.4-пункттарын караңыз). Бул, эгерде тобокелдик боюнча ушундай жыйынды позициянын келип чыгышы өтө ыктымалдуу болсо, жыйынды позицияга (башкача айтканда, алар жагынан макулдашуу али түзүлө элек, алар тобокелдик боюнча позициянын жана туунду инструменттин келип чыгышына алып келүүчү күтүлгөн келечектеги операцияларга) алып келүүчү болжолдонгон операцияга да тиешелүү жана мында, тиешелүү операция жасалаары менен, тиешелүү түрдө, болжолдонгон операция жок болот, бул позиция хеджирлөө объектине карата талаптарга жооп берет.**

6.3.5 **Хеджирлөөнү эсепке алуу максаттары үчүн хеджирлөө объекттери катары ишкананын каалоосу боюнча отчет берүүчү ишканага карата тышкы болуп саналган тараптар менен түзүлгөн активдер, милдеттенмелер, бекемделген келишимдик милдеттенмелер же болбосо толук ыктымалдуу болжолдонуучу операциялар гана аныкталышы мүмкүн. Хеджирлөөнү эсепке алуу бир топтун курамына кирген ишканалардын ортосундагы операцияларга карата, бул термин ФОЭС (IFRS) 10до аныкталгандай, инвестициялык ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунан тышкары, топтун бириктирилген финансылык отчеттуулугунун максаттары үчүн эмес, көрсөтүлгөн ишканалардын жекече же өзүнчө финансылык отчеттуулугунун максаттары үчүн гана колдонулушу мүмкүн, анткени мындай бириктирилген финансылык отчеттуулукта пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууч инвестициялык ишкананын өзүнүн жана анын туунду ишканаларынын ортосундагы операциялар өз ара жокко чыгарылбайт.**

6.3.6 Бирок 6.3.5-пункттун талаптарынан өзгөчө учур катары ички топтук акча беренеси боюнча валюталык тобокелдик (мисалы, эки туунду ишкананын ортосундагы кредитордук/дебитордук карыз), эгерде ал *«Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири»* ФОЭС (IAS) 21ге ылайык консолидациялоо учурунда толук өлчөмдө алып салынбай турган валюталык курстардын өзгөрүшүнүн натыйжасында пайдалардын же зыяндардын потенциалдуу келип чыгышына алып келсе, бириктирилген финансылык отчеттуулукта хеджирлөөнүн квалификацияланууч объекти болушу мүмкүн. Тиешелүү ички топтук акча беренеси ар башка колдонуудагы валюталары бар топтун алкагындагы эки ишкананын ортосундагы операциянын натыйжасы болуп саналса, ФОЭС (IAS) 21ге ылайык ички топтук акча беренелери боюнча валюталык курстардын өзгөрүүлөрү менен шартталган пайдалар жана зыяндар консолидациялоо учурунда толук көлөмдө алып салынбайт. Мындан тышкары, толук ыктымалдуу болуп саналган болжолдонгон ички топтук операция боюнча валюталык тобокелдик мындай операция ушул операцияга катышкан ишкананын колдонуудагы валютасынан айырмаланган валютада көрсөтүлгөн, ал эми валюталык тобокелдик пайданын же зыяндын бириктирилген көлөмүнө таасир эткен шартта бириктирилген финансылык отчеттуулукта хеджирлөөнүн квалификацияланууч объекти болушу мүмкүн.

## Ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объекттерин аныктоо

6.3.7 Ишкана өз каалоосу боюнча объектти бүт бойдон жана анын компонентин хеджирлөө мамилелеринин алкагында хеджирлөө объекти катары аныктай алат. Бүт бойдон объект өзүнө объекттин акча каражаттарынын агымдарынын же адилет наркынын бардык өзгөрүүлөрүн

камтыйт. Компонент өзүнө объект боюнча адилет нарктын өзгөрүүсүнүн же акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүшүнүн бүткүл көлөмүн камтыйт. Кийинки учурда ишкана өз каалоосу боюнча хеджирлөө объекттери катары компоненттердин төмөнкүдөй типтерин (анын ичинде алардын айкалышын) гана аныктай алат:

(a) рыноктун конкреттүү түзүмүнүн контекстиндеги талдоо тобокелдиктин ушул компоненти өзүнчө идентификацияланууучу болуп санала тургандыгын жана ишенимдүү бааланаарын көрсөтүп турган шартта айрым тобокелдик же тобокелдиктер (тобокелдүү компонент) менен шартталган объекттин акча каражаттарынын агымдарынын же адилет наркынын өзгөрүүлөрүн гана (B6.3.8– B6.3.15-пункттарды караңыз). Тобокелдик компоненттери катары ишкананын каалоосу боюнча баанын көрсөтүлгөн маанисинен жогору же төмөн хеджирлөө объекти же башка өзгөрүлмө (бир жактуу тобокелдик) боюнча акча каражаттарынын агымдарынын же адилет нарктын өзгөрүүлөрү гана аныкталышы мүмкүн;

(b) келишимде каралган тандалган акча каражаттарынын агымдарынан бирин же андан көбүн;

(c) номиналдык нарктын компоненттерин, башкача айтканда, объекттин көлөмүнүн айрым бөлүгүн (B6.3.16–B6.3.20-пункттарды караңыз).

## 6.4 Хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуунун критерийлери

**6.4.1 Хеджирлөө мамилелерине, эгерде алар төмөнкүдөй бардык критерийлерге ылайык келсе гана, хеджирлөөнү эсепке алууну колдонууга уруксат берилген:**

**(a) хеджирлөөнүн бул мамилеси хеджирлөөнүн квалификацияланууучу инструменттерин жана хеджирлөөнүн квалификацияланууучу объекттерин гана камтыйт;**

**(b) хеджирлөөнүн бул мамилелери башталган күнгө карата ишканада аларды аныктоо боюнча формалдуу чечим жана алар боюнча таризделген документация, ошондой эле тобокелдиктерди башкаруунун документ менен бекитилген максаты жана хеджирлөөнү жүзөгө ашыруу стратегиясы бар. Бул документацияда хеджирлөө инструменти, хеджирлөө объекти көрсөтүлүүгө, хеджирленүүчү тобокелдиктин мүнөзү жана хеджирлөөнүн бул мамилелери (анын ичинде хеджирлөөнүн натыйжасыздыгынын булактарын талдоо жана *хеджирлөө коэффициентин* аныктоого карата ыкмалар) хеджирлөөнүн натыйжалуулугуна карата талаптарга жооп берээрин же жоктугун ишкана кандай түрдө аныктай тургандыгы сыпатталууга тийиш.**

**(c) хеджирлөөнүн бул мамилелери хеджирлөөнүн натыйжалуулугуна карата төмөнкүдөй бардык талаптарга жооп берет:**

**(i) хеджирлөө объектинин жана хеджирлөө инструментинин ортосунда экономикалык өз ара байланыш бар (B6.4.4–B6.4.6-пункттарды караңыз);**

**(ii) кредиттик тобокелдиктин факторлору көрсөтүлгөн экономикалык өз ара байланыш менен шартталган нарктын өзгөрүүлөрүнө басымдуу таасир этпейт (B6.4.7–B6.4.8-пункттарды караңыз); жана**

**(iii) хеджирлөөнүн бул мамилелери үчүн аныкталган хеджирлөө коэффициенти иш жүзүндө ишкана тарабынан хеджирленип жаткан хеджирлөө объектинин сандык көлөмүнүн жана хеджирлөө объектинин көрсөтүлгөн сандагы көлөмүн хеджирлөө үчүн иш жүзүндө ишкана тарабынан колдонулуп жаткан хеджирлөө инструментинин сандык көлөмүнүн ортосундагы катышын чагылдырат. Бирок аныктоо учурунда ишкананын каалоосу боюнча бул мамилелерди хеджирлөө объектинин салмактык коэффициентинин жана хеджирлөө инструментинин ортосундагы дисбалансты эсепке алуунун кереги**

**жок, ал хеджирлөөнүн натыйжасыздыгына алып келиши мүмкүн (ал таанылганына же жоктугуна карабастан), анын натыйжасында отчеттуулукта хеджирлөөнү эсепке алуу максатына ылайык келбеген натыйжа чагылдырылышы мүмкүн (B6.4.9–B6.4.11-пункттарды караңыз).**

## 6.5 Хеджирлөөнүн квалификацияланууучу мамилелерин эсепке алуу тартиби

6.5.1 **Ишкана 6.4.1-пунктта каралган хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу критерийлерине жооп берген хеджирлөө мамилелерине карата хеджирлөөнү эсепке алууну колдонот (алардын ичине ишкана өз каалоосу боюнча хеджирлөөнүн тиешелүү мамилелерин аныктоо жөнүндө чечим кабыл алышы кирет).**

6.5.2 **Хеджирлөө мамилелеринин төмөнкүдөй үч тибин айырмалашат:**

(a) **адилет наркты хеджирлөө: таанылган активдин же милдеттенменин, же болбосо таанылбаган бекемделген келишимдик милдеттенменин, же болбосо айрым тобокелдик менен шартталган жана пайдага же зыянга таасир этиши мүмкүн болгон ушундай объекттин компонентинин адилет наркынын потенциалдуу өзгөрүшү хеджирленет;**

(b) **акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө: бардык таанылган актив же милдеттенме же болбосо анын компоненти (мисалы, өзгөрүлмө ставкасы бар карыздык инструмент боюнча бардык же айрым келечектеги пайыздык төлөмдөр) менен же толук ыктымалдуу болжолдонгон операция менен байланышкан айрым тобокелдик менен шартталган акча каражаттарынын агымдарынын көлөмүнүн потенциалдуу өзгөрүшү хеджирленет жана пайдага же зыянга таасир этиши мүмкүн;**

(c) **бул термин ФОЭС (IAS) 21де аныкталгандай, таза инвестицияны чет өлкөлүк бөлүмгө хеджирлөө.**

6.5.3 Эгерде хеджирлөө объекти ал үчүн ишкана 5.7.5-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында адилет нарктын өзгөрүүлөрүн көрсөтүү вариантын тандаган үлүштүк инструментти билдирсе, анда 6.5.2(a)-пунктунда эске алынган хеджирленип жаткан потенциалдуу өзгөртүү башка жыйынды кирешеге таасир этиши мүмкүн болгон өзгөртүүлөргө кирүүгө тийиш. Ушул учурда гана хеджирлөөнүн таанылган натыйжасыздыгы башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтүлөт.

6.5.4 Бекемделген келишимдик милдеттенме боюнча валюталык тобокелдикти хеджирлөө же болбосо адилет наркты хеджирлөө катары, же болбосо акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө катары эске алынууга тийиш.

6.5.5 **Эгерде хеджирлөө мамилелери хеджирлөө коэффициенти менен байланышкан хеджирлөөнүн натыйжалуулугу жөнүндө талапка жооп бербей калса (6.4.1(c)(iii)-пунктун караңыз), бирок мында ишкананын каалоосу боюнча ушул аныкталган хеджирлөө мамилелерине карата тобокелдикти башкаруу максаты өзгөрүүсүз калса, ишкана көрсөтүлгөн хеджирлөө мамилелери боюнча хеджирлөө коэффициентин алар хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу критерийлерине кайрадан жооп бергидей түрдө ондоп-түзөөгө тийиш (ушул стандартта бул жол-жобо «кайра баланстоо» деп аталат –B6.5.7–B6.5.21-пункттарды караңыз).**

6.5.6 **Ишкана хеджирлөөнү эсепке алууну перспективалык токтотууга тийиш, ошондо гана хеджирлөө мамилелери (же хеджирлөө мамилелеринин бир бөлүгү) хеджирлөөнү эсепке алууну (эгерде колдонууга мүмкүн болсо, хеджирлөөнүн бул мамилелерин кайра баланстоону эсепке алгандан кийин) колдонуу критерийлерине жооп бербей калат. Бул талап анын ичинде хеджирлөө инструментинин колдонулушунун же бул инструментти сатуунун, токтотууну же аткаруунун мөөнөтү учурларда колдонулат. Бул талаптын максаттары үчүн хеджирлөө инструментин башка хеджирлөө инструментине алмаштыруу**

**же анын колдонулушун улантуу, эгерде мындай алмаштыруу же улантуу тобокелдиктерди башкаруу боюнча ишкананын документ менен таризделген максатынын курамында көрсөтүлсө жана ага ылайык келсе, анын мөөнөтүнүн аякташы же анын колдонулушун токтотуу деп эсептелбейт. Мындан тышкары, бул талаптын максаттары үчүн хеджирлөө инструменти аяктады же токтотулду деп эсептелбейт, эгерде:**

**(a)** **Мыйзамдардын же башка ченемдик укуктук актылардын күчүнөн же колдонулушунан улам хеджирлөө инструментинин тараптары бир же бир нече клирингдик контрагент алгачкы контрагентти алмаштырат жана тараптардын ар бири үчүн жаңы контрагент болуп калат деп макулдашат. Бул максаттар үчүн клирингдик контрагент деп борбордук контрагент (кээде «клирингдик уюм» же «клирингдик агент» деп аталат) же болбосо ишкана же ишканалар, мисалы, борбордук контрагент клирингди жүзөгө ашырышынын максатында контрагент катары иш алып баруучу клирингдик ишкананын колдонуудагы валютасы же болбосо клирингдик ишкананын катышуучусунун кардары түшүнүлөт. Бирок хеджирлөө инструментинин тараптары өздөрүнүн алгачкы контрагенттерин ар түрдүү контрагенттерге алмаштырган учурда, бул пунктчанын талаптары, эгерде ушул жаңы контрагенттердин ар бири бир эле борбордук контрагент менен клирингди жүзөгө ашырса гана, аткарылды деп эсептелет.**

**(b)** **Хеджирлөө инструментинин башка өзгөртүүлөрү, эгерде булар орун алган болсо, контрагентти ушундай алмаштырууну жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон өзгөртүүлөр менен чектелет. Көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр, эгерде хеджирлөө инструменти адегенде клирингдик контрагент клирингди жүзөгө ашырышынын маңызы болгон болсо, күтүлгөн шарттарга ылайык келген өзгөртүүлөр менен чектелет. Мындай өзгөртүүлөргө дебитордук жана кредитордук карыздын калдыктарынын өз ара эсептешүүлөрүнө укукту камсыз кылуу жагынан жана алынуучу акы жагынан талаптардын өзгөртүүлөрү кирет.**

**Хеджирлөөнү эсепке алууну токтотуу бүтүндөй хеджирлөө мамилелерине же болбосо алардын кандайдыр-бир бөлүгүнө гана (кийинки учурда хеджирлөөнү эсепке алуу хеджирлөө мамилелеринин калган бөлүгүнө карата колдонулушу улантылат) таасир этиши мүмкүн.**

6.5.7 Ишкана төмөнкүлөрдү колдонууга тийиш:

(a) ал анын алкагында хеджирлөө объекти (же анын компоненти) болуп амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу финансылык инструмент саналган адилет наркты хеджирлөөгө карата хеджирлөөнү эсепке алууну токтоткондо 6.5.10-пунктту; жана

(b) ал акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөгө карата хеджирлөөнү эсепке алууну токтоткондо 6.5.12-пунктту.

## Адилет наркты хеджирлөө

**6.5.8** **Эгерде адилет наркты хеджирлөө 6.4.1-пунктта каралган хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерине жооп берсе, хеджирлөөнүн ушул мамилелери төмөнкүдөй түрдө эсепке алынууга тийиш:**

**(a)** **Хеджирлөө инструменти боюнча пайда же зыян пайданын же зыяндын курамында (же, эгерде хеджирлөө инструменти иштиктүү инструментти хеджирлесе, ага карата ишкана адилет нарктын өзгөртүүлөрүн 5.7.5-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтүүнү чечсе, башка жыйынды кирешенин курамында) таанылууга тийиш.**

**(b)** **Хеджирлөө объекти боюнча хеджирлөөдөн пайда же зыян (эгерде колдонууга мүмкүн болсо) ушул хеджирлөө объектинин балансстык наркын оңдоп-түзөөгө жана пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш. Эгерде хеджирлөө объекти**

**4.1.2А-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча эсепке алынуучу финансылык актив (же анын компоненти) болуп саналса, хеджирлөө объекти боюнча хеджирлөөдөн пайда же зыян пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш. Бирок, эгерде хеджирлөө объекти болуп ага карата ишкана адилет нарктын өзгөртүүлөрүн 5.7.5-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтүүнү чечкен үлүштүк инструмент саналса, анда ишкана көрсөтүлгөн суммаларды башка жыйынды кирешенин курамында таанууну улантууга тийиш. Хеджирлөө объекти болуп бекемделген келишимдик милдеттенме (же болбосо анын компоненти) саналса, хеджирлөөнүн ушул объектинин адилет наркы өзгөрүшүнүн топтолгон көлөмү аны ишкананын каалоосу боюнча ушундай катары таанылгандан кийин пайданын же зыяндын тиешелүү суммасын пайданын же зыяндын курамында таануу менен актив же милдеттенме катары таанылат.**

6.5.9 Адилет наркты хеджирлөөнүн алкагында хеджирлөөнүн объекти бекемделген келишимдик милдеттенме (же анын компоненти) болуп саналган учурда, активди сатып алуу же болбосо милдеттенмени өзүнө кабыл алуу, көрсөтүлгөн активдин же ишкана ушул бекемделген келишимдик милдеттенмени аткарышынын натыйжасында келип чыккан милдеттенменин алгачкы балансттык наркы ага финансылык абал жөнүндө отчетто таанылган ушул хеджирлөө объектинин адилет наркы өзгөрүшүнүн топтолгон көлөмүн кошуу аркылуу оңдоп-түзөлөт.

6.5.10 Эгерде хеджирлөөнүн тиешелүү объекти амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу финансылык инструментти (же болбосо анын компонентин) билдирсе, 6.5.8(b)-пунктуна ылайык жүзөгө ашырылган оңдоп-түзөө пайданын же зыяндын курамында чагылдыруу менен амортизациялануугa тийиш. Ишкана амортизацияны чегерүүнү оңдоп-түзөө келип чыккан учурдан тартып баштоого укуктуу, бирок хеджирлөө объектинин хеджирлөөдөн пайдалардын жана зыяндардын көлөмүнө оңдоп-түзөлүшү токтотулган учурдан кечиктирбестен амортизациялоону баштоого милдеттүү. Амортизациялоонун көлөмү амортизациялоо башталган күнгө карата кайра эсептелген натыйжалуу пайыздык ставканын негизинде аныкталат. Хеджирлөө объекти болуп саналган жана 4.1.2А-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланган финансылык активдин (же болбосо анын компонентинин) учурунда амортизацияны чегерүү ошондой эле түрдө, бирок балансттык наркты оңдоп-түзөө аркылуу эмес, 6.5.8(b)-пунктуна ылайык мурда таанылган, топтолгон пайданы же зыянды билдирген сумма жагынан жургу.

### Акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө

6.5.11 **Эгерде акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө 6.4.1-пунктта каралган хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерине жооп берсе, ушул хеджирлөө мамилелери төмөнкүдөй түрдө эсепке алынууга тийиш:**

**(a) Хеджирлөө объекти менен байланышкан өздүк капиталды өзүнчө компоненти (акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резерви) төмөнкүдөй көлөмдөрдүн (абсолюттук баадагы) эң азына чейин оңдоп-түзөлөт:**

**(i) хеджирлөө башталган учурдан тартып хеджирлөө инструменти боюнча пайданын же зыяндын топтолгон көлөмүнө;**

**(ii) хеджирлөө башталган учурдан тартып хеджирлөө объектинин адилет наркынын (келтирилген нарк) өзгөрүшүнүн топтолгон көлөмүнө (башкача айтканда, хеджирлөө объекти болуп саналган келечектеги күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүшүнүн топтолгон көлөмүнүн келтирилген наркы).**

**(b) Хеджирлөө инструменти боюнча пайданын же зыяндын натыйжалуу хеджирлөө катары аныкталуучу бөлүгү (башкача айтканда, (а) пунктчасына ылайык эсептелген акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинин өзгөрүшү**

**менен компенсацияланууучу бөлүгү) башка жыйынды кирешенин курамында таанылууга тийиш.**

**(c) Хеджирлөө инструменти боюнча пайданын же зыяндын калган бөлүгү (же акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинин өзгөрүүлөрүн (a) пунктчасына ылайык эсептелген көлөмгө ылайык келтирүү үчүн зарыл болгон пайданын же зыяндын суммасы) хеджирлөөнүн натыйжасыздыгын билдирет, ал пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш.**

**(d) (a) пунктчасына ылайык акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинин курамында топтолгон сумма төмөнкүдөй түрдө эсепке алынууга тийиш:**

**(i) Эгерде хеджирленип жаткан болжолдонгон операция кийин финансылык эмес активди же финансылык эмес милдеттенмени таанууга алып келсе, же болбосо эгерде хеджирленип жаткан болжолдонгон операция ага карата адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу колдонулуучу бекемделген келишимдик милдеттенме болуп калса, анда ишкана көрсөтүлгөн сумманы акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинин курамынан алып салууга жана аны тиешелүү активдин же милдеттенменин түздөн-түз баштапкы наркына же баланстык наркынын башка баасына кошууга тийиш. Бул оңдоп-түзөө кайра классификациялоочу оңдоп-түзөө болуп саналбайт (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) жана, тиешелүү түрдө, башка жыйынды кирешеге таасир этпейт.**

**(ii) (i) пунктчасында каралгандан айырмаланган акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө учурларына карата көрсөтүлгөн сумма акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинен пайданын же зыяндын курамынан пайданын же зыяндын курамына хеджирленүүчү келечектеги акча каражаттарынын агымдары пайдага же зыянга таасир эте турган ошол эле мезгилде же мезгилдерде (мисалы, пайыздык киреше же пайыздык чыгаша таанылган же болбосо болжолдонгон сатуу болуп өткөн мезгилдерде) кайра классификацияланган оңдоп-түзөө катары (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) кайра классификацияланууга тийиш.**

**(iii) Бирок, эгерде көрсөтүлгөн сумма зыянды билдирсе жана ишкана бүткүл ушул зыян же анын бир бөлүгү бир же бир нече келечектеги мезгилдерде орду толтурулбайт деп күтсө, ишкана орду толтурулушу күтүлбөгөн сумманы пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланган оңдоп-түзөө катары (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) токтоосуз кайра классификациялоого тийиш.**

6.5.12 Ишкана акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөгө карата хеджирлөөнү эсепке алууну токтоткон учурда (6.5.6 жана 6.5.7(b)-пункттарын караңыз), ал 6.5.11(a)-пунктка ылайык акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинин курамында топтолгон сумманы төмөнкүдөй түрдө эске алууга тийиш:

(a) эгерде хеджирлөө объекти болуп саналган келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келип чыгышы мурдагыдай эле күтүлүп жатса, анда көрсөтүлгөн сумма келечектеги тиешелүү акча каражаттарынын агымдары келип чыккан учурга чейин же болбосо 6.5.11(d)(iii)-пунктун колдонууну талап кылган учурга чейин акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинин курамында калууга тийиш. Келечектеги акча каражаттарынын агымдары келип чыккан учурда 6.5.11(d)-пункту колдонулууга тийиш;

(b) эгерде хеджирлөө объекти болуп саналган келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келип чыгышы мындан ары күтүлбөсө, анда көрсөтүлгөн сумма акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинин курамынан пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланган оңдоп-түзөө катары (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз)

© ФОЭС Фонду

токтоосуз кайра классификацияланууга тийиш. анын келип чыгышы мындан ары толук ыктымалдуу болуп саналбаган хеджирленүүчү келечектеги акча каражаттарынын агымдары али да күтүлүшү мүмкүн.

## Таза инвестицияны чет өлкөлүк бөлүмгө хеджирлөө

**6.5.13 Таза инвестицияны чет өлкөлүк бөлүмгө хеджирлөө, анын ичинде таза инвестициянын бир бөлүгү (ФОЭС (IAS) 21ди караңыз) катары эсепке алынуучу акча беренесин хеджирлөө акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөгө окшош эсепке алынууга тийиш:**

**(a) хеджирлөө инструменти боюнча пайданын же зыяндын натыйжалуу хеджирлөө катары аныкталуучу бөлүгү башка жыйынды кирешенин курамында таанылууга тийиш (6.5.11-пунктту караңыз); жана**

**(b) натыйжасыз бөлүк пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш.**

**6.5.14 Хеджирлөөнүн натыйжалуу бөлүгүнө кирген, чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө боюнча резервдин курамында топтолгон хеджирлөө инструменти боюнча пайданын же зыяндын жалпы көлөмү тиешелүү чет өлкөлүк бөлүм чыгып калган же жарым-жартылай чыгып калган учурда ФОЭС (IAS) 21дин 48–49-пункттарына ылайык өздүк капиталдын курамынан пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланган оңдоп-түзөө катарында (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) кайра классификацияланууга тийиш.**

## Опциондордун убакыт ичиндеги наркын эсепке алуу

6.5.15 Ишкана опцион келишиминин ички наркын жана убакыт ичиндеги наркын бөлгөндө жана өз каалоосу боюнча бул опциондун ички наркынын гана өзгөрүшүнүн инструменти катары аныктаганда (6.2.4(а)-пунктун караңыз), ал опциондун убакыт ичиндеги наркын төмөнкүдөй түрдө эсепке алууга тийиш (B6.5.29–B6.5.33-пункттарды караңыз):

(a) Ишкана бул опцион аркылуу хеджирленүүчү хеджирлөө объектинин түрүнө жараша опциондордун убакыт ичиндеги наркын айырмалоого тийиш (B6.5.29-пунктту караңыз):

(i) айрым операция менен байланышкан хеджирлөө объекти; же

(ii) убакыттын айрым интервалы менен байланышкан хеджирлөө объекти.

(b) Айрым операция менен байланышкан хеджирлөө объекти ал аркылуу хеджирленүүчү опциондун убакыт ичиндеги наркы жагынан адилет нарктын өзгөрүшүн ал ушул хеджирлөө объектине тиешелүү болгон өлчөмдө башка жыйынды кирешенин курамында таануу жана өздүк капиталдын өзүнчө компонентинде топтоочу жыйынтык менен чагылдыруу керек. Өздүк капиталдын өзүнчө компонентинин курамында топтолгон опциондун убакыт ичиндеги наркы жагынан адилет нарктын өзгөрүүлөрүнүн жалпы суммасы («көрсөтүлгөн сумма)» төмөнкүдөй түрдө эсепке алынууга тийиш:

(i) эгерде хеджирлөө объекти кийин финансылык эмес активди же финансылык эмес милдеттенмени таанууга, же болбосо финансылык эмес актив же финансылык эмес милдеттенме жагынан бекемделген келишимдик милдеттенмени кабыл алууга алып келсе жана ага карата адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу колдонулса, анда ишкана көрсөтүлгөн сумманы өздүк капиталдын өзүнчө компонентинин курамынан алып салууга жана аны түздөн-түз тиешелүү активдин же милдеттенменин баштапкы наркынын же балланстык наркынын башка баасынын курамына киргизүүгө тийиш. Бул оңдоп-түзөө кайра классификациялоочу оңдоп-түзөө болуп саналбайт (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) жана, тиешелүү түрдө, башка жыйынды кирешеге таасир этпейт;

(ii) (i) пунктчасында каралгандардан айырмаланган хеджирлөө мамилелерине карата көрсөтүлгөн сумма күтүлүп жаткан хеджирленүүчү келечектеги акча каражаттарынын агымдары пайдага же зыянга таасир эткен ошол эле мезгилде же

мезгилдерде (мисалы, болжолдонгон сатуу жүзөгө ашырыла турган убакыт) өздүк капиталдын өзүнчө компонентинин курамынан пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланууучу оңдоп-түзөө катарында (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) кайра классификацияланууга тийиш.

(iii) бирок, эгерде бир же бир нече келечектеги мезгилдерде бүткүл көрсөтүлгөн сумманын же анын бир бөлүгүнүн орду толтурулат деп күтүлбөсө, анда орду толтурулушу күтүлбөгөн сумма токтоосуз пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланууучу оңдоп-түзөө катарында (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) кайра классификацияланууга тийиш.

(c) Убакыттын айрым интервалы менен байланышкан хеджирлөө объекти ал аркылуу хеджирленүүчү опциондун убакыт ичиндеги наркы жагынан адилет нарктын өзгөрүшүн башка жыйынды кирешенин курамында ал хеджирлөө объектине тиешелүү болгон өлчөмдө таануу жана өздүк капиталдын өзүнчө компонентинде топтоо керек. Көрсөтүлгөн опционду аныктоо күнүнө карата анын убакыт ичиндеги наркын ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объектине тиешелүү бөлүгүндө хеджирлөө инструменти катарында хеджирлөө менен шартталган, опциондун ички наркы менен байланышкан оңдоп-түзөө пайдага же зыянга (же, эгерде хеджирлөөнүн тиешелүү объекти үлүштүк инструмент болуп саналса, адилет наркынын өзгөрүшүн ишкана 5.7.5-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында көрсөтүүнү чечкен башка жыйынды кирешеге) таасир этиши мүмкүн болгон убакыт аралыгында туруктуу жана сарамжалдуу негизде амортизациялоо керек. Тиешелүү түрдө, ар бир отчеттук мезгилде амортизациянын суммасы өздүк капиталдын өзүнчө компонентинин курамынан пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланууучу оңдоп-түзөө катарында (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) кайра классификацияланууга тийиш. Бирок, эгерде хеджирлөөнү эсепке алуу анын алкагында опциондун ички наркынын өзгөрүшү хеджирлөө объекти болуп саналган хеджирлөө мамилелерине карата колдонулбай калса, анда өздүк капиталдын өзүнчө компонентинин курамында топтолгон нетто-чоңдук (башкача айтканда, топтолгон амортизацияны алып салганда) токтоосуз пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланууучу оңдоп-түзөө катарында (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) кайра классификацияланууга тийиш.

### Форварддык келишимдердин форварддык элементин жана финансылык инструменттердин валюталык базистик спрэддерин эсепке алуу

6.5.16 Ишкана форварддык келишимдин форварддык элементин жана спот-элементин ажыратканда жана өз каалоосу боюнча хеджирлөө инструменти катары бул форварддык келишимдин спот-элементинин наркынын өзгөрүшүн гана аныктаганда, же болбосо ишкана валюталык базистик спрэдди финансылык инструменттен ажыратканда жана аны өз каалоосу боюнча бул финансылык инструментти хеджирлөө инструменти катары аныктоодо кароодон алып салганда (6.2.4(b)-пунктун караңыз), ишкана 6.5.15-пунктту тиешелүү форварддык келишимдин форварддык элементине карата же тиешелүү валюталык базистик спрэдге карата ал опциондун убакыт ичиндеги наркына карата колдонулгандай түрдө колдоно алат. Бул учурда ишкана пайдалануу боюнча колдонмонун B6.5.34–B6.5.39-пункттарында баяндалган жоболорун пайдаланууга тийиш.

## 6.6 Объекттердин топторун хеджирлөө

### Объекттердин тобун ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объекти катары аныктоо мүмкүнчүлүгү

**6.6.1 Объекттердин тобу (анын ичинде нетто-позицияны билдирген объекттердин тобу; B6.6.1–B6.6.8-пункттарды караңыз) хеджирлөөнүн квалификацияланууучу объекти болуп саналат, эгерде гана:**

**(a)** **ал өз-өзүнчө хеджирлөөнүн квалификацияланууучу объекттерин билдирген объекттерден (анын ичинде объекттердин компоненттеринен) турса;**

**(b)** **тобокелдиктерди башкаруу максаттары үчүн топтун курамындагы объекттерди башкаруу топтук негизде жүзөгө ашырылса; жана**

**(c)** **аларга карата аларга ылайык келген акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүлмөлүгү бүтүндөй алганда, топ боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүлмөлүгүнө пропорционалдуу болот деп күтүлбөгөн объекттердин тобу боюнча акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө учурунда, анын натыйжасында тобокелдиктер жагынан төмөнкүдөй компенсациялоочу позициялар келип чыгат:**

**(i)** **валюталык тобокелдик хеджирленүүчү тобокелдик болуп саналат; жана**

**(ii)** **ишкананын каалоосу боюнча бул нетто-позицияны аныктоо учурунда болжолдонгон операциялар, күтүлүп жаткандай, пайдага же зыянга, ошондой эле алардын мүнөзүнө жана көлөмүнө таасир эте турган отчеттук мезгил көрсөтүлөт (B6.6.7–B6.6.8-пункттарды караңыз).**

### Ишкананын каалоосу боюнча номиналдык нарктын компонентин хеджирлөө объекти катары аныктоо

6.6.2 Объекттердин квалификацияланууучу тобунун пропорционалдуу үлүшүн билдирген компонентти ишкананын каалоосу боюнча бул тобокелдиктерди башкаруу боюнча ишкананын документтер менен таризделген максаты менен макулдашылган шартта хеджирлөө объекти катары таанууга уруксат берилет.

6.6.3 Объекттердин жалпы тобунан бөлүнгөн компонент-катмар (мисалы, төмөнкү катмар) хеджирлөөнүн уруксат берилген объекти болуп саналат, эгерде гана:

(a) бул компонентти өзүнчө идентификациялоого жана ишенимдүү баалоого мүмкүн болсо;

(b) тобокелдикти башкаруунун максаты компонент-катмарды хеджирлөө болуп саналса;

(c) бул катмар анда идентификацияланган жалпы топтун объекттери бир эле хеджирленүүчү тобокелдикке кабыла турган болсо (андан улам жалпы топтун курамынан дал кайсы объекттер хеджирленүүчү катмарга түшкөндүгү хеджирленүүчү катмардын баасына кыйла таасир этпейт);

(d) ишкана учурдагы объекттерди (мисалы, таанылбаган бекемделген келишимдик милдеттенмени же таанылган активди) хеджирлөө жагынан идентификациялай алат жана анда хеджирленүүчү объект аныкталуучу (ишканада хеджирлөөнүн квалификацияланууучу мамилелерин эсепке алууга коюлуучу талаптарды аткаруу мүмкүнчүлүгү болушу үчүн) объекттердин жалпы тобуна көз сала алат; жана

(e) мөөнөтүнөн мурда төлөө мүмкүнчүлүгүн караган бул топтун курамындагы бардык объекттер номиналдык нарктын компоненттерине коюлуучу талаптарга жооп берет (B6.3.20-пунктту караңыз).

### Көрсөтүү

6.6.4 Компенсациялоочу позициялары бар объекттердин топторун тобокелдик жагынан хеджирлөө учурунда (башкача айтканда, нетто-позицияларды хеджирлөө учурунда), мында ушул объекттер боюнча хеджирленүүчү тобокелдик пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчеттун ар түрдүү беренелерине таасир эткенде, хеджирлөөдөн ар кандай пайдалар же зыяндар бул отчетто хеджирлөө объекттерине таасир эткен беренелерден өзүнчө көрсөтүлүүгө тийиш. Тиешелүү түрдө, хеджирлөө объектинин өзүнө тиешелүү берене боюнча ушундай отчетто чагылдырылган сумма (мисалы, түшкөн кирешелер же сатуулардын өздүк наркы) өзгөрүүсүз калат.

6.6.5 Топ катары бирге адилет наркты хеджирлөөнүн алкагында хеджирлөө объектин түзгөн активдер жана милдеттенмелер жагынан айрым активдер жана милдеттенмелер боюнча финансылык абал жөнүндө отчеттогу пайда же зыян 6.5.8(b)-пунктуна ылайык ушул топту түзгөн тиешелүү өзүнчө беренелердин балансдык наркын оңдоп-түзөө катары таанылууга тийиш.

### Нөлдүк нетто-позициялар

6.6.6 Хеджирлөө объекти ал боюнча нетто-позиция нөлгө барабар болгон топ болуп саналганда (башкача айтканда, хеджирлөө объекттерин тобокелдикти толугу менен өз ара компенсациялайт, аларды башкаруу топтук негизде жүзөгө ашырылат), ишканага аны төмөнкүдөй шартта хеджирлөө инструментин камтыбаган хеджирлөө мамилелерине киргизүүгө уруксат берилет:

(a) бул хеджирлөө нетто-тобокелдикти өзгөрүлмө хеджирлөө стратегиясынын алкагында жүзөгө ашырылат, ага ылайык ишкана ошол эле типтеги позицияларды убакыттын өтүшүнө жараша (мисалы, операциялар ишкана хеджирлөөнү жүзөгө ашырып жаткан убакыт аралыгынын чегине чейин жеткенде) дайыма хеджирлейт;

(b) хеджирленип жаткан нетто-позиция стратегия колдонулган мөөнөттүн аралыгында нетто-тобокелдикти өзгөрүлмө хеджирлөөнүн өлчөмүндө өзгөрөт жана мында нетто-тобокелдикти хеджирлөө үчүн (башкача айтканда, нетто-позиция нөлгө барабар болбогон учурларда) ишкана хеджирлөөнүн квалификацияланууч инструменттерин пайдаланат;

(c) ушундай нетто-позициялар жагынан нетто-позиция нөлгө барабар болбогон учурда жана ал хеджирлөөнүн квалификацияланууч инструменттери аркылуу хеджирленгенде демейде хеджирлөөнү эсепке алуу колдонулат; жана

(d) нөлдүк нетто-позиция жагынан хеджирлөөнү эсепке алууну колдонбоонун натыйжасы эсепке алуунун натыйжаларындагы макул эместиктин келип чыгышы болуп калар эле, анткени отчеттуулукта тобокелдиктин өз ара компенсациялоочу позициялары таанылбай калмак, алар андай болбогон учурда нетто-позицияны хеджирлөөнүн алкагында таанылмак.

## 6.7 Кредиттик тобокелдикке дуушарланууч позицияны өз каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууч катары классификациялоо мүмкүнчүлүгү

### Алардын учурунда кредиттик тобокелдикке дуушарланууч позицияларды ишкана өз каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууч катары классификациялай ала турган шарттар

**6.7.1 Эгерде ишкана бүтүндөй алганда, финансылык инструмент же анын кандайдыр-бир бөлүгү менен байланышкан кредиттик тобокелдикти башкаруу үчүн пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууч кредиттик туунду инструментти пайдаланса (кредиттик тобокелдикке дуушарланууч позиция), анда ал өз каалоосу боюнча ушундай финансылык инструментти аны башкаруу көрсөтүлгөн түрдө жүзөгө ашырылгыдай өлчөмдө (башкача айтканда, бүт инструментти же болбосо анын бир бөлүгүн) пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууч катары классификациялай алат, эгерде:**

**(a) ага карата ишкана кредиттик тобокелдикке дуушарланышы мүмкүн болгон карызкор (мисалы, зайым алууч же ишкана ага зайым берүүгө милдеттенген жак) бул кредиттик туунду инструментте көрсөтүлгөн карызкор менен дал келет («аталышы боюнча дал келүү»); жана**

**(b) бул финансылык инструменттин улуулук даражасы аны менен көрсөтүлгөн кредиттик туунду инструменттерге ылайык өткөрүп берилиши мүмкүн болгон инструменттер боюнча дал келет.**

**Ишкана мындай классификациялоону кредиттик тобокелдигин ишкана башкарган финансылык инструмент ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө киргенине же жоктугуна карабастан жүзөгө ашыра алат (мисалы, ишкана ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирбеген зайымдарды берүү боюнча милдеттенмелерди ушундай түрдө жүзөгө ашыра алат). Ишкана өз каалоосу боюнча финансылык инструментти көрсөтүлгөн категорияга ал баштапкы таанылган учурда же болбосо кийин же ал таанылууга тийиш эмес болгон учурда классификациялай алат. Ишкана бул классификацияны ошол эле учурда документ менен тариздей алат.**

### Кредиттик тобокелдикке дуушарланышы мүмкүн болгон, ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификацияланган объекттерди эсепке алуу

6.7.2 Эгерде ишкана өз каалоосу боюнча финансылык инструментти 6.7.1-пунктка ылайык аны баштапкы таанығандан кийин пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификацияласа жана эгерде мурда финансылык инструмент таанылбаган болсо, анда, эгерде бул бар болсо, ушул инструменттин баланстык наркынын жана анын адилет наркынын ортосунда келип чыккан классификациялоо учуруна карата айырма токтоосуз пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш. 4.1.2А-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык активдердин учурунда мурда башка жыйынды кирешенин курамында таанылган, топтолгон пайда же зыян токтоосуз өздүк капиталдын курамынан кайра классификацияланган оңдоп-түзөө (ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) катары пайданын жана зыяндын курамына кайра классификацияланууга тийиш.

6.7.3 Ишкана кредиттик тобокелдиктин пайда болушуна алып келген финансылык инструментти же болбосо анын пропорционалдуу үлүшүн пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоону токтотууга тийиш, эгерде:

(a) 6.7.1-пунктта каралган критерийлердин аткарылышы токтотулса, мисалы:

(i) кредиттик туунду инструментти же аны менен байланышкан, кредиттик тобокелдиктин пайда болушуна алып келген финансылык инструментти сатуу, токтотуу же төлөө болуп өтсө, колдонулушунун мөөнөтү аяктаса; же болбосо

(ii) кредиттик туунду инструменттерди пайдалануу менен бул финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдикти башкаруу мындан ары жүргүзүлбөсө. Мисалы, бул зайым алуучунун же ишкана ага зайым берүүгө милдеттенген адамдын кредитти төлөп берүү жөндөмдүүлүгүн арттыруунун натыйжасында же болбосо ишкананын капиталы жагынан ага коюлуучу талаптардын өзгөрүүсүнүн натыйжасында болуп өтүшү мүмкүн; жана

(b) кредиттик тобокелдиктин пайда болушуна алып келген финансылык инструментти кандайдыр-бир башка себептер боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоо талап кылынбаса (башкача айтканда, бул убакыттын ичинде ишкананын бизнес-модели ага байланыштуу 4.4.1-пунктка ылайык кайра классификациялоо талап кылына турган эч бир өзгөрүүлөргө дуушарланган жок).

6.7.4 Ишкана кредиттик тобокелдиктин пайда болушуна алып келген финансылык инструментти же болбосо пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бул финансылык инструменттин пропорционалдуу үлүшүн танууну токтоткондо, ушул баалоону токтотуу күнүнө карата көрсөтүлгөн финансылык инструменттин адилет наркы жаңы категориядагы анын баланстык нарк болуп калат. Кийин бул финансылык инструмент аны ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян (анын ичинде жаңы категориядагы баланстык нарк менен шартталган амортизация) аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификациялаганга чейин ал бааланган тартипте бааланууга тийиш. Мисалы, адегенде амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу катары классификацияланган финансылык актив кайрадан амортизацияланган нарк боюнча бааланып калды, ал эми ал боюнча натыйжалуу пайыздык ставка пайда же зыян аркылуу адилет

нарк боюнча аны баалоону токтотуу күнүнө карата жаңы категориядагы анын натыйжалуу балanstык наркына таянуу менен кайра эсептелиши керек эле.

## 6.8 Хеджирлөөнү эсепке алуунун өзгөчө талаптарын колдонуудан убактылуу өзгөчө учурлар

6.8.1 Ишкана базалык пайыздык ставкалардын реформасы түздөн-түз козгогон бардык хеджирлөө мамилелерине карата 6.8.4–6.8.12-пункттарды жана 7.1.8 жана 7.2.26(d)-пункттарын колдонууга тийиш. Бул пункттар ушундай хеджирлөө мамилелерине карата гана колдонулат. Базалык пайыздык ставкалардын реформасы, эгерде реформа төмөнкүлөр жагынан айкын эместикти пайда кылса гана, хеджирлөө мамилелерине тикелей таасир этет:

(a) хеджирленүүчү тобокелдик катары белгиленген базалык пайыздык ставка (келишимде же келишимден тышкары көрсөтүлгөн); жана / же

(b) хеджирлөө объекти боюнча же хеджирлөө инструменти боюнча базалык пайыздык ставкалардын негизинде акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөттөрү же суммалары.

6.8.2. 6.8.4–6.8.12-пункттарды колдонуу максаттары үчүн «базалык пайыздык ставканын реформасы» термини пайыздык ставкалардын жалпы рыноктук реформасын, анын ичинде базалык пайыздык ставкаларды альтернативдүү базалык ставкага мисалы, Финансылык стабилдүүлүк боюнча кеңештин 2014-жылдын июлундагы «Негизги базалык пайыздык ставкаларды реформалоо» деген отчетунда баяндалган сунуштамаларга негизделген ставкага алмаштырууну билдирет.[2]

6.8.3 6.8.4–6.8.12-пункттарда ушул пункттарда көрсөтүлгөн талаптардан гана өзгөчө учурлар каралган. Ишкана аларга базалык пайыздык ставкалар реформасы түздөн-түз таасир эткен хеджирлөө мамилелерине карата хеджирлөөнү эсепке алууга башка бардык талаптарды колдонууну улантууга тийиш.

### Акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө үчүн толук ыктымалдуу талап

6.8.4. Болжолдонуп жаткан операция (же анын компоненти) 6.3.3-пункттун талаптарына ылайык толук ыктымалдуу болуп санала тургандыгын же жоктугун аныктоо максаттары үчүн ишкана пайыздык ставканын багыты, ал боюнча хеджирленип жаткан акча каражаттарынын агымдары (келишим боюнча же келишимден тышкары) көрсөтүлгөн) базалык пайыздык ставканын реформасынын натыйжасында өзгөрбөгөнүнө таянууга тийиш.

### Акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинде топтолгон сумманы кайра классификациялоо

6.8.5. Хеджирленүүчү келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келип чыгышы күтүлүп жатканын же жоктугун аныктоо үчүн 6.5.12-пункттун талаптарын колдонуу максатында ишкана пайыздык ставканын багыты, ал боюнча хеджирленип жаткан акча каражаттарынын агымдары (келишим боюнча аныкталган же келишимден тышкары аныкталган) базалык пайыздык ставка реформасынын натыйжасында өзгөрбөгөнүнө таянууга тийиш.

### Хеджирлөө объектинин жана хеджирлөө инструментинин ортосундагы экономикалык өз ара байланышты баалоо

6.8.6 6.4.1(c)(i) жана B6.4.4 – B6.4.6-пункттардын талаптарын колдонуу максатында ишкана пайыздык ставканын багыты, ал боюнча хеджирленип жаткан акча каражаттарынын агымдары жана / же базалык пайыздык ставка (келишимде же келишимден тышкары белгиленген) же хеджирлөө инструментинин акча каражаттарынын агымдары ага негизделген базалык пайыздык ставка базалык пайыздык ставканын реформасынын натыйжасында өзгөрбөгөнүнө таянууга тийиш.

[2] «Негизги базалык пайыздык ставкаларды реформалоо» отчету төмөнкү сайтта жеткиликтүү: http://www.fsb.org/wp-content/uploads/r_140722.pdf.

### Объекттин компонентин хеджирлөө объекти катары дайындоо

6.8.7 Эгерде пайыздык ставканын базалык компонентинин келишиминде айтылбаган хеджирлөө үчүн 6.8.8-пункт колдонула элек болсо, ишкана тобокелдиктин компоненти хеджирлөө мамилелеринин башталышында гана жекече идентификацияланууга тийиш экендиги жөнүндө 6.3.7(a) жана B6.3.8-пункттардын талаптарын колдонууга тийиш.

6.8.8 Ишкана хеджирлөө боюнча өзүнүн документациясына ылайык хеджирлөө мамилелерин көп алып салганда (башкача айтканда, токтоткондо жана кайра ишке киргизгенде), анткени хеджирлөө инструменти да, хеджирлөө объекти да көп алмашылганда (башкача айтканда, ишкана динамикалык процессти колдонот, анда хеджирленип жаткан беренелер да, ушул тобокелдикке кабылууну башкаруу үчүн колдонулуучу хеджирлөө инструменттери да узак убакыт аралыгында өзгөрбөгөн бойдон калат), ишкана тобокелдик компоненти, эгерде ал адегенде ушул хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө объектин аныктаса гана, өзүнчө идентификацияланууучу болуп санала тургандыгы жөнүндө 6.3.7(a) жана B6.3.8-пункттардын талабын колдонууга тийиш. Бул хеджирлөө мамилелерин алгачкы кошуу учурунда бааланган хеджирлөө объекти, хеджирлөө башталган учурга чейин же кийин болбосун, ошол эле хеджирлөө мамилелеринде кийин ар кандай кайра баалоо учурунда кайра бааланбайт.

### Колдонууну аяктоо

6.8.9 Ишкана 6.8.4-пунктту хеджирлөө объектине карата колдонууну перспективдүү түрдө мүмкүн болушунча эрте токтотууга тийиш:

(a) базалык пайыздык ставкаларга негизделген хеджирлөө объекти боюнча акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөттөрү жана суммалары жагынан базалык пайыздык ставкалардын реформасынын натыйжасында келип чыккан айкын эместик мындан ары жок болгондо; жана

(b) хеджирлөө объекти анын бир бөлүгү болуп саналган хеджирлөө мамилелери токтотулганда.

6.8.10 Ишкана 6.8.5-пунктту колдонууну перспективдүү түрдө мүмкүн болушунча эрте токтотууга тийиш:

(a) базалык пайыздык ставкалардын негизинде хеджирлөө объекти боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөттөрү жана суммалары жагынан базалык пайыздык ставкалардын реформасынын натыйжасында келип чыккан айкын эместик мындан ары жок болгондо; жана

(b) ушул токтотулган хеджирлөө мамилелери жагынан акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинде топтолгон бүткүл сумма пайдага же зыянга кайра классификацияланганда.

6.8.11 Ишкана 6.8.6-пунктту төмөнкүлөргө карата колдонууну перспективдүү түрдө токтотууга тийиш:

(a) хеджирлөө объектине карата, мында базалык пайыздык ставкалардын реформасынын натыйжасында келип чыккан айкын эместик хеджирленип жаткан тобокелдик же базалык пайыздык ставкаларга негизделген хеджирлөө объекти боюнча акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөттөрү жана суммалары жагынан мындан ары болбойт; жана

(b) хеджирлөө инструментине карата, мында базалык пайыздык ставкалардын негизинде хеджирлөө инструментинин акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөттөрү жана суммалары жагынан базалык пайыздык ставкалардын реформасынын натыйжасында келип чыккан айкын эместик мындан ары жок.

Эгерде хеджирлөө объекти жана хеджирлөө инструменти анын бир бөлүгү болуп саналган хеджирлөө мамилелери 6.8.11(a)-пунктунда көрсөтүлгөн күндөн же 6.8.11(b)-пунктунда

көрсөтүлгөн күндөн мурда токтотулса, ишкана ушул хеджирлөө мамилелерине карата 6.8.6-пункттун колдонулушун токтотуу күнүнө карата перспективдүү түрдө токтотууга тийиш.

6.8.12 Беренелердин тобун хеджирлөө объекти катары же финансылык инструменттердин комбинациясын хеджирлөө инструменти катары аныктаган учурда ишкана кырдаалга жараша 6.8.9, 6.8.10 же 6.8.11-пункттарга ылайык өзүнчө беренеге же финансылык инструментке карата 6.8.4–6.8.6-пункттардын колдонулушун перспективдүү түрдө токтотууга тийиш, мында базалык пайыздык ставкалардын реформасынын натыйжасында келип чыккан айкын эместик хеджирленип жаткан тобокелдик жана / же базистик пайыздык ставкалардын мөөнөттөрү жана суммалары, ушул берене же финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын агымдары жагынан мындан ары болбойт.

## 7-глава. Күчүнө кирүү күнү жана өткөөл жоболор

## 7.1 Күчүнө кирүү күнү

7.1.1 Ишкана ушул стандартты 2018-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер жагынан колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул стандартты мөөнөтүнөн мурда колдонуу жөнүндө чечим кабыл алса, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө жана ушул стандарттын бардык талаптарын бир учурда колдонууга тийиш (бирок ошондой эле 7.1.2, 7.2.21 жана 7.3.2-пункттарын караңыз). Ошону менен бирге ал ошондой эле С тиркемесинде баяндалган түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш.

7.1.2 7.1.1-пункттун талаптарына карабастан, ишкана 2018-жылдын 1-январынан башталуучу жылдык мезгилдер үчүн ал өз каалоосу боюнча мында ушул стандарттын калган талаптарын колдонбостон, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууч катары классификациялаган финансылык милдеттенмелер боюнча пайдаларды жана зыяндарды көрсөтүү жагынан 5.7.1(c), 5.7.7–5.7.9, 7.2.14 жана B5.7.5–B5.7.20-пункттарда каралган талаптарды гана мөөнөтүнөн мурда колдонуу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Эгерде ишкана көрсөтүлгөн пункттарды гана колдонуу жөнүндө чечим кабыл алса, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө жана *«Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IFRS) 7нин (ФОЭС (IFRS) 9 (2010) тарабынан киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен) 10–11-пункттарынын талаптарына ылайык тиешелүү маалыматты туруктуу негизде ачып көрсөтүүгө тийиш. (Ошондой эле 7.2.2 жана 7.2.15-пункттарды караңыз.)

7.1.3 2013-жылдын декабрында чыгарылган *«ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2010–2012-жж. аралыгы»* документи тарабынан коштоочу түзөтүүлөр катары 4.2.1 жана 5.7.5-пункттарга өзгөртүүлөр киргизилген, алар ФОЭС (IFRS) 3кө карата түзөтүүлөр менен шартталган. Ишкана бизнестерди бириктирүү боюнча бул өзгөртүүлөрдү колдонууга тийиш, аларга ФОЭС (IFRS) 3кө карата түзөтүү жайылтылат.

7.1.4 2014-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 15 тарабынан 3.1.1, 4.2.1, 5.1.1, 5.2.1, 5.7.6, B3.2.13, B5.7.1, C5 жана C42-пункттарга өзгөртүүлөр киргизилген жана C16-пункт жана ага тиешелүү аталыш алып салынган. 5.1.3 жана 5.7.1A-пункттар жана A тиркемесине аныктама кошумчаланган. Ишкана бул өзгөртүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 15ти колдонуу менен бир учурда колдонууга тийиш.

7.1.5 2016-жылдын январында чыгарылган *«Ижар*а» ФОЭС (IFRS) 16 тарабынан 2.1, 5.5.15, B4.3.8, B5.5.34 жана B5.5.46-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 16ны колдонуу менен бир учурда колдонууга тийиш.

7.1.6 *[Бул пункт али күчүнө кире элек түзөтүүлөргө кирет жана ошондуктан бул басылмага киргизилген жок.]*

7.1.7 2017-жылдын октябрында чыгарылган *«Терс компенсациясы бар мөөнөтүнөн мурда төлөө шарттары»* (ФОЭС (IFRS) 9га түзөтүүлөр) 7.2.29–7.2.34 жана B4.1.12A-пункттарды кошумчалады жана B4.1.11(b) жана B4.1.12(b)-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2018-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер

үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана бул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгил үчүн колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

7.1.8 ФОЭС (IFRS) 9га, ФОЭС (IAS) 39га жана ФОЭС (IFRS) 7ге өзгөртүүлөрдү киргизген, 2019-жылдын сентябрында чыгарылган *«Базалык пайыздык ставканын реформасы»* 6.8-бөлүмдү кошумчалары жана 7.2.26-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2020-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана бул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгил үчүн колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

## 7.2 Өткөөл жоболор

7.2.1 7.2.4–7.2.26 жана 7.2.28-пункттарда көрсөтүлгөн кырдаалдарды кошпогондо, ишкана ушул стандартты *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ретроспективдүү колдонууга тийиш. Ушул стандарт алгачкы колдонуу күнүнө карата таануу токтотулган объекттерге карата колдонулбайт.

7.2.2 7.2.1, 7.2.3–7.2.28 жана 7.3.2-пункттарда баяндалган өткөөл жоболорду колдонуу максаттары үчүн ишкана ушул стандарттын көрсөтүлгөн талаптарын алгачкы колдонгон күн алгачкы колдонуу күнү болуп саналат жана ушул стандарт чыгарылгандан кийин келген отчеттук мезгил башталган күн болууга тийиш. Ишкана тандаган ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу стратегиясына жараша өтүү ар түрдүү талаптар жагынан алгачкы колдонуунун бир же бир нече күндөрү менен байланышкан болушу мүмкүн.

### Классификациялоо жана баалоо жагынан өткөөл жоболор (4 жана 5-главалар)

7.2.3 Алгачкы колдонуу күнүнө карата абал боюнча ишкана ушул күнгө карата болгон фактыларга жана жагдайларга таянып, финансылык актив 4.1.2(а) же 4.1.2А(а)-пунктунда баяндалган шартка жооп берерин же жоктугун баалоого тийиш. Баалоонун натыйжасында аныкталган классификация ишкана өткөн отчеттук мезгилдерде ар кандай бизнес-моделди колдонгонуна карабастан ретроспективдүү колдонулууга тийиш.

7.2.4 Эгерде ишкана алгачкы колдонуу күнүнө карата абал боюнча В4.1.9В– В4.1.9D-пункттарына ылайык акчалардын убакыт ичиндеги наркынын модификацияланган элементин тиешелүү финансылык активди баштапкы таануу учуруна карата болгон фактылардын жана жагдайлардын негизинде баалоо практикада мүмкүн эмес (бул түшүнүк ФОЭС (IAS) 8де аныкталгандай) деп эсептесе, ишкана акчалардын убакыт ичиндеги наркынын модификацияланган элементине тиешелүү В4.1.9В–В4.1.9D- пункттарынын талаптарын эске алып, финансылык активди баштапкы таануу учуруна карата болгон фактыларга жана жагдайларга таянып, бул финансылык актив боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрүн баалоого тийиш. (Ошондой эле ФОЭС (IFRS) 7нин 42R-пунктун караңыз.)

7.2.5 Эгерде ишкана алгачкы колдонуу күнүнө карата абал боюнча тиешелүү финансылык активди баштапкы таануу учуруна карата болгон фактылардын жана жагдайлардын негизинде мөөнөтүнөн мурда төлөө жөнүндө шарттын адилет наркы В4.1.12(с)- пунктуна ылайык болор-болбос болуп саналганын же жоктугун баалоо практикада мүмкүн эмес (бул түшүнүк ФОЭС (IAS) 8де аныкталгандай) деп эсептесе, ишкана мөөнөтүнөн мурда төлөө жагынан В4.1.12-пунктта каралган өзгөчө учурду эске албастан, тиешелүү финансылык активди баштапкы таануу учуруна карата болгон фактыларга жана жагдайларга таянып, бул финансылык актив боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрүн баалоого тийиш. (Ошондой эле ФОЭС (IFRS) 7нин 42S-пунктун караңыз.)

7.2.6 Эгерде ишкана адилет нарк жөнүндө гибриддик келишимди 4.1.2А, 4.1.4 же 4.1.5-пунктка ылайык бааласа, бирок бул гибриддик келишимдин адилет наркы салыштырма отчеттук мезгилдерде бааланбаган болсо, анда салыштырмалуу отчеттук мезгилдердеги бул гибриддик келишимдин адилет наркы катары, эгерде ишкана өткөн мезгилдер үчүн маалыматты кайра эсептеген болсо, анын компоненттеринин (башкача айтканда, туунду эмес негизги келишимдин

жана камтылган туунду келишимдин) адилет наркынын көлөмүнүн суммасын ар бир салыштырма отчеттук мезгил аяктаган күнгө карата кабыл алуу керек (7.2.15-пунктту караңыз).

7.2.7 Эгерде ишкана 7.2.6-пунктту колдонсо, анда алгачкы колдонуу күнүнө карата абал боюнча ишкана алгачкы колдонуу күнүнө карата бүткүл гибриддик келишимдин адилет наркынын жана алгачкы колдонуу күнүнө карата ушул гибриддик келишимдин компоненттеринин адилет наркынын көлөмүнүн суммасынын ортосундагы айырманы алгачкы колдонуу күнүн камтыган жылдык отчеттук мезгилдин бөлүштүрүлбөгөн пайдасынын (же кырдаалга жараша өздүк капиталдын башка компонентинин) кирүү сальдосунун курамында таанууга тийиш.

7.2.8 Алгачкы колдонуу күнүнө карата абал боюнча ишкана өз каалоосу боюнча төмөнкүлөрдү классификациялоого укуктуу:

(a) 4.1.5-пунктка ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары финансылык активди; же

(b) 5.7.5-пунктка ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары үлүштүк инструменттеги инвестицияны.

Классификациялоо жөнүндө мындай чечим алгачкы колдонуу күнүнө карата болгон фактылардын жана жагдайлардын негизинде кабыл алынууга тийиш. Тандалган классификация ретроспективдүү колдонулууга тийиш.

7.2.9 Алгачкы колдонуу күнүнө карата абал боюнча ишкана:

(a) эгерде бул финансылык актив 4.1.5-пунктта каралган шартка жооп бербесе, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары финансылык активди классификациялоо жөнүндө өзүнүн мурдагы чечимин жокко чыгарууга тийиш;

(b) эгерде бул финансылык актив 4.1.5-пунктта каралган шартка жооп берсе, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары финансылык активди классификациялоо жөнүндө өзүнүн мурдагы чечимин жокко чыгарууга укуктуу.

Жокко чыгаруу жөнүндө мындай чечим алгачкы колдонуу күнүнө карата болгон фактылардын жана жагдайлардын негизинде кабыл алынууга тийиш. Тандалган классификация ретроспективдүү колдонулууга тийиш.

7.2.10 Алгачкы колдонуу күнүнө карата абал боюнча ишкана:

(a) өз каалоосу боюнча 4.2.2(a)-пунктуна ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары финансылык милдеттенмени классификациялоого укуктуу;

(b) эгерде мындай чечим баштапкы таануу учурунда эми 4.2.2(a)-пунктунда баяндалган шартка ылайык кабыл алынган болсо жана мындай классификация алгачкы колдонуу күнүнө карата көрсөтүлгөн шартка жооп бербесе, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары финансылык милдеттенмени классификациялоо жөнүндө мурдагы чечимди жокко чыгарууга тийиш;

(c) эгерде мындай чечим баштапкы таануу учурунда эми 4.2.2(a)-пунктунда баяндалган шартка ылайык кабыл алынган болсо жана мындай классификация алгачкы колдонуу күнүнө карата көрсөтүлгөн шартка жооп берсе, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары финансылык милдеттенмени классификациялоо жөнүндө өзүнүн мурдагы чечимин жокко чыгарууга укуктуу.

Классификациялоо жөнүндө жана классификациялоону жокко чыгаруу жөнүндө мындай чечимдер алгачкы колдонуу күнүнө карата болгон фактылардын жана жагдайлардын негизинде кабыл алынууга тийиш. Тандалган классификация ретроспективдүү колдонулууга тийиш.

© ФОЭС Фонду

7.2.11 Эгерде натыйжалуу пайыздык ставка методун ретроспективдүү колдонуу ишкана үчүн иш жүзүндө ишке ашырууга мүмкүн болбосо (бул түшүнүк ФОЭС (IAS) 8де аныкталгандай), анда ишкана төмөнкүлөрдү кабыл алууга тийиш:

(a) эгерде ишкана өткөн мезгилдер үчүн маалыматты кайра эсептеп жатса, ар бир көрсөтүлгөн салыштырмалуу мезгил аяктаган күнгө карата аныкталган тиешелүү финансылык активдин же финансылык милдеттенменин адилет наркын ушул финансылык активдин дүң балanstык наркы же ушул финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркы катары;

(b) алгачкы колдонуу күнүнө карата аныкталган тиешелүү финансылык активдин же финансылык милдеттенменин адилет наркын ушул стандартты алгачкы колдонуу күнүнө карата жаңы категорияда ушул финансылык активдин дүң баланстык наркы же ушул финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркы катары.

7.2.12 Эгерде ал үчүн активдүү рынокто окшош инструментке (башкача айтканда, 1-деңгээлдин баштапкы маалыматтары) (же актив болуп саналган, ушундай үлүштүк инструмент менен байланышкан жана ушундай үлүштүк инструментти берүү аркылуу жөнгө салынууга тийиш болгон туунду инструмент) баа котировкасы жок болгон үлүштүк инструментке инвестицияны ишкана мурда баштапкы наркы боюнча эсепке алып жүргөн болсо (ФОЭС (IAS) 39га ылайык), анда алгачкы колдонуу күнүнө карата ал көрсөтүлгөн инструментти адилет наркы боюнча баалоого тийиш. Анын мурдагы баланстык наркынын жана адилет наркынын ортосундагы айырма алгачкы колдонуу күнүн камтыган жылдык отчеттук мезгилдин бөлүштүрүлбөгөн пайдасынын (же кырдаалга жараша өздүк капиталдын башка компонентинин) кириш сальдосунун курамында таанылууга тийиш.

7.2.13 Эгерде ал үчүн активдүү рынокто окшош инструментке (башкача айтканда, 1-деңгээлдин баштапкы маалыматтары) жок болгон үлүштүк инструмент менен байланышкан жана ушундай үлүштүк инструментти берүү аркылуу жөнгө салынууга тийиш болгон туунду инструмент боюнча милдеттенмени ишкана мурда ФОЭС (IAS) 39га ылайык баштапкы наркы боюнча эсепке алып жүргөн болсо, анда алгачкы колдонуу күнүнө карата ал туунду инструмент боюнча көрсөтүлгөн милдеттенмени адилет нарк боюнча баалоого тийиш. Анын мурдагы баланстык наркынын жана адилет наркынын ортосундагы айырма алгачкы колдонуу күнүн камтыган жылдык отчеттук мезгилдин бөлүштүрүлбөгөн пайдасынын кирүү сальдосунун курамында таанылууга тийиш.

7.2.14 Алгачкы колдонуу күнүнө карата абал боюнча ишкана ушул күнгө карата болгон фактыларга жана жагдайларга таянып, 5.7.7-пунктта сыпатталган эсепке алуу тартиби эсептик шайкеш эместиктин натыйжаларынын пайдага же зыянга таасиринин келип чыгышына же көбөйүшүнө алып келээрин же жоктугун аныктоого тийиш. Ушул стандарт ушул баалоонун натыйжаларынын негизинде ретроспективдүү колдонулууга тийиш.

7.2.14A Алгачкы колдонуу күнүнө карата ишканага өз каалоосу боюнча 2.5-пунктта каралган, бул күнгө карата болгон келишимдерди классификациялоого, бирок мындай классификациялоо бардык ушундай келишимдер үчүн жүргүзүлгөн учурда гана уруксат берилет. Ушундай классификациялоо менен байланышкан таза активдердеги өзгөртүү алгачкы колдонуу күнүнө карата бөлүштүрүлбөгөн пайданын курамында таанылууга тийиш.

7.2.15 7.2.1-пункттун талаптарына карабастан, классификациялоо жана баалоо жагынан ушул стандарттын талаптарын (алар финансылык активдерди амортизацияланган нарк боюнча баалоо принциптерине жана нарктын түшүшүнө тиешелүү 5.4 жана 5.5-бөлүмдөрдүн талаптарын камтыйт) колдоно баштаган ишкана ФОЭС (IFRS) 7нин 42L–42O-пункттарында талап кылынган маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш болот, бирок өткөн мезгилдер үчүн маалыматы кайра эсептөөгө милдеттүү болбойт. Ишкана өткөн мезгилдер үчүн маалыматты кайра эсептөөнү, эгерде мындай кайра эсептөө алда канча кийинки маалыматты пайдаланбастан мүмкүн болсо жана ошондой учурда гана, жүргүзө алат. Эгерде ишкана өткөн мезгилдер үчүн маалыматты кайра эсептөөнү жүргүзбөсө, ал инструменттин мурдагы баланстык наркынын жана алгачкы колдонуу күнүн өзүнө камтыган жылдык отчеттук мезгилдин башталышына карата анын

балансттык наркынын ортосундагы айырманы алгачкы колдонуу күнүн камтыган жылдык отчеттук мезгилдин бөлүштүрүлбөгөн пайдасынын (же кырдаалга жараша өздүк капиталдын башка компонентинин) кириш сальдосунун курамында таанууга тийиш. Бирок, эгерде ишкана өткөн мезгилдер үчүн маалыматты кайра эсептесе, анда кайра эсептелген финансылык отчеттуулук ушул стандарттын бардык талаптарын чагылдырууга тийиш. Эгерде ишкана тандаган ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу стратегиясы ар түрдүү талаптар жагынан алгачкы колдонуунун ар башка күндөрү колдонулушуна алып келсе, бул пункт алгачкы колдонуунун ар бир күнүнө карата колдонулат (7.2.2-пунктту караңыз). Мындай кырдаал, мисалы, эгерде 7.1.2-пунктка ылайык ишкана өз каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификациялаган финансылык милдеттенмелер боюнча пайдаларды жана зыяндарды көрсөтүү жагынан талаптарды гана мөөнөтүнөн мурда колдонууну, ал эми ушул стандарттын калган талаптарын кийин колдонууну чечсе, мүмкүн.

7.2.16 Эгерде ишкана *«Аралык финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IAS) 34кө ылайык аралык финансылык отчетторду түзсө, анда ишкана, эгерде муну практикада колдонуу мүмкүн эмес болсо (бул түшүнүк ФОЭС (IAS) 8де аныкталгандай), ушул стандарттын талаптарын алгачкы колдонуу күнүнөн мурдагы аралык мезгилдерге карата колдонууга милдеттүү эмес.

## Нарктын түшүүсү (5.5-бөлүм)

7.2.17 Ишкана нарктын түшүүсүнө тиешелүү 5.5-бөлүмдүн талаптарын 7.2.15 жана 7.2.18–7.2.20-пункттарда каралган жоболорду эске алуу менен ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ретроспективдүү колдонууга тийиш.

7.2.18 Алгачкы колдонуу күнүнө карата ишкана финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдикти баштапкы таануу күнүнө карата (же – зайымдарды берүү жана финансылык кепилдик келишимдери боюнча милдеттенмелер жагынан – ишкана өзүнө тиешелүү милдеттенмени, кийин аны 5.5.6-пунктка ылайык жокко чыгаруу укугу болбостон, кабыл алган тарап болуп калган күнгө карата) аны аныктоо жана аны ушул стандартты алгачкы колдонуу күнүнө карата кредиттик тобокелдик менен салыштыруу үчүн ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болгон негизделген жана ырасталууучу маалыматты пайдаланууга тийиш.

7.2.19 Финансылык инструментти баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдиктин кыйла жогорулашы орун алгандыгы же жоктугу жөнүндө маселени чечүүдө ишкана төмөнкүлөрдү колдоно алат:

(a) 5.5.10 жана B5.5.22–B5.5.24-пункттарда каралган талаптарды; жана

(b) эгерде нарктын түшүүсүнө тиешелүү талаптарды ишкана ушул финансылык инструменттерге карата кредиттик тобокелдиктин кыйла жогорулашын табуу аркылуу төлөмдөрдүн мөөнөтүнүн өтүшү жөнүндө маалыматтын негизинде аларды баштапкы таануу учурунан тартып колдонсо, 30 күндөн ашыкка мөөнөтү өтүп кеткен келишим боюнча төлөмдөр жагынан 5.5.11-пунктта каралган төгүндөлүүчү божомолду.

7.2.20 Эгерде финансылык инструментти баштапкы таануу күнүнөн тартып кредиттик тобокелдиктин кыйла жогорулашы орун алганын же жоктугун алгачкы колдонуу күнүнө карата аныктоо үчүн ашкере чыгымдар же аракеттер талап кылына турган болсо, ишкана бул финансылык инструментти таанууну токтотуу учуруна чейин ар бир отчеттук күнгө карата абал боюнча көлөмү бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарга барабар болгон зыянга каралган баалоо резервин таанууга тийиш (буга отчеттук күнгө карата абал боюнча ушундай финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик төмөн болгон учурлар кирбейт жана бул учурда 7.2.19(a)-пункту колдонулат).

## Хеджирлөөнү эсепке алуу жагынан өткөөл жоболор (6-глава)

7.2.21 Ушул стандартты алгачкы колдонууда ишкана өзүнүн эсеп саясаты жагынан ушул стандарттын 6-главасынын талаптарынын ордуна хеджирлөөнү эсепке алуу бөлүгүндө ФОЭС (IAS) 39дун

талаптарын колдонууну улантууну тандоого укуктуу. Ишкана өзүндө болгон бардык хеджирлөө мамилелери жагынан көрсөтүлгөн эсеп саясатын колдонууга тийиш. Ушул эсеп саясатын тандаган ишкана ошондой эле «Чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестицияларды хеджирлөө» ЭФОТК (IFRIC) 16нын түшүндүрмөсүн анын талаптарын ушул стандарттын 6-главасынын талаптарына ылайык келтире турган ага карата түзөтүүлөрдү эске албастан колдонууга тийиш.

7.2.22 7.2.26-пунктта каралган учурларды кошпогондо, ишкана хеджирлөөнү перспективдүү эсепке алуу жагынан ушул стандарттын талаптарын колдонууга тийиш.

7.2.23 Хеджирлөөнү эсепке алууну ушул стандарттын хеджирлөөнү эсепке алуу жагындагы талаптарын алгачкы колдонуу күнүнөн тартып колдонуу мүмкүн болушу үчүн ушул күнгө карата абал боюнча бардык квалификациялык критерийлер канааттандырылышы зарыл.

7.2.24 Аларга карата ФОЭС (IAS) 39га ылайык хеджирлөөнү эсепке алуу колдонулган жана хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу (6.4.1-пунктту караңыз) үчүн ушул стандарттын квалификациялык талаптарына жооп берген хеджирлөө мамилелери өтүү учурунда (7.2.25(b)-пунктту караңыз) тиешелүү хеджирлөө мамилелерин ыктымалдуу кайра балансТоого түзөтүүсү менен улантылып жаткан хеджирлөө мамилелери деп эсептөө керек.

7.2.25 Хеджирлөөнү эсепке алуу жагынан ушул стандарттын талаптарын алгачкы колдонуу учурунда ишкана:

(a) ал хеджирлөөнү эсепке алуу жагынан ФОЭС (IAS) 39дун талаптарын колдонууну токтоткон учурдан тартып көрсөтүлгөн талаптарды колдонууну баштай алат; жана

(b) эгерде колдонууга мүмкүн болсо, ФОЭС (IAS) 39га ылайык улантылып жаткан хеджирлөө мамилелерин хеджирлөө коэффициентин кайра балансТоо үчүн баштапкы нокот катары аныкталган хеджирлөө коэффициентин кароого тийиш. Ушундай кайра балансТоодон пайданын же зыяндын чоңдугу пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш.

7.2.26 Хеджирлөөнү эсепке алуу жагынан ушул стандарттын талаптарын перспективдүү колдонуу эрежесинен өзгөчө учур катары ишкана:

(a) эгерде ФОЭС (IAS) 39га ылайык ишкана өз каалоосу боюнча кандайдыр-бир хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө инструменти катары опциондун ички наркынын гана өзгөрүшүн аныктаса, 6.5.15-пунктта каралган опциондордун убакыт ичиндеги наркын эсепке алуу тартибин ретроспективдүү колдонууга тийиш. Ушундай ретроспективдүү колдонуу эң эрте салыштырмалуу мезгилдин башталышына карата абал боюнча бар болгон же болбосо ишкананын каалоосу боюнча ушул күндөн кийин аныкталган хеджирлөө мамилелери үчүн гана каралган;

(b) эгерде ФОЭС (IAS) 39га ылайык ишкана өз каалоосу боюнча хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө инструменти катары форварддык келишимдин спот-элементинин гана өзгөрүүсүн аныктаса, 6.5.16-пунктта каралган форварддык келишимдердин форварддык элементин эсепке алуу тартибин ретроспективдүү колдонууга укуктуу. Ушундай ретроспективдүү колдонуу эң эрте салыштырмалуу мезгилдин башталышына карата абал боюнча бар болгон же болбосо ишкананын каалоосу боюнча ушул күндөн кийин аныкталган хеджирлөө мамилелери үчүн гана каралган. Мындан тышкары, эгерде ишкана ушул эсепке алуу тартибин ретроспективдүү колдонууну тандаса, ал ушул тандоо үчүн критерийлерге жооп берген бардык хеджирлөө мамилелерине карата колдонулууга тийиш (башкача айтканда, жаңы эсепке алуу тартибине өткөн учурда ишкана ушул тандоону ар бир хеджирлөө мамилелери үчүн өзүнчө жасай албайт). Валюталык базистик спрэддер үчүн каралган эсепке алуу тартиби (6.5.16-пунктту караңыз) эң эрте салыштырмалуу мезгилдин башталышына карата абал боюнча бар болгон же болбосо ишкананын каалоосу боюнча ушул күндөн кийин аныкталган хеджирлөө мамилелерине карата ретроспективдүү колдонулушу мүмкүн.

(c) эгерде төмөнкүдөй болсо, хеджирлөө инструментин мөөнөтү өттү же токтотулду деп эсептөөгө болбой тургандыгы жөнүндө 6.5.6-пункттун талабын ретроспективдүү колдонууга тийиш:

(i) мыйзамдардын же ченемдик укуктук актылардын колдонулушунан же болбосо киргизилишинен улам хеджирлөө инструментинин тараптары бир же бир нече клирингдик контрагент алардын алгачкы контрагентин алмаштырат жана тараптардын ар бири үчүн жаңы контрагент болуп калат деп макулдашса; жана

(ii) хеджирлөө инструментине тиешелүү башка өзгөртүүлөр, эгерде алар орун алса, контрагентти ушундай алмаштырууну жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгондор менен гана чектелсе.

(d) 6.8-бөлүмдүн талаптарын ретроспективдүү колдонууга тийиш. Бул ретроспективдүү колдонуу ишкана ушул талаптарды биринчи жолу колдонгон учурдагы отчеттук мезгилдин башталышына карата болгон хеджирлөө мамилелерине карата, ошондой эле акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинде топтолгон, ишкана бул талаптарды биринчи жолу колдонгон отчеттук мезгилдин башталышына карата болгон суммага карата гана ретроспективдүү колдонулат.

**ФОЭС (IFRS) 9ду (2009), ФОЭС (IFRS) 9ду (2010) же ФОЭС (IFRS) 9ду (2013) мөөнөтүнөн мурда колдоно баштаган ишканалар**

7.2.27 Ишкана 7.2.1–7.2.26-пункттарда каралган өткөөл жоболорду алгачкы колдонуунун тиешелүү күнүнө карата колдонууга тийиш. Ишкана 7.2.3–7.2.14A жана 7.2.17–7.2.26-пункттарда баяндалган өткөөл жоболордун ар бирин бир жолу гана колдонууга тийиш (башкача айтканда, эгерде ишкана алгачкы колдонуунун бирден ашык күнүн болжолдогон ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу ыкмасын тандаса, анда ал алда канча эрте күнгө карата колдонулган болсо, ушул жоболордун кандайдыр-бирин кайталап колдоно алат). (7.2.2 жана 7.3.2-пункттарды караңыз.)

7.2.28 ФОЭС (IFRS) 9ду (2009), ФОЭС (IFRS) 9ду (2010) же ФОЭС (IFRS) 9ду (2013) колдонгон жана кийин ушул стандартты колдонуп жаткан ишкана:

(a) эгерде төмөнкүдөй чечим 4.1.5-пунктта каралган шартка ылайык мурда кабыл алынган болсо, бирок ушул стандартты колдонуунун натыйжасында бул шарт мындан ары аткарылбай жатса, финансылык активди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялоо жөнүндө өзүнүн мурдагы чечимин жокко чыгарууга тийиш;

(b) эгерде мындай классификация мурда 4.1.5-пунктта каралган шартка жооп бербеген болсо, бирок эми бул шарт ушул стандартты колдонуудан улам аткарылып жатса, өз каалоосу боюнча финансылык активди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялай алат;

(c) эгерде мындай чечим 4.2.2(а)-пунктунда каралган шартка ылайык мурда кабыл алынган болсо, бирок ушул стандартты колдонуудан улам бул шарт мындан ары аткарылбай жатса, финансылык милдеттенмени пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялоо жөнүндө өзүнүн мурдагы чечимин жокко чыгарууга тийиш;

(d) эгерде мындай классификация мурда 4.2.2(а)-пунктунда каралган шартка жооп бербеген болсо, бирок эми бул шарт ушул стандартты колдонуудан улам аткарылып жатса, өз каалоосу боюнча финансылык милдеттенмени пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялай алат.

Классификациялоо жөнүндө жана классификациялоону жокко чыгаруу жөнүндө мындай чечимдер ушул стандартты алгачкы колдонуу күнүнө карата болгон фактылардын жана жагдайлардын негизинде кабыл алынууга тийиш. Тандалган классификация ретроспективдүү колдонулууга тийиш.

## Терс компенсациясы бар алдын ала төлөө функцияларына өтүү

7.2.29 Ишкана, 7.2.30–7.2.34-пункттарда көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, Т*ерс компенсациясы бар алдын ала төлөө функцияларын* (ФОЭС (IFRS) 9га карата түзөтүүлөр) ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ретроспективдүү колдонууга тийиш.

7.2.30 Бул түзөтүүлөрдү ушул стандартты биринчи жолу колдонуу менен бир учурда колдонуп жаткан ишкана 7.2.31–7.2.34-пункттардын ордуна 7.2.1–7.2.28-пункттарды колдонууга тийиш.

7.2.31 Бул түзөтүүлөрдү ушул стандартты алгачкы колдонгондон кийин алгачкы колдонуп жаткан ишкана 7.2.32–7.2.34-пункттарды колдонууга тийиш. Ишкана ошондой эле башка түзөтүүлөрдү колдонуу үчүн зарыл болгон ушул стандарттын башка өткөөл талаптарын колдонууга тийиш. Бул максат үчүн алгачкы колдонуу күнүнө шилтемелер ишкана бул түзөтүүлөрдү алгачкы колдонгон отчеттук мезгилдин башталышына (бул түзөтүүлөрдү алгачкы колдонуу күнү) таандык катары түшүнүлүүгө тийиш.

7.2.32 Пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары финансылык активди же финансылык милдеттенмени классификациялоо жагынан ишкана:

(a) эгерде мындай аныктоо мурда 4.1.5-пункттун шарттарына ылайык жасалган болсо, бирок бул шарт ушул түзөтүүлөрдү колдонуунун натыйжасында мындан ары аткарылбаса, финансылык активди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары аныктоого өзүнүн мурдагы аныктоосун жокко чыгарууга тийиш;

(b) эгерде мындай аныктоо мурда 4.1.5-пункттун шарттарын канааттандырбаган болсо, бирок эми бул шарт ушул түзөтүүлөрдү колдонуунун натыйжасында аткарылып жатса, финансылык активди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары аныктай алат;

(c) эгерде мындай аныктоо мурда 4.2.2(а)-пункттун шарттарына ылайык жасалган болсо, бирок бул шарт ушул түзөтүүлөрдү колдонуунун натыйжасында мындан ары аткарылбаса, финансылык милдеттенмени пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары аныктоого өзүнүн мурдагы аныктоосун жокко чыгарууга тийиш; жана

(d) эгерде мындай аныктоо мурда 4.2.2(а)-пункттун шартын канааттандырбаган болсо, бирок эми бул шарт ушул түзөтүүлөрдү колдонуунун натыйжасында аткарылып жатса, финансылык милдеттенмени пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификациялай алат.

Ушундай дайындоо жана кайра чакыртып алуу ушул түзөтүүлөрдү баштапкы таануу күнүнө карата болгон фактылардын жана жагдайлардын негизинде жасалууга тийиш. Бул классификация ретроспективдүү колдонулат.

7.2.33 Ишкана ушул түзөтүүлөрдү колдонууну чагылдыруу үчүн мурдагы мезгилдерди кайра эсептеп чыгууга милдеттүү эмес. Эгерде бул ретроспективдүү талдоону пайдаланбастан мүмкүн болсо жана кайра эсептелип чыккан финансылык отчеттуулук ушул стандарттын бардык талаптарын чагылдырса гана, ишкана мурдагы мезгилдерди кайра эсептеп чыга алат. Эгерде ишкана мурдагы мезгилдерди кайра эсептесе, ал мурдагы баланстык нарктын жана бул түзөтүүлөрдү алгачкы колдонуу күнүн камтыган жылдык отчеттук мезгилдин башталышына карата баланстык нарктын ортосундагы ар кандай айырманы бул түзөтүүлөрдү алгачкы колдонуу күнүн камтыган жылдык отчеттук мезгилдин башталышына карата бөлүштүрүлбөгөн пайданын (же жагдайларга жараша капиталдын башка компонентин) курамында таанууга тийиш.

7.2.34 Бул түзөтүүлөрдү алгачкы колдонуу күнүн камтыган отчеттук мезгилде ишкана бул түзөтүүлөр таасир эткен финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин ар бир классы үчүн төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) түздөн-түз бул түзөтүүлөрдү колдонуунун алдында аныкталган баалоонун мурдагы категориясын жана баланстык наркты;

(b) бул түзөтүүлөрдү колдонгондон кийин аныкталган баалоонун мурдагы категориясын жана балaнстык наркты;

(c) мурда пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланган катары аныкталган, бирок мындан ары ушундай түрдө белгиленбеген ар кандай финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин баланстык наркын; жана

(d) пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди классификациялоо жана классификациясын жокко чыгаруу үчүн себептерди.

## 7.3 ЭФОТК (IFRIC) 9 Түшүндүрмөсүнүн, ФОЭС (IFRS) 9дун (2009), ФОЭС (IFRS) 9дун (2010) же ФОЭС (IFRS) 9дун (2013) колдонулушун токтотуу

7.3.1 Ушул стандарт 2010-жылдын октябрында ФОЭС (IFRS) 9га кошумчаланган, ЭФОТК (IFRIC) 9 Түшүндүрмөсүнүн 5 жана 7-пункттарында мурда баяндалган талаптарды өзүнө камтыган *«Камтылган туунду инструменттерди кайрадан талдоо»* ЭФОТК (IFRIC) 9 Түшүндүрмөсүн алмаштырат. Натыйжада, *«Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын алгачкы колдонуу»* ФОЭС (IFRS) 1ге мурда ЭФОТК (IFRIC) 9 Түшүндүрмөсүнүн 8-пунктунда баяндалган талаптарды киргизүү үчүн түзөтүү киргизилген болчу.

7.3.2 Ушул стандарт ФОЭС (IFRS) 9ду (2009), ФОЭС (IFRS) 9ду (2010) же ФОЭС (IFRS) 9ду (2013) алмаштырат. Бирок, 2018-жылдын 1-январынан мурда башталуучу жылдык мезгилдер жагынан ишкана ушул стандартты колдонуунун ордуна ФОЭС (IFRS) 9дун көрсөтүлгөн мурдагы версияларын колдонуу жөнүндө чечимди кабыл алууга, бирок тиешелүү версияны алгачкы колдонуу күнү 2015-жылдын 1-февралына чейин болгон учурда гана, укуктуу.

© ФОЭС Фонду

# А тиркемеси

## Терминдердин аныктамалары

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

| | |
|---|---|
| **12 айлык күтүлгөн кредиттик чыгымдар** | Отчеттук күндөн кийин 12 айдын ичинде ыктымалдуу болгон финансылык инструмент боюнча дефолттордун натыйжасында келип чыккан **күтүлгөн кредиттик чыгымдарды** билдирген **бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдардын** бир бөлүгү. |
| **Финансылык активдин же финансылык милдеттенмени н амортизацияланган наркы** | Баштапкы таануу учурунда финансылык актив же финансылык милдеттенме бааланган сумма, минус карыздын негизги суммасынын эсебине төлөмдөр, плюс же минус натыйжалуу **пайыздык ставка методун** пайдалануу менен эсептелген, топтолгон амортизациянын көлөмү, – көрсөтүлгөн алгачкы сумманын жана төлөө мөөнөтү келгенде төлөнүүчү жана **зыянга каралган баалоо резервин** эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн финансылык активдерге карата колдонулуучу сумманын ортосундагы айырмалар. |
| **Келишим боюнча активдер** | «*Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше*» ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык нарктын түшүшүнөн пайдаларды же зыяндарды таануу жана баалоо максаттары үчүн ушул стандартка ылайык эсепке алынуучу укуктар. |
| **Кредиттик-наркы түшкөн финансылык актив** | Финансылык актив боюнча келечектеги эсептик акча каражаттарынын агымына терс таасир эткен бир же бир нече окуялар болуп өткөндө, бул финансылык актив кредиттик-наркы түшкөн деп эсептелет. Финансылык активдин кредиттик-наркы түшүшүнүн ырастоосу болуп, атап айтканда, төмөнкүдөй окуялар жөнүндө байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтар саналат:<br><br>(a) эмитенттин же зайым алуучунун кыйла финансылык оорчулуктары;<br><br>(b) дефолт же төлөм **мөөнөтүнүн өтүп кетиши** сыяктуу келишимдин шарттарын бузуу;<br><br>(c) бул зайым алуучунун финансылык оорчулуктары менен байланышкан экономикалык себептерден же келишимдик шарттардан улам кредитор (кредиторлор) өзүнүн зайым алуучусуна берген жана кредитор (кредиторлор) башка учурда бербей турган бааны төмөндөтүүлөр;<br><br>(d) зайым алуучунун банкроттугунун же башка финансылык өзгөртүп түзүлүшүнүн ыктымалдуулугу пайда болгон;<br><br>(e) финансылык оорчулуктардын натыйжасында бул финансылык актив үчүн активдүүрыноктун жок болуп кетиши; же<br><br>(f) чоң арзандатуусу бар финансылык активди сатып алууда же түзүүдө, ал тарткан **кредиттик чыгымдарды** чагылдырат. |

Айрым учурларда бир өзүнчө окуяны идентификациялоо мүмкүн эмес – финансылык активдин кредиттик наркы түшүшүн пайда кылган себеп бир нече окуялардын жалпы натыйжасы болушу мүмкүн.

**Кредиттик чыгым**

Келишимге ылайык ишканага таандык болгон, келишимде каралган бардык акча каражаттарынын агымынын жана ишкана алууну күтүп жаткан (башкача айтканда, акча каражаттарын кем алуунун бардык суммалары) алгачкы **натыйжалуу пайыздык ставка** боюнча дисконтирленген (**же кредиттик тобокелдикти эске алуу менен натыйжалуу пайыздык ставка боюнча сатып алынган же түзүлгөн кредиттик-наркы түшкөн финансылык активге** карата) бардык акча каражаттарынын агымынын ортосундагы айырма. Ишкана ушул финансылык активдин колдонулушунун бүткүл күтүлгөн мөөнөтүнүн аралыгында финансылык инструменттин (мисалы, мөөнөтүнөн мурда төлөөгө опциондун, узартууга опциондун, колл-опциондун жана ушундай опциондордун) бардык келишимдик шарттарын эске алуу менен акча каражаттарынын агымынын болжолдонгон чоңдугун баалоого тийиш. Каралып жаткан акча каражаттарынын агымы кармалып калган камсыз кылууну сатуудан же келишимдик шарттардын ажыралгыс бөлүгү болуп саналган кредиттик сапатты жогорулатуунун башка механизмдеринен акча каражаттарынын агымын камтууга тийиш. Финансылык инструменттин колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтү ишенимдүү бааланышы мүмкүн деп болжолдонууда. Бирок финансылык инструменттин колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтү ишенимдүү баалоо мүмкүн болбогон сейрек учурларда ишкана финансылык инструменттин колдонулушунун калган келишимдик мөөнөтүнө багыт алууга тийиш.

**Кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн натыйжалуу пайыздык ставка**

Финансылык активдин колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн ичинде келечектеги эсептик акча төлөмдөрүн же келип түшкөн каражаттарды кредиттик-наркы түшкөн финансылык актив тарабынан **сатып алынган же түзүлгөн болуп саналган финансылык активдин амортизацияланган наркына** чейин так дисконтирлеген ставка. Кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн натыйжалуу пайыздык ставканы эсептөө учурунда ишкана финансылык инструменттин (мисалы, мөөнөтүнөн мурда төлөнүүгө опциондун, узартууга опциондун, колл-опциондун жана ушундай опциондордун) жана **күтүлгөн кредиттик чыгымдардын** бардык келишимдик шарттарын эске алуу менен күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарын баалоого тийиш. Эсепке келишим боюнча тараптардын ортосунда төлөнгөн же алынган, натыйжалуу пайыздык ставканын ажыралгыс бөлүгү болуп саналган (B5.4.1–B5.4.3-пункттарын караңыз), **операциялык чыгымдар** жана бардык башка сыйакылар же арзандатуулар киргизилет. Окшош финансылык инструменттердин тобунун акча каражаттарынын агымдары жана колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтү ишенимдүү бааланышы мүмкүн деп болжолдонот. Бирок финансылык инструменттин (же финансылык инструменттердин тобунун) акча каражаттарынын агымдарын жана колдонулушунун калган мөөнөтүн ишенимдүү баалоо мүмкүн болбогон сейрек учурларда ишкана ушул финансылык инструменттин (же финансылык инструменттердин тобунун) колдонулушунун бүткүл келишимдик мөөнөтүнүн аралыгында келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары боюнча маалыматтарды пайдаланууга тийиш.

**Таанууну токтотуу**

Мурда таанылган финансылык активди же финансылык милдеттенмени ишкананын финансылык абалы жөнүндө отчеттон алып салуу.

**Туунду инструмент**

Ушул стандартты колдонуу чөйрөсүндө турган жана төмөнкүдөй бардык үч мүнөздөмөгө ээ болгон финансылык инструмент же башка келишим:

(a) анын наркы айрым пайыздык ставка, финансылык инструменттин баасы, товардын баасы, валюталык курс, баалардын же ставкалардын индекси, кредиттик рейтинг жана кредиттик индекс өзгөрүшүнүн же башка өзгөрүлмөнүн (кээде «базалык» деп аталат) натыйжасында көрсөтүлгөн өзгөрүлмө – эгерде бул финансылык эмес өзгөрүлмө болсо – келишим боюнча кандайдыр-бир тарап үчүн мүнөздүү болуп саналбаган шартта өзгөрөт;

(b) аны сатып алуу үчүн алгачкы таза инвестиция талап кылынбайт же божомолдорго ылайык рыноктук факторлорго окшош түрдө мамиле кыла турган келишимдердин башка түрлөрүнө салыштырганда алгачкы салыштырмалуу чакан таза инвестиция талап кылынат;

(c) алар боюнча эсептешүүлөр келечектеги кайсы бир күнгө карата жүргүзүлөт.

| | |
|---|---|
| **Дивиденддер** | Пайдаларды үлүштүк инструменттерди кармоочулардын ортосунда белгилүү бир класстын капиталындагы аларга таандык болгон үлүштөргө пропорционалдуу бөлүштүрүү. |
| **Натыйжалуу пайыздык ставка методу** | **Финансылык активдин же финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркын** эсептөө үчүн, ошондой эле пайыздык кирешени же пайыздык чыгашаларды бөлүштүрүү же тиешелүү мезгил аралыгында пайданын же зыяндын курамында таануу үчүн колдонулуучу метод. |
| **Натыйжалуу пайыздык ставка** | Келечекте болжолдонгон акча каражаттарынын төлөмүн же түшүүлөрүн финансылык активдин же финансылык инструментин колдонуу мөөнөтүнүн ичинде **финансылык активдин дүң балanстык наркына** же **финансылык милдеттенменин амортизациялык наркына** чейин дисконттоону камсыз кылган пайыздык ставка. Ишкананын натыйжалуу пайыздык ставкасын эсептөөдө финансылык инструменттин (мисалы, мөөнөтүнөн мурда төлөөгө опциондун, узартууга опциондун, колл-опциондун жана ушундай опциондордун) бардык келишимдик шарттарын эске алуу менен, бирок **күтүлгөн кредиттик чыгымдарды** эске албастан, күтүлгөн акча каражаттарынын агымдары баалануусуга тийиш. Эсепке келишим боюнча тараптардын ортосунда төлөнгөн же алынган, пайыздык ставканын ажыралгыс бөлүгү болуп саналган (B5.4.1–B5.4.3-пункттарды караңыз) бардык сыйакылар жана суммалар, **операциялык чыгымдар** жана башка бардык премиялар же арзандатуулар киргизилет. Бири-бирине окшош финансылык инструменттердин тобунун акча каражаттарынын агымдары жана колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтү ишенимдүү бааланышы мүмкүн деп болжолдонот. Бирок финансылык инструменттин (же финансылык инструменттердин тобунун) акча каражаттарынын агымдарынын ишенимдүү баалоосун же колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүн ишенимдүү баалоо мүмкүн болбогон сейрек учурларда ишкана ушул финансылык инструменттин (же финансылык инструменттердин ушул тобунун) колдонулушунун бүткүл келишимдик мөөнөтүнүн аралыгында келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары боюнча маалыматтарды пайдаланууга тийиш. |
| **Күтүлгөн кредиттик чыгымдар** | Дефолттун келип чыгышынын тиешелүү тобокелдиктерин салмак коэффициенттери катары пайдалануу менен аныкталган **кредиттик чыгымдардын** орточо алынган мааниси. |
| **Финансылык кепилдик келишими** | Келишим, ага ылайык аны чыгарган тарап келишимде көрсөтүлгөн карызкор карыздык инструменттин алгачкы же кайра каралган шарттарында белгиленген мөөнөттөрдө төлөмдөрдү жүргүзө албагандыгынын натыйжасында контрагент тарткан зыяндын ордун толтуруу үчүн ага айрым төлөмдөрдү жүргүзүүгө милдеттүү. |

| | |
|---|---|
| **Пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык милдеттенме** | Төмөнкүдөй ар кандай шартты канааттандырган финансылык милдеттенме:<br>(a) ал **соодага арналган** финансылык милдеттенменин аныктамасына ылайык келет;<br>(b) баштапкы таануу учурунда ал ишкананын каалоосу боюнча 4.2.2 же 4.3.5- пунктка ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификацияланган;<br>(c) баштапкы таануу учурунда же болбосо кийин ал ишкананын каалоосу боюнча 6.7.1-пунктка ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификацияланган. |
| **Бекемделген келишим** | Белгилүү сандагы ресурстарды, белгилүү баада белгилүү күндө же күндөрдө алмашуу боюнча милдеттендирүүчү келишим. |
| **Болжолдонгон операция** | Жүргүзүлө элек, бирок күтүлүүчү операция. |
| **Финансылык активдин дүң балanstык наркы** | **Финансылык активдин зыянга каралган баалоо резервин** оңдоп-түзөөгө чейинки **амортизацияланган наркы**. |
| **Хеджирлөө коэффициенти** | Хеджирлөө инструментинин сандык көлөмүнүн жана хеджирлөө объектинин сандык көлөмүнүн ортосундагы алардын салыштырма салмагынын негизинде аныкталуучу катыш. |
| **Соодага арналган** | Финансылык актив же финансылык милдеттенме, алар:<br>(a) негизинен жакынкы келечекте сатуу же кайра артка сатып алуу максатында сатып алынган же кабыл алынган;<br>(b) баштапкы таануу учурунда көп учурда айрым финансылык инструменттердин портфелинин бир бөлүгү болуп саналат, алар бир топ катары башкарылат жана жакындагы практика алар жаатындагы операциялар кыска мөөнөттүү пайданы алуу максатында жасалганы жөнүндө тастыктап турат; же<br>(c) **туунду инструменттер** болуп саналат (буга финансылык кепилдик келишимин билдирген туунду инструмент же ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объекти катары аныкталган жана бул сапатта натыйжалуу болуп саналган инструмент кирбейт). |
| **Нарктын түшүшүнөн пайда же зыян** | 5.5.8-пунктка ылайык мезгил ичинде пайданын же зыяндын курамында таанылган, ошондой эле нарктын түшүшү боюнча 5.5-бөлүмдүн талаптарын колдонуунун натыйжасында келип чыгуучу пайдалар же зыяндар. |
| **Бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдар** | Финансылык инструменттин колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн аралыгында дефолттун мүмкүн болгон бардык учурларынын натыйжасында келип чыккан **күтүлгөн кредиттик чыгымдар**. |

| | |
|---|---|
| **Зыянга каралган баалоо резерви** | 4.1.2-пунктка ылайык бааланууччу финансылык активдер, ижара боюнча дебитордук карыз жана **келишим боюнча активдер** боюнча **күтүлгөн кредиттик чыгымдарга** каралган баалоо резерви, 4.1.2А-пунктуна ылайык бааланууччу финансылык активдер боюнча нарктын түшүшүнүн топтолгон суммасы жана зайымдарды берүү жана **финансылык кепилдик келишимдери** боюнча милдеттенмелер боюнча күтүлгөн кредиттик чыгымдар жагынан бааланууччу милдеттенме. |
| **Модификациялоодон пайда же зыян** | Тараптардын макулдугу боюнча кайра каралган же модификацияланган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын чагылдыруу максатында **финансылык активдин дүң баланстык наркын** оңдоп-түзөө учурунда келип чыгууучу сумма. Ишкана финансылык активдин дүң баланстык наркын кайра каралган же модификацияланган финансылык активдин колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн аралыгында келечектеги эсептик акчалай төлөмдөр же келип түшкөн каражаттар катары кайра эсептеп чыгат, алар ушул финансылык активдин алгачкы **натыйжалуу пайыздык ставкасы** (же **сатып алынган же түзүлгөн, кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдер жагынан кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн алгачкы натыйжалуу пайыздык ставка**) боюнча же, эгерде колдонууга мүмкүн болсо, 6.5.10-пунктка ылайык эсептелген кайра каралган **натыйжалуу пайыздык ставка** боюнча дисконтирленет. Финансылык актив боюнча күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарын баалоодо ишкана ушул финансылык активдин (мисалы, мөөнөтүнөн мурда төлөөгө опциондун, узартууга опциондун, колл-опциондун жана ушундай опциондордун) бардык келишимдик шарттарын эске алууга, бирок бул финансылык актив **сатып алынган же түзүлгөн, кредиттик-наркы түшкөн финансылык актив** болуп саналган учурларды кошпогондо, **күтүлгөн кредиттик чыгымдарды** эске албоого тийиш жана мындай учурда ишкана **кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн алгачкы натыйжалуу пайыздык ставка** аларды эске алуу менен эсептелген алгачкы күтүлгөн кредиттик чыгымдарды эсепке алууга тийиш. |
| **Мөөнөтү өткөн** | Эгерде контрагент келишимде белгиленген мөөнөттө төлөмдү жүргүзбөсө, финансылык актив мөөнөтү өткөн болуп саналат. |
| **Сатып алынган же түзүлгөн, кредиттик-наркы түшкөн финансылык актив** | Ал боюнча баштапкы таануу учуруна карата **кредиттик-наркы түшкөн** сатып алынган же түзүлгөн финансылык актив (же активдер). |
| **Кайра классификациялоо күнү** | Анын натыйжасында ишкана финансылык активдерди кайра классификациялаган бизнес-моделинин өзгөрүшүнөн кийинки биринчи отчеттук мезгилдин биринчи күнү. |
| **Стандарттуу шарттарда сатып алуу же сатуу** | Анын шарттары боюнча тиешелүү рынокто кабыл алынган эрежелер же макулдашуулар менен белгиленген мөөнөттүн алкагында активди берүү талап кылынган келишимдин алкагында финансылык активди сатып алуу же сатуу. |
| **Операциялык чыгымдар** | Финансылык активди же финансылык милдеттенмени сатып алууга, чыгарууга же алардын чыгып калышына түздөн-түз тиешеси бар кошумча чыгымдар (B5.4.8-пунктту караңыз). Кошумча чыгымдар – бул, эгерде ишкана финансылык инструментти сатып албаса, аны чыгарбаса же анын чыгып калышын жүргүзбөсө, келип чыкпай турган чыгымдар. |

Төмөндө көрсөтүлгөн, ФОЭС (IAS) 32нин 11-пунктунда, ФОЭС (IFRS) 7нин А тиркемесинде, А ФОЭС (IFRS) 13түн А тиркемесинде же ФОЭС (IFRS) 15тин А тиркемесинде келтирилген терминдердин аныктамалары ушул стандартта ФОЭС (IAS) 32де, ФОЭС (IFRS) 7де, ФОЭС (IFRS) 13тө же ФОЭС (IFRS) 15те көрсөтүлгөн маанилерге ылайык колдонулат:

(a) кредиттик тобокелдик;[3]

(b) үлүштүк инструмент;

(c) адилет нарк;

(d) финансылык актив;

(e) финансылык инструмент;

(f) финансылык милдеттенме;

(g) операциянын баасы.

[3] Бул термин (ФОЭС (IFRS) 7деги аныктамага ылайык) пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу категорияга кирген милдеттенмелер боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасирин көрсөтүүгө карата талаптарда колдонулат (5.7.7-пунктту караңыз).

© ФОЭС Фонду

## В тиркемеси

## Пайдалануу боюнча колдонмо

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

### Колдонуу чөйрөсү (2-глава)

B2.1 Айрым келишимдер климаттык, геологиялык же башка физикалык өзгөрүлмөлөргө негизделген төлөмдөрдү карайт. (Климаттык шарттар менен байланышкан физикалык өзгөрүлмөлөргө негизделген төлөмдөрдү кээде «аба ырайылык туунду инструменттер» деп аташат). Эгерде бул келишимдер *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 4тү колдонуу чөйрөсүнө кирбесе, анда алар ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирет.

B2.2 Ушул стандарт *«Пенсиялык программалар боюнча эсепке алуу жана отчеттуулук»* ФОЭС (IAS) 26 колдонулган кызматкерлердин сыйакылар программалары жагынан жана *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык эсепке алынуучу кызмат көрсөтүүлөрдөн сатуулардын же түшкөн кирешелердин көлөмүнө таянуу менен роялти төлөөнү караган келишимдер жагынан талаптарды өзгөртпөйт.

B2.3 Кээде ишкана, анын пикири боюнча, ушул инвестициялардын объекти болуп саналган ишкана менен узак мөөнөттүү иш мамилелерин түзүү же сактоо ниети менен башка ишкана чыгарган үлүштүк инструменттерге «стратегиялык инвестициялоону» жүзөгө ашырат. Инвестор ишкана же биргелешкен ишканага катышкан ишкана ушундай инвестицияны эсепке алуу үчүн үлүштүк катышуу методун колдонуу керектигин же жоктугун аныктоо үчүн *«Ассоциацияланган ишканаларга жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар»* ФОЭС (IAS) 28ди колдонот.

B2.4 ФОЭС (IFRS) 4тү колдонуу чөйрөсүнө тиешелүү келишимдер боюнча келип чыккан негизде 2.1(е) пункту тарабынан алып салынуучу укуктарды жана милдеттерди кошпогондо, ушул стандарт финансылык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге карата колдонулат.

B2.5 Финансылык кепилдик келишимдери кепилдик, аккредитивдердин айрым түрлөрү, кредиттик дефолт жагынан келишим же камсыздандыруу келишими сыяктуу ар түрдүү укуктук формага ээ болушу мүмкүн. Аларды эсепке алуу тартиби алардын укуктук формасына байланыштуу эмес. Төмөндө эсепке алуунун талаптагыдай тартибинин мисалдары келтирилген (2.1(е)-пунктун караңыз):

(a) Финансылык кепилдик келишими ФОЭС (IFRS) 4төгү камсыздандыруу келишиминин аныктамасына жооп бергенине карабастан, эгерде өткөрүп берилүүчү тобокелдик кыйла болуп саналса, бул келишимди чыгарган тарап ушул стандартты колдонот. Ошого карабастан, эгерде көрсөтүлгөн тарап ушундай келишимдерди камсыздандыруу келишимдери катары караганын жана аларды камсыздандыруу келишимдерине карата колдонулуучу тартипте эсепке алганын мурда ачык формада билдирген болсо, анда бул тарап өз каалоосу боюнча ушундай финансылык кепилдик келишимдерине карата ушул стандартты же болбосо ФОЭС (IFRS) 4тү колдонот. Эгерде ушул стандарт колдонулса, анда 5.1.1-пункттун талаптарына ылайык финансылык кепилдик келишимин чыгарган тарап адегенде аны адилет нарк боюнча таанууга тийиш. Эгерде финансылык кепилдик келишими көз карандысыз тараптардын ортосунда өзүнчө бүтүмдүн алкагында түзүлсө, анда, тескерисинче экендиги жөнүндө тастыктоолор жок болсо, аны түзүү күнүнө карата анын адилет наркы көбүнесе алынган премиянын көлөмүнө барабар болот. Кийин, бул финансылык кепилдик келишими аны баштапкы таануу учурунда ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааллануучу катары классификацияланган же 3.2.15–3.2.23 жана B3.2.12–B3.2.17-пункттар колдонулган

(финансылык активди өткөрүп берүү аны таанууну токтотуу үчүн критерийлерди канааттандырбаган же улантылып жаткан катышууну баалоо принциби колдонулган) учурларды кошпогондо, бул келишимди чыгарган тарап аны төмөнкүдөй эки көлөмдүн көбүрөөгүндө баалайт:

(i) 5.5-бөлүмгө ылайык аныкталган суммада; жана

(ii) орундуу болгон учурда, ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык таанылган кирешенин жалпы көлөмүн алып салуу менен, алгачкы таанылган суммада (4.2.1(с)-пунктун караңыз).

(b) Зайымдар менен байланышкан айрым кепилдик келишимдери төлөмдөрдү жасоо үчүн шартсыз шарт катары карызкор кепилдиктин маңызы болуп саналган актив боюнча белгиленген мөөнөттө төлөмдөрдү жасабагандыгынын натыйжасында кармоочу зыяндарды тартуу тобокелдигине кабылышын же ушундай пайда же зыяндарды тартышын талап кылбайт. Мындай кепилдиктин мисалы болуп айрым кредиттик рейтинг же кредиттик индекс өзгөргөн учурда төлөмдөрдү жасоону талап кылган кепилдик саналат. Мындай кепилдиктер, бул термин ушул стандартта аныкталгандай, финансылык кепилдик келишимдери болуп саналбайт жана, бул термин ФОЭС (IFRS) 4тө аныкталгандай, камсыздандыруу келишимдери болуп саналбайт. Мындай кепилдиктер туунду инструменттерди билдирет жана аларды чыгарган тарап аларга карата ушул стандартты колдонот.

(c) Эгерде финансылык кепилдик келишими товарларды сатууга байланыштуу түзүлгөн болсо, анда берилген кепилдиктен жана товарларды сатуудан түшкөн каражаттарды кандай учурда таануу жөнүндө маселени чечүү үчүн ушул келишимди чыгарган тарап ФОЭС (IFRS) 15ти колдонот.

B2.6 Ушундай келишимдерди чыгарган тараптын буларды ал камсыздандыруу келишимдери катары карай тургандыгы жөнүндө билдирүүлөрү демейде бул тараптын сатып алуучулар жана жөнгө салуучу органдар менен кат-кабарында кайдадыр келишимдерде, иш документацияда жана финансылык отчеттуулукта камтылат. Мындан тышкары, камсыздандыруу келишимдерин эсепке алуу тартиби көп учурда башка түрлөрдү, мисалы, банктар же коммерциялык ишканалар менен түзүлгөн бүтүмдөрдү эсепке алууга карата талаптардан айырмаланат. Мындай учурларда ушундай келишимдерди чыгарган тараптын финансылык отчеттуулугунда демейде ал эсепке алуунун көрсөтүлгөн талаптарын пайдалангандыгы жөнүндө билдирүү камтылат.

## Таануу жана таанууну токтотуу (3-глава)

### Баштапкы таануу (3.1-бөлүм)

B3.1.1 Финансылык активдерди өткөрүп берүүнү сатуу катары эсепке алууга мүмкүндүк бербеген туунду инструменттерди кошпогондо (B3.2.14-пунктту караңыз), 3.1.1-пунктта каралган принциптин натыйжасында ишкана финансылык абал жөнүндө отчетто тиешелүү түрдө активдер жана милдеттенмелер сыяктуу туунду инструменттер боюнча келишимде каралган өзүнүн бардык укуктарын жана милдеттерин таанийт. Эгерде финансылык активди өткөрүп берүү аны таанууну токтотуу үчүн критерийлерге ылайык келбесе, кабыл алып жаткан тарап ага өзүнүн активи катары өткөрүп берилген активди таанибайт (B3.2.15-пунктту караңыз).

B3.1.2 Төмөндө 3.1.1-пунктта баяндалган принципти колдонуунун мисалдары сунуш кылынган:

(a) Шартсыз дебитордук жана кредитордук карыз ишкана келишимди түзүшүнүн натыйжасында анда акча каражаттарын алууга юридикалык укук же акча каражаттарын төлөөгө юридикалык милдет келип чыккан ал келишим боюнча тарап болуп калганда актив же милдеттенме катары таанылат.

(b) Ишкана сатып алган активдер жана товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга же сатууга бекемделген келишимдик милдеттенмени өзүнө кабыл алышынын

натыйжасында анда келип чыга турган милдеттенмелер демейде жок дегенде тараптардын бири өзүнүн келишимдик милдеттенмелерин аткармайынча таанылбайт. Мисалы, бекемделген заказ алган тарап, эреже катары, тиешелүү келишимдик милдеттенмени өзүнө кабыл алган учурда активди таанубайт (ал эми ушул заказды жайгаштырган ишкана милдеттенмени таанубайт), тескерисинче, таанууну заказ кылынган товарлар жүктөп жөнөтүлгөнгө же берилгенге жана кызмат көрсөтүлгөнгө чейин кийинкиге калтырат. Эгерде финансылык эмес объекттерди сатып алууга же сатууга бекемделген келишимдик милдеттенме 2.4–2.7-пункттарга ылайык ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирсе, анда анын таза адилет наркы келишим боюнча тиешелүү милдеттенмелерди өзүнө кабыл алган күнгө карата актив же милдеттенме катары таанылат (B4.1.30(c)-пунктун караңыз). Мындан тышкары, эгерде мурда таанылбаган бекемделген келишимдик милдеттенме ишкананын каалоосу боюнча адилет наркты хеджирлөө жагынан хеджирлөө объекти катары аныкталса, анда хеджирленип жаткан тобокелдик менен байланышкан таза адилет нарктын өзгөрүшү хеджирлөө башталгандан кийин актив же милдеттенме катары таанылат (6.5.8(b) жана 6.5.9-пункттарды караңыз).

(c) Ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирген форварддык келишим (2.1-пунктту караңыз), эсептешүүлөрдү жүргүзүү күнүнө карата эмес, тиешелүү милдеттенмени өзүнө кабыл алуу күнүнө карата актив же милдеттенме катары таанылат. Ишкана форварддык келишим боюнча тарап болуп калганда, анын укугунун адилет наркы көп учурда анын милдетинин адилет наркына барабар, тиешелүү түрдө бул форварддын адилет наркынын нетто-чоңдугу нөлгө барабар. Эгерде ушундай укуктардын жана милдеттенмелердин адилет наркынын нетто-чоңдугу нөлгө барабар болбосо, анда келишим актив же милдеттенме катары таанылат.

(d) Ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирген опцион келишимдери (2.1-пунктту караңыз), опционду кармоочу же сатуучу тиешелүү келишим боюнча тарап болуп калганда активдер же милдеттенмелер катары таанылат.

(e) Пландаштырылган келечектеги операциялар аларды жүзөгө ашыруу ыктымалдуулугу канчалык жогору экенине карабастан, активдер жана милдеттенмелер болуп саналбайт, анткени ишкана келишим боюнча тарап болуп калган жок.

### Стандарттуу шарттарда финансылык активдерди сатып алуу же сатуу

B3.1.3 Стандарттуу шарттарда жүзөгө ашырылган финансылык активдерди сатып алуу же сатуу, B3.1.5 жана B3.1.6-пункттарда сыпатталгандай, бүтүмдү бекитүү күнү боюнча эсепке алуу методун же болбосо эсептешүү күнү боюнча эсепке алуу методун пайдалануу менен таанылат. Колдонулуп жаткан метод ушул стандартка ылайык бирдей классификациялануучу финансылык активдерди сатып алуунун жана сатуунун бардык бүтүмдөрү үчүн ырааттуу колдонулууга тийиш. Бул максаттар үчүн милдеттүү тартипте пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу активдер ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификациялануучу активдердин категориясынан айырмаланган өзүнчө категорияга классификацияланат. Мындан тышкары, 5.7.5-пунктта каралган опцияларды пайдалануу менен эсепке алынуучу үлүштүк инструменттерге инвестициялар өзүнчө категорияны түзөт.

B3.1.4 Келишимдин өзгөргөн наркы боюнча эсептешүүлөр нетто-негизде жүргүзүлүшүн талап кылган же уруксат берген келишим стандарттуу шарттарда сатып алуу же сатуу келишимин билдирбейт. Анын ордуна мындай келишим бүтүмдү түзүү күнүнүн жана эсептешүү күнүнүн ортосундагы мезгил аралыгында туунду инструмент катары эсепке алынат.


B3.1.5 Бүтүм бекитүү күнү – бул ага карата ишкана активди сатып алуу же сатуу милдеттенмесин өзүнө кабыл алган күнү. Бүтүм бекитүү күнү боюнча эсепке алуу методу (a) алынууга тийиш болгон активди жана аны төлөө боюнча милдеттенмени бүтүм бекитилген күнү таанууну жана (b) бүтүм бекитилген күнү сатылган активди таанууну токтотууну, чыгып калуудан пайданы же зыянды таанууну жана акы төлөө боюнча сатып алуучунун дебитордук карызын таанууну карайт. Эреже

катары, актив жана тиешелүү милдеттенме боюнча пайыздарды чегерүү менчик укугу өтүп жатканда эсептешүүлөрдү жүргүзүү күнүнө чейин башталбайт.

B3.1.6 Эсептешүү күнү – бул ага карата актив ишканага же ишкана тарабынан берилген күн. Эсептешүү күнү боюнча эсепке алуу методу (а) ишкана активди алган күнү аны таанууну жана (b) активди таанууну токтотууну жана ишкана аны берген күнү чыгып калуудан пайданы же зыянды таанууну карайт. Ишкана эсептешүүлөр күнү боюнча эсепке алуу методун колдонгон учурда, ал алынууга тийиш болгон активдин адилет наркынын бүтүмдү бекитүү күнүнүн жана эсептешүү күнүнүн ортосунда келип чыккан өзгөрүүсүн ал сатып алынган активди эсепке алган сыяктуу эле эсепке алат. Башка сөз менен айтканда, амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу активдер жагынан нарктын өзгөрүшү таанылат; финансылык активдер катары классификацияланууучу, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу активдер жагынан ал пайданын же зыяндын курамында таанылат; жана мындай өзгөртүү 4.1.2А-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык активдер жана 5.7.5-пунктка ылайык эсепке алынууучу үлүштүк инструменттерге инвестициялар жагынан башка жыйынды кирешенин курамында таанылат.

## Финансылык активдерди таанууну токтотуу (3.2-бөлүм)

B3.2.1 Төмөндө сунуш кылынган блок-схема финансылык активди таанууну токтотуу керектиги же жоктугу жана, эгерде керек болсо, кандай көлөмдө керектиги жөнүндө маселени чечүүгө карата ыкманы көрсөтүп турат.



Бардык туунду ишканаларды консолидациялоо [3.2.1-пункт]
Активдин бир бөлүгүнө карата же бүтүндөй алганда, активге карата (же окшош активдердин тобуна карата) таанууну токтотуунун төмөндө сыпатталган принциптерин колдонуу керектигин же жоктугун аныктоо [3.2.2-пункт]
Ишкана иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калдыбы же жокпу? [3.2.6(b)-пункт]
Ооба
Активди таанууну токтотуу
Жок
Ишкана бул активден акча каражаттарынын агымдарын алууга өз укуктарын өткөрүп бердиби? [3.2.4(а)-пункт]
Жок
Ишкана 3.2.5-пунктта каралган шарттарга жооп берген макулдашуу боюнча бул активден акча каражаттарынын агымдарын төлөөгө милдеттүүбү же жокпу? [3.2.4(b)-пункту]]
Жок
Активди таанууну улантуу
Ооба
Ишкана иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп бердиби? [3.2.6(а)-пункт]
Ооба
Активди таанууну токтотуу
жок
Ишкана иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калдыбы? [3.2.6(b)-пункт]
Ооба
Активди таанууну улантуу
жок
Ишкана активге контролду сактап калдыбы? [3.2.6(с)-пункт]
Жок
Активди таанууну
Ооба
Ишкананын улантылып жаткан катышуусунун көлөмүндө активди таанууну улантуу

*Алардын алкагында ишкана финансылык активден акча каражаттарынын агымдарын алууга келишимде каралган укуктарды сактаган, бирок бул акча каражаттарынын агымдарын бир же бир нече алуучуларга төлөөгө келишимде каралган милдетти өзүнө алган макулдашуулар (3.2.4(b)- пункт)*

B3.2.2 Ишкана финансылык активден акча каражаттарынын агымдарын алууга келишимде каралган укуктарды сактап калган, бирок бул акча каражаттарынын агымдарын бир же бир нече алуучуларга төлөөгө келишимде каралган милдетти өзүнө алган, 3.2.4(b)-пунктунда сыпатталган кырдаал, мисалы, эгерде ишкана траст болуп саналса жана ага таандык болгон базалык финансылык активдерге катышуунун бенефициардык үлүшүн инвесторлорго берсе жана бул финансылык активдерди тейлөөнү камсыз кылса, келип чыгат. Мындай учурда көрсөтүлгөн финансылык активдер, эгерде 3.2.5 жана 3.2.6-пункттарда каралган шарттар аткарылса, таанууну токтотуу критерийлерин канааттандырат.

B3.2.3 Ишкана 3.2.5-пункт жагынан, мисалы, ушул финансылык активди түзгөн тарап болушу мүмкүн же бул финансылык активди сатып алган жана акча каражаттарынын агымдарын андан бөтөн тараптарга өткөрүп берип жаткан туунду ишкананы өзүнө камтыган топту билдириши мүмкүн.

*Менчик укугу менен байланышкан тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп берүүнү баалоо (3.2.6-пункт)*

B3.2.4 Ишкана менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп берген кырдаалдардын мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) финансылык активди шартсыз сатуу;

(b) финансылык активди ушул финансылык активди кайра сатып алуу учуруна карата анын адилет наркы боюнча сатып алууга опцион менен бирге сатуу; жана

(c) финансылык активди «акчадан таптакыр тышкары» статусу бар (башкача айтканда, опциондун аткаруу баасы ушул учурга карата ушунчалык пайдасыз болгондуктан, бул опцион колдонулган мөөнөт аяктаганга чейин ал аткаруу үчүн пайдалуу болуп калат деген ыктымалдуулук дээрлик жок) пут-опцион же колл-опцион менен бирге сатуу.

B3.2.5 Ишкана менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калган кырдаалдардын мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) эгерде кайра артка сатып алуу баасы бекитилген болуп саналса же сатуу баасына плюс кредитордун кирешесине дал келген суммага барабар болсо, кайра артка сатып алуу менен сатуу бүтүмү;

(b) зайым келишими боюнча баалуу кагаздарды берүү жөнүндө макулдашуу;

(c) рыноктук тобокелдикке дуушарланууну ишканага кайра өткөрүп берген жыйынды кирешенин свопу менен бирге финансылык активди сатуу;

(d) финансылык активди «акчага терең малынган» статусу бар (башкача айтканда, опциондун аткаруу баасы ушул учурга карата ушунчалык пайдалуу болгондуктан, бул опцион колдонулган мөөнөт аяктаганга чейин ал аткаруу үчүн пайдасыз болуп калат деген ыктымалдуулук дээрлик жок) пут-опцион же колл-опцион менен бирге сатуу; жана

(e) ишкана келип чыгышынын ыктымалдуулугу жогору болгон кабыл алуучу тараптын кредиттик чыгымдарын компенсациялоону кепилдеген кыска мөөнөттүү дебитордук карызды сатуу.

B3.2.6 Эгерде ишкана ушундай өткөрүп берүүнүн натыйжасында ал өткөрүп берилген активге менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп бердим деп аныктаса, ал өткөрүп берилген активди кандайдыр-бир жаңы бүтүмдүн алкагында кайрадан сатып алса, ал ушул активди кайрадан келечектеги мезгилде таанычбайт.

*Контролду өткөрүп берүүнү баалоо*

B3.2.7 Эгерде кабыл алып жаткан тараптын ага өткөрүп берилген активди сатууга иш жүзүндө мүмкүнчүлүгү бар болсо, ишкана өткөрүп берилген активге контролду сактап калган жок деп эсептелет. Эгерде кабыл алып жаткан тарапта ага өткөрүп берилген активди сатууга иш жүзүндө мүмкүнчүлүгү жок болсо, ишкана өткөрүп берилген активге контролду сактап калды деп эсептелет. Кабыл алып жаткан тарап ага өткөрүп берилген активди, эгерде ал активдүү рынокто жүгүртүлүп жатса, иш жүзүндө сатууга мүмкүнчүлүгү бар, анткени кабыл алып жаткан тарап, эгерде ага ушул активди ишканага кайра кайтаруу керек болсо, өткөрүп берилген активди ушул рынокто кайрадан сатып ала алат. Мисалы, кабыл алып жаткан тарап өзүнө өткөрүп берилген активди, эгерде ал жагынан ишканага өткөрүп берилген активди кайра артка сатып алуу мүмкүнчүлүгүн берген опцион колдонулса, бирок мында кабыл алып жаткан тарап, бул опцион аткарылган учурда, өткөрүп берилген активди рынокто эркин сатып ала алса, сатууга иш жүзүндө мүмкүнчүлүгү болушу мүмкүн. Кабыл алып жаткан тарапта өткөрүп берилген активди, эгерде ишкана мындай опционду өзүнө калтырса жана мында кабыл алуучу тарап өткөрүп берилген активди, ишкана өз опционун аткарган учурда, рынокто эркин сатып ала албаса, сатууга иш жүзүндө мүмкүнчүлүгү болбойт.

B3.2.8 Эгерде кабыл алып жаткан тарап өткөрүп берилген бүткүл активди көз карандысыз үчүнчү тарапка сата алса жана ушундай өткөрүп берүүгө кошумча чектөөлөрдү белгилебестен, бул мүмкүнчүлүктү бир тараптуу тартипте пайдалана алса, кабыл алып жаткан тарап өзүнө өткөрүп берилген активди сатууга иш жүзүндө мүмкүнчүлүккө ээ. Өткөрүп берилген актив жагынан аракеттерге карата кабыл алып жаткан тарап үчүн келишимде кандай укуктар каралгандыгы же бул келишимде кандай тыюу салуулар белгиленгендиги жөнүндө эмес, кабыл алып жаткан тарап иш жүзүндө эмне кыла ала тургандыгы жөнүндө маселе өзөктүү болуп саналат. Атап айтканда:

(a) эгерде өткөрүп берилген актив үчүн рынок жок болсо, өткөрүп берилген активди тескөөгө келишимде каралган укуктун иш жүзүндө мааниси жок; жана

(b) өткөрүп берилген активди тескөө мүмкүнчүлүгүнүн, эгерде бул мүмкүнчүлүктү эркин ишке ашырууга мүмкүн болбосо, иш жүзүндө мааниси жок. Ушул себептен улам:

(i) кабыл алып жаткан тараптын ага өткөрүп берилген активди тескөө мүмкүнчүлүгү башка тараптардын аракеттерине байланыштуу болууга тийиш эмес (башкача айтканда, бул мүмкүнчүлүк бир тараптуу тартипте ишке ашырылышы зарыл); жана

(ii) кабыл алып жаткан тарап өзүнө өткөрүп берилген активди ушул өткөрүп берүүгө чектөөлөрдү же башка оордотулган шарттарды белгилөө зарылчылыгы болбостон, тескөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга тийиш (мисалы, кредиттик активди тейлөө тартиби жагынан шарттар же кабыл алуучу тарапка бул активди кайра артка сатып алуу укугун берген опционду киргизүү).

B3.2.9 Кабыл алып жаткан тарап өзүнө өткөрүп берилген активди сата тургандыгы арсар болгон жагдай өткөрүп берип жаткан тарап өткөрүп берилген активге сактап калганын өзүнөн өзү билдирбейт. Бирок, эгерде пут-опцион же кепилдик кабыл алып жаткан тарапты өзүнө өткөрүп берилген активди сатуудан токтотуп турса, анда өткөрүп берип жаткан тарап өткөрүп берилген активге контролду сактап калды деп эсептөө керек. Мисалы, эгерде пут-опциондун же кепилдиктин баалуулугу кыйла жогору болсо, анда бул пут-опцион же кепилдик кабыл алып жаткан тарапты ага өткөрүп берилген активди сатуудан токтотот, анткени практикада кабыл алып жаткан тарап мында окшош опционду же башка чектөөчү шарттарды карабай туруп, өткөрүп берилген активди үчүнчү тарапка сатмак эмес. Мунун ордуна кабыл алып жаткан тарап кепилдик же пут-опцион боюнча төлөмдөрдү алуу үчүн өзүнө өткөрүп берилген активди кармап турмак. Мындай

жагдайларда өткөрүп берип жаткан тарап өткөрүп берилген активге контролду сактап калды деп эсептөө керек.

**Таанууну токтотуу үчүн талаптарга ылайык келген активдерди өткөрүп берүү**

B3.2.10 Ишкана өткөрүп берилген активдер боюнча пайыздык төлөмдөрдүн бир бөлүгүнө укукту ушул активдерди тейлөө үчүн компенсация катарында өзүнө сактап калышы мүмкүн. Тейлөөгө же аны өткөрүп берүүгө келишим бузулган учурда ишкана ажырап калышы мүмкүн болгон пайыздык төлөмдөрдүн бөлүгү тейлөө боюнча тиешелүү активге же тейлөө боюнча милдеттенмеге кирет. Ишкана ажырап калбай турган пайыздык төлөмдөрдүн бөлүгү алууга карата пайыздык стрипти билдирет. Мисалы, эгерде ишкана тейлөөгө же аны өткөрүп берүүгө келишим бузулган учурда эч кандай пайыздардан ажырабай турган болсо, анда бүткүл пайыздык спрэд алууга карата пайыздык стрип болуп саналат. 3.2.13-пунктту колдонуу максаттары үчүн, ушул дебитордук карыздын баланстык наркын активдин таанылышы токтотулган бөлүгүнүн жана анын таанылышы улантылып жаткан бөлүгүнүн ортосунда бөлүштүрүү үчүн тейлөө боюнча активдин адилет наркынын жана пайыздык стриптин көлөмдөрү колдонулат. Эгерде тейлөө үчүн акы белгиленбесе же ишкана алынууга тийиш болгон сыйакы тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн жетиштүү компенсация болуп саналбайт деп болжолдосо, тейлөөгө милдет жагынан милдеттенме адилет нарк боюнча таанылат.

B3.2.11 Ишкана 3.2.13-пунктту колдонуу максаттары үчүн таанылышы улантылып жаткан бөлүктүн жана таанылышы токтотулуп жаткан бөлүктүн адилет нарктарын баалаcа, ишкана 3.2.14-пункттун талаптарына кошумча түрдө адилет нарктын баасына тиешелүү *«Адилет нарктын баалоо»* ФОЭС (IFRS) 13түн талаптарын колдонот.

**Таанууну токтотуу үчүн талаптарга ылайык келбеген активдерди өткөрүп берүү**

B3.2.12 3.2.15-пунктта баяндалган принципти колдонуу төмөнкүдөй мисалды сүрөттөйт. Эгерде өткөрүп берилген актив боюнча дефолттон зыяндарды компенсациялоонун ишкана берген кепилдиги ушул өткөрүп берилген активди таанууну токтотууга тоскоолдук кылса, анткени ишкана ага менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калса, бүткүл өткөрүп берилген активдин бүтүн бойдон таанылышы улантылат, ал эми алынган ордун толтуруу милдеттенме катары таанылат.

**Өткөрүп берилген активдерге улантылып жаткан катышуу**

B3.2.13 Төмөндө өткөрүп берилген активди жана аны менен байланышкан милдеттенмелерди 3.2.16-пунктка ылайык баалоонун мисалдары келтирилет.

*Бардык активдер*

(a) Эгерде өткөрүп берилген актив боюнча дефолттон зыяндарды компенсациялоо жагынан ишкана берген кепилдиктердин натыйжасы өткөрүп берилген активди таанууну ага сакталып жаткан катышуунун көлөмүнө ылайык бөлүктө токтотуу мүмкүн эместиги болуп саналса, өткөрүп берилген актив өткөрүп берүү күнүнө карата төмөнкүдөй эки көлөмдүн эң азы боюнча бааланат: (i) бул активдин баланстык наркы жана (ii) ишкана кайра кайтарууга милдеттүү болушу мүмкүн болгон ордун толтурууну («кепилдиктин суммасы») өткөрүп берүүдөн алынган максималдуу сумма. Актив менен байланышкан милдеттенме адегенде кепилдиктин суммасында бааланат плюс бул кепилдиктин адилет наркы (ал демейде ордун толтуруу кепилдиги үчүн алынган сумманы билдирет). Натыйжада кепилдиктин ушул баштапкы адилет наркы ишкана өз милдеттерин аткарган учурда (же ага жараша), ошондой эле активдин баланстык наркы зыянга каралган баалоо резервинин суммасына азайганда пайданын же зыяндын курамында таанылат.

*Амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу активдер*

(b) Эгерде ишканада болгон чыгарылган пут-опцион боюнча милдеттен же анда болгон колл-опцион боюнча укуктан улам өткөрүп берилген активди таануу токтотулушу мүмкүн болбосо, анда актив менен байланышкан милдеттенме тиешелүү опциондун

колдонулушунун мөөнөтү аяктаган күнгө карата өткөрүп берилген активдин баштапкы наркынын жана дүң баланстык наркынын ортосундагы айырманы амортизациялоого оңдоп-түзөлгөн өзүнүн баштапкы наркы боюнча (башкача айтканда, алынган ордун толтуруунун суммасында) бааланат. Мисалы, өткөрүп берүү күнүнө карата активдин дүң баланстык наркы 98 акча бирдигин түзөт, ал эми алынган ордун толтуруу 95 акча бирдигине барабар дейли. Опционду аткаруу күнүнө карата бул активдин дүң баланстык наркы 100 акча бирдигин түзөт. Актив менен байланышкан милдеттенменин алгачкы баланстык наркы 95 акча бирдигине барабар жана 95 акча бирдигинин жана 100 акча бирдигинин ортосундагы айырма натыйжалуу пайыздык ставка методун пайдалануу менен пайданын же зыяндын курамында таанылат. Опцион аткарылган учурда актив менен байланышкан милдеттенменин баланстык наркынын жана ушул опционду аткаруу баасынын ортосундагы айырма пайданын же зыяндын курамында таанылат.

*Адилет нарк боюнча бааланууучу активдер*

(c) Эгерде ишкана колл-опциондун натыйжасында сактап калган укук өткөрүп берилген активди таанууну токтотууга тоскоолдук кылса жана мында ишкана өткөрүп берилген активди адилет наркы боюнча бааласа, бул активдин адилет нарк боюнча бааланышы улантылат. Аны менен байланышкан милдеттенме: (i) эгерде бул опциондун «акчасы бар» же «өзүнүн алдындагы» деген статусу бар болсо, анын убакыт ичиндеги наркын алып салуу менен көрсөтүлгөн опционду аткаруу баасы боюнча же (ii) эгерде бул опциондун «акчадан тышкары» деген статусу бар болсо, көрсөтүлгөн опциондун убакыт ичиндеги наркын алып салуу менен өткөрүп берилген активдин адилет наркы боюнча бааланат. Актив менен байланышкан милдеттенмени ушундай нарктык оңдоп-түзөө нетто-көлөмдө активдин жана аны менен байланышкан милдеттенменин баланстык наркы колл-опцион менен камсыз кылынган укуктун адилет наркына барабар болушу үчүн зарыл. Мисалы, эгерде базалык активдин адилет наркы 80 акча бирдигине барабар, тиешелүү опционду аткаруунун баасы 95 акча бирдигине барабар жана бул опциондун убакыт ичиндеги наркы 5 акча бирдигине барабар болсо, анда актив менен байланышкан милдеттенменин баланстык наркы 75 а.б. (80 а. б. – 5 а. б.) түзөт, ал эми өткөрүп берилген активдин баланстык наркы 80 акча бирдигин түзөт (башкача айтканда, анын адилет наркына ылайык келет).

(d) Эгерде ишкана чыгарган пут-опцион өткөрүп берилген активди таанууну токтотууга тоскоолдук кылса жана мында ишкана өткөрүп берилген активди адилет нарк боюнча бааласа, анда актив менен байланышкан милдеттенме көрсөтүлгөн опциондун аткаруу баасы боюнча бааланат плюс бул опциондун убакыт ичиндеги наркы. Активди адилет наркы боюнча баалаган учурда ал төмөнкүдөй эки көлөмдүн алда канча азы менен чектелет: тиешелүү опциондун адилет наркы жана аткаруу баасы, анткени ишкананын өткөрүп берилген активдин адилет наркынын кошумча өсүшүнүн бул нарк опционду аткаруунун баасынан ашкан бөлүгүнө укукка ээ эмес. Мындай чектөө активдин жана аны менен байланышкан милдеттенменин баланстык нарктарынын ортосундагы айырма пут-опциондо каралган милдеттин адилет наркына барабар болушу үчүн керек. Мисалы, базалык активдин адилет наркы 120 акча бирдигине барабар, тиешелүү опционду аткаруунун баасы 100 акча бирдигине барабар жана бул опциондун убакыт ичиндеги наркы 5 акча бирдигине барабар болсо, анда актив менен байланышкан баланстык нарк 105 акча бирдигин (100 а. б. + 5 а. б.) түзөт, ал эми активдин өзүнүн баланстык наркы 100 акча бирдигин түзөт (бул учурда бул опционду аткаруунун баасы).

(e) Эгерде сатып алынган колл-опцион жана чыгарылган пут-опцион формасында келип чыккан коллар өткөрүп берилген активди таанууну токтотууга тоскоолдук кылса жана мында ишкана ушул активди адилет наркы боюнча бааласа, анда ал көрсөтүлгөн активди адилет наркы боюнча баалоону улантат. Аны менен байланышкан милдеттенме (i) эгерде төмөнкү колл-опциондун «акчасы бар» же «өзүнүн алдындагы» деген статусу бар болсо, колл-опционду аткаруу баасынын жана колл-опциондун убакыт ичиндеги наркын алып салуу менен пут-опциондун адилет наркынын алгебралык суммасында, же (ii) активдин адилет наркынын жана, эгерде төмөнкү колл-опциондун «акчадан тышкары» деген

статусу бар болсо, колл-опциондун убакыт ичиндеги наркын алып салуу менен пут-опциондун адилет наркынын алгебралык суммасында бааланат. Актив менен байланышкан милдеттенмени ушундай оңдоп-түзөө активдин жана аны менен байланышкан милдеттенменин баланстык нарктарынын ортосундагы айырма ишкана сатып алган жана чыгарган тиешелүү опциондордун адилет наркына барабар болушу үчүн керек. Мисалы, ишкана адилет нарк боюнча бааланып жаткан финансылык активди өткөрүп берип жатат жана ошону менен бир эле учурда аткаруу баасы 120 акча бирдиги болгон колл-опционду сатып алып жана аткаруу баасы 80 акча бирдиги болгон пут-опционду чыгарып жатат дейли. Ошондой эле өткөрүп берүү күнүнө карата көрсөтүлгөн активдин адилет наркы 100 акча бирдигин түзөт дейли. Пут-опциондун жана колл-опциондун убакыт ичиндеги наркы тиешелүү түрдө 1 акча бирдигин жана 5 акча бирдигин түзөт. Бул учурда ишкана активди 100 акча бирдиги өлчөмүндө (өткөрүп берилген активдин адилет наркы) жана милдеттенмени 96 акча бирдиги өлчөмүндө тааныйт [(100 а. б. + 1 а. б.) – 5 а. б.]. Натыйжада активдин наркынын милдеттенменин наркынан ашышы 4 акча бирдигин түзөт, бул ишкана сатып алган жана чыгарган тиешелүү опциондордун адилет наркына ылайык келет.

**Активдердеги бардык өткөрүп берүүлөр**

B3.2.14 Эгерде туунду инструментти же болбосо өткөрүп берилген активди, же болбосо активди өткөрүп берүүгө байланыштуу келип чыккан милдеттенмени да таануу бир эле укуктар же милдеттер эки жолу эсепке алынышына алып келе турган болсо, финансылык активди өткөрүп берүү таанууну токтотуу үчүн талаптарга ылайык келбеген учурда өткөрүп берип жаткан тараптын укуктары же милдеттери туунду инструмент катары өзүнчө эсепке алынат. Мисалы, өткөрүп берип жаткан тарапта калган колл-опцион финансылык активди өткөрүп берүү сатуу катары эсепке алынышына тоскоолдук кылышы мүмкүн. Бул учурда мындай колл-опцион туунду актив катары өзүнчө таанылбайт.

B3.2.15 Финансылык активди өткөрүп берүү таанууну токтотуу үчүн талаптарга ылайык келбеген учурда кабыл алып жаткан тарап ага өз активи катары өткөрүп берилген активди таныбайт. Кабыл алып жаткан тарап акча каражаттарын же башка төлөнгөн ордун толтурууну таанууну токтотот жана өткөрүп берип жаткан тараптын дебитордук карызын тааныйт. Эгерде өткөрүп берип жаткан тарап бекитилген сумманы (мисалы, РЕПО бүтүмүнүн алкагында) төлөп, өткөрүп берилген активге кайра сатып алууга укукка, ошондой эле милдетке ээ болсо, анда кабыл алып жаткан тарап өзүнүн дебитордук карызын, эгерде бул карыз 4.1.2-пунктта баяндалган критерийлерди канааттандырса, амортизацияланган нарк боюнча баалай алат.

**Мисалдар**

B3.2.16 Төмөндө келтирилген мисалдар ушул стандартта баяндалган таанууну токтотуу принциптерин колдонууну сүрөттөйт.

(a) *РЕПО (кайра артка сатып алуусу бар сатуу) келишимдери жана зайым келишими боюнча баалуу кагаздарды берүү.* Эгерде финансылык актив аны бекитилген баа боюнча же сатуу баасы плюс кредитордун кирешесине ылайык келген сумма боюнча кайра артка сатып алууну караган келишимдин алкагында сатылган болсо, же эгерде ал аны өткөрүп берип жаткан тарапка кайра кайтаруу шарты менен зайым келишими боюнча өткөрүп берилген болсо, анда аны таануу токтотулбайт, анткени өткөрүп берип жаткан тарап менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калат. Эгерде кабыл алып жаткан тарап бул активди сатуу же күрөөгө коюу укугун алса, анда өткөрүп берип жаткан тарап бул активди финансылык абал жөнүндө өзүнүн отчетунда, мисалы, зайым келишими боюнча өткөрүп берилген актив катары же өткөрүп берилген активди кайра артка сатып алуу боюнча дебитордук карыз катары кайра классификациялайт.

(b) *РЕПО келишимдери жана зайым келишими боюнча баалуу кагаздарды берүү – маңызы боюнча бирдей болуп саналган активдер.* Эгерде финансылык актив ушундай эле же иш жүзүндө ушундай эле активди бекитилген баа боюнча же сатуу баасы плюс кредитордун

кирешесине ылайык келген сумма боюнча кайра артка сатып алууну караган келишимдин алкагында сатылган болсо, же эгерде финансылык актив ушундай эле же иш жүзүндө ушундай эле активди өткөрүп берип жаткан тарапка кайра кайтаруу шартында зайым келишими боюнча алынса же берилсе, анда аны таануу токтотулбайт, анткени өткөрүп берип жаткан тарап менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калат.

(c) *РЕПО келишимдери жана зайым келишими боюнча баалуу кагаздарды берүү – окшош алмаштырууга укук*. Эгерде бекитилген баа же сатуу баасына барабар баа боюнча кайра артка сатып алууну караган РЕПО келишими плюс кредитордун кирешесине ылайык келген сумма же болбосо баалуу кагаздарды зайымга берүүнү караган ушундай бүтүм кабыл алып жаткан тарапка ага берилген активдердин ордуна аларга окшош жана кайра артка сатып алуу күнүнө карата бирдей адилет наркы бар башкаларын кайтарып алууга укук берсе, анда өткөрүп берип жаткан тарап РЕПО бүтүмүнүн алкагында сатылган же баалуу кагаздарды зайымга берүү бүтүмүнүн алкагында берилген активди таанууну токтотпойт, анткени өткөрүп берип жаткан тарап менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калат.

(d) *Адилет нарк боюнча кайра артка сатып алууга артыкчылыктуу укук.* Эгерде ишкана финансылык активди сатып жатса жана өткөрүп берилген активди адилет нарк боюнча кайра артка сатып алууга артыкчылыктуу укукту гана өзүндө сактап калса, эгерде кабыл алып жаткан тарап кийин аны сатууну чечсе, анда ишкана бул активди таанууну токтотот, анткени ал менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп берген.

(e) *“Жараксыз сатуу” операциясы*. Финансылык активди саткандан кийин көп өтпөй аны кайра артка сатып алууну кээде «жараксыз сатуу» деп аташат. Мындай кайра артка сатып алуу алгачкы бүтүм таанууну токтотуу үчүн талаптарга жооп берген шартта активди таанууну токтотууга тоскоолдук кылбайт. Бирок, эгерде финансылык активди сатуу жөнүндө келишим ошол эле активди бекитилген баа боюнча же сатуу баасы плюс кредитордун кирешесине ылайык келген сумма боюнча кайра артка сатып алуу жөнүндө келишим менен бир учурда түзүлсө, анда бул активди таануу токтотулбайт.

(f) *«Акчага терең малынган» статусу бар пут-опциондор жана колл-опциондор.* Эгерде өткөрүп берип жаткан тарап өткөрүп берилген активди колл-опцион боюнча кайра артка сатып алууга укуктуу болсо жана бул опциондун «акчага терең малынган” статусу бар болсо, анда активди мындай өткөрүп берүү таанууну токтотуу үчүн талаптарга ылайык келбейт, анткени өткөрүп берип жаткан тарап менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калган. Ушундай эле, эгерде кабыл алып жаткан тарап бул финансылык активди пут-опцион боюнча кайра артка сатууга укуктуу болсо жана бул опциондун «акчага терең малынган» статусу бар болсо, анда активди мындай өткөрүп берүү таанууну токтотуу үчүн талаптарга ылайык келбейт, анткени өткөрүп берип жаткан тарап менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калган.

(g) *«Акчадан өтө тышкары» статусу бар пут-опциондор жана колл-опциондор.* Эгерде финансылык активди өткөрүп берүү кабыл алып жаткан тарапта пут-опциондун же өткөрүп берип жаткан тарапта колл-опциондун болушу менен гана коштолгон болсо, алардын «акчадан өтө тышкары» статусу бар болсо, анда өткөрүп берилген финансылык активди таануу токтотулат. Бул өткөрүп берип жаткан тарап менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп бергендиги менен байланышкан.

(h) *Аларга карата статусу «акчага терең малынган» да, «акчадан өтө тышкары» да болуп саналбаган колл-опцион колдонулган, рынокто эркин жүгүртүлгөн активдер.* Эгерде ишкана рынокто эркин жүргүртүлүп жаткан актив жагынан колл-опционду кармоочу болуп саналса жана бул опциондун «акчага терең малынган» статусу да, «акчадан өтө тышкары» статусу да жок болсо, анда көрсөтүлгөн активди таануу токтотулат. Бул

ишкана (i) менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактабагандыгы, өткөрүп бербегендиги жана (ii) контролду сактабагандыгы менен байланышкан. Бирок эгерде бул активди рынокто эркин сатып алууга мүмкүн болбосо, анда аны таанууну токтотуу колл-опциондо көрсөтүлгөн анын көлөмү жагынан мүмкүн эмес, анткени ишкана бул активге контролду сактап калган.

(i) *Ага карата ишкана чыгарган, «акчага терең малынган» да, «акчадан өтө тышкары» да болуп саналбаган пут-опцион колдонулган, эркин жүгүртүлбөгөн актив.* Эгерде ишкана рынокто эркин сатып алууга болбой турган финансылык активди өткөрүп берсе жана мында статусу «акчадан өтө тышкары» болуп саналбаган пут-опционду чыгарса, анда ишканада ушул опциондун болушу ал менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калышына да, өткөрүп беришине да алып келбейт. Эгерде көрсөтүлгөн пут-опцион кабыл алып жаткан тарап бул активди сатуудан карманышы үчүн жетиштүү баалуу болуп саналса жана бул учурда активдин өткөрүп берип жаткан тараптын улантылып жаткан катышуусунун көлөмүндө таанылышы улантылса, ишкана өткөрүп берилген активге контролду сактап калат (В3.2.9-пунктту караңыз). Эгерде көрсөтүлгөн пут-опцион кабыл алып жаткан тарап бул активди сатуудан карманышы үчүн жетиштүү баалуу болуп саналбаса, ишкана бул активге контролдукту өткөрүп берет жана бул учурда активди таануу токтотулат.

(j) *Пут-опцион, колл-опцион же адилет нарк боюнча кайра артка сатып алууга форварддык келишим аларга карата колдонулган активдер.* Ага карата пут-опцион, колл-опцион же кайра артка сатып алуу учуруна карата бул финансылык активдин адилет наркына барабар болгон аткаруу баасын же кайра артка сатып алуу баасын караган кайра артка сатып алууга форварддык келишим гана колдонулган, финансылык активди өткөрүп берүү аны таанууну токтотууга алып келет, анткени менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктер жана пайдалар өткөрүп берилген.

(k) *Акча каражаттарын жөнгө салууну караган пут-опциондор жана колл-опциондор.* Ишкана менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды ал сактап калганын же жоктугун же өткөрүп бергенин аныктоо үчүн аларга карата пут-опцион, колл-опцион же акча каражаттарын нетто-негизде жөнгө салууну караган кайра артка сатып алууга форварддык келишим колдонулган финансылык активди өткөрүп берүүнүн жагдайларын баалайт. Эгерде ишкана менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калбаса, анда ал өткөрүп берилген активге контролду сактап калганын же жоктугун аныктоого тийиш. Бул пут-опцион, колл-опцион же кайра артка сатып алууга форварддык келишим нетто-негизде жөнгө салына тургандыгынын жагдайы ишкана контролдукту өткөрүп бергендигин өзүнөн-өзү көрсөткөн белги болуп саналбайт (жогорудагы В3.2.9-пунктту жана (g), (h) жана (i) пункттарын караңыз).

(l) *Активдердин бир бөлүгүн кийин сатып алуу жөнүндө келишимдик шарт.* Мындай келишимдик шарт кайра артка сатып алууга шартсыз (колл) опционду билдирет, ал ишканага айрым чектөөлөрдү эске алуу менен ал өткөрүп берилген активдерди кайра кайтарууну талап кылууга укук берет. Эгерде ушундай опциондун натыйжасында ишкана менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактай албаса, өткөрүп бере албаса, анда мындай опцион активди таанууну токтотууга тоскоолдук кылат, бирок каралган сатып алуунун (кабыл алып жаткан тарапта бул активдерди сатууга мүмкүнчүлүк жок деп божомолдогондо) көлөмүндө гана тоскоолдук кылат. Мисалы, эгерде кредиттик активдердин баланстык наркы жана аларды өткөрүп берүүдөн келип түшкөн каражаттардын суммасы 100 000 акча бирдигин түзсө, мында өзүнчө алынган ар кандай кредит кийин сатып алынышы мүмкүн болсо, бирок кийин сатып алынышы мүмкүн болгон кредиттердин жыйынды көлөмү 10 000 акча бирдигинен ашышы мүмкүн болбосо, анда таанууну токтотуу үчүн талаптарга өткөрүп берилген кредиттик активдердин 90 000 акча бирдиги ылайык келет.

(m) *Калган активдерге колл-опциондор.* Өткөрүп берилген активдерди тейлөөчү ишкана (ал өткөрүп берип жаткан тарап да болушу мүмкүн) колл-опционду кармай алат, ал ага

өткөрүп берилген активдердин калган бөлүгүн сатып алуу укугун берет, мында төлөнбөгөн активдердин көлөмү бул активдерди тейлөөгө чыгымдар аларды тейлөөдөн пайдадан аша баштаган айрым деңгээлге чейин төмөндөйт. Эгерде мындай колл-опциондун натыйжасында ишкана менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды же сактабаса, же өткөрүп бербесе жана мында кабыл алып жаткан тарапта тиешелүү активдерди сатуу мүмкүнчүлүгү жок болсо, анда бул колл-опцион активдерди таанууну токтотууга анын колдонулушу жайылтылган көлөмдө гана тоскоолдук кылат.

(n) *Субординацияланган калган катышуу үлүштөрү жана кредиттик кепилдиктер.* Ишкана өткөрүп берилген активде өзүндө калган айрым же бардык катышуу үлүштөрүн субординациялоо аркылуу кабыл алып жаткан тарапка кредиттик сапатты жогорулатуу каражаттарын бере алат. Ишкана ошондой эле кабыл алып жаткан тарапка кредиттик сапатты жогорулатуу каражаттарын кредиттик кепилдик формасында бере алат, ал айрым сумма менен чектелиши же чектелбеши мүмкүн. Эгерде ишкана өткөрүп берилген активге менчик укугу менен байланышкан иш жүзүндө бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды сактаса, анда бул активдин бүтүн бойдон таанылышы улантылат. Эгерде ишкана менчик укугу менен байланышкан айрым тобокелдиктерди жана пайдаларды сактаса, бирок алар иш жүзүндө мындай тобокелдиктерди жана пайдаларды түзбөсө, анда активди ишкана төлөөгө милдеттүү болгон акча каражаттарынын суммасынын же башка активдердин чектеринде таанууну токтотууга болбойт.

(o) *Жыйынды кирешенин своптору.* Ишкана финансылык активди кабыл алып жаткан тарапка сата алат жана аны менен жыйынды кирешенин свопун түзө алат, аларга ылайык базалык активден келип түшкөн бардык пайыздык төлөмдөр бекитилген акынын же өзгөрүлмө ставкасы бар акынын ордуна ишканага которулат жана мында ушул базалык активдин адилет наркы жогорулашы же төмөндөшү менен байланышкан бардык тобокелдиктерди ишкана өзүнө алат. Мындай учурда бүткүл активди таанууну токтотууга тыюу салынат.

(p) *Пайыздык своптор.* Ишкана кабыл алып жаткан тарапка бекитилген пайыздык ставкасы бар финансылык активди өткөрүп бере алат жана ушул кабыл алып жаткан тарап менен пайыздык свопту түзө алат, анын шарттары боюнча ишкана бекитилген ставка боюнча пайыздарды алат жана өзгөрүлмө ставка боюнча пайыздарды төлөйт, мында аларды эсептөө үчүн база болуп өткөрүп берилген финансылык актив боюнча негизги суммага барабар болгон шарттуу сумма саналат. Мындай пайыздык своп бул своп боюнча төлөмдөр өткөрүп берилген актив боюнча төлөмдөрдүн келип түшүшүнө байланыштуу болбогон шартта өткөрүп берилген активди таанууну токтотууга тоскоолдук кылбайт.

(q) *Амортизацияланууучу пайыздык своптор.* Ишкана бекитилген ставка боюнча пайыздарды алуу жана айрым номиналдык сумманын негизинде эсептелүүчү өзгөрүлмө ставка боюнча пайыздарды төлөө үчүн кабыл алып жаткан тарапка убакыт аралыгында төлөнө турган, бекитилген пайыздык ставкасы бар финансылык активди өткөрүп бере алат жана ушул кабыл алып жаткан тарап менен амортизацияланууучу пайыздык свопту түзө алат. Эгерде своптун номиналдык суммасы ар кандай убакытта ал өткөрүп берилген финансылык актив боюнча төлөнбөгөн негизги суммага барабар болгудай түрдө амортизацияланса, анда мындай своп демейде ишкана мөөнөтүнөн мурда төлөөнүн олуттуу тобокелдигин сактап калышына алып келет жана бул учурда ишкана бүткүл өткөрүп берилген активди таанууну улантат же болбосо аны өзүнүн улантылып жаткан катышуусунун көлөмүндө таанууну улантат. Анан тескерисинче, эгерде ушул своптун шарттуу суммасын амортизациялоо өткөрүп берилген актив боюнча төлөнбөгөн негизги суммага байланбаган болсо, мындай своптун натыйжасында ишкана активди мөөнөтүнөн мурда төлөө тобокелдигин сактап кала албайт. Ошентип, ал своп боюнча төлөмдөр өткөрүп берилген актив боюнча пайыздык төлөмдөрдүн келип түшүшүнө көз каранды болбогон жана своптун өзү ишкана өткөрүп берилген активге менчик укугу менен байланышкан кыйла тобокелдиктерди жана пайдаларды сактап калышына алып келбеген шартта өткөрүп берилген активди таанууну токтотууга тоскоолдук кылбайт.

(г) *Активди эсептен чыгаруу.* Ишкананын финансылык актив боюнча бүтүндөй алганда же анын кандайдыр-бир бөлүгүндө келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын кайра кайтарууну күтүүгө негизи жок.

В3.2.17 Бул пунктта активге улантылып жаткан катышуу ыкмасын колдонуу сүрөттөлөт, мында ишкананын улантылып жаткан катышуусу финансылык активдин бөлүгүнө гана тиешелүү.

Ишкананын зайымдар портфели бар дейли, ал мөөнөтүнөн мурда төлөө мүмкүнчүлүгүн карайт, ал боюнча купондук жана натыйжалуупайыздык ставка 10 пайызды түзөт, ал эми негизгисумма жана амортизацияланган нарк 10 000 акча бирдигине барабар. Ишканаоперация жүргүзөт, анын шарттары боюнча кабыл алып жаткан тарап 9 115 акча бирдигин төлөй жана анын ордуна көрсөтүлгөн зайымдардын негизги сумма боюнча келип түшкөн төлөмдөрдөн 9 000 акча бирдигине плюс 9,5% өлчөмүндөгү пайызга укук алат. Ишкана зайымдардын негизги суммасы боюнча келип түшкөн каражаттардан 1 000 акча бирдигине укук алат плюс 10% өлчөмүндөгү пайыз плюс негизги сумманын калган 9 000 акча бирдигине 0,5% өлчөмүндөгү спрэд. Мөөнөтүнөн мурда төлөө учурунда келип чыккан каражаттар ишкананын жана кабыл алып жаткан тараптын ортосунда 1:9 пропорцияда бөлүштүрүлөт, бирок мында дефолттон зыяндар ишкананын үлүшүн азайтат, ал нөлгө барабар болуп калганга чейин 1 000 акча бирдигин түзөт. Операцияны жүргүзүү күнүнө карата көрсөтүлгөн зайымдардын адилет наркы 10 100 акча бирдигин түзөт, ал эми 0,5% өлчөмүндөгү спрэддин адилет наркы 40 акча бирдигин түзөт.

Ишкана менчик укугу менен байланышкан айрым олуттуу тобокелдиктерди жана пайдаларды (мисалы, мөөнөтүнөн мурда төлөөнүн олуттуу тобокелдиги) ал өткөрүп бергенин, бирок ошондой эле менчик укугу менен байланышкан айрым тобокелдиктерди жана пайдаларды (анда калган катышуу үлүшү субординацияланган болуп саналгандыгынан улам) сактап калганын жана контролду сактап калганын аныктайт. Ошондуктан ал активге улантылып жаткан катышуу ыкмасын колдонот.

Ушул стандарттын алкагында кабыл алып жаткан тарапка кредиттик чыгымдар келип чыккан учурга карата кредиттик сапатты жогорулатуу каражатын берүү үчүн ишкана бул операцияны (a) 1 000 акча бирдиги өлчөмүндө катышуунун калган пропорционалдуу үлүшүн сактоо плюс (b) ушул калган катышуу үлүшүн субординациялоо катары талдайт

Ишкана 9 115 акча бирдиги өлчөмүндө алынган ордун толтуруудан 9 090 акча бирдиги (10 100 акча бирдигинен 90 пайыз) пропорционалдуу 90 пайыздык үлүш үчүн ордун толтурууну билдирет деп эсептеди. Алынган ордун толтуруунун калган бөлүгү (25 а.б.) кредиттик чыгымдар келип чыккан учурга карата кредиттик сапатты жогорулатуу каражаттарын кабыл алып жаткан тарапка берүү максатында ишкананын калган катышуу үлүшүн субординациялоо үчүн алынган ордун толтурууну билдирет. Мындан тышкары, 0,5% өлчөмүндөгү спрэд кредиттик сапатты жогорулатуу каражаттарын берүү үчүн алынган ордун толтурууну билдирет. Тиешелүү түрдө, кредиттик сапатты жогорулатуу каражаттарын берүү үчүн алынган ордун толтуруунун жалпы көлөмү 65 акча бирдигин (25 а. б. + 40 а. б.) түзөт.

Ишкана тиешелүү акча каражаттарынын аагымдарынын 90 пайыздык үлүшүн ссатуудан пайданын же зыяндын  көлөмүн ээсептейт. Өткөрүп берүү күнүнө карата өөткөрүп берилген 90 пайыздын адилет ннаркы жана калган 10 пайыздын адилет ннаркы жөнүндө өзүнчө маалымат жок деп ббожомолдогондо, ишкана каралып жаткан аактивдин баланстык наркын ФОЭС (IFRS) 9дун 3.2.14-пунктуна ылайык төмөнкүдөй ттүрдө бөлүштүрөт:

| | *Адилет нарк* | *Пайыз* | *Бөлүштүрүлгөн баланстык нарк* |
|---|---|---|---|
| Өткөрүп берилген бөлүк | 9,090 | 90% | 9,000 |
| Калган бөлүк | 1,010 | 10% | 1,000 |
| **Жыйынтыгы** | **10,100** | | **10,000** |

Ишкана акча каражаттарынын агымдарынын 90 пайыздык үлүшүн сатуудан пайданы же зыянды өткөрүп берилген бөлүккө бөлүштүрүлгөн баланстык наркты алынган ордун толтуруудан кемитүү аркылуу эсептейт, башкача айтканда, 90 а. б. (9 090 а. б. – 9 000 а. б.). Ишканада калган бөлүктүн баланстык наркы 1 000 акча бирдигине барабар.

Мындан тышкары, ишкана өзүнүн улантылып жаткан катышуусун тааныйт, ал кредиттик чыгымдар

жагынан анда калган катышуу үлүшүн субординациялоо натыйжасы болуп саналат. Тиешелүү түрдө, ишкана 1 000 акча бирдиги өлчөмүндөгү (ал субординациялоо натыйжасында албай кала турган акча каражаттарынын максималдуу суммасы) активди жана аны менен байланышкан 1 065 акча бирдиги өлчөмүндөгү (ал субординациялоонун натыйжасында ала албай турган акча каражаттарынын максималдуу суммасын билдирет, башкача айтканда, 1 000 акча бирдиги плюс 65 акча бирдигин түзгөн субординациялоо механизминин адилет наркы) милдеттенмени тааныйт.

Ишкана жогоруда көрсөтүлгөн бүткүл маалыматты бул операцияны эсепке алууда төмөнкүдөй түрдө чагылдыруу үчүн колдонот:

| | *Дебет* | *Кредит* |
|---|---|---|
| Алгачкы актив | — | 9,000 |
| Калган үлүштү субординациялоо натыйжасында таанылган актив | 1,000 | — |
| Спрэд формасында алынган ордун толтуруу жагындагы актив | 40 | — |
| Пайда же зыян (өткөрүп берүү учурундагы пайда) | — | 90 |
| Милдеттенме | — | 1,065 |
| Алынган акча каражаттары | 9,115 | — |
| Жыйынтыгы | **10,155** | **10,155** |

Операциядан кийин дароо эле активдин баланстык наркы 2 040 акча бирдигин түзөт, бул калган бөлүккө бөлүштүрүлгөн нарктын бөлүгүн билдирген 1 000 акча бирдигин билдирет жана 1 040 акча бирдиги, ал кредиттик чыгымдар жагынан анда калган катышуу үлүшүн субординациялоонун натыйжасында ишкананын улантылып жаткан кошумча катышуусун билдирет (анын ичинде 40 акча бирдиги өлчөмүндөгү спрэд).

Кийинки мезгилдерде ишкана кредиттик сапатты жогорулатуу каражаттарын (65 а.б.) берүү үчүн алынган ордун толтурууну пропорционалдуу-убакыттык негизде тааныйт, таанылган активге пайызды натыйжалуу пайыздык ставка методун пайдалануу менен чегерет жана таанылган активдер боюнча нарктын түшүшүнөн зыяндарды тааныйт. Кийинкилерди сүрөттөгөн мисал катарын, айталы, кийинки жылы базалык зайымдардын наркы түшүшүнөн 300 акча бирдиги өлчөмүндөгү зыян келип чыкты. Ишкана өзүнүн таанылган активин 600 акча бирдигине азайтат (анда калган катышуу үлүшүнө тиешелүү 300 а.б. жана кредиттик чыгымдар жагынан анда калган катышуу үлүшүн субординациялоонун натыйжасында келип чыккан улантылып жаткан кошумча катышууга тиешелүү 300 а.б.). Нетто-натыйжа нарктын түшүшүнөн зыяндар жагынан пайданын же зыяндын курамында таанылган 300 а.б. өлчөмүндөгү чыгашаны билдирет.

## Финансылык милдеттенмелерди таанууну токтотуу (3.3-бөлүм)

B3.3.1 Финансылык милдеттенме (же анын бир бөлүгү) карызкор:

(a) же болбосо кредитор менен, эреже катары, акча каражаттары, башка финансылык активдер, товарлар же кызмат көрсөтүүлөр менен эсептешип, бул милдеттенмени (же анын бир бөлүгүн) аткарганда,

(b) же болбосо укуктук жол-жобону аткаруунун натыйжасында же кредитордун чечиминин натыйжасында бул милдеттенме (же анын бир бөлүгү) боюнча алгачкы жоопкерчиликтен юридикалык жактан бошотулганда (Эгерде карызкор кепилдикти берсе, бул шарт ошого карабастан аткарылышы мүмкүн.)

B3.3.2 Эгерде карыздык инструменттин эмитенти бул инструментти сатып алса, анда тиешелүү карыз, кала берсе бул эмитент көрсөтүлгөн инструмент боюнча маркет-мейкер болгон же аны жакынкы келечекте кайра сатканы жатканына карабастан, төлөнөт.

B3.3.3 Төлөмдөрдү үчүнчү тарапка, анын ичинде трастка жүргүзүү (бул кээде «иш жүзүндө жоюу» деп аталат), карызкорду юридикалык бошотуу жок болгон учурда кредитордун алдындагы анын алгачкы милдетинен өзүнөн-өзү бошотпойт.

B3.3.4 Эгерде карызкор өзүнүн карыз боюнча милдетин үчүнчү тарап өзүнө алышы үчүн ага төлөсө, андан соң өзүнөн кредиторуна өзүнүн карыздык милдеттенмесин үчүнчү тарапка өткөрүп бергендиги жөнүндө маалымдаса, анда бул карызкор ушул карыздык милдеттенмени таанууну токтотпойт, буга B3.3.1(b)-пунктунда каралган шарт аткарылган учур кирбейт. Эгерде карызкор өзүнүн карыз боюнча милдетин үчүнчү тарап өзүнө алышы үчүн ага төлөсө жана өзүнүн кредиторунан юридикалык бошотууну алса, анда карызкор өзүнүн карызын төлөдү деп эсептелет. Бирок, эгерде карызкор өзүнүн карызы боюнча үчүнчү тарапка же түздөн-түз өзүнүн алгачкы кредиторуна төлөмдөрдү жүргүзүүгө макул болсо, анда ал ушул үчүнчү тараптын алдындагы өзүнүн жаңы карыздык милдеттенмесин тааныйт.

B3.3.5 Эгерде өткөрүп берилген финансылык активдер жагынан аларды таанууну токтотуу үчүн 3.2.1–3.2.23-пункттарда каралган шарттар аткарылбаса, сот тартибинде же кредитордун чечими боюнча алынган юридикалык бошотуу милдеттенмени таанууну токтотууга алып келгенине карабастан, ишкана жаңы милдеттенмени тааный алат. Эгерде бул шарттар аткарылбаса, анда өткөрүп берилген активдерди таануу токтотулбайт, ал эми ишкана өткөрүп берилген активдер менен байланышкан жаңы милдеттенмени тааныйт.

B3.3.6 Эгерде жаңы шарттарга ылайык акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы, анын ичинде баштапкы натыйжалуу пайыздык ставка боюнча дисконтирленген, алынган комиссиялык сыйакыны төлөө алгачкы финансылык милдеттенме боюнча калган акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген дисконтирлгенген наркынан бери болгондо 10%га айырмаланса, 3.3.2-пункттун максаттары жагынан шарттар олуттуу айырмаланат деп эсептелет. Эгерде бир карыздык инструментти башкасына алмаштыруу же анын шарттарын модификациялоо эсепке алууда аны төлөө катары чагылдырылса, анда тартылган чыгымдар же төлөнгөн комиссиялык сыйакы тиешелүү карыздык милдеттенмени төлөөдөн пайданын же зыяндын бир бөлүгү катары таанылат. Эгерде бир карыздык инструментти башкасына алмаштыруу же анын шарттарын модификациялоо эсепке алууда төлөө катары чагылдырылбаса, анда тиешелүү милдеттенменин баланстык наркы тартылган чыгымдардын же төлөнгөн комиссиялык сыйакынын суммасына оңдоп-түзөлөт жана бул оңдоп-түзөө модификацияланган милдеттенменин колдонулушунун калган мөөнөтүнүн аралыгында амортизацияланат.

B3.3.7 Эгерде алгачкы жоопкерчиликти өзүнө алган тарап дефолтко жол берсе, айрым учурларда кредитор карызкорду төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу боюнча учурдагы милдеттен бошотот, бирок мында карызкор төлөмдөрдү жүзөгө ашырууга кепилдик берген милдетти өзүнө алат. Бул учурда карызкор:

(a) көрсөтүлгөн кепилдик боюнча өз милдетинин адилет наркына таянып, жаңы финансылык милдеттенмени тааныйт, жана

(b) жаңы финансылык милдеттенменин адилет наркын алып салуу менен (i) төлөнгөн сыйакынын суммасынын жана (ii) алгачкы финансылык милдеттенменин баланстык наркынын ортосундагы айырмага таянып, пайданы же зыянды тааныйт.

## Классификация (4-глава)

### Финансылык активдерди классификациялоо (4.1-бөлүм)

#### Финансылык активдерди башкаруу үчүн ишкана пайдалануучу бизнес-модель

B4.1.1 4.1.5-пункт колдонулган учурларды кошпогондо, 4.1.1(a)-пункту ишкана финансылык активдерди бизнес-моделдин негизинде классификациялашы жөнүндө талапты камтыйт. Ишкана анын финансылык активдери 4.1.2(a)-пункттун шартына же 4.1.2A(a)- пунктунун шартына жооп берерин же жоктугун бизнес-моделдин негизинде баалайт, ал (бул термин *«Байланыштуу*

*тараптар жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү*» ФОЭС (IAS) 24тө аныкталгандай) ишкананын негизги башкаруучу персоналы тарабынан аныкталат.

B4.1.2 Ишкана пайдалануучу бизнес-модель бизнестин айрым максатына жетүү үчүн топторго бириккен финансылык инструменттерди башкаруу кандай түрдө жүзөгө ашырылып жатканын чагылдырган деңгээлде аныкталат. Ишкана пайдаланып жаткан бизнес-модель айрым инструмент жагынан жетекчиликтин ниеттерине байланыштуу эмес. Тиешелүү түрдө, бул шарт айрым инструменттерди классификациялоого карата ыкма болуп саналбайт жана топтоонун алда канча жогорку деңгээлинде аныкталууга тийиш. Бирок бир ишкана өзүнүн финансылык инструменттерин башкаруу үчүн бирден ашык бизнес-моделди пайдалана алат. Тиешелүү түрдө, отчет берүүчүишкананын деңгээлинде классификацияны белгилөөнүн зарылчылыгы жок. Мисалы, ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу максатында ал башкарган инвестициялардын портфелине, ошондой эле адилет нарктын өзгөрүүлөрүн ишке ашыруу үчүн соодалоо максатында ал башкарган инвестициялардын башка портфелине ээ боло алат. Ушундай эле түрдө айрым жагдайларда ишкана ушул финансылык активдерди башкарып жаткан деңгээлди чагылдыруу үчүн финансылык активдердин портфелин алда канча майда портфелдерге бөлүү максатка ылайык болушу мүмкүн. Мисалы, бул, эгерде ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу максатында ипотекалык зайымдардын портфелин түзсө же сатып алса жана бул зайымдардын айрымдарын, ал эми аларды сатуу максатында – башкаларын башкарса, орундуу болушу мүмкүн.

B4.1.2A Ишкана пайдаланып жаткан бизнес-модель акча каражаттарынын агымдарын топтоо максатында ишкана өзүнүн финансылык активдерин башкарып жаткан ыкманы сыпаттайт. Башкача айтканда, ишкананын бизнес-модели акча каражаттарынын агымдары келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуунун, финансылык активдерди сатуунун же тигинин же мунун натыйжасы болорун же жоктугуна аныктайт. Тиешелүү түрдө, мындай баалоо алардын келип чыгышы ишкана тарабынан күтүлбөгөн сценарийлерге, «эң начар» деп аталган сценарийге же «стресстик» сценарийге таянуу менен жүргүзүлбөйт. Мисалы, эгерде ишкана финансылык активдердин айрым портфелин стресстик сценарий учурунда гана сатам деп күтсө, эгерде ишкана мындай сценарий болуп өтпөйт деп негиздүү күтсө, бул сценарий мындай активдер үчүн ишкананын бизнес-моделин баалоого таасир этпейт. Эгерде акча каражаттарынын агымдары ишкананын өзү жүргүзгөн бизнес-моделди баалоосунун күнүнө карата үмүт-тилектеринин айырмаланган ыкма менен жүргүзүлсө (мисалы, эгерде ишкана ушул активдерди классификациялоо учурунда ал күткөн финансылык активдерден көптү же азды сатса), бул ишкананын финансылык отчеттуулугунда мурдагы мезгилдердин каталарын чагылдыруу үчүн негиз болуп саналбайт (караңыз, «Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар» ФОЭС (IAS) 8) жана ушул ушул бизнес-моделге ылайык кармалып калуучу калган финансылык активдердин (башкача айтканда, ишкана мурдагы мезгилдерде тааныган жана алиге чейин кармап турган активдердин) классификациясын өзгөртпөйт, мында бизнес-моделди баалоо учуруна карата жеткиликтүү болгон бүткүл жөндүү маалыматты ишкана эске алышы шарт. Бирок ишкана жакында түзүлгөн же жакында сатып алынган финансылык активдер үчүн бизнес-моделди баалаган учурда, ал мурдагы акча каражаттарынын агымдарын ишке ашыруу ыкмасы жөнүндө маалыматты бардык башка жөндүү маалымат менен бирге эске алууга тийиш.

B4.1.2B Финансылык активдерди башкаруу үчүн ишкана пайдаланып жаткан бизнес-модель жөн гана ырастоо эмес, факт болуп саналат. Ал, эреже катары, ишкана бизнес-моделдин максатына жетүү үчүн көрүп жаткан иште байкалууда. Финансылык активдерди башкаруу үчүн пайдаланылуучу бизнес-моделди баалоодо ишкана ой жүгүртүүнү колдонууга тийиш жана мындай баалоо бир фактордун же бир операциянын негизинде жүргүзүлбөйт. Тескерисинче, ишкана баалоо күнүнө карата жеткиликтүү болгон бардык жөндүү далилдерди эске алууга тийиш. Мындай жөндүү далилдер башкалардан тышкары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) бизнес-моделдин натыйжалуулугу жана ушул бизнес-моделдин алкагында кармалып турган финансылык активдердин кирешелүүлүгү кандай түрдө бааланат жана бул маалымат ишкананын негизги башкаруучу персоналына кандай түрдө маалымдалат;

(b) бизнес-моделдин натыйжалуулугуна (жана ушул бизнес-моделдин алкагында кармалып турган финансылык активдердин кирешелүүлүгүнө) таасир эткен тобокелдиктер жана, атап айтканда, бул тобокелдиктерди башкаруу ыкмасы; жана

(c) бизнести башкарган менеджерлер кандай түрдө сыйланат (мисалы, сыйакы башкарылуучу активдердин адилет наркына же келишимде каралган алынган акча каражаттарынын агымдарына негизделгенби).

Максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн активдерди кармап туруу болуп саналган бизнес-модель

B4.1.2C Максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн активдерди кармап калуу болуп саналган бизнес-моделдин алкагында кармалып турган финансылык активдер инструмент колдонулушунун мөөнөтүнүн аралыгында келишимде каралган төлөмдөрдү алуу аркылуу акча каражаттарынын агымдарын ишке ашыруу үчүн башкарылат. Башка сөз менен айтканда, ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу максатында (активдерди кармап туруп, ошондой эле сатып, портфелдин жалпы кирешелүүлүгүн башкаруунун ордуна) портфелдин алкагында кармалып туруучу активдерди башкарат. Акча каражаттарынын агымдары финансылык активдер боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу аркылуу ишке ашырылаарын же жоктугун аныктоодо мурдагы мезгилдердеги сатуулардын жыштыгын, көлөмдөрүн жана мөөнөттөрүн, мындай сатуулардын себептерин жана сатуулар боюнча келечектеги иш жагынан үмүт-тилектерди эске алуу зарыл. Бирок сатуулар өзүнөн-өзү бизнес-моделди аныктабайт жана, тиешелүү түрдө, бөлөк каралышы мүмкүн эмес. Анын ордуна, мурдагы сатуулар жөнүндө маалымат жана келечектеги сатуулар жагынан күтүүлөр ишкана билдирген финансылык активдерди башкаруунун максаттарына кантип жетишилээринин жана, атап айтканда, акча каражаттарынын агымдары кантип ишке ашырылаарынын далилдерин берет. Ишкана мындай сатуулардын себептерин жана учурдагы шарттарга салыштырганда ошол учурда болгон шарттарды эске алуу менен мурдагы сатуулар жөнүндө маалыматты талдоого тийиш.

B4.1.3 Ишкана пайдаланып жаткан бизнес-моделдин максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу максатында финансылык активдерди кармап туруу болушу мүмкүн болгонуна карабастан, ишканатөлөө мөөнөтү жеткенге чейин бул инструменттерди кармап калууга тийиш эмес. Ошентип, ишкана пайдаланып жаткан бизнес-модель финансылык активдерди сатуу орун алган же аларды келечекте сатуу күтүлгөн учурда да келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап турууну карашы мүмкүн.

B4.1.3A Бизнес-модель, ишкана финансылык активдерди алар боюнча кредиттик тобокелдик көбөйгөн учурда да, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап турууну карашы мүмкүн. Активдер боюнча кредиттик тобокелдиктин көбөйүшү орун алганын же жоктугун аныктоо үчүн ишкана негизделген жана ырасталуучу маалыматты, анын ичинде болжолдуу маалыматты талдайт. Активдер боюнча кредиттик тобокелдик көбөйүшүнүн натыйжасындагы сатуулар, алардын жыштыгына жана көлөмүнө карабастан, бизнес-моделге карама-каршы келбейт, анын максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык инструменттерди кармап туруу болуп саналат, анткени финансылык активдердин кредиттик сапаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алууга ишкананын жөндөмдүүлүгү үчүн мааниге ээ. Активдердин кредиттик сапаты начарлашынын натыйжасында потенциалдуу кредиттик чыгымдарды азайтууга багытталган кредиттик тобокелдиктерди башкаруу боюнча иш ушундай бизнес-моделдин ажыралгыс бөлүгү болуп саналат. Финансылык актив ишкананын документтер менен таризделген инвестициялык саясатында белгиленген кредиттик сапат критерийлерин мындан ары канааттандырбаганынан улам финансылык активди сатуу кредиттик тобокелдик көбөйүшүнүн натыйжасында болуп өткөн сатуунун мисалы болуп саналат. Бирок мындай саясат жокто ишкана сатуу кредиттик тобокелдик көбөйгөнүнө байланыштуу болуп өткөнүн башкача ыкма менен көрсөтө алат.

B4.1.3B Башка себептер боюнча, мисалы, кредиттик тобокелдиктин топтолушун (активдердин кредиттик тобокелдигин көбөйтпөстөн) башкаруу максатында сатуулар ошондой эле келишимде каралган

акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап туруу максатын көздөгөн бизнес-моделге ылайык келиши мүмкүн. Атап айтканда, эгерде мындай сатуулар көп болуп саналбаса (алардын көлөмдөрү кыйла болуп саналса да) же алардын көлөмдөрү өзүнчө да, жыйындысында да болор-болбос болуп саналса (алар көп болуп саналса да), мындай сатуулар келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап туруу максатын көздөгөн бизнес-моделге ылайык келиши мүмкүн. Эгерде портфелден активдерди сатуулар сейрек болуп саналбаса жана алардын көлөмдөрү (өзүнчө же жыйындысында) болор-болбос болуп саналбаса, ишкана алар келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуунун максаттарына ылайык келээрин же жоктугун жана алар кандай түрдө ылайык келээрин талдоого тийиш. Бул талдоонун максаттары үчүн финансылык активдерди сатуу үчүнчү тараптын талабы боюнча же ишкананын чечими боюнча жүргүзүлүп жатканы же жоктугу маанилүү эмес. Эгерде ишкана ушундай сатуулардын себептерин түшүндүрө алса жана эмне үчүн мындай сатуулар анын бизнес-моделинин өзгөрүшүнүн чагылдырылышы болуп саналбаганын көрсөтө алса, айрым мезгилде сатуулардын жыштыгынын же көлөмдөрүнүн көбөйүшү келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап туруунун максаттарына сөзсүз эле карама-каршы келе бербейт. Мындан тышкары, эгерде сатуулар финансылык активдерди төлөө мөөнөтү жеткенге чейин көп өтпөй болуп өтсө жана сатуулардан келип түшкөн каражаттар келишимде каралган калган акча каражаттарынын агымдарына болжол менен барабар болсо, сатуулар келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап туруу максаттарына ылайык келиши мүмкүн.

B4.1.4 Төмөндө ишкананын бизнес-моделинин максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап туруу болушу мүмкүн болгон учурдагы кырдаалдардын мисалдары көрсөтүлгөн. Мисалдардын көрсөтүлгөн тизмеги толук болуп саналбайт. Ал гана эмес, мисалдар ишкана пайдаланган бизнес-моделди баалоого тиешеси бар бардык факторлорду көрсөтүү максатын көздөбөйт, ошондой эле бул факторлордун салыштырма маанилүүлүгүн белгилебейт.

| Мисал | Талдоо |
|---|---|
| **1-мисал**<br>Ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн инвестицияларды кармап турат. Каржылоого ишкананын муктаждыктары түшүнүктүү болуп саналат, ал эми анын финансылык активдерин төлөө мөөнөттөрү каржылоого ишкананын эсептик муктаждыктарына дал келет.<br><br>Кредиттик тобокелдикти башкаруу боюнча ишкананын ишмердүүлүгү кредиттик тобокелдиктерди азайтуу максатын көздөйт. Мурдагы мезгилдерде сатуулар негизинен финансылык активдер боюнча кредиттик тобокелдик алар ишкананын документ менен таризделген инвестициялык саясатында белгиленген кредиттик сапаттын критерийлерин мындан ары канааттандырбаганчалык көбөйгөн учурда болуп өткөн. Ал гана эмес, каржылоодогу күтүлбөгөн муктаждыктардын натыйжасында сейрек сатуулар орун алган.<br><br>Негизги башкаруучу персонал үчүн отчеттордо негизги орун финансылык активдердин кредиттик сапатына жана келишимде каралган кирешеге бөлүнөт. Ошондой эле башка маалыматтардын | Ишкана башка маалыматтардын арасында ликвиддүүлүктүн көз карашынан алганда финансылык активдердин адилет наркын (башкача айтканда, активдерди сатуу ишканага талап кылынса, ишке ашырыла турган акча каражаттарынын суммалары) карай алса да, ишкананын максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап турууда турат. Эгерде сатуулар активдердин кредиттик тобокелдиги көбөйүшүнүн натыйжасында жүзөгө ашырылса, мисалы, эгерде активдер мындан ары ишкананын документ менен таризделген инвестициялык саясатында белгиленген кредиттик сапаттын критерийлерин канааттандырбаса, алар көрсөтүлгөн максаттарга карама-каршы келбейт. Каржылоого күтүлбөгөн муктаждыктардын натыйжасындагы (мисалы, «стресстик» сценарийдин учурундагы) сейрек сатуулар ошондой эле, алардын көлөмдөрү кыйла болгон учурда да, бул максатка карама-каршы келбейт. |

© ФОЭС Фонду

| Мисал | Талдоо |
|---|---|
| арасында, ишкана финансылык активдердин адилет наркына көз салат. | |
| **2-мисал**<br><br>Ишкана пайдаланып жаткан бизнес-модель зайымдар сыяктуу финансылык активдердин портфелдерин сатып алууну карайт. Бул портфелдер кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдерди камтышы же камтыбашы мүмкүн.<br><br>Эгерде зайымдар боюнча төлөмдөр өз убагында жүргүзүлбөсө, ишкана карызкор менен почта, телефон же башка ыкмалар аркылуу байланышып, келишимде каралган акча каражаттарынын агымын ишке ашырууга аракет кылат. Ишкананын максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу  болуп саналат жана ишкана бул портфелде бир да зайымды аны сатуу аркылуу акча каражаттарынын агымдарын ишке ашыруу максатында башкарбайт.<br><br>Айрым учурларда ишкана портфелдин айрым финансылык активдери боюнча пайыздык ставканы өзгөрүлмөдөн бекитилгенге өзгөртүү үчүн пайыздык своп келишимдерин түзөт. | Ишкана пайдаланып жаткан бизнес-моделдин максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап туруу болуп саналат.<br><br>Ушундай талдоо, эгерде ишкана келишимде каралган бардык акча каражаттарынын агымдарын алууну күтпөсө да, укукка ылайыктуу (мисалы, айрым финансылык активдер баштапкы таануу учурунда кредиттик-наркы түшкөн болуп саналат).<br><br>Мындан тышкары, ишкана акча каражаттарынын агымдарын модификациялоо максатында туунду инструмент болуп саналган келишимдерди түзүшүнүн фактысы ишкана колдонуп жаткан бизнес-моделди өзүнөн-өзү алмаштырбайт. |
| **3-мисал**<br><br>Ишкана пайдаланып жаткан бизнес-моделдин максаты зайымдарды кардарларга берүү жана андан соң бул зайымдарды секьюритизацияны камсыз кылуучу түзүмгө сатуу болуп саналат. Секьюритизацияны камсыз кылуучу түзүм инвесторлор үчүн инструменттерди чыгарат.<br><br>Зайымдарды алгачкы жолу берип жаткан ишкана секьюритизацияны камсыз кылуучу түзүмдү контролдойт жана, тиешелүү түрдө, аны консолидациялайт.<br><br>Секьюритизацияны камсыз кылуучу түзүм келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алат жана аларды өзүнүн инвесторлоруна жөнөтөт.<br><br>Ушул стандарттын максаттары үчүн зайымдардын финансылык абал жөнүндө бириктирилген отчетто таанылышы улантылат деп болжолдонот, анткени секьюритизацияны камсыз кылуучу түзүм аларды таанууну токтоткон эмес. | Бириктирилген топ келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн аларды кармап туруу максатында зайымдарды берген.<br><br>Бирок, зайымдарды алгачкы жолу берген ишкана зайымдарды секьюритизацияны камсыз кылуучу түзүмгө сатуу аркылуу алардын портфели боюнча акча каражаттарынын агымдарын ишке ашыруу максатын көздөйт; ошентип, өзүнчө финансылык отчеттуулуктун контекстинде келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу максатында ишкана бул портфелди башкаруучу катары каралбайт. |
| **4-мисал**<br><br>Финансылык институт «стресстик» сценарийдин учурунда (мисалы, банктык депозиттерди массалык алып коюу учурунда) ликвиддүүлүккө муктаждыктарды канааттандыруу үчүн финансылык активдерди кармап турбайт. Ишкана башка сценарийлердин учурунда бул активдерди сатууну болжолдобойт. | Ишкана пайдаланып жаткан бизнес-моделинин максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап туруу болуп саналат.<br><br>Эгерде мурдагы «стресстик» сценарий учурунда да ишкана ликвиддүүлүккө муктаждыктарды канааттандыруу максатында көлөмү боюнча кыйла сатууну жүзөгө ашырса да, талдоо укукка |

| Мисал | Талдоо |
|---|---|
| Ишкана финансылык активдердин кредиттик сапатына көз салат, ал эми анын максаты финансылык активдерди башкаруу учурунда келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу болуп саналат. Ишкана алынган пайыздык кирешелердин жана ишке ашырылган кредиттик чыгымдардын негизинде активдердин натыйжалуулугун баалайт.<br><br>Бирок ишкана ошондой эле стресстик сценарийдин учурунда ишкана активдерди сатканда ишке ашырыла турган акча суммасы ишкананын ликвиддүүлүккө муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жетиштүү болоруна ынануу үчүн ликвиддүүлүктүн көз карашынан алганда финансылык активдердин адилет наркына көз салат. Ликвиддүүлүктү көрсөтүү үчүн ишкана көлөмдөрү боюнча болор-болбос сатууну мезгил-мезгили менен жүзөгө ашырат. | ылайыктуу болот. Ушундай эле түрдө, көлөмү боюнча болор-болбос болуп саналган сатуулардын мезгилдүү операциялары келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап турууга тоскоолдук кылбайт.<br><br>Тескерисинче, эгерде ишкана ликвиддүүлүккө ар күндөгү муктаждыктарды канааттандыруу үчүн финансылык активдерди кармап турса жана бул максатка жетишүү үчүн көлөмү боюнча тез-тез олуттуу сатууларды жүзөгө ашыруу зарыл болсо, анда ишкана пайдаланып жаткан бизнес-моделдин максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап туруу болуп саналбайт<br><br>Ушундай эле түрдө, эгерде жөнгө салуучу ишкананын талабы боюнча финансылык активдердин ликвиддүүлүгүн көрсөтүү үчүн аларды туруктуу негизде сатуу зарыл болсо жана сатылуучу активдердин көлөмдөрү бир кыйла болуп саналса, ишкана пайдаланып жаткан бизнес-моделдин максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап туруу  болуп саналбайт. Бул талдоонун максаттары үчүн финансылык активдерди сатуу үчүнчү тараптын талабы боюнча же ишкананын чечими боюнча жүрүп жатканы маанилүү эмес. |

*Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу жана финансылык активдерди сатуу аркылуу максатына жетишиле турган бизнес-модель*

B4.1.4A Ишкана бизнес-моделдин алкагында финансылык активдерди кармап тура алат, анын максатына келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу аркылуу, ошондой эле финансылык активдерди сатуу аркылуу жетишилет. Бизнес-моделдин мындай тиби ишкананын негизги башкаруучу персоналы келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу жана финансылык активдерди сатуу бизнес-моделдин максаттарына жетишүүнүн ажыралгыс шарттары болуп саналат деген чечимди кабыл алгандыгын билдирет. Бизнес-моделдин ушундай тибине көмөктөшө турган ар кыл максаттар бар. Мисалы, бизнес-моделдин максаты ликвиддүүлүккө ар күндөгү муктаждыктарды башкаруу, пайыздар боюнча кирешелүүлүктүн айрым деңгээлин колдоо же финансылык активдердин колдонулушунун мөөнөттөрүнүн бул активдер финансылаган милдеттенмелердин колдонулушунун мөөнөттөрүнө шайкештигин камсыз кылуу болушу мүмкүн. Бул максатка жетүү үчүн ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алууга, ошондой эле финансылык активдерди сатууга тийиш.

B4.1.4B Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап туруу максаты болуп саналган бизнес-моделге салыштырганда бул бизнес-модель, эреже катары, көлөмдөрү боюнча көп жана чоң сатууларды билдирет. Бул финансылык активдерди сатуу кошумча операция эмес, бизнес-моделдин максатына жетүүнүн ажыралгыс шарты болуп саналганынан улам болуп жатат. Бирок ушундай бизнес-моделдин алкагында жүзөгө ашырылууга тийиш болгон сатуулардын жыштыгы жана көлөмдөрү үчүн эч кандай босоголук маани каралган эмес, анткени келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу да,

© ФОЭС Фонду

финансылык активдерди сатуу да анын максаттарына жетишүүнүн ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.

B4.1.4C Төмөндө ишкана пайдаланып жаткан бизнес-моделдин максатына келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу, ошондой эле финансылык активдерди сатуу аркылуу жетишилиши мүмкүн болгон кырдаалдардын мисалдары келтирилет. Мисалдардын тизмеси толук болуп саналбайт. Ал гана эмес, мисалдар ишкана пайдаланып жаткан бизнес-моделди баалоого тиешеси бар бардык факторлордун максатын көздөбөйт, ошондой эле бул факторлордун салыштырма маанилүүлүгүн белгилебейт.

| Мисал | Талдоо |
|---|---|
| **5-мисал**<br>Ишкана өзү капиталдык чыгымдарды бир нече жылдан кийин жүзөгө ашыруу зарыл деп болжолдойт. Ишкана бул зарыл болгон учурда чыгымдардыкаржылоону камсыз кылуу максатында акча каражаттарынын ашыкчаларын кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү активдерге инвестициялайт. Көпчүлүк ушундай финансылык активдерде пайдалануунун келишимдик мөөнөттөрү бар, алар ишкана болжолдогон инвестициялоо мезгилинен ашат.<br>Ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап турат жана, мүмкүнчүлүк болгондо, акча каражаттарын кирешелүүлүгү көп финансылык активдерге кайра каржылоо үчүн финансылык активдерди сатат.<br>Портфель үчүн жооп берүүчү менеджерлер портфелдин жалпы кирешелүүлүгүнө таянуу менен сыйланат. | Тескери кырдаалды карап көрөлү, мында ишкана капиталдык чыгымдарды каржылоо үчүн беш жылдан кийин акчанын чыгышын күтөт жана акча каражаттарынын ашыкчаларын кыска мөөнөттүү финансылык активдерге инвестициялайт. Инвестицияларды төлөө мөөнөтү келгенде ишкана акча каражаттарын жаңы кыска мөөнөттүү финансылык активдерге инвестициялайт.<br>Ишкана мындай стратегияны каржылоого зарылчылык келип чыкканга чейин сактайт, бул учурда ал финансылык активдерден келип түшкөн каражаттарды капиталдык чыгымдарды каржылоо үчүн пайдаланат. Төлөө мөөнөтү келгенге чейин кирешелүүлүктүн көлөмдөрү боюнча болор-болбос сатуулар гана жүргүзүлөт (буга кредиттик тобокелдик көбөйгөн учурлар кирбейт). Ушундай айырмаланган бизнес-моделдин максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап туруу болуп саналат. |
| **6-мисал**<br>Финансылык институт ликвиддүүлүккө ар күндөгү муктаждыктарды канааттандыруу үчүн финансылык активдерди кармап турат. Ишкана ликвиддүүлүктү башкарууга чыгымдарды минималдаштыруу жолдорун издеп жатат жана бул үчүн портфель боюнча кирешелерди активдүү башкарып жатат. Мындай кирешелер келишимде каралган, алынган төлөмдөрдөн, ошондой эле финансылык активдерди сатуудан пайдалардан жана зыяндардан турат.<br>Натыйжада ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн финансылык активдерди кармап турат жана кирешелүүлүгү көп финансылык активдерге кайра инвестициялоо үчүн же алардын колдонулушунун мөөнөттөрүн анын милдеттенмелеринин колдонулушунун мөөнөттөрүнө мыкты ылайык келтирүүнү камсыз кылуу үчүн финансылык активдерди сатат. Өткөн мезгилдерде мындай стратегия көлөмдөрү боюнча көп жана кыйла сатууларга алып келген. Ушундай сатууларды | Бизнес-моделдин максаты ликвиддүүлүккө ар күндөгү муктаждыктарды канааттандыруу үчүн портфелдин кирешелүүлүгүн максималдуу көбөйтүү болуп саналат жана ишкана бул максатка келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу жана финансылык активдерди сатуу аркылуу жетишет. Башкача айтканда, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу, ошондой эле финансылык активдерди сатуу бизнес-моделдин максатына жетүүнүн ажыралгыс шарттары болуп саналат. |

| Мисал | Талдоо |
|---|---|
| жүзөгө ашырууну келечекте да улантуу күтүлүп жатат. | |
| **7-мисал**<br>Камсыздандыруучу камсыздандыруу келишимдери боюнча милдеттенмелерди каржылоо үчүн финансылык активдерди кармап турат. Камсыздандыруучу камсыздандыруу келишимдери боюнча милдеттенмелерди аларды төлөө мөөнөтү келген учурда төлөө үчүн финансылык активдер боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынан келип түшкөн каражаттарды пайдаланат. Финансылык активдерден келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын бул милдеттенмелерди төлөө үчүн жетиштүүлүгүн камсыз кылуу үчүн камсыздандыруучу өзүндө болгон активдердин портфелин кайра балансто максатында жана акча каражаттарынын агымдарына муктаждыктарды алардын келип чыгышына жараша канааттандыруу үчүн финансылык активдерди сатып алуу жана сатуу боюнча кыйла операцияларды туруктуу негизде жүзөгө ашырат. | Бизнес-моделдин максаты камсыздандыруу келишимдери боюнча милдеттенмелерди каржылоо болуп саналат. Бул максатка жетишүү үчүн ишкана белгиленген мөөнөттө активдердин портфелинин ойдогудай түзүмүн сактоо үчүн келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алат жана финансылык активдерди сатат. Ошентип, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу жана финансылык активдерди сатуу бизнес-моделдин максатына жетишүүнүн ажыралгыс шарттары болуп саналат. |

*Башка бизнес-моделдер*

B4.1.5 Эгерде финансылык активдер максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу болуп саналган бизнес-моделдин алкагында же максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу аркылуу, ошондой эле финансылык активдерди сатуу аркылуу (бирок, ошондой эле 5.7.5-пунктту караңыз) жетишиле турган бизнес-моделдин алкагында кармалып турбаса, алар пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланат. Пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоого алып келүүчү бизнес-моделдердин бири болуп анын алкагында активдерди сатуу аркылуу акча каражаттарынын агымдарын ишке ашыруу максатында ишкана финансылык активдерди башкарган бизнес-модель саналат. Ишкана ушул адилет наркты ишке ашыруу үчүн активдердин адилет наркынын негизинде чечимдерди кабыл алат жана активдерди башкарат. Бул учурда ишкананын максатынын натыйжасы, эреже катары, активдүү сатып алуулар жана сатуулар болот. Ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алган учурда да азырынча тиешелүү финансылык активдерди кармап турат, мындай бизнес-моделдин максатына келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу, ошондой эле финансылык активдерди сатуу аркылуу жетишилбейт. Бул келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу бизнес-моделдин максаттарына жетишүүнүн ажыралгыс шарты болуп саналбаганынан, ал кошумча операция болуп саналганынан улам болуп жатат.

B4.1.6 Адилет нарктын негизинде аны башкаруу жүзөгө ашырылуучу жана натыйжалуулугу бааланууучу финансылык активдердин портфели (4.2.2(b)-пунктунда сыпатталгандай), келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу максатында да, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу, ошондой эле финансылык активдерди сатуу максатында да кармалып турбайт. Ишкана негизги көңүлдү адилет нарк жөнүндө маалыматка бөлөт жана бул маалыматты активдердин натыйжалуулугун баалоо жана чечимдерди кабыл алуу үчүн пайдаланат. Мындан тышкары, соодага арналган деген аныктамага ылайык келген финансылык активдердин портфели келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу максатында да, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу, ошондой эле финансылык активдерди сатуу максатында да кармалып турбайт. Мындай портфелдер үчүн келишимде

каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу бизнес-моделдин максатына жетишилген учурда кошумча операция болуп саналат. Тиешелүү түрдө, финансылык активдердин ушундай портфелдери пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануунга тийиш.

**Карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары**

B4.1.7 Эгерде финансылык актив максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн активдерди кармап туруу болуп саналган бизнес-моделдин алкагында же максаты келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу, ошондой эле финансылык активдерди сатуу аркылуу жетишиле турган бизнес-моделдин алкагында кармалып турса, 4.1.1(b)-пункту ишкана финансылык активди келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрүнүн негизинде ал боюнча классификациялашын талап кылат, буга 4.1.5-пунктту колдонуу учурлары кирбейт. Бул үчүн 4.1.2(b) жана 4.1.2A(b)-пункттарына ылайык ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп санала тургандыгын же жоктугун аныктоого тийиш.

B4.1.7A Карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары базалык кредиттик келишимдин шарттарына ылайык келет. Базалык кредиттик келишимде акчалардын убакыт ичиндеги наркы (B4.1.9A–B4.1.9E-пункттарын караңыз) үчүн ордун толтуруу жана кредиттик тобокелдик, эреже катары, пайыздык төлөмдөрдүн алда канча олуттуу элементтери болуп саналат. Бирок ушундай макулдашуунун алкагында пайыздар ошондой эле кредиттөөнүн башка демейки тобокелдиктери (мисалы, ликвиддүүлүк тобокелдиги) жана чыгымдар (мисалы, административдик чыгымдар) үчүн ордун толтурууну камтышы мүмкүн, алар финансылык актив айрым мезгил аралыгында кармалып турганы менен байланышкан. Ал гана эмес, пайыздар базалык кредиттик келишимге ылайык келген пайданын маржасын камтышы мүмкүн. Эгерде, мисалы, финансылык активди кармоочу өз акчаларын айрым мезгилге жайгаштыргандыгы үчүн тикелей же кыйыр акы төлөсө (жана бул акы кармоочу акчалардын убакыт ичиндеги наркы, кредиттик тобокелдик жана башка демейки тобокелдиктер жана кредиттөө менен байланышкан чыгымдар үчүн алган ордун толтуруунун өлчөмүнөн ашса), өзгөчө экономикалык шарттарда пайыздар терс болушу мүмкүн. Бирок алардын натыйжасында тобокелдиктерге дуушарлануу же базалык кредиттик келишим менен байланышпаган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүлмөлүгү, мисалы, акциялардын котировкаларынын же товарларга баалардын өзгөрүүлөргө кабылышы келип чыккан келишимдик шарттар карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын келип чыгышын шарттабайт. Түзүлгөн же сатып алынган финансылык актив өзүнүн юридикалык формасы боюнча зайым болуп саналганына же жоктугуна карабастан базалык кредиттик келишим болуп саналышы мүмкүн.

B4.1.7B Карыздын негизги суммасы 4.1.3(a)-пунктуна ылайык баштапкы таануу учурунда финансылык активдин адилет наркын билдирет. Бирок карыздын бул негизги суммасы ушул финансылык активдин колдонулушунун мөөнөтүнүн аралыгында (мисалы, эгерде карыздын негизги суммасын төлөөнүн эсебине төлөмдөр орун алса) өзгөрүшү мүмкүн.

B4.1.8 Ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары финансылык активди билдирген валютага карата карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналганын же жоктугун баалоого тийиш.

B4.1.9 Түрткү таасири (левередж) – бул келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарына тиешелүү айрым финансылык активдердин мүнөздөмөсү. Түрткү таасири келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүлмөлүгүн арттырат, анын натыйжасында алар пайыздардын экономикалык мүнөздөмөлөрүнө ээ эмес. Айрым опциондор, форварддык келишимдер жана своптор ушундай түрткү таасирин камтыган финансылык активдердин

мисалдары болуп саналат. Ошентип, мындай келишимдер 4.1.2(b) жана 4.1.2A(b)-пункттарынын шарттарын канааттандырбайт жана кийин амортизацияланган нарк же башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланышы мүмкүн эмес.

*Акчалардын убакыт ичиндеги наркы үчүн ордун толтуруу*

B4.1.9A Акчалардын убакыт ичиндеги наркы пайыздардын элементи болуп саналат, ал убакыт өткөндөн кийин гана ордун толтурууну камсыз кылат. Ошентип, убакыт ичиндеги нарк элементи финансылык активди кармап туруу менен байланышкан башка тобокелдиктер жана чыгымдар үчүн ордун толтурууну камсыз кылбайт. Бул элемент убакыт өткөндөн кийин гана ордун толтурууну камсыз кылаарын же жоктугун баалоо үчүн ишкана ой жүгүртүүнү колдонот жана финансылык активди билдирген валюта жана пайыздык ставка ага белгиленген мезгил сыяктуу жөндүү факторлорду талдайт.

B4.1.9B Бирок айрым учурларда акчалардын убакыт ичиндеги наркынын элементи модификацияланышы мүмкүн (башкача айтканда, өркүндөтүлгөн эмес). Мындай кырдаал, мисалы, эгерде финансылык актив боюнча пайыздык ставка мезгил-мезгили менен кайра каралса, бирок мындай кайра кароонун жыштыгы пайыздык ставканын базалык мөөнөтү менен дал келбесе (мисалы, пайыздык ставка жылдык пайыздык ставкага чейин ай сайын кайра каралат) же эгерде финансылык актив боюнча пайыздык ставка айрым кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү пайыздык ставкалардын орточо маанисине чейин мезгил-мезгили менен кайра каралса, орун алышы мүмкүн эле. Айрым учурларда ишкана модификациялоону келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп санала тургандыгын же жоктугун аныктоо үчүн баалоого тийиш. Айрым жагдайларда ишкана бул фактыны акчалардын убакыт ичиндеги наркынын элементин сапаттык баалоону жүргүзүү аркылуу аныкташы мүмкүн, ошол эле учурда башка жагдайларда сандык баалоо талап кылынышы мүмкүн.

B4.1.9C Акчалардын убакыт ичиндеги наркынын модификацияланган элементин баалоонун максаты келишимде каралган (дисконтирленбеген) акча каражаттарынын агымдарынын жана, эгерде акчалардын убакыт ичиндеги наркынын элементи модификацияланбаган болсо (базалык акча каражаттарынын агымдары), келип чыга турган (дисконтирленбеген) акча каражаттарынын агымдарынын ортосундагы айырманы аныктоо болуп саналат. Мисалы, эгерде бааланып жаткан финансылык актив жылдык пайыздык ставкага чейин ай сайын кайра каралып жаткан өзгөрүлмө пайыздык ставканы караса, өзгөрүлмө пайыздык ставка айлык пайыздык ставкага чейин ай сайын кайра каралып жатканын кошпогондо, ишкана мындай финансылык активди окшош келишимдик шарттары жана окшош кредиттик тобокелдиги бар финансылык инструмент менен салыштырат. Эгерде акчалардын убакыт ичиндеги наркынын элементин модификациялоонун натыйжасында келишимде каралган (дисконтирленбеген) акча каражаттарынын агымдары келип чыкса, алар (дисконтирленбеген) базалык акча каражаттарынын агымдарынан кыйла айырмаланса, финансылык актив 4.1.2(b) жана 4.1.2A(b)-пункттардын шарттарын канааттандырбайт. Бул фактыны аныктоо үчүн ишкана ар бир отчеттук мезгилдеги жана жыйындысында финансылык инструмент колдонулган бүткүл мөөнөттүн аралыгында акчалардын убакыт ичиндеги наркынын модификацияланган элементинен натыйжаны кароого тийиш. Пайыздык ставка ушундай түрдө белгиленишине негиз болгон себептин ушул талдоо үчүн мааниси жок. Эгерде минималдуу талдоонун учурунда же ансыз бааланып жаткан финансылык актив боюнча келишимде каралган (дисконтирленбеген) акча каражаттарынын агымдары (дисконтирленбеген) базалык акча каражаттарынын агымдарынан кыйла айырмаланышы мүмкүн экендиги же жоктугу (же мүмкүн эместиги) айкын болсо, ишкана кең-кесири баалоону жүргүзүшүнүн кереги жок.

B4.1.9D Акчалардын убакыт ичиндеги наркынын модификацияланган элементин баалоо учурунда ишкана келишимде каралган келечектеги акча каражаттарынын агымдарына таасир этиши мүмкүн болгон факторлорду эске алууга тийиш. Мисалы, эгерде ишкана ар бир алты айда беш жылдык пайыздык ставкага чейин кайра каралган, беш жылдык колдонуу мөөнөтү жана өзгөрүлмө пайыздык ставкасы бар облигацияны бааласа, ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары баалоо учурунда пайыздык ставканын өзгөрүү сызыгы беш жылдык пайыздык ставканын жана алты айлык пайыздык ставканын ортосундагы айырма болор-болбос

болуп саналгандыгын көрсөтүп тургандыгынан улам гана карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналат деген тыянакка келе албайт. Анын ордуна ишкана ошондой эле беш жылдык пайыздык ставканын жана алты айлык пайыздык ставканын ортосундагы катыш келишимде каралган (дисконтирленбеген) акча каражаттарынын агымдары инструмент колдонулган мөөнөттүн аралыгында (дисконтирленбеген) базалык акча каражаттарынын агымдарынан кыйла айырмаланышы мүмкүн болгудай түрдө өзгөрүшү мүмкүн экендигин же жоктугун кароого тийиш. Бирок ишкана ар бир ыктымалдуу сценарийди кароонун ордуна негиздүү түрдө ыктымалдуу болгон сценарийлерди гана эске алууга тийиш. Эгерде ишкана келишимде каралган (дисконтирленбеген) акча каражаттарынын агымдары (дисконтирленбеген) базалык акча каражаттарынын агымдарынан кыйла айырмаланышы мүмкүн деген тыянакка келсе, финансылык актив 4.1.2(b) жана 4.1.2A(b)-пункттарынын шарттарына жооп бербейт жана ошентип, амортизацияланган нарк боюнча же башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланышы мүмкүн эмес.

B4.1.9E Айрым юрисдикцияларда пайыздык ставкаларды өкмөт же жөнгө салуучу орган белгилейт. Мисалы, пайыздык ставкаларды мындай мамлекеттик жөнгө салуу кеңири масштабдуу макроэкономикалык саясатта каралышы мүмкүн же ал ишканадан экономиканын айрым секторуна инвестицияларды жүзөгө ашырышы үчүн колдонулушу мүмкүн. Айрым ушундай учурларда акчалардын убакыт ичиндеги наркынын элементинин максаты өткөн убакыт үчүн ордун толтурууну камсыз кылуу гана болуп саналбайт. Бирок, B4.1.9A–B4.1.9D-пункттарына карабастан, жөнгө салынуучу пайыздык ставка, эгерде ушул жөнгө салынуучу пайыздык ставка бүтүндөй алганда, убакыттын өтүшүнө ылайык келген жана базалык кредиттик келишимдин шарттарына ылайык келбеген, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын тобокелдиктерге дуушарланышын же өзгөрүлмөлүгүн шарттабаган ордун толтурууну камсыз кылса, 4.1.2(b) жана 4.1.2A(b)-пункттардын талаптарын колдонуу максаттары үчүн акчалардын убакыт ичиндеги наркынын элементинин көрсөткүчү катарында каралууга тийиш,

*Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөттөрүн же суммасын өзгөртүүчү келишимдик шарттар*

B4.1.10 Эгерде финансылык актив келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөттөрүн же суммасын өзгөртүшү мүмкүн болгон келишимдик шартты караса (мисалы, эгерде актив төлөө мөөнөтү келгенге чейин төлөнүшү мүмкүн болсо же анын колдонулушунун мөөнөтү узартылышы мүмкүн болсо), ишкана ушундай келишимдин шартынын натыйжасында инструмент колдонулган мөөнөттүн аралыгында келип чыгышы мүмкүн болгон келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналаарын же жоктугун аныктоого тийиш. Бул фактыны аныктоо үчүн ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары өзгөргөнгө чейин, ошондой эле андан кийин келип чыгышы мүмкүн болгон келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын баалоого тийиш. Ишканага ошондой эле келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөттөрүн же суммасын өзгөртүшү мүмкүн болгон ар кандай шарттуу окуянын (башкача айтканда, демилгелеген окуянын) мүнөзүн баалоо талап кылынышы мүмкүн. Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана пайыздардын эсебине гана төлөмдөр болуп саналаарын же жоктугун баалоо учурунда шарттуу окуянын мүнөзү өзүнөн-өзү аныктоочу фактор болуп саналбаганы менен, ал индикатор болушу мүмкүн. Мисалы, эгерде карызкор финансылык инструментибар айрым сандагы төлөмдөрдү алда канча жогорку ставкага чейин өзгөрө турган пайыздык ставка менен өткөрсө, эгерде капиталдын айтылган индекси айрым деңгээлге жетсе, финансылык инструментти алда канча жогорку ставкага чейин өзгөрө турган пайыздык ставка менен салыштырып көрөлү. Биринчи учурда келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары инструмент колдонулган мөөнөттүн аралыгында, алар өткөрүп жиберилген төлөмдөр жана кредиттик тобокелдиктин көбөйүшү менен байланышканынын себебинен улам, карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналышы алда канча ыктымалдуу. (Ошондой эле B4.1.18-пунктту караңыз.)

B4.1.11 Төмөндө карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары келип чыгышын шарттаган келишимдик шарттардын мисалдары сунуш кылынган:

(a) акчалардын убакыт ичиндеги наркы үчүн ордун толтурууну, айрым мезгил аралыгында төлөнбөгөн бойдон калган карыздын негизги суммасы жагынан кредиттик тобокелдикти (кредиттик тобокелдик үчүн ордун толтуруу баштапкы таануу учурунда гана белгилениши мүмкүн жана, ошентип, бекитилген болушу мүмкүн) жана башка демейки тобокелдиктерди жана кредиттөө менен байланышкан чыгымдарды, ошондой эле пайданын маржасын өзүнө камтыган өзгөрүлмө пайыздык ставка;

(b) эмитентке (башкача айтканда, карызкорго) карыздык инструментти мөөнөтүнөн мурда төлөөгө мүмкүндүк берген же эмитентке (башкача айтканда, карызкорго) карыздык инструментти аны төлөө мөөнөтү келгенге чейин эмитентке кайра артка кайтарууга мүмкүндүк берген жана мында мөөнөтүнөн мурда төлөө учурунда төлөнгөн сумма иш жүзүндө карыздын төлөнбөгөн негизги суммаларын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздарды билдирген, келишимди мөөнөтүнөн мурда бузуу үчүн негиздүү кошумча ордун толтурууну камтышы мүмкүн болгон келишимдик шарт; жана

(c) карыздык инструменттин эмитентине же кармоочусуна анын колдонулушунун келишимдик мөөнөтүн узартууга мүмкүндүк берген келишимдик шарт (башкача айтканда, мөөнөттү узартууга опцион), мында мөөнөттү узартууга опциондун шарттары узартылган мөөнөттүн ичинде келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын пайда болушуна алып келет, алар карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналат, алар келишимди узартуу үчүн негиздүү кошумча ордун толтурууну камтышы мүмкүн.

B4.1.12 B4.1.10-пункттун жоболоруна карабастан, тескерисинче болгон учурда 4.1.2(b) жана 4.1.2A(b)-пункттарындагы канааттандыра турган, бирок аны карыздык инструментти мөөнөтүнөн мурда төлөөгө эмитентке мүмкүндүк бере турган (же эмитенттен талап кылган) же карыздык инструмент төлөнгөнгө чейин аны эмитентке кайра кайтарууга кармоочуга мүмкүндүк берген (же кармоочудан талап кылган) келишимдик шарттан улам канааттандырбаган финансылык актив амортизацияланган нарк боюнча же башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланышы мүмкүн (4.1.2(a)-пунктунун талаптары же 4.1.2A(a)-пунктунун талаптары аткарылган учурда), эгерде:

(a) ишкана келишимдик номиналдык наркка карата премиясы же арзандатуусу бар финансылык активди сатып алса же түзсө;

(b) жана чегерилген (бирок төлөнбөгөн) келишимде каралган пайыздарды билдирсе жана келишимди мөөнөтүнөн мурда бузуу үчүн негиздүү кошумча ордун толтурууну камтый алса; жана

(c) ишкана финансылык активди алгачкы тааныган учурда мөөнөтүнөн мурда төлөө шартынын адилет наркы болор-болбос болуп саналса.

B4.1.12A B4.1.11(b) жана B4.1.12(b)-пункттарын колдонуу максаттарында, келишимди мөөнөтүнөн мурда бузууга кандай окуя же жагдай алып келгенине карабастан келишимдин тарабы келишимдин мөөнөтүнөн мурда бузулгандыгы үчүн негиздүү ордун толтурууну төлөп бериши же алышы мүмкүн. Мисалы, тараптардын бири кабыл алган келишимди мөөнөтүнөн мурда бузуу жөнүндө чечимдин (же аны мөөнөтүнөн мурда бузууга түрткү болгон башка аракеттердин) ыктымал натыйжасы болуп анын негиздүү ордун толтурууну төлөп бериши же алышы саналат.

B4.1.13 Төмөндө сунуш кылынган мисалдар карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын сүрөттөйт. Мисалдардын сунуш кылынган тизмеги толук болуп саналбайт.

| **Инструмент** | **Талдоо** |
|---|---|
| А инструменти<br><br>А инструменти төлөөнүн билдирилген күнү бар облигацияны билдирет. Карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр инструмент анда чыгарылган валютанын инфляциясынын индексине байланган. Инфляцияга байлоо түрткү таасирине дуушарланбайт жана карыздын негизги суммасы корголгон. | Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналат. Карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөрдү түрткү таасири жок инфляциянын индексине байлоо акчалардын убакыт ичиндеги наркын учурдагы деңгээлге чейин өзгөртөт. Башкача айтканда, инструмент боюнча пайыздык ставка «реалдуу» пайыздарды чагылдырат. Ошентип, пайыздардын суммалары карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгү боюнча акчалардын убакыт ичиндеги наркы үчүн ордун толтуруу болуп саналат.<br><br>Бирок, эгерде пайыздардын төлөмдөрү кандайдыр-бир башка өзгөрүлмө боюнча, мисалы, карызкордун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу (мисалы, карызкордун таза кирешеси) же капиталдын индекси боюнча индексацияланган болсо, анда келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналбайт (буга карызкордун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу боюнча индексация кармоочуга инструменттин кредиттик тобокелдигин өзгөртүүнү гана компенсациялаган оңдоп-түзөөгө алып келген, андыктан келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган учурлар кирбейт). Бул келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары базалык кредиттик келишимдин шарттарына ылайык келбеген кирешелүүлүктү чагылдырганынан улам болуп өтөт (В4.1.7А-пунктун караңыз). |
| **В инструменти**<br><br>В инструменти өзгөрүлмө пайыздык ставкасы жана төлөөнүн билдирилген күнү бар инструмент болуп саналат, бул зайым алуучуга рыноктук пайыздык ставканы туруктуу негизде тандоого мүмкүндүк берет. Мисалы, пайыздык ставканын өзгөрүшүнүн ар бир күнүнө карата зайым алуучу үч айлык LIBOR ставкасынын пайдасына үч айлык мөөнөткө же бир айлык LIBOR ставкасын бир айлык мөөнөткө тандоо жасоого мүмкүндүк берет. | Инструмент колдонулган мөөнөттүн аралыгында төлөнгөн пайыздар акчалардын убакыт ичиндеги наркы үчүн ордун толтурууну, инструмент менен байланышкан кредиттик тобокелдикти жана башка демейки тобокелдиктерди жана кредиттөө менен байланышкан чыгымдарды, ошондой эле пайданын маржасын чагылдырган шартта келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналат (В4.1.7А-пунктун караңыз). LIBOR ставкасы инструмент колдонулган мөөнөттүн аралыгында өзгөргөндүгүнүн фактысы инструмент бул классификация үчүн шарттарды канааттандырбайт дегенди өзүнөн-өзү билдирбейт.<br><br>Бирок, эгерде зайым алуучуда ар бир үч айда |

| Инструмент | Талдоо |
| --- | --- |
| | өзгөрүшү мүмкүн болгон бир айлык пайыздык ставка боюнча төлөмдөрдү тандоо мүмкүнчүлүгү бар болсо, анда пайыздык ставканын өзгөрүшүнүн жыштыгы анын колдонулушунун мөөнөтүнө дал келбейт. Тиешелүү түрдө, «акчалардын убакыт ичиндеги наркынын» элементи модификацияланат. Ушундай эле түрдө, эгерде инструментте келишимде каралган, инструменттин колдонулушунун калган мөөнөтүнөн ашышы мүмкүн болгон мөөнөткө негизделген пайыздык ставкасы бар болсо (мисалы, эгерде беш жылдык төлөө мөөнөтү бар инструмент боюнча мезгилдүү өзгөргөн, бирок дайыма беш жылдык төлөө мөөнөтүн чагылдырган пайыздар төлөнсө), анда «акчалардын убакыт ичиндеги наркынын» элементи модификацияланат. Бул ар бир мезгилде төлөнүүчү пайыздар пайыздарды чегерүү мезгили менен байланышпаганынан улам болуп өтөт. |
| | Мындай учурларда, пайыздык ставканын колдонулушунун мөөнөтү пайыздарды чегерүү мезгили менен дал келгенин кошпогондо, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп санала тургандыгын же жоктугун аныктоо үчүн ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын бардык жагынан окшош инструмент боюнча акча каражаттарынын агымдары менен салыштырып, аларды сапат же сан жагынан баалоого тийиш. (Бирок, жөнгө салынуучу пайыздык ставкалар үчүн В4.1.9Е-пунктундагы көрсөтмөлөрдү караңыз.)<br><br>Мисалы, беш жылдык төлөө мөөнөтү жана ар бир алты айда кайра белгиленип туруучу, бирок дайыма беш жылдык төлөө мөөнөтүн чагылдырган өзгөрүлмө пайыздык ставкасы бар облигацияны баалоодо ишкана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын ал боюнча пайыздык ставка ар бир алты айда учурдагы алты айлык пайыздык ставканын деңгээлине чейин өзгөргөн, бирок башка жактарынан окшош болуп саналган инструмент боюнча карайт.<br><br>Ушундай талдоо, эгерде зайым алуучуда кредитордун жарыяланган ар түрдүү пайыздык ставкаларынын ортосунда тандоо мүмкүнчүлүгү бар болсо, кабыл алынат (мисалы, зайым алуучу же болбосо кредитордун жарыяланган бир айлык өзгөрүлмө пайыздык ставкасын, же болбосо кредитордун жарыяланган үч айлык өзгөрүлмө пайыздык ставкасын тандай алат). |
| **С инструменти**<br><br>С инструменти билдирилген төлөө күнү жана өзгөрүлмө рыноктук пайыздык ставкасы бар облигация болуп саналат. Бул өзгөрүлмө пайыздык | Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары:<br><br>(a) бекитилген пайыздык ставкасы бар инструмент боюнча, ошондой эле |

| **Инструмент** | **Талдоо** |
|---|---|
| ставканын бекитилген жогорку чеги («кэп») бар. | (b) өзгөрүлмө пайыздык ставкасы бар инструмент боюнча,<br><br>пайыздар акчалардын убакыт ичиндеги наркы үчүн ордун толтурууну, инструмент колдонулган мөөнөттүн аралыгында аны менен байланышкан кредиттик тобокелдикти жана башка демейки тобокелдиктерди жана кредиттөө менен байланышкан чыгымдарды, ошондой эле пайданын маржасын чагылдырган шартта карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналат (В4.1.7А-пунктун караңыз).<br><br>Тиешелүү түрдө, (а) жана (b) комбинациясы болуп саналган инструмент (мисалы, пайыздык ставканын бекитилген жогорку чеги («кэп») бар облигация) карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган акча каражаттарынын агымдарына ээ боло алат. Мындай келишимдик шарт өзгөрүлмө пайыздык ставканы белгилөө (мисалы, пайыздык ставканын бекитилген жогорку чегин («кэп») же төмөнкү чегин («флор») белгилөө аркылуу акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүлмөлүгүн азайта алат же акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүлмөлүгүн көбөйтө алат, анткени бекитилген ставка өзгөрүлмө болуп калат. |
| **D инструменти**<br><br>D инструменти толук регресс укугу менен зайым болуп саналат жана күрөө менен камсыздалат. | Регресс укугу менен зайым күрөө менен камсыздалгандыгынын фактысы келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп санала тургандыгын же жоктугун талдоого өзүнөн-өзү таасир этпейт. |
| **Е инструменти**<br><br>Е инструменти ишмердүүлүгү жөнгө салуунун предмети болуп саналган банк тарабынан чыгарылган жана анын билдирилген төлөө күнү бар. Инструмент боюнча бекитилген ставкада пайыздар төлөнөт жана келишимде каралган бардык акча каражаттарынын агымдары милдеттүү болуп саналат.<br><br>Бирок эмитентке мыйзамдардын жоболору жайылтылат, алар улуттук жөнгө салуучу органдар айрым жагдайларда зыяндарды айрым инструменттерди кармоочуларга, анын ичинде Е инструментине таандык кылышына мүмкүндүк берет же аны талап кылат. Мисалы, эгерде улуттук жөнгө салуучу органдар эмитент олуттуу финансылык оорчулуктарды башынан өткөрүп жатат, кошумча ченемдик капиталга муктаж же «банкроттуктун босогосунда» турат деп аныктаса, алар Е инструментинин номиналдык наркын | Финансылык инструментти кармоочу анын келишимдик шарттарын, алар карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган акча каражаттарынын агымдарынын келип чыгышын шарттай тургандыгын же жоктугун, аныктоо үчүн талдоого тийиш, жана ошентип, базалык кредиттик келишимдин шарттарына ылайык келет.<br><br>Мындай талдоо улуттук жөнгө салуучу органдардын зыяндарды Е инструментинин кармоочуларына таандык кылуу жагынан ыйгарым укуктарынын натыйжасында гана келип чыгуучу төлөмдөрдү эске албайт. Бул мындай ыйгарым укуктар жана алардын натыйжасында келип чыккан төлөмдөр финансылык инструменттин келишимдик шарттары болуп саналбагандыгы менен шартталган. |

| Инструмент | Талдоо |
|---|---|
| эсептен чыгарууга же аны эмитенттин бекитилген сандагы жөнөкөй акцияларына конвертирлөөгө укуктуу. | Тескерисинче, эгерде финансылык инструменттин келишимдик шарттары эмитенттен же башка ишканадан зыяндарды аны кармоочуга (мисалы, номиналдык наркты эсептен чыгаруу же инструментти эмитенттин бекитилген сандагы жөнөкөй акцияларына конвертирлөө аркылуу) таандык кылууга мүмкүндүк берсе же талап кылса, мындай келишимдик шарттар анык болуп саналган, кала берсе зыянды ушундай таандык кылуу ыктымалдуулугу болор-болбос болуп саналган шартта, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналбай калат. |

B4.1.14 Төмөндө келтирилген мисалдар карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналбаган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын сүрөттөп турат. Мисалдардын сунуш кылынган тизмеги толук болуп саналбайт.

| Инструмент | Талдоо |
|---|---|
| **F инструменти**<br><br>F инструменти эмитенттин үлүштүк инструменттеринин бекитилген санына конвертирленүүчү облигация болуп саналат. | Кармоочу конвертирленүүчү облигацияны бүтүн талдоого тийиш.<br><br>Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр болуп саналбайт, анткени алар базалык кредиттик келишимдин шарттарына ылайык келбеген кирешени чагылдырат (B4.1.7A-пунктун караңыз); башкача айтканда, киреше эмитенттин өздүк капиталынын наркы менен байланышкан. |
| **G инструменти**<br><br>G инструменти артка карай өзгөрүлмө пайыздык ставкасы бар зайым болуп саналат (башкача айтканда, пайыздык ставканын рыноктук пайыздык ставкага артка карай көз карандылыгы бар). | Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналбайт.<br><br>Пайыздардын суммасы карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгү боюнча акчалардын убакыт ичиндеги наркы үчүн ордун толтуруу болуп саналбайт. |
| **H инструменти**<br><br>H инструменти мөөнөтсүз инструмент болуп саналат, бирок эмитент инструментти каалаган учурда кайра артка чакырта алат жана анын кармоочусуна номиналдык наркты плюс төлөнүүгө тийиш болгон чегерилген пайыздарды төлөй алат.<br><br>H инструменти боюнча рыноктук пайыздык ставка төлөнөт, бирок пайыздарды төлөө эгерде | Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр болуп саналбайт. Бул эмитенттен пайыздар боюнча төлөмдөрдү кийинкиге калтырууну талап кылышы мүмкүн экендиги жана ушул кийинкиге калтырылган суммаларга кошумча пайыздар чегерилбегендиги менен шартталган. Натыйжада, пайыздардын суммалары карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгү боюнча акчалардын убакыт ичиндеги наркы үчүн ордун |

| **Инструмент** | **Талдоо** |
|---|---|
| эмитент түздөн-түз ушундай төлөмдөн кийин төлөөгө жөндөмдүү бойдон калса гана жүргүзүлүшү мүмкүн.<br><br>Пайыздардын кийинкиге калтырылган суммаларына кошумча пайыздар чегерилбейт | толтуруу болуп саналбайт.<br><br>Эгерде кийинкиге калтырылган суммаларга пайыздар чегерилген болсо, анда келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр болушу мүмкүн. |
| | Н инструменти мөөнөтсүз болуп саналгандыгынын фактысы өзүнөн-өзү келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр болуп саналбайт дегенди билдирбейт.<br><br>Иш жүзүндө, мөөнөтсүз инструмент узартууга үзгүлтүксүз (бир нече жолку) опциондорду карайт. Мындай мүмкүнчүлүк, эгерде пайыздык төлөмдөр милдеттүү болуп саналса жана тынымсыз жүргүзүлүүгө тийиш болсо, негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр болуп саналган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары пайда болушуна алып келиши мүмкүн.<br><br>Мындан тышкары, Н инструменти кайра чакыртылуучу болуп саналгандыгынын фактысы, эгерде мындай инструмент иш жүзүндө карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүн жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздарды төлөөнү чагылдырбаган сумманы төлөө менен кайра артка чакыртып алынбаса гана, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр болуп саналбай тургандыгын билдирбейт. Инструментти кайра чакыртып алганда төлөнүүчү сумма инструментти мөөнөтүнөн мурда бузууну кармоочуга негиздүү компенсациялоочу сумманы өзүнө камтыган учурда да, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр болушу мүмкүн. (Ошондой эле B4.1.12-пунктун караңыз.) |

B4.1.15 Айрым учурларда финансылык актив карыздын негизги суммасы жана пайыздар катары сыпатталган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары менен мүнөздөлүшү мүмкүн, бирок мындай акча каражаттарынын агымдары ушул стандарттын 4.1.2(b), 4.1.2A(b) жана 4.1.3-пункттарына ылайык карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөрдү билдирбейт.

B4.1.16 Бул, эгерде финансылык актив айрым активдерге инвестицияны же акча каражаттарынын агымдарын билдирсе, орун алат жана, тиешелүү түрдө, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналбайт. Мисалы, эгерде келишимдик шарттарга ылайык финансылык актив боюнча акча каражаттарынын агымдары айрым акы төлөнүүчү жолдорду пайдаланган автомобилдердин санынын көбөйүшүнө жараша

көбөйсө, мындай келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары базалык кредиттик келишимге ылайык келбейт. Натыйжада, инструмент 4.1.2(b) жана 4.1.2A(b)-пункттарынын шарттарын канааттандырбайт. Бул кредитордун талаптары карызкордун белгиленген активдери же белгиленген активдерден акча каражаттарынын агымдары (мисалы, регресс укугу болбогон финансылык актив) менен чектелген учурда да орун алышы мүмкүн.

B4.1.17 Бирок финансылык активдин регресс укугу жоктугунун фактысы финансылык актив 4.1.2(b) жана 4.1.2A(b)-пункттарынын шарттарын канааттандырбай тургандыгы жөнүндө өзүнөн-өзү айтып турган жок. Мындай учурларда кредитор классификацияланууга тийиш болгон, финансылык актив боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр болуп санала тургандыгын же жоктугун аныктоо үчүн конкреттүү базалык активдерди же акча каражаттарынын агымдарын баалоого (өтмө талдоону жүргүзүүгө) тийиш. Эгерде финансылык активдин шарттары кандайдыр-бир башка акча каражаттарынын агымдарын шарттаса же акча каражаттарынын агымдарын чектесе, ошентип, алар карыздын негизги суммасын же пайыздарды билдирген төлөмдөргө ылайык келбесе, анда финансылык актив 4.1.2(b) жана 4.1.2A(b)-пункттарынын шарттарын канааттандырбайт. Базалык активдер финансылык же финансылык эмес активдер болуп саналгандыгынын же жоктугунун фактысы өзүнөн-өзү бул баалоого таасир этпейт.

B4.1.18 Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөсү финансылык активдин классификациясына, эгерде анын финансылык актив боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарына таасири өтө аз болуп саналса, таасир этпейт. Бул фактыны аныктоо үчүн ишкана ар бир отчеттук мезгилдеги жана жыйынтыгында финансылык инструмент колдонулган мөөнөттүн аралыгындагы келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөсүнүн мүмкүн болгон таасирин кароого тийиш. Ал гана эмес, эгерде келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөсүнүн финансылык актив боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарына таасири (отчеттук мезгилде же жыйынтыгында) өтө эле аз болуп саналбаса, бирок келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөсү анык болуп саналбаса, бул финансылык активдин классификациясына эч кандай таасир этпейт. Эгерде акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөсү өтө сейрек, демейдегиден таптакыр башкача жана ыктымалдуулугу аз болуп саналган окуя болгон учурда гана инструмент боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарына таасир этсе, ал анык болуп саналбайт.

B4.1.19 Иш жүзүндө, кредиттөөнүн ар бир операциясында кредитордун инструменти карызкордун башка кредиторлорунун инструменттерине карата ранжирленет. Эгерде карызкордун төлөбөй коюшу келишимди бузуу болуп саналса жана аны кармоочу карызкор банкрот болгон учурда да карыздын төлөнбөгөн негизги суммаларына жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздарга келишимде каралган укукка ээ болсо, башка инструменттерге карата субординацияланган болуп саналган инструмент карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр болуп саналган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары менен мүнөздөлүшү мүмкүн. Мисалы, соода кредиторун артыкчылыгы жок кредитор катары мүнөздөгөн соодабоюнча дебитордук карыз карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөрдү караган катары классификацияланат. Бул, банкроттук учурунда да карызкор камсыз кылуу жагынан артыкчылыгы жок кредитордун талаптарына карата кредиторго зайым боюнча артыкчылык бере турган, бирок карыздын төлөнбөгөн негизги суммасына жана башка тиешелүү суммаларга артыкчылыгы жок кредитордун келишимде каралган укугуна таасир этпеген, камсыз кылынган зайымдарды берген күндө да адилеттүү.

*Келишим менен байланышкан инструменттер*

B4.1.20 Операциялардын айрым түрлөрүндө эмитент кредиттик тобокелдиктин (транштар) топтолушун түзгөн, келишим менен бир аз байланышкан инструменттерди пайдаланып, финансылык активдердин кармоочуларына төлөмдөрдүн артыкчылыгынын тартибин аныктай алат. Ар бир транштын өзүнүн субординация деңгээли бар, ал эмитент топтогон акча каражаттарынын агымдары транштарга бөлүнгөн тартипти аныктайт. Мындай кырдаалдарда траншты

кармоочулар, эгерде эмитент алда канча жогорку деңгээлдеги транштар боюнча акы төлөө үчүн жетиштүү акча каражаттарынын агымдарын топтосо гана, карыздын негизги суммасын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздарды төлөөгө укуктуу болот.

B4.1.21 Мындай операцияларда транш карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр болуп саналган акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөсүнө ээ, эгерде:

(a) классификациялоо үчүн бааланып жаткан (финансылык инструменттердин базалык пулун талдабастан) транштын келишимдик шарттары карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган акча каражаттарынын агымдарына алып келсе (мисалы, транш боюнча пайыздык ставка товардык индекс менен байланышкан эмес);

(b) финансылык инструменттердин базалык пулу B4.1.23 жана B4.1.24-пункттарда көрсөтүлгөн акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрүнө ээ болсо; жана

(c) траншка мүнөздүү болгон финансылык инструменттердин базалык пулунда кредиттик тобокелдикке кабылуу финансылык инструменттердин базалык пулунун кредиттик тобокелдигине барабар же андан төмөн болсо (мисалы, классификациялоо үчүн бааланып жаткан транштын кредиттик рейтинги финансылык инструменттердин базалык пулун каржылоо үчүн колдонулуучу бирдиктүү траншка карата колдонула турган кредиттик рейтингге барабар же андан жогору).

B4.1.22 Ишкана акча каражаттарынын агымдарын жаратуучу (өткөрүп бербеген) инструменттердин базалык пулун аныктай албаган чакта, инструменттин өтмө талдоосун жүргүзүүгө тийиш. Бул финансылык инструменттердин базалык пулу болуп саналат.

B4.1.23 Базалык пул карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарына ээ болгон бир же бир нече инструменттерди камтууга тийиш.

B4.1.24 Инструменттердин базалык пулу ошондой эле төмөнкүдөй инструменттерди камтышы мүмкүн:

(a) B4.1.23-пунктта көрсөтүлгөн инструменттер боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүшүн кыскарткан жана B4.1.23-пунктта көрсөтүлгөн инструменттер менен айкалышта карыздын негизги суммасынын жана карыздын негизги суммасынын төлөнбөгөн бөлүгүнө пайыздардын эсебине төлөмдөр гана болуп саналган акча каражаттарынын агымдарына алып келген (мисалы, пайыздык ставкага «кэп» же «флор» опциондор же B4.1.23-пунктта көрсөтүлгөн айрым же бардык инструменттер боюнча кредиттик тобокелдикти төмөндөткөн келишим); же

(b) транштардан акча каражаттарынын агымдарын B4.1.23-пунктта көрсөтүлгөн базалык инструменттердин пулунан акча каражаттарынын агымдарына ылайык келтирген, бул төмөнкүдөй пункттарда гана ажырымдарды жоюуга мүмкүндүк берет:

(i) пайыздык ставка бекитилген же өзгөрүлмө болуп саналабы;

(ii) акча каражаттарынын агымдары көрсөтүлгөн валюта, анын ичинде ошол эле валютадагы инфляция; же

(iii) акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөттөрү.

B4.1.25 Эгерде пулдагы бир дагы инструмент B4.1.23-пункттун же B4.1.24-пункттун шарттарын канааттандырбаса, B4.1.21(b)-пунктунун шарттары аткарылбайт. Ушундай баалоону жүргүзүү үчүн ар бир инструментти кеӊ-кесири талдоо талап кылынбашы мүмкүн. Бирок, ишкана ой жүгүртүүнү колдонууга жана пулдагы инструменттер B4.1.23–B4.1.24-пункттарды канааттандырарын же жоктугун аныктоо үчүн жетиштүү болгон талдоону жүргүзүүгө тийиш.

(Ошондой эле таасири өтө аз, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрү жагынан B4.1.18-пунктта каралган көрсөтмөлөрдү кара.)

B4.1.26 Эгерде инструментти кармоочу баштапкы таануу учурунда B4.1.21-пункттун шарттарын баалай албаса, транш пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууга тийиш. Эгерде инструменттердин базалык пулу баштапкы таануу учурунан тартып бул пул B4.1.23–B4.1.24-пункттардын шарттарын канааттандырбагыдай түрдө өзгөрүшү мүмкүн болсо, транш B4.1.21-пункттун шарттарына жооп берет жана пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануута тийиш. Бирок, ишкана камсыз кылууну контролдоо ниети менен траншты сатып алган учурларды кошпогондо, эгерде базалык пул B4.1.23–B4.1.24-пункттардын шарттарын канааттандырбаган активдер менен камсыз кылынган инструменттерди камтыса, өндүрүп алууну ушундай активдерге айландыруу жөндөмү ушул пунктту колдонуу максаттарын эске алууга тийиш эмес.

## Финансылык активди же финансылык милдеттенмени ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялоо мүмкүнчүлүгү (4.1 жана 4.2-бөлүмдөр)

B4.1.27 4.1.5 жана 4.2.2-пункттарда баяндалган шарттарга ылайык, ушул стандарт ишканага өз каалоосу боюнча финансылык активди, финансылык милдеттенмени же финансылык инструменттердин тобун (финансылык активдер, финансылык милдеттенмелер же тигилер менен булар бирге), бул алда канча жөндүү маалыматты көрсөтүүнү камсыз кылган шартта, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялоого уруксат берет.

B4.1.28 Ишкананын өз каалоосу боюнча финансылык активди же финансылык милдеттенмени пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялоо чечими эсеп саясатын тандоого окшош (бирок эсеп саясатынан айырмаланып, мындай классификациялоону бардык ушундай операцияларга карата ырааттуу колдонуу талап кылынбайт). Ишканага мындай тандоо берилгенде, ФОЭС (IAS) 8дин 14(b)-пунктуна ылайык тандалган эсеп саясаты финансылык отчеттуулукта операциялардын, башка окуялардын жана шарттардын ишкананын финансылык абалына, ишмердүүлүгүнүн финансылык натыйжалуулугуна же акча каражаттарынын агымдарына таасири жөнүндө ишенимдүү жана алда канча жөндүү маалыматты берүүнү камсыз кылышы талап кылынат. Мисалы, финансылык милдеттенмени ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялаган учурда, 4.2.2-пункт анын учурунда алда канча жөндүү маалыматты берүү боюнча талап аткарыла турган эки шартты аныктайт. Тиешелүү түрдө, 4.2.2-пунктка ылайык мындай классификацияны тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн ишкана ушундай эки шарттын бирин (же экөөнү) канааттандыраарын көрсөтүүгө тийиш.

### Финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялоо эсептик шайкеш эместикти жоет же кыйла кыскартат

B4.1.29 Финансылык активди же финансылык милдеттенмени баалоо жана анын наркындагы таанылган өзгөртүүлөрдү классификациялоо тиешелүү объекттин классификациясы жана бул объект ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө мамилелеринин бир бөлүгү болуп санала тургандыгы же жоктугу менен аныкталат. Бул талаптар баалоого же таанууга карата ыкмалардын ырааттуу эместиги (кээде «эсептик шайкеш эместик» деп аталат) пайда болушуна алып келиши мүмкүн, мында, мисалы, финансылык милдеттенмени ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификациялоо жокто, финансылык актив кийин пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катары классификацияланат, ал эми ишкана ушундай актив менен байланыштуу деп эсептеген милдеттенме амортизацияланган нарк боюнча бааланат (бул учурда адилет нарктын өзгөртүүлөрү таанылбайт). Мындай жагдайларда ишкана анын финансылык отчеттуулугунда, эгерде актив да, милдеттенме да пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланса, алда канча жөндүү маалымат берилет деген корутундуга келиши мүмкүн.

© ФОЭС Фонду

B4.1.30 Төмөндө келтирилген мисалдар бул шарт качан аткарылаарын көрсөтөт. Бардык учурларда ишкана бул шартты, мында 4.1.5 же 4.2.2(а)-пунктунда келтирилген принцип сакталганда гана, өз каалоосу боюнча финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары пайдаланууга укуктуу:

(a) ишканада аларды баалоо учурдагы маалыматты камтыган камсыздандыруу боюнча милдеттенмелер (буга ФОЭС (IFRS) 4түн 24-пунктуна ылайык жол берилет) жана ишкана ушундай милдеттенмелер менен байланыштуу деп эсептеген финансылык активдер бар жана алар, тескерисинче болгон учурда, же болбосо пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча, же болбосо амортизацияланган нарк боюнча бааланышы мүмкүн.

(b) ишканада финансылык активдер, финансылык милдеттенмелер же бир эле учурда финансылык активдер да, финансылык милдеттенмелер да бар, алар жалпы тобокелдикке, мисалы, пайыздык тобокелдикке кабылышы мүмкүн жана бул өз ара компенсациялоого карата тенденциясы бар аларды адилет наркынын карама-каршылыктуу өзгөрүүлөрүн пайда кылат. Бирок инструменттердин бир бөлүгү гана пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча (мисалы, туунду инструменттер же соодага арналган катары классификациялануучу инструменттер гана) бааланмакчы. Ошондой эле, мисалы, 6.4.1-пунктта белгиленген хеджирлөөнүн натыйжалуулугу жагынан талаптарды аткарбоого байланыштуу хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу үчүн талаптар аткарылбаган кырдаал түзүлүшү мүмкүн.

(c) ишканада финансылык активдер, финансылык милдеттенмелер же бир эле учурда финансылык активдер да, финансылык милдеттенмелер да бар, алар жалпы тобокелдикке, мисалы, пайыздык тобокелдикте кабылышы мүмкүн, алар өз ара компенсациялоого карата тенденциясы бар алардын адилет наркынын карама-каршылыктуу өзгөрүүлөрүн пайда кылат жана мында ишкананын каалоосу боюнча бул финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди хеджирлөө инструменти катары аныктоо үчүн критерийлер аткарылбай жатат, анткени алар пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланбайт. Мындан тышкары, хеджирлөөнү эсепке алуу жокто пайдаларды жана зыяндарды таанууда кыйла шайкеш эместик орун алган. Мисалы, ишкана рынокто жүгүртүлүүчү облигацияларды чыгаруу аркылуу зайымдардын айрым тобун финансылаган, мында зайымдардын жана облигациялардын адилет наркынын өзгөрүүлөрү өз ара компенсациялоого карай тенденцияга ээ. Эгерде ушуга кошумча түрдө ишкана облигацияларды дайыма сатып алса жана сатса, бирок зайымдарды сейрек сатып алса жана сатса, эгерде дегеле муну жасаса, зайымдарды да, облигацияларды да пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча эсепке алуу пайдаларды жана зыяндарды таануу мөөнөттөрүндөгү шайкеш эместикти жоет, алар андай болбогон учурда зайымдарды да, облигацияларды да амортизацияланган нарк боюнча баалоого жана облигацияларды кайра артка сатып алуунун ар бир учурунда пайданы же зыянды таанууга байланыштуу келип чыкмак.

B4.1.31 Мурдагы пунктта сыпатталганга окшош учурларда, андай болбогон учурда башкача, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары бааланышы мүмкүн болгон, ишкананын каалоосу боюнча финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди алгачкы тааныган учурда классификациялоо баалоого же таанууга карата ыкмалардын ырааттуу эместигин жоюп же кыйла кыскартып жана алда канча жөндүү маалыматты берүүнү камсыз кыла алат. Практикалык максаттарда ишкана баалоого же таанууга карата ыкмалардын ырааттуу эместиги пайда болушуна алып келүүчү активдер жана милдеттенмелер жагындагы операцияларды бир эле учурда жүзөгө ашырууга милдеттүү эмес. Баштапкы таануу учурунда ар бир операция ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификацияланган жана ушул учурда калган операциялар жүзөгө ашырылат деп күтүлгөн шартта негиздүү убакыттык ажырымга жол берилет.

B4.1.32 Эгерде ырааттуу эместиктин пайда болушуна алып келүүчү финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин бир бөлүгүн ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификациялоо бул ырааттуу эместикти жоюуну же кыйла кыскартууну жана, тиешелүү түрдө, алда канча жөндүү маалыматты берүүнү

© ФОЭС Фонду

камсыз кылбаса, анда мындай классификациялоону жүргүзүүгө уруксат берилбейт. Бирок, эгерде бул ырааттуу эместикти кыйла кыскартууга (балким, кала берсе классификациялоонун уруксат берилген бардык башка ыкмаларын камсыз кылуу кудуретине караганда көбүрөөк) алып келсе, ишкананын каалоосу боюнча окшош финансылык активдердин же окшош финансылык милдеттенмелердин айрым санынын бир бөлүгүн гана классификациялоону жүргүзүүгө уруксат берилет. Айталы, мисалы, ишканада 100 акча бирдигин түзгөн суммадагы окшош финансылык милдеттенмелердин айрым саны жана 50 акча бирдигин түзгөн суммадагы, бирок башка базаны пайдалануу менен бааланууучу окшош финансылык активдердин айрым саны бар. Эгерде баштапкы таануу учурунда өз каалоосу боюнча бардык активдерди, бирок милдеттенмелердин бир бөлүгүн гана (мисалы, 45 акча бирдигин түзгөн суммадагы айрым милдеттенмелерди) пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификацияласа, ишкана баалоого карата ыкмалардын ырааттуу эместигин кыйла кыскарта алат. Бирок бүткүл финансылык инструмент гана ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификацияланышы мүмкүн болгондуктан, жогоруда сунуш кылынган мисалда ишкана бир же бир нече милдеттенмелерди бүтүн бойдон көрсөтүлгөн түрдө классификациялоого милдеттүү. Ал милдеттенменин компонентин (мисалы, базалык пайыздык ставканын өзгөртүүлөрү сыяктуу тобокелдиктин бир түрүнө гана таандык болгон нарктын өзгөрүшү) же милдеттенменин кандайдыр-бир бөлүгүн (башкача айтканда, пропорционалдуу үлүшүн) өз каалоосу боюнча классификациялай албайт.

**Ишкана финансылык милдеттенмелердин же финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин тобун башкарууну жүзөгө ашырат жана мындай топтун финансылык натыйжалуулугун адилет нарктын негизинде баалайт**

B4.1.33 Ишкана финансылык милдеттенмелердин же бирге финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин тобунун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун ушундай топту пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоо алда канча жөндүү маалыматты берүүнү камсыз кылгыдай түрдө башкара жана баалай алат. Бул учурда басым ишкананын финансылык инструменттеринин мүнөзүнө караганда, ал натыйжалуулукту башкарууну жана баалоону кандай түрдө жүзөгө ашыра тургандыгына жасалат.

B4.1.34 Мисалы, эгерде ишкана 4.2.2(b)-пунктунда белгиленген принципти сактаса жана ишканада бир же бир нече тобокелдиктерге дуушарланышы мүмкүн болгон финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер бар болсо, ал эми бул тобокелдиктерди башкаруу жана аларды баалоо активдерди жана милдеттенмелерди башкаруунун документтер менен тариздлелген саясатына ылайык адилет нарктын негизинде жүргүзүлүп жатса, ишкана бул шартты өз каалоосу боюнча финансылык милдеттенмелерди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификациялоо үчүн пайдалана алат. Мисал катарында көп санда камтылган туунду инструменттерди камтыган «түзүмдөштүрүлгөн продуктуларды» чыгарган жана алар менен байланышкан тобокелдиктерди туунду жана туунду эмес финансылык инструменттердин комбинациясын пайдалануу менен адилет нарктын негизинде башкарып жаткан ишкананы кароого болот.

B4.1.35 Жогоруда көрсөтүлгөндөй, бул шартты аткаруу ишкана каралып жаткан финансылык инструменттердин тобун кандай түрдө башкараарына жана аны менен байланышкан натыйжалуулукту кандай баалайрына байланыштуу. Тиешелүү түрдө (ишкананын каалоосу боюнча баштапкы таануу учурунда классификациялоого карата талаптарды эске алуу менен), өз каалоосу боюнча финансылык милдеттенмелерди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификациялаган ишкана ушул шарттын негизинде аларды башкаруу баалоо сыяктуу эле бирге жүзөгө ашырыла турган, белгиленген критерийлерди канааттандырган бардык финансылык милдеттенмелерди ушундай түрдө классификациялоого тийиш.

B4.1.36 Ишкананын стратегиясын жөнгө салуучу документация сөзсүз эле көлөмдүү болууга тийиш эмес, бирок ал 4.2.2(b)-пункту сакталганын көрсөтүү үчүн жетиштүү болууга тийиш. Бул документацияны ар бир өзүнчө берене үчүн түзүү талап кылынбайт, ал бүтүндөй алганда, бүткүл портфелге таандык болушу мүмкүн. Мисалы, эгерде ишкананын негизги башкаруучу персоналы бекиткен бөлүмдүн ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун башкаруу системасы анын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу ушундай негизде бааланып жаткандыгы жөнүндө ачыктан-

ачык тастыктап турса, 4.2.2(b)-пунктунун сакталышын көрсөтүп турган кошумча документация талап кылынбайт.

## Камтылган туунду инструменттер (4.3-бөлүм)

B4.3.1 Ишкана ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирген актив болуп саналбаган негизги келишими бар гибриддик келишимдин тарабы болуп калганда, 4.3.3-пункт ишкана ар кандай камтылган туунду инструментти идентификациялашын, аны негизги келишимден бөлүү зарылчылыгын баалашын жана бөлүнүүгө тийиш болгон туунду инструменттерди баштапкы таануу учурунда – адилет нарк боюнча жана кийин пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалашын талап кылат.

B4.3.2 Эгерде негизги келишим белгиленген же мурдатан аныкталган төлөө мөөнөтүн камтыбаса жана ишкананын таза активдериндеги калдык үлүштү билдирсе, ал үлүштүк инструменттин экономикалык мүнөздөмөлөрүнө жана тобокелдиктерине ээ, мында камтылган туунду инструмент негизги келишим менен тыгыз байланышы бар катары каралышы үчүн ошол эле ишканага тиешелүү болгон үлүштүк инструменттин мүнөздөмөлөрүнө ээ болууга тийиш. Эгерде негизги келишим үлүштүк инструмент болуп саналса жана финансылык инструменттин аныктамасына ылайык келсе, анда үлүштүк инструменттин экономикалык мүнөздөмөлөрү жана тобокелдиктери бар.

B4.3.3 Камтылган опциондук эмес туунду инструмент (мисалы, камтылган форварддык келишим же своп) ал баштапкы таануу учурунда нөлдүк адилет наркка ээ болушу үчүн анын көрсөтүлгөн же болжолдонгон негизги шарттарынын негизинде негизги келишимден бөлүнүүгө тийиш. Камтылган опциондуу туунду инструмент (мисалы, камтылган пут-опцион колл-опцион, «кэп» же «флор» опциондор же свопцион) опциондун көрсөтүлгөн шарттарынын негизинде негизги келишимден бөлүнөт. Негизги инструменттин баштапкы баланстык наркы камтылган туунду инструментти бөлгөндөн кийинки калдык суммага барабар.

B4.3.4 Эреже катары,бир гибриддик келишимде камтылган көп санда камтылган туунду инструменттер бир курамдык камтылган туунду инструмент катары эсепке алынат. Бирок, өздүк капитал катары классификациялануучу камтылган туунду инструменттер (*«Финансылык инструменттер: маалыматты берүү»* ФОЭС (IAS) 32) актив же милдеттенме катары классификациялануучу инструменттерден өзүнчө эсепке алынат. Мындан тышкары, эгерде гибриддик келишим бирден ашык камтылган туунду инструменттери бар болсо жана бул туунду инструменттер ар түрдүү тобокелдиктерге кабылышы мүмкүн болсо, оңой бөлүнсө жана бири-бирине көз карандысыз болсо, алар бири-биринен өзүнчө эсепке алынат.

B4.3.5 Камтылган туунду инструменттин экономикалык мүнөздөмөлөрүнүн жана тобокелдиктеринин төмөндө келтирилген мисалдарда негизги келишим менен (4.3.3(a)-пункту) тыгыз байланышы жок. Бул мисалдарда каралган учурларда, 4.3.3(b) жана (c) пунктунун шарттары аткарылат деп божомолдогондо, ишкана камтылган туунду инструментти негизги келишимден өзүнчө эсепке алат.

(a) Эмитенттен бул инструментти көлөмдөрү акциялардын же товарлардын наркынын же индексинин өзгөрүшүнө жараша өзгөргөн акча каражаттары же башка активдер үчүн кайра сатып алууну талап кылууга кармоочуга мүмкүндүк берген инструментке камтылган пут-опциондун негизги карыздык инструмент менен тыгыз байланышы жок.

(b) Узартуу учурунда бир эле учурда болжолдуу учурдагы рыноктук пайыздык ставкага чейин ондоп-түзөө жүзөгө ашырылган учурларды кошпогондо, карыздык инструментти төлөө үчүн калган мөөнөттү узартууга укуктун же узартуунун автоматтык шартынын негизги карыздык инструмент менен тыгыз байланышы жок. Эгерде ишкана жана ушул карыздык инструментти кармоочу үчүнчү тарапка карыздык инструмент жагынан колл-опционду чыгарса, эмитенттен колл-опционду аткаруунун натыйжасында карыздык инструментти кайра сатууга катышууну же көмөктөшүүнү талап кылууга мүмкүн болгон шартта, эмитент мындай колл-опционду мөөнөттү карыздык инструментти төлөгөнгө чейин узартуучу катары карайт.

(c) Үлүштүк инструменттердин баалары боюнча индексацияланууучу, негизги карыздык инструментке же камсыздандыруу келишимине камтылган карыздын пайыздары же негизги суммасы боюнча төлөмдөрдүн (алар аркылуу карыздын пайыздарынын же негизги суммасынын көлөмү үлүштүк инструменттердин наркына байланган) негизги инструмент менен тыгыз байланышы жок, анткени негизги инструментке мүнөздүү тобокелдиктер жана камтылган туунду инструменттин тобокелдиктери айырмаланат.

(d) Товарларга баалар боюнча индексацияланууучу, негизги карыздык инструментке же камсыздандыруу келишимине камтылган карыздын пайыздары же негизги суммасы боюнча төлөмдөрдүн (алар аркылуу карыздын пайыздарынын же негизги суммасынын көлөмү товардын (мисалы, алтындын) баасына байланган) негизги инструмент менен тыгыз байланышы жок, анткени негизги инструментке мүнөздүү тобокелдиктер жана камтылган туунду инструменттин тобокелдиктери айырмаланат.

(e) Негизги карыздык келишимге же камсыздандыруу келишимине камтылган колл-опциондун, пут-опциондун же мөөнөтүнөн мурда төлөөгө опциондун негизги келишим менен тыгыз байланышы жок, буга төмөнкүдөй учурлар кирбейт:

(i) опционду аткаруунун баасы аткаруунун ар бир күнүнө карата болжол менен негизги карыздык инструменттин амортизацияланган наркына же камсыздандыруунун негизги келишиминин баланстык наркына барабар; же

(ii) мөөнөтүнөн мурда төлөөгө опционду аткаруунун баасы негизги келишимдин колдонулушунун калган мөөнөтү үчүн жоготулган пайыздардын болжолдуу келтирилген наркынын өлчөмүндөгү сумманы кайра кайтарат. Жоготулган пайыздар карыздын мөөнөтүнөн мурда төлөнгөн негизги суммасын жана пайыздык ставкалардагы айырмаларды өндүрүү катары эсептелет. Пайыздык ставкалардагы айырма – бул негизги келишим боюнча натыйжалуу пайыздык ставканын мөөнөтүнөн мурда төлөөкүнүнө карата ишкана, эгерде карыздын мөөнөтүнөн мурда төлөнгөн негизги суммасы негизги келишимдин калган мөөнөтүнө окшош келишимге кайра инвестициялабаган болсо, ала турган натыйжалуу пайыздык ставкадан ашышы.

Колл-опциондун же пут-опциондун негизги карыздык келишим менен тыгыз байланышынын болушун талдоо ФОЭС (IAS) 32ге ылайык конвертирленүүчү карыздык инструменттин «өздүк капиталы» элементин бөлгөнгө чейин жүзөгө ашырылат.

(f) Негизги карыздык инструментке камтылган, бир тарапка («пайда алуучуга») айрым актив боюнча кредиттик тобокелдикти, балким, анын менчигинде болбогон, башка тарапка («кепил берүүчүгө») өткөрүп берүүгө мүмкүндүк берген кредиттик туунду инструменттердин негизги карыздык инструмент менен тыгыз байланышы жок. Мындай кредиттик туунду инструменттер кепил берүүчүгө көрсөтүлгөн актив менен байланышкан кредиттик тобокелдикти, ага тикелей ээ болбой туруп, өзүнө кабыл алууга мүмкүндүк берет.

B4.3.6 Гибриддик келишимдин мисалы болуп финансылык инструмент саналат, ал аны кармоочуга жогорулашы же төмөндөшү мүмкүн болгон үлүштүк инструменттердин же товардын («кайра артка сатуу укугу менен инструмент») индекси өзгөрүшүнө жараша өзгөрө турган акча каражаттарынын же башка финансылык активдердин ордуна эмитентке финансылык инструментти кайра кайтаруу укугун берет. Баштапкы таануу учурунда эмитент кайра артка сатуу укугу бар инструментти пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык милдеттенме катары классификациялаган учурларды кошпогондо, ал камтылган туунду инструментти (башкача айтканда, карыздын негизги суммасынын индексацияланууучу төлөмүн) 4.3.3-пунктка ылайык бөлүүгө тийиш, анткени негизги келишим B4.3.2-пунктка ылайык карыздык инструмент болуп саналат, ал эми B4.3.5(a)-пунктуна ылайык карыздын негизги суммасынын индексацияланган төлөмүнүн негизги карыздык инструмент менен тыгыз байланышы жок. Карыздын негизги суммасы көбөйүшү же азайышы мүмкүн болгондугуна

байланыштуу камтылган туунду инструмент опциондук эмес туунду инструмент болуп саналат, анын наркы базалык өзгөрүлмө боюнча индексацияланат.

B4.3.7 Ишкананын таза активдеринин наркынын пропорционалдуу үлүшүнө барабар болгон акча суммасына эмитентке каалаган учурда кайра артка сатууга боло турган кайра артка сатуу укугу бар инструментке келсек (мисалы, ачык типтеги өз ара инвестициялык фонддун пайлары же пайлар менен байланышкан айрым инвестициялык продуктулар), камтылган туунду инструментти бөлүүнүн жана ар бир компонентти эсепке алуунун натыйжасы гибриддик келишимди, эгерде кармоочу инструментти эмитентке кайра артка сатууга өзүнүн укугун аткарса, отчеттук мезгил аяктаган күнгө карата төлөнүүгө тийиш болгон төлөө суммасында баалоодо турат.

B4.3.8 Төмөндө келтирилген мисалдарда камтылган туунду инструменттердин экономикалык мүнөздөмөлөрүнүн жана тобокелдиктеринин негизги келишимдин экономикалык мүнөздөмөлөрү жана тобокелдиктери менен тыгыз байланышы бар. Бул мисалдарда каралган учурларда ишкана камтылган туунду инструментти негизги келишимден өзүнчө эсепке албайт.

(a) Негизинде пайыздык ставка же пайыздык ставканын индекси турган, анда болбогон учурда пайыздык негизги карыздык келишим же камсыздандыруу келишими боюнча төлөнүшү же алынышы мүмкүн болгон пайыздардын суммасын өзгөртө албаган камтылган туунду инструменттин негизги келишим менен тыгыз байланышы жок, буга гибриддик келишим боюнча эсептешүүлөр анын кармоочусу иш жүзүндө таанылган инвестициянын бүткүл наркынын ордун толтура албаган же камтылган туунду инструмент негизги келишим боюнча кармоочунун кирешелүүлүгүнүн алгачкы нормасын эки эселете алган жана негизги келишим сыяктуу эле шарттары бар келишим боюнча рыноктук кирешелүүлүктөн бери болгондо эки эсе ашкан кирешелүүлүк нормасына алып келиши мүмкүн болгон түрдө жүргүзүлүшү ыктымал болгон учурлар кирбейт.

(b) Карыз келишими же камсыздандыруу келишими боюнча пайыздык ставканын камтылган «флору» же «кэпи» келишим түзгөн учурда «кэп» рыноктук пайыздык ставканын деңгээлинде же андан жогору турган, ал эми «флор» рыноктук пайыздык ставканын деңгээлинде же андан төмөн турган, мында «кэп» менен «флор» негизги келишимге карата түрткү таасирине кабылбаган шартта негизги келишим менен тыгыз байланышкан. Ушундай эле түрдө, эгерде «кэп» менен «флор» келишимди түзүү учурунда аткаруунун пайдасыз баасына ээ болсо жана түрткү таасирине кабылбаса, активди (мисалы, товарды) сатып алуу же сатуу келишимине киргизилген, бул актив үчүн төлөнүүгө же алынууга тийиш болгон «кэп» жана «флор» бааларды белгилеген шарттар негизги келишим менен тыгыз байланышкан.

(c) Чет өлкөлүк валютада көрсөтүлгөн пайыздарды же негизги сумманы төлөөлөрдүн агымын камсыз кылган жана негизги карыздык инструментке (мисалы, бивалюталык облигация) камтылган чет өлкөлүк валютага камтылган туунду инструмент негизги карыздык инструмент менен тыгыз байланышкан. Мындай туунду инструмент негизги инструменттен бөлүнбөйт, анткени *«Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири»* ФОЭС (IAS) 21ге ылайык акча беренелери боюнча чет өлкөлүк валюталардын курстарынын өзгөрүшүнөн пайдалар же зыяндар пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш.

(d) Камсыздандыруу келишими болуп саналган же финансылык инструмент болуп саналбаган (мисалы, ал боюнча баа чет өлкөлүк валютада көрсөтүлгөн финансылык эмес объектини сатып алууга же сатууга келишим) чет өлкөлүк валютадагы туунду инструмент негизги келишим түрткү таасирине кабылбаган, опциондун мүнөздөмөлөрүн камтыбаган жана төлөмдөр төмөнкүдөй валюталардын биринде көрсөтүлүшүн талап кылган шартта аны менен тыгыз байланышкан:

(i) келишим боюнча негизги тараптардын колдонуудагы валютасында;

(ii) бүткүл дүйнө жүзү боюнча коммерциялык операциялардын жүрүшүндө тиешелүү сатып алынуучу же берилүүчү товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн баасы демейде белгиленген валютада (мисалы, чийки мунай жагындагы операциялар үчүн АКШ доллары); же

(iii) операция жүргүзүлгөн экономикалык чөйрөдө финансылык эмес объекттерди сатып алууга же сатууга келишимдерде кеңири колдонулган валютада (мисалы, демейде ички же тышкы соода операцияларын жасоо учурунда колдонулуучу, салыштырмалуу туруктуу жана ликвиддүү валюта).

(e) Негизги келишим (i) адегенде өзү өзүндө камтылган туунду инструментти камтыбаган финансылык инструмент боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алууга укукту бөлүүнүн натыйжасында пайда болгон жана (ii) алгачкы негизги карыздык келишимде жок болгон кандайдыр-бир шарттарды камтыбаган шартта пайыздык стрипте же негизги сумманын стрипинде мөөнөтүнөн мурда төлөөгө карата камтылган опцион негизги келишим менен тыгыз байланышкан.

(f) Эгерде камтылган туунду инструмент (i) инфляцияга байланган индексти, мисалы, ижара төлөмдөрүн керектөө бааларынын индекси боюнча индексациялоону (ижара ишкана өз ишин жүргүзүп жаткан чөйрөдө түрткү таасирине кабылбаган жана индекс инфляцияга байланган шартта), (ii) сатуулардын тиешелүү көлөмүнө негизделген өзгөрүлмө ижара төлөмдөрүн же (iii) өзгөрүлмө пайыздык ставкаларга негизделген өзгөрүлмө ижара төлөмдөрүн билдирсе, негизги ижара келишиминдеги камтылган туунду инструмент негизги келишим менен тыгыз байланышкан.

(g) Эгерде пайларда көрсөтүлгөн төлөмдөр фонддун активдеринин адилет наркын чагылдырган пайдын учурдагы наркы боюнча бааланса, негизги финансылык инструментке же негизги камсыздандыруу келишимине камтылган пайдын наркына байлаштыруу негизги инструмент же негизги келишим менен тыгыз байланышкан. Пайдын наркына байлаштыруу ички же тышкы инвестициялык фонддун пайларында көрсөтүлгөн төлөмдөрдү жүзөгө ашырууну талап кылган келишимдик шарт болуп саналат.

(h) Эгерде камтылган туунду инструмент жана негизги камсыздандыруу келишими ишкана камтылган туунду инструментти өзүнчө (башкача айтканда, негизги келишимди карабай туруп) баалай албагыдай өз ара байланыштуу болсо, камсыздандыруу келишимине камтылган туунду инструмент негизги камсыздандыруу келишими менен тыгыз байланышкан.

### Камтылган туунду инструменттерди камтыган инструменттер

B4.3.9 B4.3.1-пунктта көрсөтүлгөндөй, эгерде ишкана ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирген актив болуп саналбаган негизги келишим менен гибриддик келишимдин тарабы болуп саналса жана бир же бир нече камтылган туунду инструменттерди камтыса, 4.3.3-пункт ишкана ушундай камтылган туунду инструментти идентификациялашын, аны негизги келишимден ажыратуу зарылчылыгын баалашын жана ажыратылууга тийиш болгон туунду инструменттерди баштапкы таануу учурунда жана кийин адилет нарк боюнча баалашын талап кылат. Бул талаптар алда канча татаал болушу же бүткүл инструментти пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоого салыштырганда ишенимдүүлүгү азыраак баалоонун келип чыгышына алып келиши мүмкүн. Ушул себептен улам бул стандарт ишкананын каалоосу боюнча бүткүл гибриддик келишимди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары классификациялоого уруксат берет.

B4.3.10 Мындай классификациялоо ишкананын каалоосу боюнча камтылган туунду инструменттерди 4.3.3-пунктка ылайык негизги келишимден ажыратууга уруксат берилгенине же жоктугуна карабастан пайдаланылышы мүмкүн. Бирок 4.3.5-пункт

гибриддик келишимдин классификациясын 4.3.5(а) жана (b) пункттарында каралган учурларда пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катары негиздөө үчүн пайдаланылышы мүмкүн эмес, анткени бул эсепке алууну жөнөкөйлөтүүгө да, маалыматтын ишенимдүүлүгүн жогорулатууга да алып келбейт.

**Камтылган туунду инструменттерди кайталап баалоо**

B4.3.11 Ишкана биринчи жолу келишимдин тарабы болуп калганда, 4.3.3-пунктка ылайык ишкана камтылган туунду инструментти негизги келишимден ажыратуу жана аны туунду инструмент катары эсепке алуу зарылчылыгын баалоого тийиш. Келишимдин шарттары ушунчалык өзгөрүп, андай болбогон учурда келишимге ылайык талап кылына турган акча каражаттарынын агымдарын кыйла модификациялаганда, мында кайталап баалоо милдеттүү болуп саналганда, кийинки кайталап баалоого тыюу салынат. Ишкана ушул камтылган туунду инструмент, негизги келишим менен же тигини менен да, муну менен да байланышкан күтүлгөн келечектеги акча каражаттарынын агымдары өзгөрүшүнүн даражасын талдоо аркылуу акча каражаттарынын агымдарын модификациялоо кыйла болуп саналаарын же жоктугун жана өзгөрүү келишим боюнча мурда күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарына салыштырганда кыйла болуп саналаарын же жоктугун аныктайт.

B4.3.12 Төмөнкүдөй учурда сатып алынган келишимдердеги камтылган туунду инструменттерге карата B4.3.11-пункт колдонулбайт:

(a) бизнестерди бириктирүү («*Бизнестерди бириктирүү*» ФОЭС (IFRS) 3төгү аныктамага ылайык);

(b) ФОЭС (IFRS) 3түн B1–B4-пункттарында сыпатталгандай, жалпы контролдук астында турган ишканаларды же бизнестерди бириктирүү; же

(c) *«Биргелешкен ишкердик»* ФОЭС (IFRS) 11деги аныктамага ылайык же сатып алуу күнүнө карата аларды ыктымалдуу кайталап баалоого карата биргелешкен ишкананы түзүү.[4]

## ФОЭС (IFRS) 3 бизнестерди бириктирүүдө камтылган туунду инструменттери бар келишимдерди сатып алууну караштырат.

### Финансылык активдерди кайра классификациялоо

B4.4.1 Эгерде ишкана финансылык активдерди башкаруу үчүн колдонулуучу бизнес-моделди өзгөртсө, ал 4.4.1-пунктка ылайык финансылык активдерди кайра классификациялоого тийиш. Мындай өзгөртүүлөр сейрек болот деп болжолдонууда. Мындай өзгөртүүлөр тышкы же ички өзгөртүүлөрдүн натыйжасында ишкананын жогорку жетекчилиги тарабынан аныкталууга тийиш жана ишкананын ишмердүүлүгү үчүн кыйла жана тышкы тараптар үчүн айкын болууга тийиш. Тиешелүү түрдө, ишкана олуттуу ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууну баштаса же токтотсо; мисалы, эгерде ишкана сатып алса, чыгып калууну жүргүзсө же бизнестин багытынын ишмердүүлүгүн токтотсо, ошондо жана ошол учурда гана ишкананын бизнес-моделинде өзгөртүү болуп өтөт. Бизнес-моделдеги өзгөртүүнүн мисалдары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) Ишканада коммерциялык зайымдардын портфели бар, аларды ал кыска мөөнөттүү келечекте сатуу максатында кармап турат. Ишкана коммерциялык зайымдарды башкарган жана бизнес-моделди жактаган компанияны сатып алат, мында зайымдар келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу максатында кармалып турат. Коммерциялык зайымдардын портфели мындан ары сатууга арналбайт жана эми сатып алынган коммерциялык зайымдар менен бирге башкарылат; баары бирге алар келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу максатында кармалып турат.

(b) Финансылык кызматтарды көрсөтүп жаткан ишкана жеке жактарды ипотекалык кредиттөө боюнча өз ишмердүүлүгүн токтотуу чечимин кабыл алат. Ишмердүүлүктүн

[4] ФОЭС (IFRS) 3 бизнестерди бириктирүүдө камтылган туунду инструменттери бар келишимдерди сатып алууну караштырат.

© ФОЭС Фонду

бул түрү боюнча мында ары жаңы кардарлар кабыл алынбайт жана финансылык кызматтарды көрсөтүп жаткан ишкана сатуу үчүн ипотекалык зайымдардын өз портфелин жигердүү жарнамалайт.

B4.4.2 Ишкана пайдаланып жаткан бизнес-моделдин максатынын өзгөрүшү кайра классификациялоо күнүнө чейин орун алууга тийиш. Мисалы, эгерде финансылык кызматтарды көрсөтүп жаткан ишкана 15-февралда жеке жактарды ипотекалык кредиттөө боюнча өз ишмердүүлүгүн жабуу чечимин кабыл алса жана, тиешелүү түрдө, бардык тиешелүү активдерди 1-апрелде (башкача айтканда, ишкананын кийинки отчеттук мезгилинин биринчи күнү) кайра классификациялоого тийиш болсо, ишкана ишмердүүлүгүнүн ушул түрү боюнча жаңы кардарларды кабыл алууга же 15-февралдан кийин анын мурдагы бизнес-моделине тиешеси бар ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө башкача түрдө катышууга тийиш эмес.

B4.4.3 Төмөнкүдөй кырдаалдар бизнес-моделдеги өзгөртүүлөрдү билдирбейт:

(a) айрым финансылык активдер жагынан ниеттердин өзгөрүшү (кала берсе рыноктук шарттар кыйла өзгөргөн жагдайларда);

(b) финансылык активдер үчүн айрым рыноктун убактылуу жок болуп кетиши;

(c) ар түрдүү бизнес-моделдерди пайдаланган ишкананын бөлүмдөрүнүн ортосунда финансылык активдерди өткөрүп берүү.

## Баалоо (5-глава)

### Баштапкы баалоо (5.1-бөлүм)

B5.1.1 Баштапкы таануу учурунда финансылык инструменттин адилет наркы болуп операциянын баасы саналат (башкача айтканда, өткөрүп берилген же алынган ордун толтуруунун адилет наркы; ошондой эле B5.1.2A-пунктун жана ФОЭС (IFRS) 13тү кара). Бирок, эгерде өткөрүп берилген же алынган ордун толтуруунун адилет наркы финансылык инструментке эмес, ал эми кандайдыр-бир башка нерсеге таандык болсо, анда ишкана бул финансылык инструменттин адилет наркын баалоого тийиш. Мисалы, алар боюнча пайыздар каралган узак мөөнөттүү зайымдын же дебитордук карыздын адилет наркы окшош кредиттик рейтинги бар окшош (валюта, мөөнөт, пайыздык ставканын тиби жана башка факторлор жагынан окшош) инструмент үчүн пайыздын басымдуулук кылган рыноктук ставкасын (ставкаларын) пайдалануу менен дисконтирленген бардык келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы катары бааланышы мүмкүн. Сумма активдин кандайдыр-бир башка түрү катары таанылууга тийиш болгон учурларды кошпогондо, ушул адилет нарктын үстүнө карызга берилген сумма чыгаша же кирешенин азайышы болуп саналат.

B5.1.2 Эгерде ишкана рыноктук эмес пайыздык ставкага зайым берсе (мисалы, окшош зайымдар боюнча рыноктук ставка 8 пайызга барабар болгон учурда 5 пайыз) жана компенсация катары алгачкы төлөмдү алса, ал, башкача айтканда, алынган төлөмдү алып салуу менен адилет нарк боюнча зайымды тааныйт.

B5.1.2A Баштапкы таануу учурунда финансылык инструменттин адилет наркынын эң жакшы ырастоосу болуп, эреже катары, операциянын баасы саналат (башкача айтканда, өткөрүп берилген же алынган ордун толтуруунун адилет наркы; ошондой эле ФОЭС (IFRS) 13тү кара). Эгерде ишкана баштапкы таануу учурунда адилет нарк, 5.1.1A-пунктунда белгиленгендей, операциянын баасынан айырмаланат деп аныктаса, ишкана бул инструментти көрсөтүлгөн күнгө карата төмөнкүдөй түрдө эсепке алууга тийиш:

(a) эгерде бул адилет нарк активдүү рыноктогу окшош активге же милдеттенмеге котировкалануучу баа менен ырасталса (башкача айтканда, 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар) же анын учурунда байкоо жүргүзүлүүчү рыноктун маалыматтары гана колдонулган баалоо меделине негизделсе, 5.1.1-пунктта талап кылынган баалоо

суммасында. Ишкана баштапкы таануу учурунда адилет нарктын жана операциянын баасынын ортосундагы айырманы пайда же зыян катары таанууга тийиш.

(b) бардык калган учурларда баштапкы таануу учурунда адилет нарктын жана операциянын баасынын ортосундагы айырманы кийинкиге калтыруу үчүн оңдоп-түзөлгөн, 5.1.1-пунктта талап кылынган баалоонун суммасында. Баштапкы таануу учурунан тартып ишкана ушул кийинкиге калтырылган айырманы ал рыноктун катышуучулары активдин же жагдайдын баасын белгилөө учурунда эске ала турган (анын ичинде убактылуу) фактордун өзгөрүшүнүн натыйжасында келип чыга турган өлчөмдө гана пайда же зыян катары таанууга тийиш.

## Кийинки баалоо (5.2 жана 5.3-бөлүмдөр)

B5.2.1 Эгерде мурда финансылык актив катары таанылган финансылык инструмент пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланса жана анын адилет наркы нөлдөн төмөн түшсө, ал 4.2.1-пунктка ылайык бааланууучу финансылык милдеттенме болуп саналат. Бирок негизги келишимдерди камтыган, ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирген активдер болуп саналган гибриддик келишимдер дайыма 4.3.2-пунктка ылайык бааланат.

B5.2.2 Кийинки мисал 5.7.5 же болбосо 4.1.2A-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу финансылык активди баштапкы жана кийинки баалоо учурунда операциялык чыгымдарды эсепке алууну сүрөттөйт. Ишкана 100 акча бирдигине финансылык активди сатып алат плюс сатып алуу учурунда төлөнгөн 2 акча бирдиги өлчөмүндөгү комиссия. Адегенде ишкана активди 102 акча бирдигинин наркы боюнча таанийт. Отчеттук мезгилдин аягы бир күндөн кийин, активдин рыноктук котировкасы 100 акча бирдигин түзгөн учурда келет. Эгерде актив сатылган болсо, анда 3 акча бирдиги өлчөмүндөгү комиссия төлөнүүгө тийиш эле. Бул күнгө карата ишкана 100 акча бирдиги өлчөмүндөгү активди баалайт (сатуу учурундагы ыктымалдуу комиссияны эсепке албастан), ал эми 2 акча бирдиги өлчөмүндөгү зыянды башка жыйынды кирешенин курамында таанийт. Эгерде финансылык актив 4.1.2A-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланса, операциялык чыгымдар натыйжалуу пайыздык ставка методун пайдалануу менен пайданын же зыяндын курамында амортизацияланат.

B5.2.2A Финансылык активди же финансылык милдеттенмени кийинки баалоо, ошондой эле B5.1.2A-пунктунда сыпатталган пайдаларды жана зыяндарды кийинки таануу ушул стандарттын талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

**Ушундай инвестициялар жагынан үлүштүк инструменттерге жана келишимдерге инвестициялар**

B5.2.3 Ушундай инвестициялар жагынан үлүштүк инструменттерге жана келишимдерге бардык инвестициялар адилет нарк боюнча бааланууга тийиш. Бирок сейрек жагдайларда баштапкы нарк адилет нарктын алгылыктуу баасы болушу мүмкүн. Бул, эгерде адилет наркты баалоо үчүн жеткиликтүү жаңы маалымат жетишсиз болсо же адилет нарктын ыктымалдуу бааларынын кеңири диапазону бар болсо, ал эми баштапкы нарк ушул диапазондун алкагында эң жакшы бааны билдирсе, орун алышы мүмкүн.

B5.2.4 Баштапкы нарк адилет наркты чагылдыра албай тургандыгынын белгиси төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) бюджетке, пландарга же максаттуу багыттарга салыштырганда инвестиция объектинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу кыйла өзгөрүшүн;

(b) инвестиция объектинин продуктусунун техникалык максаттуу багыттарына жетишилет деген үмүт-тилектердеги өзгөртүүлөрдү;

(c) инвестиция объектинин үлүштүк инструменттеринин же анын продукциясынын же потенциалдуу продукциясынын рыногундагы кыйла өзгөрүүнү;

(d) глобалдык экономиканын же инвестиция объекти өзүнүн ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырып жаткан экономикалык чөйрөнүн кыйла өзгөрүүсүн;

(e) салыштырылуучу ишканалардын натыйжалуулугунун же жалпы рынокто билдирилген баалардын кыйла өзгөрүүсүн;

(f) инвестиция объектинин алдамчылык, коммерциялык талаштар, соттук териштирүүлөр, башкаруудагы же стратегиядагы өзгөртүүлөр сыяктуу ички аспекттерин;

(g) инвестиция объектинин үлүштүк инструменттери жагынан, же болбосо инвестиция объекти тарабынан (мисалы, акцияларды жаңы чыгаруу) же болбосо үлүштүк инструменттерди үчүнчү тараптардын ортосундагы өткөрүп берүү аркылуу жасалган тышкы операциялардын негизинде алынган маалыматтарды.

B5.2.5 B5.2.4-пунктта сунуш кылынган тизмек толук болуп саналбайт. Ишкана ишмердүүлүктүн натыйжалуулугу жана инвестиция объектинин операциялары жөнүндө бүткүл маалыматты пайдаланууга тийиш, ал баштапкы таануу күнүнөн кийин жеткиликтүү болуп калат. Мындай факторлор орун алган даражада алар баштапкы нарк адилет наркты чагылдырбай тургандыгын көрсөтө алат. Мындай учурларда ишкана адилет наркты баалоого тийиш.

B5.2.6 Баштапкы нарк үлүштүк инструменттерге (же котировкалануучу үлүштүк инструменттер жагынан келишимдерге) котировкалануучу инвестициялар үчүн адилет наркты эң жакшы баалоо болуп саналбайт.

## Амортизацияланган нарк боюнча баалоо (5.4-бөлүм)

## Натыйжалуу пайыздык ставка методу

B5.4.1 Натыйжалуу пайыздык ставка методун колдонгон учурда ишкана финансылык инструменттин натыйжалуу пайыздык ставкасынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналган сыйакыларды идентификациялайт. Финансылык кызмат көрсөтүүлөр үчүн сыйакыларды сыпаттоокөрсөтүлгөн кызматтардын мүнөзүн жана маңызын чагылдырбашы мүмкүн. Финансылык инструмент адилет нарк боюнча бааланган жана анын өзгөртүүлөрү пайданын же зыяндын курамында таанылган учурларды кошпогондо, финансылык инструменттин натыйжалуу пайыздык ставкасынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналган сыйакылар натыйжалуу пайыздык ставканы котировкалоо катары эсепке алынат. Бул учурда сыйакылар инструментти баштапкы таануу учурунда түшкөн кирешелер же чыгашалар катары таанылат.

B5.4.2 Финансылык инструменттин натыйжалуу пайыздык ставкасынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналган сыйакылар төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) Финансылык активди түзүүгө жана сатып алууга байланыштуу ишкана алган даярдоо иши үчүн сыйакыларды. Мындай сыйакылар өзүнө зайым алуучунун финансылык абалын баалоо, кепилдиктерди, күрөөнү жана камсыздоо жөнүндө башка макулдашууларды баалоо жана тариздөө, инструмент боюнча шарттарды макулдашуу, документтерди даярдоо жана иштеп чыгуу, ошондой эле операцияларды тариздөө сыяктуу ишмердүүлүктүн түрлөрү үчүн компенсацияны камтышы мүмкүн. Мындай сыйакылар финансылык инструментти түзүүнүн ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.

(b) Эгерде зайым берүү боюнча милдеттенме 4.2.1(а)-пунктуна ылайык бааланбаса жана ишкана конкреттүү кредиттик келишимди түзөөрү ыктымалдуу болуп саналса, келечекте зайым берүүгө кабыл алынган келишимдик милдеттенме үчүн ишкана алган комиссиялык акыны. Мындай комиссиялык акылар финансылык инструментти сатып алууга ишкана колдогон туруктуу даярдык үчүн компенсация деп эсептелет. Эгерде зайым берүү боюнча келишимдик милдеттенменин колдонулушунун мөөнөтү аяктаса жана ишкана зайым бербесе, комиссиялык акылар милдеттенменин колдонулушунун мөөнөтү аяктаган учурда түшкөн кирешелер катары таанылат.

(c) Амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу финансылык милдеттенмени чыгарууда ишкана төлөгөн даярдоо иши үчүн чыгымдарды. Мындай чыгымдар финансылык инструментти түзүүнүн ажыралгыс бөлүгү болуп саналат. Ишкана финансылык милдеттенменин натыйжалуу пайыздык ставкасынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналган сыйакыларды жана чыгымдарды инвестицияларды башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр сыяктуу кызмат көрсөтүүлөрдү берүү укугуна кирген даярдоо ишине чыгымдардан жана операциялык чыгымдардан бөлөт.

B5.4.3 Финансылык инструменттин натыйжалуу пайыздык ставкасынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналган жана ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык эсепке алынуучу сыйакылар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) сатылган кредиттерди коштоо үчүн сыйакыларды;

(b) эгерде зайымдарды берүү боюнча милдеттенме 4.2.1(а)-пунктуна ылайык бааланбаса жана конкреттүү кредиттик келишимди түзүү ыктымалдуулугу төмөн болуп саналса, келечекте зайым берүүгө кабыл алынган келишимдик милдеттенме үчүн комиссиялык акыны; жана

(c) зайым алууну уюштурган жана кредиттик пакеттин эч бир бөлүгүн өзүнө калтырбаган (же болбосо башка катышуучулар сыяктуу эле салыштырылуучу тобокелдик үчүн ушундай эле натыйжалуу пайыздык ставкасы бар бөлүктү калтырган) ишкана алган зайымды синдикаттоо үчүн комиссиялык акыны.

B5.4.4 Натыйжалуу пайыздык ставка методун колдонгон учурда ишкана демейде төлөнгөн же алынган бардык сыйакыларды жана башка суммаларды, операциялык чыгымдарды жана башка премияларды же финансылык инструмент колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн аралыгында натыйжалуу пайыздык ставканын эсебине киргизилген арзандатууларды амортизациялайт. Бирок, эгерде төлөнгөн же алынган сыйакылар жана башка суммалар, операциялык чыгымдар, премиялар же арзандатуулар алда канча кыска мезгилге кирсе, анда ушул мезгил колдонулат. Мындай кырдаал, эгерде төлөнгөн же алынган бардык сыйакылар жана башка суммалар, операциялык чыгымдар, премиялар же арзандатуулар финансылык инструмент төлөнүшүнүн күтүлгөн мөөнөтүнө чейин рыноктук ставкалар боюнча кайра бааланса, келип чыгат. Бул учурда ушундай кайра баалоодон кийинки күнгө чейинки мезгил амортизациялоонун ылайыктуу мезгили болуп саналат. Мисалы, эгерде өзгөрүлмө ставкасы бар финансылык инструмент боюнча премия же арзандатуу пайыздарды төлөөнүн соңку күнүнөн тартып ушул финансылык инструмент боюнча чегерилген пайыздарды же өзгөрүлмө ставка рыноктук ставкаларга ылайык келтирилген учурдан тартып рыноктук ставкалардын өзгөртүүлөрүн чагылдырса, ал өзгөрүлмө ставканы рыноктук ставкаларга ылайык келтирүүнүн кийинки күнүнө чейинки мезгил аралыгында амортизацияланат. Бул премия же арзандатуу пайыздык ставканы рыноктук ставкаларга ылайык келтирүүнүн кийинки күнүнө чейинки мезгилге киргендиги менен байланышкан, анткени бул күнгө карата премия же арзандатуу (башкача айтканда, пайыздык ставкалар) ага кирген өзгөрүлмө рыноктук ставкаларга ылайык келтирилет. Бирок, эгерде премия же арзандатуу финансылык инструментте көрсөтүлгөн өзгөрүлмө ставкага же рыноктук ставкаларга ылайык келтирилбеген башка өзгөрүлмө ставкаларга карата кредиттик спрэдди өзгөртүүнүн натыйжасы болуп саналса, анда ал инструменттин колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн аралыгында амортизацияланат.

B5.4.5 Өзгөрүлмө пайыздык ставкасы бар финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер боюнча рыноктук пайыздык ставкалардын кыймылын чагылдыруу максатында акча каражаттарынын агымдарын мезгилдүү кайра баалоо натыйжалуу пайыздык ставканын өзгөрүшүнө алып келет. Эгерде өзгөрүлмө пайыздык ставкасы бар финансылык актив жана финансылык милдеттенме адегенде төлөө мөөнөтү келгенде алынууга же төлөнүүгө тийиш болгон негизги суммада таанылса, анда келечектеги пайыздык төлөмдөрдү кайра баалоо демейде активдин же милдеттенменин балансттык наркына кыйла таасир этпейт.

B5.4.6 Эгерде ишкана төлөмдөрдүн же келип түшкөн каражаттардын эсептешүү суммаларын (анын ичинде 5.4.3-пунктка ылайык модификацияларды жана күтүлгөн кредиттик чыгымдардын

бааларын өзгөртүүлөрүн) кайра караса, ал келишимде каралган иш жүзүндөгү жана кайра каралган эсептик акча каражаттарынын агымдарын чагылдыруу үчүн финансылык активдин дүң баланстык наркын же финансылык милдеттенменин (же финансылык инструменттердин тобунун) амортизацияланган наркын оңдоп-түзөөгө тийиш. Ишкана келишимде каралган келечектеги эсептик акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркын, аларды финансылык инструменттин алгачкы натыйжалуу пайыздык ставкасын пайдалануу менен (же сатып алынган же түзүлгөн кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдердин учурунда – кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн натыйжалуу пайыздык ставканы пайдалануу менен) же, эгерде колдонууга мүмкүн болсо, 6.5.10-пунктка ылайык эсептелген, кайра каралган натыйжалуу пайыздык ставканы пайдалануу менен дисконтирлеп эсептөө аркылуу финансылык активдин дүң баланстык наркын же финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркын кайра эсептейт. Оңдоп-түзөөнүн көлөмү пайданын же зыяндын курамында киреше же чыгаша катарында таанылат.

B5.4.7 Айрым учурларда финансылык актив кредиттик тобокелдик өтө жогору болгондугунан жана аны сатып алууда ал өтө арзандатуу менен сатып алынгандыгынан улам баштапкы таануу учурунда кредиттик-наркы түшкөн деп эсептелет. Ишкана баштапкы таануу учурунда кредиттик-наркы түшүү менен сатып алынган же түзүлгөн деп эсептелген финансылык активдер үчүн кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн натыйжалуу пайыздык ставканы эсептөө учурунда эсептик акча каражаттарынын агымдарына алгачкы күтүлгөн кредиттик чыгымдарды кошууга тийиш. Бирок бул кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн натыйжалуу пайыздык ставка баштапкы таануу учурунда финансылык актив боюнча кредиттик тобокелдик жогору болгондугунан улам гана колдонулууга тийиш дегенди билдирбейт.

**Операциялык чыгымдар**

B5.4.8 Операциялык чыгымдар агенттерге (анын ичинде сатуу боюнча агент катары аракеттенген кызматкерлерге), консультанттарга, брокерлерге жана дилерлерге төлөнгөн сыйакыларды жана комиссиялык акыларды, жөнгө салуучу органдардын жана фонд биржаларынын жыйымдарын, ошондой эле каражаттарды которуу үчүн салыктарды жана жыйымдарды өзүнө камтыйт. Операциялык чыгымдар карыздык инструменттер боюнча премияларды жана арзандатууларды, каржылоого чыгымдарды, ички административдик чыгымдарды же сактоого чыгымдарды өзүнө камтыбайт.

**Эсептен чыгаруу**

B5.4.9 Эсептен чыгаруу финансылык активге толук көлөмдө же анын бир бөлүгүндө киргизилиши мүмкүн. Мисалы, ишкана өндүрүп алууну финансылык актив боюнча камсыз кылууга айландырууну пландаштырат жана камсыз кылуунун эсебинен финансылык активдин 30 пайыздан ашпаган наркынын ордун толтурууну күтөт. Эгерде ишканада финансылык актив боюнча кошумча акча каражаттарынын агымдарынын ордун толтуруу жагынан негиздүү келечектер жок болсо, ал финансылык активдин наркынын калган 70 пайызын эсептен чыгарууга тийиш.

## Нарктын түшүшү (5.5-бөлүм)

### Топтук жана жекече негизде баалоо

B5.5.1 Баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдиктин кыйла көбөйүшү менен шартталган бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таануу максатына жетишүү үчүн кредиттик тобокелдиктин кыйла көбөйүшүн топтук негизде, мисалы, финансылык инструменттердин тобу же чакан тобу боюнча кредиттик тобокелдиктин кыйла көбөйүшүн көрсөткөн маалыматты талдоо аркылуу баалоо керек болушу мүмкүн. Бул кредиттик тобокелдик кыйла көбөйгөн учурда, кала берсе кредиттик тобокелдиктин ушундай кыйла көбөйүшүн ырастоо айрым инструменттин деңгээлинде али жеткиликтүү болбогон учурда да, ишкана күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таануу максатына жетишкенин кепилдейт.

© ФОЭС Фонду

B5.5.2 Демейде бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдар финансылык инструменттин мөөнөтү өткөнгө чейин таанылат деп болжолдонот. Эреже катары, кредиттик тобокелдик финансылык инструменттин мөөнөтү өткөнгө же болбосо карызды төлөөнү (мисалы, аны модификациялоо же кайра түзүмдөштүрүү) кийинкиге калтыруунун зайым алуучу үчүн башка спецификалуу факторлору байкалганга чейин кыйла көбөйөт. Натыйжада, мөөнөтү өткөн төлөмдөр жөнүндө маалыматка караганда алда канча айкын болуп саналган негиздүү жана ырасталуучу маалымат ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болгон учурда, ал кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүн баалоо үчүн колдонулууга тийиш.

B5.5.3 Бирок финансылык инструменттердин мүнөзүнө жана финансылык инструменттердин айрым топтору үчүн жеткиликтүү болгон кредиттик тобокелдик жөнүндө маалыматка жараша ишкана финансылык инструменттин мөөнөтү өткөнгө чейин айрым финансылык инструменттер үчүн кредиттик тобокелдиктин кыйла өзгөрүүлөрүн идентификациялоого кудуретсиз болушу мүмкүн. Бул жеке жактарга зайымдар сыяктуу финансылык инструменттердин учурунда орун алат, алар үчүн кредиттик тобокелдик жөнүндө жаңыланып туруучу маалымат, ал айрым инструмент үчүн дайыма чогултулуп жана талданып турат же болбосо болор-болбос көлөмдө бар, же болбосо кардар келишимдин шартын бузганга чейин жок. Эгерде айрым финансылык инструменттер боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрү алардын мөөнөтү өткөнгө чейин эсепке алынбаса, айрым финансылык инструменттин деңгээлиндеги кредиттик маалымат гана негизинде турган зыянга каралган баалоо резерви баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүн туура көрсөтпөйт.

B5.5.4 Айрым кырдаалдарда ишкана өзүнчө инструмент боюнча бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо үчүн ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз негиздүү жана ырасталуучу маалыматка ээ эмес. Мындай учурда күтүлгөн кредиттик чыгымдар топтук негизде таанылат, ал кредиттик тобокелдик жөнүндө ар тараптуу маалыматты кароону болжолдойт. Мындай ар тараптуу маалымат мөөнөтү өткөн төлөмдөр жөнүндө маалыматтарды гана эмес, ошондой эле бүткүл маанилүү кредиттик маалыматты, анын ичинде баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик кыйла көбөйгөн учурда бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды тааныганда айрым инструменттин деңгээлинде алына турган натыйжаны алмаштыруу үчүн болжолдук макроэкономикалык маалыматты камтууга тийиш.

B5.5.5 Кредиттик тобокелдиктин кыйла көбөйүшүн аныктоо жана топтук негиздеги зыянга каралган баалоо резервин таануу үчүн ишкана кредиттик тобокелдиктин кыйла көбөйүшүн өз учурунда идентификациялоону камсыз кылуучу талдоону жеңилдетүү максатында кредиттик тобокелдиктин жалпы мүнөздөмөлөрүнүн негизинде финансылык инструменттерди топтой алат. Ишкана тобокелдиктин ар түрдүү мүнөздөмөлөрү бар финансылык инструменттерди топтоп, мындай маалыматты түшүнүүнү татаалдантууга тийиш эмес. Кредиттик тобокелдиктин жалпы мүнөздөмөлөрүнүн мисалдары башкалардан тышкары төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

(a) инструменттин түрүн;

(b) кредиттик тобокелдиктин рейтингин;

(c) камсыздоонун түрүн;

(d) баштапкы таануу күнүн;

(e) төлөөгө чейин калган мөөнөттү;

(f) тармакты;

(g) зайым алуучунун географиялык жайгашкан жерин; жана

(h) эгерде финансылык актив жагынан камсыздоо наркы дефолт келип чыгышынын ыктымалдуулугуна таасир этсе, аны (мисалы, айрым юрисдикцияларда регресс укугу болбостон зайымдар жана зайымдын негизги суммасынын сатып алынган активдин наркына карата катышы).

© ФОЭС Фонду

B5.5.6 5.5.4-пункт баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик кыйла көбөйгөндүгү байкалган бардык финансылык инструменттер боюнча бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таанууну талап кылат. Бул максатка жетишүү үчүн ишкана алар боюнча кредиттик тобокелдик баштапкы таануу учурунан тартып кыйла көбөйгөн деп эсептелген финансылык инструменттерди кредиттик тобокелдиктин жалпы мүнөздөмөлөрүнүн негизинде топтоого жөндөмсүз болгон учурда ишкана алар боюнча кредиттик тобокелдик баштапкы таануу учурунан тартып кыйла көбөйгөн деп эсептелген финансылык актив жагынан бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таанууга тийиш. Топтук негизде кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн болушун баалоо үчүн финансылык инструменттерди топтоо финансылык инструменттердин топтору боюнча же айрым финансылык инструменттер боюнча жаңы маалымат жеткиликтүү болуп калышына жараша убакыттын өтүшү менен өзгөрүшү мүмкүн.

**Бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таанууну убакытта бөлүштүрүү**

B5.5.7 Бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таануу зарылчылыгын баалоо иш жүзүндө дефолттун келгенин ырастаган далилдерге же финансылык актив отчеттук күнгө карата абал боюнча кредиттик-наркы түшкөн болуп саналат деген фактыга эмес, баштапкы таануу учурунан тартып (кредиттик тобокелдик көбөйгөнүн чагылдыруу үчүн финансылык инструменттин баасы кайра каралганына же жоктугуна карабастан) дефолт келишинин ыктымалдуулугунун же тобокелдигинин кыйла көбөйүшүнө негизделген. Эреже катары, кредиттик тобокелдик финансылык актив кредиттик-наркы түшкөн болуп калганга же иш жүзүндөгү дефолт келгенге чейин кыйла көбөйөт.

B5.5.8 Зайымдарды берүү боюнча милдеттенмелердин учурунда ишкана зайымдарды берүү боюнча милдеттенме ага таандык болгон зайым боюнча дефолт келишинин тобокелдигинин өзгөрүшүн карайт. Финансылык кепилдик келишимдеринин учурунда ишкана айрым карызкор келишим боюнча дефолтко жол берет деген тобокелдиктин өзгөрүшүн карайт.

B5.5.9 Баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдиктин кыйла өзгөрүшү баштапкы таануу учурунда дефолт келишинин тобокелдигине байланыштуу. Тиешелүү түрдө, дефолт келишинин тобокелдигинин айрым өзгөрүшү (абсолюттук баадагы) дефолт келишинин алгачкы тобокелдиги алда канча жогору болгон финансылык инструмент менен салыштырганда дефолт келишинин алгачкы тобокелдиги алда канча төмөн болгон финансылык инструмент үчүн алда канча маанилүү болот.

B5.5.10 Салыштырылуучу кредиттик тобокелдиги бар финансылык инструменттер боюнча дефолт келишинин тобокелдиги колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтү алда канча узак болгон инструментте жогору; мисалы, ААА рейтинги бар жана колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтү 10 жыл болгон облигация боюнча дефолт келишинин тобокелдиги ААА рейтинги бар жана колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтү беш жыл болгон облигация боюнча тобокелдикке караганда жогору.

B5.5.11 Инструменттин колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн жана дефолт келишинин тобокелдигинин ортосунда өз ара байланыштын болушунан улам кредиттик тобокелдиктин өзгөрүшү дефолт келишинин абсолюттук тобокелдигинин өзгөрүшүн убакыттын өтүшү менен салыштыруу аркылуу жөн гана бааланышы мүмкүн эмес. Мисалы, эгерде баштапкы таануу учурунда колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтү 10 жыл болгон финансылык инструмент боюнча дефолт келишинин тобокелдиги колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтү беш гана жылды түзгөн кийинки мезгилде бул инструмент боюнча дефолт келишинин тобокелдигине окшош. Бул, эгерде кредиттик тобокелдик өзгөрбөсө, бирок финансылык инструменттитөлөө мөөнөтү жакындаса, колдонуунун күтүлгөн мөөнөтүнүн аралыгында дефолт келишинин тобокелдиги демейде убакыттын өтүшү менен азайгандыгы менен шартталган. Бирок финансылык инструменттитөлөөкүнүнө чейин аз калганда төлөмдөр боюнча кыйла милдеттенмелери бар финансылык инструменттердин учурунда дефолт келишинин тобокелдиги убакыттын өтүшү менен сөзсүз эле азая бербейт. Мындай учурда ишкана ошондой эле баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик кыйла көбөйгөнүн же жоктугун көрсөткөн башка сапаттык факторлорду эске алууга тийиш.

© ФОЭС Фонду

B5.5.12 Ишкана баштапкы таануу учурунан тартып финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик кыйла көбөйгөнүн же жоктугун талдоодо же болбосо күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоодо ар түрдүү ыкмаларды колдонууга укуктуу. Ишкана ар түрдүү финансылык инструменттерге карата ар түрдүү ыкмаларды колдонууга укуктуу. Дефолттун ыктымалдуулугун ушундай баштапкы параметр катары камтыбаган ыкма, мисалы, кредиттик чыгымдардын коэффициентин эсептөө ыкмасы ишкана дефолт келишинин тобокелдигинин өзгөрүүлөрүн күтүлгөн кредиттик чыгымдарга таасир эткен башка факторлордон, мисалы, камсыздоонун болушунан айырмалоого жөндөмдүү болгон шартта ушул стандарттын талаптарына ылайык келиши мүмкүн жана төмөнкүдөй жагдайларды талдоону карайт:

(a) баштапкы таануу учурунан тартып дефолт келишинин тобокелдигинин өзгөрүшүн;

(b) финансылык инструменттин колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүн; жана

(c) ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болгон жана кредиттик тобокелдикке таасир эте албаган негиздүү жана ырасталуучу маалыматты.

B5.5.13 Баштапкы таануу учурунан тартып финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик кыйла көбөйгөнүн же жоктугун аныктоо үчүн колдонулуучу методдор финансылык инструменттин (же финансылык инструменттердин тобунун) мүнөздөмөлөрүн жана салыштырылуучу финансылык инструменттер үчүн өткөн мезгилдерде дефолт келишинин тобокелдиги учурларын эске алууга тийиш. 5.5.9-пункттун талаптарына карабастан алар боюнча дефолттордун келип чыгышынын учурлары финансылык инструмент колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн аралыгында айрым учурда топтолбогон финансылык инструменттердин учурунда кийинки 12 айдын ичинде дефолт келишинин тобокелдигинин өзгөрүүлөрү финансылык инструмент колдонулушунун мөөнөтүнүн аралыгында дефолт келишинин тобокелдигинин өзгөрүүлөрүнүн маанисине негиздүү жакын болушу мүмкүн. Мындай учурларда, эгерде жагдайлар финансылык инструмент колдонулушунун мөөнөтүнүн аралыгында баалоо зарылчылыгын көрсөтпөсө, ишкана кийинки 12 айдын ичинде дефолт келишинин тобокелдигинин өзгөрүшүн баштапкы таануу учурунан тартып финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик кыйла көбөйгөнүн же жоктугун аныктоо үчүн пайдалана алат.

B5.5.14 Бирок айрым финансылык инструменттердин учурунда же айрым жагдайларда кийинки 12 айдын ичинде дефолт келишинин тобокелдигинин өзгөрүшүн бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таануу зарылчылыгын аныктоо үчүн пайдалануу максатка ылайыксыз болушу мүмкүн. Мисалы, кийинки 12 айдын ичинде дефолт келишинин тобокелдигинин өзгөрүшү төлөө мөөнөтү 12 айдан ашкан финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик көбөйгөнүн же жоктугун аныктоо үчүн ылайыксыз негиз болушу мүмкүн, бул учурда:

(a) финансылык инструмент кийинки 12 ай өткөндөн кийин гана төлөмдөр боюнча кыйла милдеттенмелерди карайт;

(b) кийинки 12 айдын ичинде дефолт келишинин тобокелдигинде ойдогудай түрдө чагылдырылбаган, кредиттөө менен байланышкан тиешелүү макроэкономикалык же башка байланыштуу факторлордун өзгөрүшү орун алган; же болбосо

(c) факторлорду кредиттөө менен байланышкан өзгөртүүлөр 12 ай өткөндөн кийин гана финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдикке таасир этет (же алда канча көрүнүп турган натыйжага ээ).

**Баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик кыйла көбөйүшүнүн болушун аныктоо**

B5.5.15 Бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таануу зарылчылыгын аныктоодо ишкана ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болгон жана 5.5.17(c)-пунктуна ылайык финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдикке таасир эте ала турган негиздүү жана ырастоочу маалыматты эсепке алууга тийиш. Ишкана баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик кыйла көбөйгөнүн же жоктугун аныктап, маалыматты толук издөөнү жүзөгө ашырууга милдеттүү эмес.

B5.5.16 Кредиттик тобокелдикти талдоо көп факторлуу жана баарын камтыган талдоо болуп саналат; башка факторлорго салыштырганда конкреттүү фактордун жөндүүлүгү жана анын маанилүүлүгү продуктунун тибине, финансылык инструменттердин жана зайым алуучунун мүнөздөмөлөрүнө, ошондой эле географиялык регионго байланыштуу болот. Ишкана ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болгон жана талданып жаткан конкреттүү финансылык инструмент үчүн жөндүү болуп саналган негиздүү жана ырастоочу маалыматты эске алууга тийиш. Бирок айрым факторлор же көрсөткүчтөр айрым финансылык инструменттин деңгээлинде идентификациялануучу болушу мүмкүн эмес. Мындай учурда бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таануу үчүн 5.5.3-пункттун талаптарын аткарууну аныктоо максатында факторлор же көрсөткүчтөр финансылык инструменттердин тиешелүү портфелдери, портфелдеринин топтору же портфелинин бөлүктөрү үчүн талданууга тийиш.

B5.5.17 Төмөндө келтирилген, толук эмес болуп саналган маалыматтын тизмеги кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүн талдоо учурунда жөндүү болушу мүмкүн:

(a) келишим түзгөндөн кийин кредиттик тобокелдик өзгөрүшүнүн натыйжасында келип чыккан кредиттик тобокелдиктин ички баа көрсөткүчтөрүнүн кыйла өзгөрүүлөрү, анын ичинде, эгерде ушундай эле шарттары же ушундай эле контрагенти бар айрым финансылык инструмент же окшош финансылык инструмент отчеттук күнгө карата абал боюнча кайрадан сунуш кылынган же түзүлгөн болсо, орун алышы мүмкүн болгон кредиттик спрэд;

(b) эгерде инструмент отчеттук күнгө карата абал боюнча кайрадан сунуш кылынган же түзүлгөн болсо, баштапкы таануу учурунан тартып финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик өзгөрүшүнөн улам тиешелүү финансылык инструменттин ставкаларынын же шарттарынын башка өзгөрүүлөрү (мисалы, алда канча бекем ковенанттар, камсыздоонун же кепилдиктердин көбөйгөн суммалары же кирешелер менен алда канча жогорку жабуу);

(c) колдонулушунун ушундай эле күтүлгөн мөөнөтү бар айрым финансылык инструмент жана окшош финансылык инструменттер үчүн кредиттик тобокелдиктин тышкы рыноктук көрсөткүчтөрүнүн кыйла өзгөрүүлөрү. Кредиттик тобокелдиктин рыноктук көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүлөрү өзүнө башкалардан тышкары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(i) кредиттик спрэдди;

(ii) зайым алуучу үчүн кредиттик дефолттун свопунун баасын;

(iii) анын арылыгында финансылык активдин адилет наркы анын амортизацияланган наркынан аз болгон мезгилди же даражаны; жана

(iv) зайым алуучуга тиешелүү башка рыноктук маалыматты, мисалы, зайым алуучунун карыздык жана үлүштүк инструменттеринин баасы өзгөрүшүн;

(d) финансылык инструменттин тышкы кредиттик рейтингинин иш жүзүндөгү же күтүлгөн кыйла өзгөрүшүн;

(e) ички максаттарда кредиттик тобокелдик үчүн колдонулуучу аракеттенүү скоринг системасы боюнча зайым алуучунун ички кредиттик рейтингинин иш жүзүндөгү же күтүлгөн төмөндөшүн же зайым алуучунун рейтингинин азайышын. Ички кредиттик рейтингдер жана аракеттин ички баасы алар тышкы рейтингдер менен макулдашылганда же дефолттун мүмкүн экенин изилдөөлөр менен ырасталганда алда канча ишенимдүү;

(f) күтүлүп жаткандай, зайым алуучунун өзүнүн карыз боюнча милдеттенмелерин аткаруу жөндөмүнүн кыйла өзгөрүшүнө алып келе турган коммерциялык, финансылык же экономикалык шарттардын учурдагы же болжолдонгон жагымсыз өзгөрүүлөрү, мисалы, пайыздык ставкалардын иш жүзүндөгү же күтүлгөн көбөйүшү же жумушсуздуктун деңгээлинин иш жүзүндөгү же күтүлгөн көбөйүшү;

© ФОЭС Фонду

(g) зайым алуучунун операциялык ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынын иш жүзүндөгү же күтүлгөн кыйла өзгөрүшү. Мисалдар түшкөн кирешелердин же маржанын иш жүзүндөгү же күтүлгөн азайышын, операциялык тобокелдиктердин көбөйүшүн, жүгүртүү капиталынын натыйжасыздыгын, активдердин сапатынын төмөндөшүн, балансстык левереджбин көбөйүшүн, ликвиддүүлүктү, башкаруу менен байланышкан көйгөйлөрдү же коммерциялык ишмердүүлүктүн масштабынын же уюштуруу түзүмүнүн өзгөрүшүн (мисалы, бизнес сегментинин токтотулушун) камтыйт, булар өзүнүн карыз боюнча милдеттенмелерин аткарууга зайым алуучунун жөндөмү кыйла өзгөрүшүнө алып келет;

(h) ошол эле зайым алуучунун башка финансылык инструменттери боюнча кредиттик тобокелдиктин кыйла көбөйүшү;

(i) зайым алуучунун ишмердүүлүгүнүн ченемдик укуктук, экономикалык же технологиялык шарттарынын иш жүзүндөгү же күтүлгөн жагымсыз өзгөрүшү, булар өзүнүн карыздык милдеттенмелерин аткарууга зайым алуучунун жөндөмү кыйла өзгөрүшүнө алып келет, мисалы, технологиянын өзгөрүшүнөн улам зайым алуучу сатып-өткөрүп жаткан продуктуга суроо-талаптын төмөндөшү;

(j) милдеттенме боюнча камсыздоо наркынын же кепилдиктердин сапатынын же үчүнчү тараптар берген кредиттик сапатты жогорулатуу механизмдеринин кыйла өзгөрүшү, алар, күтүлүп жаткандай, келишимде каралган пландуу төлөмдөрдү жүзөгө ашырууга зайым алуучунун экономикалык стимулун азайтат же иш дефолт келишинин ыктымалдуулугуна башкача түрдө таасир этет. Мисалы, эгерде кыймылсыз мүлккө баанын азайышынан улам камсыздоонун наркы азайса, зайым алуучулар айрым юрисдикцияларда ипотекалык кредиттер боюнча дефолт үчүн чоң стимулга ээ болот;

(k) эгерде акционерде (же башкы ишканада) капиталды салуунун же акча каражаттарын берүүнүн эсебинен дефолтту четтетүүгө өбөлгө жана финансылык мүмкүнчүлүк бар болсо, акционер (же жеке жактын башкы ишканасы) берүүчү кепилдиктин сапатынын кыйла өзгөрүшү;

(l) кыйла өзгөртүүлөр, мисалы, башкыишкана же болбосо башка аффилирленген ишкана тарабынан финансылык колдоонун кыскарышы же кредиттин сапатын жогорулатуу механизминин сапатынын иш жүзүндөгү же күтүлгөн кыйла өзгөрүшү, алар, күтүлүп жаткандай, келишимде каралган пландуу төлөмдөрдү жүзөгө ашырууга зайым алуучу үчүн экономикалык стимулду азайтат. Кредиттик сапатты жогорулатуу механизмдери же колдоо өзүнө кепил берүүчүнүн финансылык абалын талдоону жана/же секьюритизациянын алкагында чыгарылган катышуу үлүштөрүнүн учурунда катышуунун субординацияланган үлүштөрү күтүлгөн кредиттик чыгымдарды (мисалы, баалуу кагаздын негизинде турган зайымдар боюнча) сиңирүүгө жөндөмдүү болоору күтүлүп жатканын же жоктугун камтыйт;

(m) зайым боюнча документациянын күтүлгөн өзгөртүүлөрү, анын ичинде келишимди күтүлгөн бузуу, ал ковенанттар боюнча бошотууларды берүүгө же ковенанттарга түзөтүүлөргө, пайыздарды төлөөдөн убактылуу бошотууну берүүгө, пайыздык ставканын көбөйүшүнө, кошумча камсыздоо же кепилдиктер жөнүндө талаптарды киргизүүгө же инструменттин келишимдик базасынын башка өзгөрүүлөрүнө алып келиши мүмкүн;

(n) зайым алуучунун ишмердүүлүгүнүн жана аракеттеринин күтүлгөн натыйжалуулугунун кыйла өзгөрүшү, анын ичинде топтогу зайым алуучунун төлөм статусунун өзгөрүшү (мисалы, төлөм күнүн өткөрүп жиберүү менен жүзөгө ашырылуучу келишимдик төлөмдөрдүн күтүлгөн санынын же көлөмүнүн көбөйүшү же кредиттик карталарды кармоочу зайым алуучулардын күтүлгөн санынын кыйла көбөйүшү, алар, күтүлүп жаткандай, өзүнүн кредиттик лимитине жакындайт же андан ашат, же болбосо алар, күтүлүп жаткандай, минималдуу айлык сумманы киргизет);

(o) финансылык инструмент жагынан кредиттик тобокелдикти башкарууга ишкананын ыкмасынын өзгөрүшү; башкача айтканда, финансылык инструменттин кредиттик

© ФОЭС Фонду

тобокелдигинин өзгөрүшүнүн көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүп жаткан маанилерине негизденип, кредиттик тобокелдикти башкаруу жагынан ишкананын практикасы алда канча активдүү болуп калат деп күтүлүүдө, анын ичинде алда канча кылдат мониторинг же инструментке контролдук кылуу, же болбосо зайым алуучунун ишмердүүлүгүнө ишкананын түздөн-түз кийлигишүүсү;

(р) мөөнөтү өткөн төлөмдөр жөнүндө маалымат, анын ичинде 5.5.11-пунктта эске алынган төгүндөөгө боло турган божомол.

B5.5.18 Айрым учурларда жеткиликтүү сапаттуу жана статистикалык эмес сапаттуу маалымат зыянга каралган баалоо резервинин бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарга барабар суммада таануу үчүн критерий финансылык инструмент жагынан аткарылып жатканын аныктоо үчүн жетиштүү болушу мүмкүн. Ошентип, финансылык инструменттин кредиттик тобокелдигинин кыйла көбөйүшү бар экенин аныктоо үчүн маалыматка статистикалык моделди же кредиттик рейтингдерди берүү жол-жобосун колдонуу зарылчылыгы жок. Башка учурларда ишканага башка маалыматты, анын ичинде ал колдонуп жүргөн статистикалык моделдер же кредиттик рейтингдерди берүү жол-жоболору аркылуу алынуучу маалыматты талдоо талап кылынышы мүмкүн. Альтернатива катарында ишкана маалыматтын эки түрүн, башкача айтканда, (эгерде маалыматтын эки түрү жөндүү болуп саналса) баштапкы таануу учурунда кредиттик тобокелдиктин мүнөздөмөлөрүн эске алып, рейтингдерди берүү жол-жобосунун алкагында эске алынбаган сапаттык факторлордун жана отчеттук күнгө карата абал боюнча ички рейтингдин айрым категориясынын негизинде талдоону жүзөгө ашыра алат.

*30 күндөн ашыкка мөөнөтү өтүп кеткен төлөмдөр жагынан төгүндөөгө боло турган божомол*

B5.5.19 5.5.11-пунктта киргизилген төгүндөөгө боло турган божомол бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таануу зарылчылыгынын абсолюттук көрсөткүчү болуп саналбайт, бирок мында төлөмдөрдүн мөөнөтүнүн 30 күндөн ашыкка өтүп кетиши акыркы учур болуп саналат, бул учурда болжолдуу маалымат (анын ичинде портфелдин деңгээлиндеги макроэкономикалык факторлор) колдонулган күндө да бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдар таанылууга тийиш деген божомол колдонулат.

B5.5.20 Ишкана бул божомолду төгүндөй алат. Бирок ал муну келишим боюнча төлөмдөрдүн мөөнөтү 30 күндөн ашыкка өтүп кетсе да бул финансылык инструменттин кредиттик тобокелдиги кыйла көбөйүшү болуп саналбай тургандыгын көрсөткөн негиздүү жана ырасталган маалымат болгондо жасай алат. Мисалы, бул эгерде төлөбөй коюу зайым алуучунун финансылык оорчулуктары менен эмес, административдик каталык менен шартталган болсо, же болбосо ишканада дефолт келишинин тобокелдигинин кыйла көбөйүшүнүн жана финансылык активдер боюнча 30 күндөн ашыкка мөөнөтү өтүп кетишинин ортосундагы өз ара байланыштын жоктугун көрсөткөн, бирок төлөмдөрдүн мөөнөтү 60 күндөн ашык өтүп кеткен учурда мындай өз ара байланыш бар экенин ырастаган маалыматтарды камтыган өткөн жылдар үчүн маалымат бар болсо орун алышы мүмкүн.

B5.5.21 Ишкана кредиттик тобокелдик кыйла көбөйүшүнүн жана бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таануунун учурун финансылык актив кредиттик-наркы түшкөн деп эсептелген учурга же ишкана колдонуучу дефолтту ички аныктоого байлай албайт.

*Отчеттук күнгө карата абал боюнча төмөн кредиттик тобокелдиги бар финансылык инструменттер*

B5.5.22 Эгерде зайым алуучу жакынкы келечекте акча каражаттарынын агымдары жагынан өзү кабыл алган келишимде каралган милдеттерди аткарууга стабилдүү кудуретке ээ болсо жана экономикалык жана коммерциялык шарттардын жагымсыз өзгөрүшү алда канча алыс келечекте акча каражаттарынын агымдары жагынан өзү кабыл алган келишимде каралган милдеттерди аткарууга анын жөндөмүн төмөндөтүшү мүмкүн болсо, бирок сөзсүз эле төмөндөтпөсө, финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик 5.5.10-пункттун максаттары үчүн төмөн деп эсептелет. Финансылык инструменттер боюнча зыяндардын тобокелдиги аларды камсыздоо наркынан улам гана төмөн болуп саналганда жана мындай камсыздоосу жок финансылык

инструмент кредиттик тобокелдиги төмөн инструмент болуп эсептелбеген учурда, алар кредиттик тобокелдиги төмөн инструменттер деп эсептелбейт. Финансылык инструменттер ошондой эле аларда бул ишкананын башка финансылык инструменттерине караганда же болбосо ишкана ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырып жаткан юрисдикциянын тобокелдигине салыштырганда дефолттун аз тобокелдигине ээ болгондугунан улам гана кредиттик тобокелдиги төмөн инструмент деп эсептелбейт.

B5.5.23 Финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик төмөн болуп саналаарын же жоктугун аныктоо үчүн ишкана кредиттик тобокелдиктин ички рейтингдерин же бүткүл дүйнөдө кабыл алынган төмөн кредиттик тобокелдик аныктамасына ылайык келген жана бааланып жаткан финансылык инструменттердин тобокелдиктерин жана тибин эске алган башка методологияларды пайдалана алат. «Инвестициялык деңгээлдин» тышкы рейтинги финансылык инструмент кредиттик тобокелдиги төмөн инструмент деп эсептелиши мүмкүн болгон кырдаалдын мисалы болуп саналат. Бирок кредиттик тобокелдиги төмөн инструмент деп эсептелиши үчүн сөзсүз эле тышкы рейтингдин болушунун кереги жок. Бирок алар финансылык инструменттин бардык шарттарын эске алып, рыноктун катышуучусунун көз карашынан алганда кредиттик тобокелдиги төмөн инструмент деп эсептелүүгө тийиш.

B5.5.24 Бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдар мурдагы отчеттук мезгилде финансылык инструмент кредиттик тобокелдиги төмөн инструмент деп эсептелгендигинен жана отчеттук күнгө карата абал боюнча кредиттик тобокелдиги төмөн инструмент деп эсептелбегенинен улам гана ал боюнча таанылбайт. Мындай учурда ишкана баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдиктин кыйла көбөйүшү болуп өткөнүн же жоктугун жана, тиешелүү түрдө, бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдар 5.5.3-пунктка ылайык таанылууга тийиш экенин же жоктугун аныктоого тийиш.

**Модификациялар**

B5.5.25 Айрым жагдайларда финансылык инструмент боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын кайра кароо же модификациялоо ушул стандартка ылайык учурдагы финансылык активди таанууну токтотууга алып келиши мүмкүн. Финансылык активди модификациялоо учурдагы финансылык активди таанууну токтотууга жана модификацияланган финансылык активди кийин таанууга алып келгенде модификацияланган финансылык актив ушул стандарттын максаттары үчүн «жаңы» финансылык актив деп эсептелет.

B5.5.26 Тиешелүү түрдө, модификациялоо күнүн модификацияланган финансылык актив жагынан нарктын түшүшүнө тиешелүү талаптарды колдонуу учурунда ушундай финансылык активди баштапкы таануу күнү деп эсептөө керек. Эреже катары, бул зыянга каралган баалоо резервин 5.5.3-пунктта көрсөтүлгөн бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таанууга карата талаптарды аткарганга чейин 12 айлык күтүлгөн кредиттик чыгымдарга барабар суммада баалоону билдирет. Бирок айрым демейдегиден башкача жагдайларда алгачкы финансылык активди таанууну токтотууга алып келүүчү модификациялоодон кийин модификацияланган финансылык актив баштапкы таануу учурунда кредиттик-наркы түшкөн болуп саналат жана, тиешелүү түрдө, финансылык активди түзүлгөн кредиттик-наркы түшкөн финансылык актив катары таануу зарыл деген ырастоо орун алышы мүмкүн. Бул, мисалы, көйгөйлүү актив олуттуу модификациялоого дуушарланган, ал алгачкы финансылык активди таанууну токтотууга алып келген учурда болуп өтүшү мүмкүн. Мындай учурда модификациялоо баштапкы таануу учурунда кредиттик-наркы түшкөн жаңы финансылык активди таанууга алып келиши мүмкүн.

B5.5.27 Эгерде финансылык актив боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдары башкача түрдө кайра каралган же модификацияланган болсо, бирок финансылык активди таануу токтотулбаса, мындай финансылык актив өзүнөн-өзү кредиттик тобокелдиги алда канча төмөн актив деп эсептелбейт. Ишкана ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болгон бүткүл негиздүү жана ырасталуучу маалыматтын негизинде баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдиктин кыйла көбөйүшү болуп өткөнүн же жоктугун баалоого тийиш. Бул өткөн мезгилдер үчүн маалыматты жана болжолдуу маалыматты пайдаланууну жана модификациялоого алып келген жагдайлар жөнүндө маалыматты камтыган финансылык активдин колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн ичинде кредиттик тобокелдикти баалоону

болжолдойт. Келишимдин модификацияланган шарттарына ылайык соңку жана өз учурундагы төлөмдөр жөнүндө маалымат бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды таануу критерийлери мындан ары аткарылбай жатканынын ырастоосу боло алат. Эреже катары, кардар кредиттик тобокелдик азайган деп эсептелгенге чейин мезгил аралыгында төлөмдөрдү ак ниеттүү жүргүзүүнү ырааттуу көрсөтүүгө тийиш. Мисалы, мөөнөтү өтүп кеткен төлөмдөрдүн же толук эмес көлөмдөгү төлөмдөрдүн тарыхы келишимдин шарттарын модификациялагандан кийин өз убагында бир төлөм жүзөгө ашырылган деген себеп боюнча гана этибарга албай коюлбайт.

## Күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо

### Күтүлгөн кредиттик чыгымдар

B5.5.28 Күтүлгөн кредиттик чыгымдар ыктымалдуулукту эске алуу менен финансылык инструмент колдонулушунун бүткүл күтүлгөн мөөнөтү үчүн кредиттик чыгымдардын баасы (башкача айтканда, акча каражаттарын бардык күтүлгөн кем алуулардын келтирилген наркы) болуп саналат. Акча каражаттарын кем алуу – бул келишимге ылайык ишканага таандык болгон акча каражаттарынын агымдарынын жана ишкана алууга ниеттенип жаткан акча каражаттарынын агымдарынын ортосундагы айырма. Күтүлгөн кредиттик чыгымдар төлөмдөрдүн суммасын жана мөөнөттөрүн эске алгандыктан, кредиттик чыгымишкана бүткүл сумманы толук көлөмдө, бирок келишимде каралгандан кеч алууга ниеттенген учурунда да келип чыгат.

B5.5.29 Финансылык активдердин учурунда кредиттик чыгым төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырманын келтирилген наркын билдирет:

(a) келишим боюнча ишканага таандык болгон, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын; жана

(b) ишкана алууга ниеттенип жаткан акча каражаттарынын агымдарынын.

B5.5.30 Зайымдарды берүү боюнча милдеттенмелердин колдонулбаган бөлүгүнүн учурунда кредиттик чыгым төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырманын келтирилген наркын билдирет:

(a) эгерде зайым берүү боюнча милдеттенмени кармоочу зайым алууга укукту пайдаланса, ишканага таандык болгон, келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарынын; жана

(b) эгерде зайым алууга укук колдонулган болсо, ишкана алууга ниеттенип жаткан акча каражаттарынын агымдарынын.

B5.5.31 Ишкана жүзөгө ашырып жаткан зайымдарды берүү боюнча милдеттенмелер боюнча күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо зайымдарды берүү боюнча милдеттенменин алкагында зайым алууга укукту пайдалануу жагынан анын күтүүлөрүнө ылайык келүүгө тийиш, башкача айтканда, ал 12 айлык күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо учурунда отчеттук күндөн кийин 12 ай аралыгында колдонула турган зайымдарды берүү боюнча милдеттенме боюнча зайым алууга укуктардын күтүлгөн бөлүгүн жана бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо учурунда зайымдарды берүү боюнча милдеттенме колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнүн аралыгында колдонула турган зайымдарды берүү боюнча милдеттенме боюнча зайым алууга укуктардын күтүлгөн бөлүгүн эске алууга тийиш.

B5.5.32 Финансылык кепилдик келишиминин учурунда ишкана ал боюнча кепилдик бериле турган инструменттин шарттарына ылайык карызкордун дефолту келген учурда гана төлөмдөрдү жүзөгө ашырууга тийиш. Тиешелүү түрдө, акча каражаттарын кем алуу – бул ишкана кармоочудан, карызкордон же болбосо ар кандай башка тараптан алууга ниеттенип жаткан суммаларды алып салганда, инструментти кармоочу тартып жаткан кредиттик чыгымдарды ага ордун толтуруучу күтүлгөн төлөмдөр. Эгерде кепилдик активди толук көлөмдө жапса, финансылык кепилдик келишими үчүн акча каражаттарын кем алууларды баалоо кепилдиктин маңызы болуп саналган актив үчүн акча каражаттарын кем алууларды баалоого ылайык келет.

B5.5.33 Отчеттук күнгө карата абал боюнча кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдин учурунда, ал мында сатып алынган же түзүлгөн кредиттик-наркы түшкөн финансылык актив болуп саналбаса, ишкана күтүлгөн кредиттик чыгымдарды активдин дүң балансттык наркынын жана финансылык актив боюнча алгачкы натыйжалуу пайыздык ставканы пайдалануу менен дисконтирленген келечектеги эсептик акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркынын ортосундагы айырма катары баалоого тийиш. Ар кандай оңдоп-түзөө нарктын түшүшүнөн пайда же зыян катары пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш.

B5.5.34 Ижара боюнча дебитордук карыз үчүн зыянга каралган баалоо резервин баалоо учурунда күтүлгөн кредиттик чыгымдарды аныктоо үчүн колдонулуучу акча каражаттарынын агымдары «*Ижара*» ФОЭС (IFRS) 16га ылайык ижара боюнча дебитордук карызды баалоо учурунда колдонулуучу акча каражаттарынын агымдарына ылайык келүүгө тийиш.

B5.5.35 Эгерде күтүлгөн кредиттик чыгымдар 5.5.17-пунктта көрсөтүлгөн принциптерге ылайык келсе, аларды баалоодо ишкана практикалык мүнөздөгү божомолдорду пайдалана алат. Практикалык мүнөздөгү божомолдун мисалы болуп баалоо резервдеринин матрицасын пайдалануу менен соода боюнча дебитордук карыз боюнча күтүлгөн кредиттик чыгымдардын эсеби саналат. Ишкана тиешелүү түрдө 12 айлык күтүлгөн кредиттик чыгымдарды же бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо үчүн соода боюнча дебитордук карыз учурунда кредиттик чыгымдар келип чыгышынын (B5.5.51–B5.5.52-пункттарга ылайык тиешелүү түрдө оңдоп-түзөлгөн) өзүнүн мурдагы тажрыйбасын пайдалана алат. Баалоо резервдеринин матрицасы, мисалы, соода боюнча дебитордук карыздын мөөнөтү өткөн күндөрдүн санына жараша баалоо резервдеринин белгиленген ставкаларын белгилей алат (мисалы, эгерде мөөнөттүн өтүшү жок болсо, 1 пайыз; эгерде төлөмдөрдүн мөөнөтү 30 күндөн азыраак өтүп кетсе, 2 пайыз; эгерде төлөмдөрдүн мөөнөтү 30 күндөн ашык, бирок 90 күндөн аз өтүп кетсе, 3 пайыз; эгерде төлөмдөрдүн мөөнөтү 90 күндөн ашык, бирок 180 күндөн аз өтүп кетсе, 20 пайыз ж.б.). Өзүнүн кардарлар базасынын диверсификацияланышына жараша ишкана, эгерде кредиттик чыгымдардын келип чыгышы жагынан анын мурдагы тажрыйбасы ар түрдүү кардарлар сегменттери үчүн зыяндардын келип чыгышынын кыйла айырмаланган мүнөздөмөлөрү жөнүндө тастыктап турса, активдерди тиешелүү топторго топтойт. Активдерди топтоо үчүн колдонулушу мүмкүн болгон критерийлердин мисалдары өзүнө географиялык регионду, продуктунун тибин, кардарлардын рейтингин, соода боюнча кредиттик тобокелдиктерди камсыздоону же камсыздандырууну жана кардарлардын (мисалы, дүң же чекене) тибин камтыйт.

### Дефолтту аныктоо

B5.5.36 5.5.9-пункту финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик олуттуу көбөйгөн/көбөйбөгөнүн аныктоодо, ишкананын баштапкы таануу учурунан тартып дефолттун болуу тобокелдигинин өзгөрүүсүн кароосун талап кылат.

B5.5.37 Дефолттун болуу тобокелдигин аныктоо максатында дефолтту аныктоодо ишкана тийиштүү финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдикти ички башкаруу максатында колдонулуучу аныктамага шайкеш келген дефолттун аныктамасын колдонууга жана туура болгондо, сапаттуу көрсөткүчтөрдү (мисалы финансылык ковенанттарды) кароого тийиш. Бирок, финансылык актив мөөнөтүнөн 90 күн өткөндөн кечиктирилбестен дефолт болот деген төгүндөөгө божомол бар, ишкана төлөмдүн көпкө кармалышын караган дефолттун критерийин колдонуу көбүрөөк туура болоорун көрсөткөн, негизделген жана ырасталган маалыматка ээ болгон учурлардан тышкары. Ушул максатта колдонулган дефолттун аныктамасы бардык финансылык инструменттерге ырааттуу колдонулушу керек, дефолттун башка аныктамасы белгилүү бир финансылык инструмент үчүн көбүрөөк туура болуп саналаарын көрсөткөн маалымат жеткиликтүү болгон учурлардан тышкары.

### Күтүлгөн кредиттик чыгымдар бааланган мезгил

B5.5.38 5.5.19-пунктуна ылайык күтүлгөн кредиттик чыгымдар бааланууга тийиш максималдуу мезгил ишкана кредиттик тобокелдикке дуушар болгон, келишимде каралган максималдуу мезгилге барабар. Зайымдарды берүү жана финансылык кепилдик келишимдери боюнча

милдеттенмелердин учурунда бул ишкана кредит берүү боюнча келишимдик милдетке ээ болгон, келишимде каралган максималдуу мезгил.

B5.5.39 Бирок 5.5.20-пунктуна ылайык айрым финансылык инструменттер зайым компонентин дагы жана зайым берүү боюнча милдеттенменин колдонулбаган бөлүгүнүн компонентин дагы камтыйт жана ишкананын келишимде каралган зайымды төлөөнү талап кылуу жана зайым берүү боюнча милдеттенменин колдонулбаган бөлүгүн жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгү билдирүүнү берүү үчүн ишкананын келишимдик мөөнөт менен кредиттик чыгымдар тобокелдигине дуушар болушун чектебейт. Мисалы, кредиттик карталар жана овердрафттар сыяктуу кредиттөөнүн калыбына келтирүү механизмдери кредит берүүчү тарабынан бир күн калганда билдирүү менен чакырып алынышы мүмкүн. Бирок практикада кредит берүүчүлөр узак мезгилге чейин кредит берүүнү улантышат жана зайым алуучунун кредиттик тобокелдиги көбөйгөндөн кийин гана кредитти чакырып алышы мүмкүн, бул айрым же бардык күтүлгөн кредиттик чыгымдарды алдын алуу үчүн өтө кеч болушу мүмкүн. Төмөндө мындай финансылык инструменттер мүнөзүнө, башкаруу ыкмасына жана кредиттик тобокелдиктин олуттуу көбөйүшү тууралуу болгон маалыматтын мүнөзүнө жараша ээ болгон мүнөздөмөлөр келтирилген:

(a) финансылык инструменттердин бекитилген төлөө мөөнөтү же схемасы жок жана адатта келишим менен аларды жокко чыгаруу үчүн кыска мезгил каралат (мисалы, бир күн);

(b) келишимде каралган келишимди жокко чыгаруу мүмкүндүгү финансылык инструментти учурдагы жөнөкөй башкаруунун алкагында колдонулбайт жана кредиттөө механизминин деңгээлинде кредиттик тобокелдиктин көбөйүшү тууралуу ишканага белгилүү болгон учурда гана келишим жокко чыгарылышы мүмкүн; жана

(c) финансылык инструменттерди башкаруу топтук негизде жүргүзүлөт.

B5.5.40 Ишкана кредиттик тобокелдикке дуушар болууну күткөн, бирок кредиттик тобокелдикти башкаруу боюнча ишкананын кадимки иш-аракеттеринин натыйжасында күтүлүүчү кредиттик тобокелдиктер азайбаган мезгилди аныктоодо, ишкана өткөн мезгилдердеги маалымат жана төмөнкүлөр боюнча мурунку тажрыйба сыяктуу факторлорду эске алууга тийиш:

(a) ушундай финансылык инструменттер боюнча ишкана кредиттик тобокелдикке дуушар болгон мезгил;

(b) кредиттик тобокелдик олуттуу көбөйгөндөн кийин ушундай финансылык инструменттер боюнча дефолт болгонго чейинки мезгилдин узактыгы; жана

(c) финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик көбөйгөндөн кийин кредиттик тобокелдикти башкаруу боюнча ишкана аткарууну ойлогон иш-аракеттер, мисалы колдонулбаган каражаттарды колдонуу лимитин азайтуу же жокко чыгаруу.

**Ыктымалдуулукту эске алуу менен өлчөнгөн натыйжа**

B5.5.41 Күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоонун максаты болуп эң начар сценарийди баалоо дагы, эң жакшы сценарийди баалоо дагы саналбайт. Тескерисинче, эгер кредиттик чыгымдарга алып келбеген натыйжа болсо дагы, күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо дайыма кредиттик тобокелдиктердин пайда болуу мүмкүндүгүн жана кредиттик тобокелдиктердин пайда болбоо ыктымалдыгын чагылдырышы керек.

B5.5.42 5.5.17(a)-пункту күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо болушу ыктымал натыйжалар диапазонун талдоо аркылуу аныкталган болушу ыктымалдыгы менен өлчөнгөн сумманы чагылдырышын талап кылат. Практикада мындай талдоонун татаал болушу милдеттүү эмес. Айрым учурларда салыштырмалуу сценарийлерди көптөгөн толук симуляциялоосуз, жөнөкөй моделдөө жетиштүү. Мисалы, тобокелдиктердин жалпы мүнөздөмөлөрү менен финансылык инструменттердин чоң тобу боюнча орточо кредиттик чыгымдар болушунун ыктымалдыгы менен өлчөнгөн сумманы негиздүү баалоо болушу мүмкүн. Башка учурларда белгилүү бир натыйжалар үчүн акча каражаттарынын агымдарынын суммасын жана мөөнөтүн, ошондой эле ушундай натыйжалардын эсептик мүмкүндүгүн көрсөткөн сценарийлерди идентификациялоо

зарыл болушу мүмкүн. Мындай учурларда 5.5.18-пунктуна ылайык күтүлгөн кредиттик чыгымдар жок дегенде эки натыйжаны чагылдырышы керек.

B5.5.43 Бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдардын учурунда ишкана финансылык инструмент боюнча дефолттун күтүлүүчү колдонуу мөөнөтүнүн ичиндеги анын болуу тобокелдигин баалоого тийиш. 12 айлык күтүлгөн кредиттик чыгымдар бүткүл мөөнөт ичинде күтүлгөн кредиттик чыгымдардын бөлүгү болуп саналат жана отчеттук айдан кийинки 12 айдын ичинде (же болбосо, эгер финансылык инструменттин күтүлүүчү колдонуу мөөнөтү 12 айдан аз болсо, кыскараак мезгилдин ичинде) дефолт болгондо алынбай калган, ушундай дефолттун болуу мүмкүндүгүн эске алуу менен өлчөнгөн акча каражаттарын билдирет. Натыйжада 12 айлык күтүлгөн кредиттик чыгымдар ишкана кийинки 12 айдын ичинде дефолттун болушун болжолдогон финансылык инструмент боюнча ишкана тарта турган бүтүндөй мөөнөттө күтүлгөн кредиттик чыгымдар дагы, кийинки 12 айдын ичинде болжолдонгон алынбай калган акча каражаттары дагы болуп саналбайт.

**Акчанын убакыт ичиндеги наркы**

B5.5.44 Күтүлгөн кредиттик чыгымдар баштапкы таанууда аныкталуучу натыйжалуу пайыздык ставканы же анын болжолдуу наркын колдонуу менен күтүлүүчү дефолттун күнүнө же кандайдыр бир башка күнгө чейин эмес, отчеттук күнгө чейин дисконттолушу керек. Өзгөрүлмө пайыздык ставкадагы финансылык инструменттин учурунда күтүлгөн кредиттик чыгымдар B5.4.5-пунктуна ылайык аныкталган учурдагы натыйжалуу пайыздык ставканы колдонуу менен дисконттолууга тийиш.

B5.5.45 Сатып алынган же түзүлгөн кредиттик-наркы түшкөн финансылык активдердин учурунда күтүлгөн кредиттик чыгымдар кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөтүлгөн, баштапкы таанууда аныкталган натыйжалуу пайыздык ставканы колдонуу менен дисконттолууга тийиш.

B5.5.46 Ижара боюнча дебитордук карыз боюнча күтүлгөн кредиттик чыгымдар ФОЭС (IFRS) 16га ылайык ижара боюнча дебитордук карызды баалоодо колдонулган ошол эле дисконттоо ставкасын колдонуу менен дисконттолушу керек.

B5.5.47 Зайымдарды берүү милдеттенмеси боюнча күтүлгөн кредиттик чыгымдар зайым берүү боюнча милдеттенмени аткаруунун натыйжасында финансылык активди таанууда колдонула турган натыйжалуу пайыздык ставканы (же анын болжолдуу наркын) колдонуу менен дисконттолууга тийиш. Бул нарктын түшүүсүнө тийиштүү талаптарды колдонуу максатында зайым берүү милдеттенмеси боюнча укуктардын бөлүгү колдонулгандан кийин таанылган финансылык актив жаңы финансылык инструмент эмес, ушундай милдеттенменин уландысы болуп саналгандыгы менен шартталган. Натыйжада финансылык актив боюнча күтүлгөн кредиттик чыгымдар ишкана милдеттенме боюнча тарап болгон күндөн тартып, кийин аны жокко чыгаруу укугусуз, зайым берүү милдеттенмеси боюнча алгачкы кредиттик тобокелдикти эске алуу менен бааланышы керек.

B5.5.48 Финансылык кепилдик келишимдери боюнча же натыйжалуу пайыздык ставкасы аныкталбаган зайымдарды берүү милдеттенмелери боюнча күтүлгөн кредиттик чыгымдар акчанын убакыт ичиндеги наркын учурдагы рыноктук баалоону жана ачка каражаттарынын агымдарына мүнөздүү тобокелдиктерди чагылдырган дисконттоо ставкасын колдонуу аркылуу дисконттолууга тийиш, бирок тобокелдиктер дисконттолгон алынбай калган акча каражаттарын түзөтүү аркылуу эмес, дисконттоо ставкасын дисконттоо аркылуу эске алынган көлөмдө гана.

**Негизделген жана ырасталган маалымат**

B5.5.49 Ушул стандарттын максаты үчүн негизделген жана ырасталган маалымат – бул отчеттук күнгө карата ашкере чыгымдарсыз же аракетсиз негиздүү түрдө жеткиликтүү болгон маалымат, мурунку окуялар, учурдагы шарттар жана келечектеги экономикалык шарттардын болжолдору тууралуу маалыматты кошкондо. Финансылык отчеттуулуктун максаттары үчүн жеткиликтүү маалымат болуп ашкере чыгымдарсыз же аракетсиз жеткиликтүү болгон маалымат саналат.

B5.5.50 Ишкана финансылык инструменттин бардык күтүлүүчү колдонуу мөөнөтүнүн ичинде келечектеги шарттар боюнча болжолдорду колдонууга милдеттүү эмес. Күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо үчүн зарыл ой жүгүртүүлөрдүн көлөмү толук маалыматтын болушуна көз каранды. Болжолдоо горизонту көбөйгөн сайын толук маалыматтын болушу азаят жана күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо үчүн зарыл ой жүгүртүүлөрдүн көлөмү көбөйөт. Күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо алыскы келечектеги мезгилдер үчүн милдеттүү толук баалоону талап кылбайт – мындай мезгилдер үчүн ишкана болгон толук маалыматты экстраполяция кыла алат.

B5.5.51 Ишкана маалыматты толук издөөгө милдеттүү эмес, бирок ашкере чыгымдарсыз же аракетсиз жеткиликтүү болгон жана күтүлүүчү мөөнөтүнөн мурда төлөө таасирин кошкондо, күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо үчүн туура болгон, бардык негизделген жана ырасталган маалыматты эске алышы керек. Колдонулган маалымат зайым алуучуга мүнөздүү факторлорду, жалпы экономикалык шарттарды жана отчеттук күнгө карата шарттардын учурдагы жана болжолдуу өнүгүшүн баалоону камтууга тийиш. Ишкана ички (ишканага мүнөздүү) жана тышкы болушу мүмкүн түрдүү маалымат булактарын колдоно алат. Болушу ыктымал маалымат булактары кредиттик чыгымдардын пайда болушунун мурунку ички тажрыйбасын, ички рейтингди, башка ишканалардын кредиттик чыгымдарынын пайда болуу тажрыйбасын жана тышкы рейтингди, отчетторду жана статистикалык маалыматтарды өзүнө камтыйт. Ишканага мүнөздүү жетиштүү маалымат булактарына ээ болбогон же ээ болгон ишканалар салыштырылуучу финансылык инструмент үчүн (же финансылык инструменттердин салыштырылуучу тобу үчүн) ушундай ишканалардын тажрыйбасын колдоно алат.

B5.5.52 Мурунку мезгилдердин маалыматы күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо үчүн маанилүү баштапкы нокоту же базасы болуп саналат. Бирок ишкана мурунку мезгилдердин маалыматтарын оңдоп-түзөтүшү керек, мисалы, мурунку жылдардын негизи болгон мезгилге таасир тийгизбеген келечектеги шарттарга карата учурдагы шарттардын жана болжолдордун таасирин чагылдыруу үчүн, ошондой эле келишимде каралган келечектеги акча каражаттарынын агымдары үчүн туура болбогон мурунку мезгилдердеги шарттардын таасирин жокко чыгаруу үчүн учурдагы байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтардын негизинде кредиттик чыгымдардын пайда болуу тажрыйбасын. Айрым учурларда мурунку мезгилдердеги маалыматтын мүнөзүнө жана качан эске алынганына карата, отчеттук күндөгү кырдаалдарга жана каралган финансылык инструменттин мүнөздөмөлөрүнө салыштырмалуу эң мыкты негизделген жана ырасталган маалымат болуп мурунку мезгилдердеги оңдоп-түзөтүлбөгөн маалымат болушу мүмкүн. Күтүлгөн кредиттик чыгымдардын өзгөрүүлөрүн баалоо тийиштүү байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтардын мезгилден мезгилге өзгөрүшүн (мисалы, жумушсуздуктун деңгээлинин, кыймылсыз мүлккө болгон баанын, товарга болгон баанын, төлөм статусунун же башка финансылык инструмент боюнча же финансылык инструменттердин тобу боюнча кредиттик чыгымдардын пайда болушун көрсөткөн факторлордун өзгөрүшүн, ошондой эле ушул өзгөрүүлөрдүн көлөмүндөгү өзгөрүүлөрүн) чагылдырууга тийиш жана ушул өзгөрүүлөрдүн багытына дал келиши керек. Ишкана баалоо менен иш жүзүндөгү кредиттик чыгымдардын ортосундагы айырмаларды кыскартуу максатында күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо үчүн колдонгон методологияны жана божомолдорду дайыма талдап турууга тийиш.

B5.5.53 Күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоодо кредиттик чыгымдардын пайда болушунун мурунку тажрыйбасын колдонгон учурда мурунку жылдардагы кредиттик чыгымдардын деңгээли тууралуу маалымат мурунку жылдардагы кредиттик чыгымдардын тийиштүү деңгээли байкоо жүргүзүлгөн топторго окшош аныкталган топторго карата колдонулушу маанилүү. Натыйжада колдонулуучу ыкма финансылык активдердин ар бир тобу өткөн жылдардагы кредиттик чыгымдар тууралуу маалымат менен, финансылык активдердин тобунда тобокелдиктердин ушундай мүнөздөмөлөрү менен жана учурдагы шарттарды чагылдырган жөндүү байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтар менен байланыштуу болушун камсыздашы керек.

B5.5.54 Күтүлгөн кредиттик чыгымдар ишкананын кредиттик чыгымдар боюнча өздүк күтүүлөрүн чагылдырат. Бирок күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоодо ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болгон, бардык негизделген жана ырасталган маалыматты эске алганда, ишкана белгилүү бир финансылык инструменттин же ушундай финансылык

инструменттердин кредиттик тобокелдиги тууралуу байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматты дагы эске алууга тийиш.

**Камсыздоо**

B5.5.55 Күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо максатында күтүлүүчү алынбай калган акча каражаттарын баалоо келишимдик шарттардын бөлүгү болгон жана ишкана тарабынан өзүнчө бааланбаган, камсыздоодон жана башка кредиттик сапатты жогорулатуу механизмдеринен күтүлүүчү акча каражаттарынын агымдарын чагылдырышы керек. Күрөөгө коюлган финансылык инструмент боюнча күтүлүүчү алынбай калган акча каражаттарын баалоо, өндүрүп алуу мүмкүндүгүнө карабастан, камсыздоону алууга жана сатуу чыгымдарын алып салгандан кийин, камсыздоого өндүрүп алуудан күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарынын суммасын жана мөөнөтүн чагылдырат (б.а. күтүлүүчү акча каражаттарынын агымдарын баалоо өндүрүп алуу мүмкүндүгүн жана натыйжада пайда болгон акча каражаттарынын агымдарын эске алат). Натыйжада келишимдеги төлөө мөөнөтүнөн тышкары камсыздоону ишке ашыруудан күтүлгөн бардык акча каражаттарынын агымдары ушундай талдоого киргизилиши керек. Өндүрүп алуунун натыйжасында алынган бардык камсыздоо күрөөгө коюлган финансылык инструменттен өзүнчө актив катарында таанылбайт, ал ушул же башка стандарттарда активди таануунун тийиштүү критерийлерин канааттандырган учурлардан тышкары.

## Финансылык активдерди кайра классификациялоо (5.6-бөлүм)

B5.6.1 Эгер ишкана финансылык активдерди 4.4.1-пунктуна ылайык кайра классификацияласа, 5.6.1-пункту кайра классификация кайра классификациялоо күнүнөн тартып перспективдүү колдонулушун талап кылат. Амортизацияланган нарк боюнча баалоо категориясы дагы жана башка жалпы киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалоо категориясы дагы баштапкы таанууда натыйжалуу пайыздык ставканы аныктоону талап кылат. Ошондой эле эки баалоо категориясы тең нарктын түшүүсүнө тийиштүү талаптарды ушундай колдонууну талап кылат. Натыйжада ишкана финансылык активди амортизацияланган нарк боюнча бааланууччу категориядан башка жалпы киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланууччу категорияга кайра классификациялаганда жана тескерисинче:

(a) пайыздык түшкөн кирешени таануу өзгөрүлбөйт, натыйжада ишкана ошол эле натыйжалуу пайыздык ставканы колдонууну улантат.

(b) күтүлгөн кредиттик чыгымдарды баалоо өзгөрбөйт, анткени эки баалоо категориясы тең нарктын түшүүсүнө карата бирдей ыкманы колдонот. Бирок, эгер финансылык актив башка жалпы киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланууччу категориядан амортизацияланган нарк боюнча бааланууччу категорияга кайра классификацияланса, зыянга каралган баалоо резерви кайра классификацияланган күндөн тартып финансылык активдин дүң balanстык наркын оңдоп-түзөтүү катарында таанылат. Эгер финансылык актив амортизацияланган нарк боюнча бааланууччу категориядан башка жалпы киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланууччу категорияга кайра классификацияланса, зыянга каралган баалоо резервин таануу токтотулат (натыйжада ал дүң балaнстык наркты оңдоп-түзөтүү катарында таанылбайт), бирок анын ордуна ал башка жалпы кирешенин курамында нарктын түшүүсүнүн (же ага барабар сумма) топтолгон суммасы катарында таанылат жана кайра классификацияланган күндөн тартып ачып көрсөтүлөт.

B5.6.2 Бирок ишканадан пайда же зыян  аркылуу адилет нарк боюнча бааланган финансылык актив үчүн пайыздык түшкөн кирешени же нарктын түшүүсүнөн алынган пайданы же зыянды өзүнчө таануу талап кылынбайт. Натыйжада ишкана финансылык активди пайда же зыян  аркылуу адилет нарк боюнча бааланууччу категориядан кайра классификацияланганда, натыйжалуу пайыздык ставка кайра классификациялоо күнүнө карата активдин адилет наркынын негизинде аныкталат. Андан тышкары 5.5-бөлүмүн кайра классификациялаган күнгө карата финансылык активге колдонуу максатында кайра классификациялоо күнү болуп аны баштапкы таануу күнү саналат.

## Пайдалар жана зыяндар (5.7-бөлүм)

© ФОЭС Фонду

B5.7.1 5.7.5-пункту ишканага соодага арналбаган үлүштүк инструментке салынган инвестициянын адилет наркынын өзгөрүшүн башка жалпы кирешенин курамында көрсөтүү чечимин кабыл алууга уруксат берет жана аны кийин жокко чыгаруу укугу берилбейт. Мындай чечим ар бир инструментке өзүнчө (б.а. ар бир акцияга) кабыл алынат. Башка жалпы кирешенин курамында көрсөтүлгөн сумма кийин пайданын же зыяндын курамына которулбашы керек. Бирок ишкана жалпы пайданы же зыянды капиталдын бир беренесинен башкасына которо алат. Ушундай инвестициялар боюнча дивиденддер 5.6.7-пунктуна ылайык пайданын же зыяндын курамында таанылат, эгер дивиденд инвестициянын баштапкы наркынын бөлүгүнүн ордун толтурууну билдирээри анык болбосо гана.

B5.7.1A 4.1.5-пункту колдонулган учурлардан тышкары, 4.1.2А-пункту, эгер финансылык активдин келишимдик шарттары негизги сумманын төлөмдөрү жана негизги сумманын төлөнбөгөн пайыздары гана болгон акча каражаттарынын агымдарын шарттаса жана келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуунун жана финансылык акивдерди сатуунун эсебинен максатына жеткен бизнес-моделдин алкагында актив кармалса, финансылык активди башка жалпы киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалоону талап кылат. Ушул баалоо категориясы, эгер финансылык актив амортизацияланган нарк боюнча бааланса, пайданын же зыяндын курамында тийиштүү суммаларды тааныйт, ошол эле учурда финансылык абал жөнүндөгү отчетто финансылык актив адилет нарк боюнча бааланат. 5.7.10–5.7.11-пункттарына ылайык пайданын же зыяндын курамында таанылгандардан айырмаланып, пайдалар же зыяндар башка жалпы кирешенин курамында таанылат. Ушундай финансылык активдерди таануу токтотулганда, мурда башка жалпы кирешенин курамында таанылган топтолгон пайдалар же зыяндар пайданын же зыяндын курамында кайра классификацияланат. Бул, эгер финансылык актив амортизацияланган нарк боюнча бааланса, таануу токтотулганда пайданын же зыяндын курамында таанылган пайданы же зыянды чагылдырат.

B5.7.2 Ишкана ФОЭС (IAS) 21ге ылайык акча беренелери болуп саналган жана чет өлкөлүк валютада берилген финансылык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге ФОЭС (IAS) 21ди колдонот. ФОЭС (IAS) 21ге ылайык акчалай активдер жана акчалай милдеттенмелер боюнча курстук айырмалар боюнча пайдалар же зыяндар пайданын же зыяндын курамында таанылышы керек. Өзгөчө учур болуп акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөдө (6.5.11-пунктту караңыз), таза инвестицияны хеджирлөөдө (6.5.13-пунктту караңыз) же 5.7.5-пунктуна ылайык ишкана башка жалпы кирешенин курамында адилет нарктын өзгөрүүлөрүн көрсөтүү вариантын тандаган үлүштүк инструменттин адилет наркын хеджирлөөдө (6.5.8-пунктту караңыз) ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменти катарында аныкталган акча беренеси саналат.

B5.7.2A ФОЭС (IAS) 21ге ылайык курстук айырмалар боюнча пайдаларды же зыяндарды таануу максатында 4.1.2А-пунктуна ылайык башка жалпы киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу финансылык актив акча беренеси болуп саналат. Натыйжада мындай финансылык актив чет өлкөлүк валютадагы амортизацияланган нарк боюнча баалануучу актив катарында эске алынат. Амортизацияланган нарк боюнча курстук айырмалар пайданын же зыяндын курамында таанылат, ал эми баланстык нарктын башка өзгөрүүлөрү 5.7.10-пунктуна ылайык таанылат.

B5.7.3 5.7.5-пункту ишканага үлүштүк инструментке салынган белгилүү бир инвестициялардын адилет наркынын кийинки өзгөрүүлөрүн башка жалпы кирешенин курамында көрсөтүү чечимин кабыл алууга уруксат берет жана аны кийин жокко чыгаруу укугу берилбейт. Мындай инвестиция акча беренеси болуп саналбайт. Натыйжада 5.7.5-пунктуна ылайык жалпы кирешенин курамында көрсөтүлгөн пайда же зыян тийиштүү валюталык компонентти өзүнө камтыйт.

B5.7.4 Туунду эмес акчалай актив менен туунду эмес акчалай милдеттенменин ортосунда хеджирлөө мамилеси болгондо, ушундай финансылык инструменттердин валюталык компонентинин өзгөрүшү пайданын же зыяндын курамында көрсөтүлөт.

**Ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу катарында классификацияланган милдеттенмелер**

B5.7.5 Ишкана өзүнүн каалоосу менен финансылык милдеттенмени пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катарында классификациялаганда, ал башка жалпы кирешенин курамында ушул милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнөн алынган таасирди көрсөтүү пайданын же зыяндын көлөмүнө таасир берген эсептик шайкеш эместиктин пайда болушуна же көбөйүшүнө алып келер/келбесин аныктоого тийиш. Эгер башка жалпы кирешенин курамында ушул милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнөн алынган таасирди көрсөтүү аталган суммаларды пайданын же зыяндын курамында көрсөтүү учуруна караганда пайданын же зыяндын чоң өзгөрүүсүнө алып келсе, эсептик шайкеш эместик пайда болот же көбөйөт.

B5.7.6 Муну аныктоо үчүн ишкана талдоо жүргүзүшү керек жана ал пайданын же зыяндын курамында чагылдырылган милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасири пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу башка финансылык инструменттин адилет наркынын өзгөрүшү менен компенсацияланарын күткөн/күтпөгөндүгүн аныктоого тийиш. Мындай күтүүлөр ушул милдеттенменин мүнөздөмөлөрү менен башка финансылык инструменттин мүнөздөмөлөрүнүн ортосундагы экономикалык өз ара байланышка негизделиши керек.

B5.7.7 Ушул маселе баштапкы таанууда чечилет жана кайрадан талданбайт. Практикалык себептерден улам ишкананын бир эле убакта эсептик шайкеш эместикти туудурган активдерди жана милдеттенмелерди таанууну шарттаган бардык келишимдер боюнча тарап болуу зарылдыгы жок. Башка операцияларды жүргүзүү күтүлгөн шартта негиздүү кечиктирүүгө жол берилет. Ишкана башка жалпы кирешенин курамында милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасирин көрсөтүү пайданын же зыяндын көлөмүнө таасир этүүчү эсептик шайкеш эместиктин келип чыгышына же көбөйүшүнө алып келер/келбесин аныктоо үчүн өзү тандаган методологияны колдонууга тийиш. Бирок, ишкананын каалоосу боюнча пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу катарында классификацияланган милдеттенмелердин мүнөздөмөлөрү менен башка финансылык инструменттердин мүнөздөмөлөрүнүн ортосундагы экономикалык өз ара байланыштын түрлөрү болгондо, ишкана түрдүү методологияны колдоно алат. ФОЭС (IFRS) 7ге ылайык финансылык отчеттуулуктун эскертүүлөрүндө ишкана эсептик шайкеш эместиктин келип чыгуу же көбөйүү мүмкүндүгүн аныктоодо өзү колдонгон методдор тууралуу сыпаттама маалыматты ачып көрсөтүшү керек.

B5.7.8 Эгер ушундай шайкеш эместик келип чыккан же көбөйгөн учурда, ишкана адилет нарктын бардык өзгөрүүлөрүн (милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасирин кошкондо) пайданын же зыяндын курамында көрсөтүүгө тийиш. Эгер ушундай шайкеш эместик келип чыкпаса же көбөйбөсө, ишкана милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасирин башка жалпы кирешенин курамында көрсөтүшү керек.

B5.7.9 Башка жалпы кирешенин курамында көрсөтүлгөн суммалар кийин пайданын же зыяндын курамына которулбашы керек. Бирок ишкана өздүк капиталдын беренелеринин ортосундагы пайданын же зыяндын топтолгон көлөмүн которо алат.

B5.7.10 Төмөнкү мисалда, эгер милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасири башка жалпы кирешенин курамында көрсөтүлсө, эсептик шайкеш эместик пайдага же зыянга таасир тийгизиши мүмкүн кырдаал сыпатталат. Ипотекалык банк кардарларга зайым берет жана рыноктогу окшош мүнөздөмөлөргө ээ (мисалы, төлөнбөгөн сумманын өлчөмү, төлөө графиги, мөөнөтү жана валюта) облигацияларды сатуунун эсебинен ушул зайымдарды каржылайт. Зайым берүү келишиминин шарттары боюнча кардар рыноктон тийиштүү облигацияны адилет нарк боюнча сатып алуу менен жана ушул облигацияны ипотекалык банкка берүү менен ага берилген зайымды мөөнөтүнөн мурда төлөөгө укуктуу (б.а. банктын алдындагы өзүнүн милдетин аткарат). Эгер келишимде каралган ушул мөөнөтүнөн мурда төлөө укугун берүүнүн натыйжасында облигациянын кредиттик сапаты начарласа (натыйжада ипотекалык банктын милдеттенмесинин адилет наркы азайса), ипотекалык банктын кредиттик активинин адилет наркы дагы төмөндөйт. Активдин адилет наркынын өзгөрүшү кардардын тийиштүү облигацияны адилет нарк боюнча сатып алуу (ушул мисалда төмөндөгөн) жана ушул облигацияны ипотекалык банкка берүү аркылуу келишимде каралган ипотекалык зайымды мөөнөтүнөн мурда төлөөгө укугун чагылдырат. Натыйжада пайданын же зыяндын курамында чагылдырылган милдеттенме

(облигация) боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасири финансылык активдин (зайымдын) адилет наркынын тийиштүү өзгөрүшү менен компенсацияланат. Эгер милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасири башка жалпы кирешенин курамында көрсөтүлсө, анда пайданын же зыяндын көлөмүнө таасир этүүчү эсептик шайкеш эместик пайда болмок. Натыйжада ипотекалык банк милдеттенменин адилет наркынын бардык өзгөрүүлөрүн (милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасирин кошкондо) пайданын же зыяндын курамында көрсөтүүгө милдеттүү.

B5.7.11 B5.7.10-пунктунда көрсөтүлгөн мисалда келишим менен шартталган милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасири менен финансылык активдин адилет наркынын өзгөрүүлөрүнүн ортосунда байланыш бар (б.а. кардардын тийиштүү облигацияны адилет нарк боюнча сатып алуу (ушул мисалда төмөндөгөн жана ушул облигацияны ипотекалык банкка берүү аркылуу келишимде каралган зайымды мөөнөтүнөн мурда төлөөгө укугунун натыйжасында пайда болгон байланыш). Бирок, эсептик шайкеш эместик келишимде шартталган байланыш болбогондо деле пайда болушу мүмкүн.

B5.7.12 5.7.7 жана 5.7.8-пункттарынын талаптарын колдонуу максатында эсептик шайкеш эместик милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүсүн аныктоо үчүн ишкана колдонгон баалоо ыкмасынын натыйжасы гана болуп саналбайт. Эсептик шайкеш эместик, эгер милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасири (ФОЭС (IFRS) 7нин аныктамасына ылайык) башка финансылык инструменттин адилет наркынын өзгөрүүлөрү менен компенсацияланат деп күтүлгөн учурда гана, пайдага же зыянга таасир тийгизет. Баалоо методун колдонуунун натыйжасында гана пайда болуучу шайкеш эместик (б.а. ишкана милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүн анын адилет наркынын кандайдыр бир башка өзгөрүүлөрүнөн бөлбөгөн себеп боюнча) 5.7.7 жана 5.7.8-пункттарына ылайык талап кылынган эсептик шайкеш эместик келип чыккандыгын же көбөйгөнүн аныктоого таасир тийгизбейт. Мисалы, ишкананын милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүн ликвиддүүлүк тобокелдигинин өзгөрүүлөрүнөн бөлүү мүмкүнчүлүгү жок. Эгер ишкана ушул эки фактордун тең жалпы таасирин башка жалпы кирешенин курамында көрсөтсө, ликвиддүүлүк тобокелдигинин өзгөрүүлөрү ишкананын финансылык активдеринин адилет наркын баалоого киргизилиши мүмкүн, ал эми көрсөтүлгөн активдин адилет наркынын бардык өзгөрүүлөрү пайданын же зыяндын курамында көрсөтүлгөн себеп боюнча шайкеш эместик пайда болушу мүмкүн. Бирок, мындай шайкеш эместик B5.7.6-пунктунда сыпатталган компенсациялоочу мамилелер менен эмес, так эмес баалоонун натыйжасында пайда болот, натыйжада 5.7.7 жана 5.7.8-пункттарына ылайык талап кылынган эсептик шайкеш эместик келип чыкканын же көбөйгөнүн аныктоого таасир тийгизбейт.

*«Кредиттик тобокелдик» терминининин мааниси (5.7.7 жана 5.7.8-пункттары)*

B5.7.13 ФОЭС (IFRS) 7ге ылайык кредиттик тобокелдик – бул «финансылык инструмент боюнча тараптардын бири милдеттенмелерди аткарбай коюудан улам башка тарап үчүн финансылык зыяндарды пайда кылат деген тобокелдик». 5.7.7(а) пунктунун талабы эмитент ушул конкреттүү милдеттенме боюнча төлөмдөрдү жүргүзө албаган тобокелдикке кирет. Бул талап дайыма эле эмитенттин кредит жөндөмүнө тийиштүү боло бербейт. Мисалы, эгер ишкана бардык жагынан окшош болгон күрөө менен камсыздалган зайым инструментин жана күрөө менен камсыздалбаган зайым инструментин чыгарса, анда ушул эки милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдик, алар бир эле ишкана тарабынан чыгарылгандыгына карабастан, айырмаланат. Күрөө менен камсыздалган милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдик күрөө менен камсыздалбаган милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктен аз болот. Күрөө менен камсыздалган милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдик нөлгө жакын болушу мүмкүн.

B5.7.14 5.7.7(а)-пунктунун талаптарын колдонуу максатында кредиттик тобокелдик белгилүү бир актив менен байланышкан ишмердүүлүктүн натыйжалуулугу тобокелдигинен айырмаланат. Белгилүү бир актив менен байланышкан натыйжалуулук тобокелдиги ишкана конкреттүү милдетти аткара албаган тобокелдик менен эмес, өзүнчө актив же активдердин тобу начар иштейт (же такыр эле иштебейт) деген тобокелдик менен байланышкан.

© ФОЭС Фонду

B5.7.15 Белгилүү бир активдердин натыйжалуулугу менен байланышкан тобокелдиктин мисалдары төмөндө келтирилди:

(a) Пайдын наркына байлаштырылган милдеттенме, анын натыйжасында инвесторлорго төлөнө турган сумма аталган активдердин натыйжалуулугунун негизинде келишим боюнча аныкталат. Пайдын наркына байлаштыруунун ушул милдеттенменин адилет наркына болгон таасири кредиттик тобокелдикти эмес, белгилүү бир актив боюнча натыйжалуулук тобокелдигин билдирет.

(b) Төмөнкүдөй шарттарда түзүмдөлгөн ишкана тарабынан чыгарылган милдеттенме. Ишкана юридикалык жактан караганда өзүнчө жак болуп саналат, ошондуктан ишкананын алкагында кармалып турган активдер, банкрот учурунда дагы, инвесторлордун кызыкчылыгын тейлөөгө гана багытталган жана колдонулушу мүмкүн. Ишкана эч кандай башка операцияларды жүргүзбөйт жана ишкананын алкагында кармалып турган активдер күрөөгө коюлбайт. Эгер аталган өзүнчө активдер акча каражаттарынын агымдарын пайда кылган учурда гана, суммалар түзүмдөлгөн ишкананын инвесторлоруна төлөнүүгө тийиш. Ошентип ушул милдеттенменин адилет наркынын өзгөрүүлөрү негизинен аталган активдердин адилет наркынын өзгөрүүлөрүн чагылдырат. Ушул активдердин натыйжалуулугунун милдеттенменин адилет наркына болгон таасири кредиттик тобокелдикти эмес, белгилүү бир актив боюнча натыйжалуулук тобокелдигин билдирет.

*Кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасирин аныктоо*

B5.7.16 5.7.7(a)-пунктунун талаптарын колдонуу максатында ишкана ушул милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрү менен шартталган финансылык милдеттенменин адилет наркынын өзгөрүү суммасын аныкташы керек, же болбосо:

(a) рыноктук тобокелдиктин пайда болушуна алып келген рынок шарттарынын өзгөрүүлөрү менен шартталбаган анын адилет наркынын өзгөрүү суммасы катарында (B5.7.17 жана B5.7.18-пункттарын караңыз); же болбосо

(b) ишкана милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрү менен шартталган милдеттенменин адилет наркынын өзгөрүү суммасын так көрсөтөт деп санаган альтернативдүү методду колдонуу менен.

B5.7.17 Рыноктук тобокелдиктин пайда болушуна алып келүүчү рынок шарттарынын өзгөрүүлөрү базалык пайыздык ставканын өзгөрүүлөрүн, башка ишкананын финансылык инструментинин баасын, товарга болгон бааны, валюта алмаштыруу курсун же баалар индексин же ставкаларды камтыйт.

B5.7.18 Эгер ушул милдеттенмеге тийиштүү рынок шарттарынын жалгыз олуттуу туура өзгөрүүлөрү болуп байкоо жүргүзүлүүчү (базалык) пайыздык ставканын өзгөрүүлөрү саналса, B5.7.16(a)-пунктунда эскертилген сумма төмөнкүдөй жол менен бааланышы мүмкүн:

(a) адегенде ишкана ушул милдеттенменин адилет наркын колдонуу менен мезгилдин башына карата милдеттенменин кирешелүүлүгүнүн ички ченемин жана мезгилдин башына карата ушул милдеттенме боюнча келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын эсептейт. Инструментке мүнөздүү кирешелүүлүктүн ички ченеминин компонентин аныктоо үчүн ишкана кирешелүүлүктүн эсептелген ченеминен мезгилдин башына карата байкоо жүргүзүлүүчү (базалык) пайыздык ставканы алып салат;

(b) андан кийин ишкана мезгилдин аягына карата келишимде каралган милдеттенме боюнча акча каражаттарынын агымдарына жараша ушул милдеттенмеге байланышкан акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркын жана (i) мезгилдин аягына карата байкоо жүргүзүлүүчү (базалык) пайыздык ставканын суммалык көлөмүнө барабар дисконттоо ставкасын жана (ii) (a) пунктчасында аныкталган инструментке мүнөздүү кирешелүүлүктүн ички ченеминин компонентин эсептейт;

(c) мезгилдин аягына карата милдеттенменин адилет наркы менен (b) пунктчасында эсептелген сумманын ортосундагы айырма байкоо жүргүзүлүүчү (базалык) пайыздык ставканын өзгөрүүлөрү менен шартталбаган адилет нарктын өзгөрүшүн билдирет. Так ушул сумма 5.7.7(a)-пунктуна ылайык башка жалпы кирешенин курамында көрсөтүлүшү керек.

B5.7.19 B5.7.18-пунктунда берилген мисалда инструмент боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрү болуп саналбаган факторлордон же байкоо жүргүзүлүүчү (базалык) пайыздык ставканын өзгөрүүлөрүнөн улам адилет нарктын өзгөрүүлөрү олуттуу эмес болуп саналаары тууралуу божомол колдонулат. Эгер ушундай факторлордон улам адилет нарктын өзгөрүүлөрү олуттуу болсо, ушул метод кабыл алынбайт. Мындай учурларда ишкана милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасирин так көрсөткөн альтернативдүү методду колдонушу керек (B5.7.16(b)-пунктун караңыз). Мисалы, эгер ушул мисалдагы инструмент киргизилген туунду инструментти камтыса, анда ушул камтылган туунду инструменттин адилет наркынын өзгөрүшүн 5.7.7(a)-пунктуна ылайык башка жалпы кирешенин курамында көрсөтүлүүгө тийиш сумманы аныктоодо алып салуу зарыл болмок.

B5.7.20 Адилет наркты бардык баалоо сыяктуу, милдеттенме боюнча кредиттик тобокелдиктин өзгөрүүлөрү менен шартталган милдеттенменин адилет наркынын өзгөргөн бөлүгүн аныктоо үчүн ишкана тарабынан колдонулган баалоо методу жөндүү байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтарды максималдуу колдонууга, байкоо жүргүзүлбөгөн маалыматты минималдуу колдонууга тийиш.

## Хеджирлөөнү эсепке алуу (6-глава)

### Хеджирлөө инструменттери (6.2-бөлүм)

#### Квалификацияланган хеджирлөө инструменттери

B6.2.1 Гибрид келишимдерине камтылган, бирок өзүнчө эске алынбаган туунду инструменттер ишкананын каалоосу боюнча өзүнчө хеджирлөө инструменттери катарында аныкталбайт.

B6.2.2 Ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери ушул ишкананын финансылык активдери же финансылык милдеттенмелери болуп саналбайт жана ушунун натыйжасында ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменттери катарында аныкталбайт.

B6.2.3 Валюта тобокелдигин хеджирлөөгө карата валюталык тобокелдик таасирин чагылдырган туунду финансылык инструменттин компоненти ФОЭС (IAS) 21ге ылайык аныкталат.

*Чыгарылган опциондор*

B6.2.4 Ушул стандарт пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу туунду инструмент , айрым чыгарылган опциондордон тышкары, ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменттери катарында аныкталышы мүмкүн кырдаал боюнча чектөөлөрдү карабайт. Чыгарылган опционду ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменттери катарында аныктоого уруксат берилбейт, ишкана өзүнүн каалоосу менен аны сатып алынган опцион боюнча тобокелдикти компенсациялаган инструмент катарында аныктаган учурлардан тышкары, башка финансылык инструментке камтылган опционду кошкондо (мисалы, эмитенттин мөөнөтүнөн мурда төлөө укугун караган милдеттенмени хеджирлөө үчүн колдонулган чыгарылган опцион колл).

#### Ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменттерин аныктоо

B6.2.5 Валюта тобокелдигин хеджирлөөдөн айырмаланып, хеджирлөө мамилесине карата пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланууучу туунду эмес финансылык активди же туунду эмес финансылык милдеттенмени ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменти катарында аныктоо мүмкүн, эгер ушундай катарында бүтүндөй ушул туунду эмес финансылык инструмент же анын пропорционалдуу үлүшү аныкталган учурда гана.

B6.2.6 Бир хеджирлөө инструменти ишкананын каалоосу боюнча ушул хеджирлөө инструменти так аныкталган жана түрдүү тобокелдиктер боюнча позициялар хеджирлөө объекттери катарында так аныкталган шартта бирден ашык тобокелдик түрлөрү хеджирлөө инструменти катарында аныкталышы мүмкүн. Аталган хеджирлөө объекттери түрдүү хеджирлөө мамилелерине кириши мүмкүн.

## Хеджирлөө объекттери (6.3-бөлүм)

### Квалификацияланган хеджирлөө объекттери

B6.3.1 Бизнести сатып алуу боюнча бекемделген келишимдик милдеттенме бизнести бириктирүү боюнча бүтүмдө хеджирлөө объектиси боло албайт, валюта тобокелдигинен тышкары, анткени башка хеджирленген тобокелдиктер конкреттүү идентификацияланбайт жана бааланбайт. Ушул башка тобокелдиктер жалпы мүнөздөгү бизнес-тобокелдиктерди билдирет.

B6.3.2 Үлүштүк катышуу методун колдонуу менен эске алынган инвестиция адилет наркты хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө объектиси боло албайт. Бул үлүштүк катышуу методу пайданын же зыяндын курамында тийиштүү инвестициянын адилет наркынын өзгөрүүлөрүн эмес, инвестиция объектисинин пайдасында же зыянында инвестордун үлүшүн таанууну карагандыгы менен шартталган. Ушундай эле себеп менен бириктирилген туунду ишканага салынган инвестиция адилет наркты хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө объектиси боло албайт. Бул консолидациялоодо ишкана пайданын же зыяндын курамында тийиштүү инвестициянын адилет наркынын өзгөрүүлөрүн эмес, туунду ишкананын пайдасын же зыянын тааныгандыгы менен шартталган. Чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестицияны хеджирлөө башка учурду билдирет, анткени бул тийиштүү инвестициянын адилет наркынын өзгөрүү тобокелдигине каршы адилет наркты хеджирлөө эмес, валюта тобокелдигинин таасирин хеджирлөө.

B6.3.3 6.3.4-пункту ишканага өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө объектиси катарында тобокелдик позициясынан жана туунду инструменттен турган комбинацияны билдирген жалпы позицияны аныктоого уруксат берет. Ишкана өзүнүн каалоосу боюнча ушундай хеджирлөө объектисин аныктаганда, ал тобокелдик позициясын жана туунду инструментти бириктирген жалпы позиция белгилүү бир тобокелдикке (же тобокелдиктерге) дуушар болгон бирдиктүү позиция катарында башкарылган башка топтолгон тобокелдик позициясын түзөр/түзбөсүн баалайт. Мындай учурда ишкана өзүнүн каалоосу боюнча тобокелдикке дуушар болгон жалпы позициянын негизинде хеджирлөө объектисин аныктай алат. Мисалы:

(a) Ишкана кофе боюнча 15 айлык фьючерстик келишимди колдонуу менен баанын өзгөрүү тобокелдигине каршы (АКШ долларында берилген) 15 айдан кийин болушу мүмкүн кофени келечекте сатып алуунун белгиленген санын хеджирлей алат. Кофе боюнча фьючерстик келишим менен айкалышта кофени сатып алуу боюнча ыктымалдуулугу жогору болгон болжолдонгон операцияларды тобокелдикти башкаруу максатында 15 айлык мөөнөт менен жана АКШ долларында бекитилген сумма менен валюталык тобокелдикке дуушар болгон бирдиктүү позиция катарында кароого болот (б.а. 15 айдан кийин төлөнө турган АКШ долларындагы акча каражаттарынын бардык бекитилген суммасына окшош).

(b) Ишкана валюталык тобокелдикти бекитилген пайыздык ставка менен чет өлкөлүк валютадагы 10 жылдык карыздык инструменттин бүтүндөй колдонуу мөөнөтүнө карата хеджирлей алат. Бирок ишканага кыска же орточо мөөнөткө гана (мисалы, эки жылга) бекитилген ставка менен анын колдонуудагы валютасында көрсөтүлгөн позиция жана аталган инструментти төлөгөнгө чейин калган мөөнөткө өзгөрүлмө ставка менен анын колдонуудагы валютасында көрсөтүлгөн позиция талап кылынат. Ар бир эки жылдык интервал аяктаган күнгө карата (б.а. эки жылдык өзгөрүлмө негизде) ишкана кийинки эки жылга пайыздык тобокелдик боюнча позицияны белгилейт (эгер пайыздык ставканын деңгээли ишкана пайыздык ставканы белгилөө зарыл деп эсептегендей болсо). Мындай учурда ишкана бекитилген пайыздык ставкасы менен чет өлкөлүк валютадагы карызды өзгөрүлмө пайыздык ставканын өзгөрүү тобокелдигине тушуккан колдонуудагы валютадагы финансылык инструментке алмаштырууга мүмкүндүк берген бекитилген

пайыздык ставканы өзгөрүлмө пайыздык ставкага алмаштырууну болжолдогон 10 жылдык кросс-валюталык пайыздык свопту бекитe алат. Буга кошумча катарында эки жылдык пайыздык своп бекитилет, ал колдонуудагы валютанын базасында өзгөрүлмө пайыздык ставкадагы карызды бекитилген пайыздык ставкадагы карызга алмаштырууга мүмкүндүк берет. Негизинен бекитилген пайыздык ставканы өзгөрүлмө пайыздык ставкага алмаштырууну болжолдогон жалпы 10 жылдык валюталык-пайыздык своп менен айкалышкан бекитилген пайыздык ставка менен чет өлкөлүк валютадагы карыздык инструмент тобокелдикти башкаруу максатында өзгөрүлмө пайыздык ставканын өзгөрүү тобокелдигине дуушар болгон колдонуудагы валютадагы 10 жылдык финансылык инструмент катарында каралышы мүмкүн.

B6.3.4 Ишкана өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө объектисин тобокелдик боюнча жалпы позициянын негизинде аныктаганда, ал хеджирлөө натыйжалуулугун баалоо жана хеджирлөө натыйжалуулугунун көлөмүн аныктоо максатында аталган жалпы позицияны түзгөн объекттердин аралаш таасирин карайт. Бирок ушул жалпы позицияны түзгөн объекттерди өзүнчө эске алуу улантылат. Бул төмөнкүлөрдү билдирет, мисалы:

(a) тобокелдик боюнча жалпы позициянын бөлүгү болуп саналган туунду инструменттер адилет нарк боюнча бааланууучу өзүнчө активдер же милдеттенмелер катарында таанылат; жана

(b) эгер ишкананын каалоосу боюнча аталган тобокелдик боюнча жалпы позицияны түзгөн объекттердин ортосундагы хеджирлөө мамилелери аныкталса, анда туунду инструмент жалпы позициянын курамына кантип киргизилери менен ушул туунду инструмент ишкананын каалоосу боюнча жалпы позициянын деңгээлинде хеджирлөө инструменти катарында кантип аныкталарынын ортосундагы шайкештик камсыздалышы керек. Мисалы, эгер ишкана тобокелдик боюнча жалпы позицияны түзгөн объекттер ортосундагы хеджирлөө мамилелерине карата туунду инструменттин форварддык элементин хеджирлөө инструменти катарында аныктоодо аны алып салса, ал аталган жалпы позициянын курамына ушул туунду инструментти хеджирлөө объектиси катарында киргизүүдө дагы форварддык элементти алып салууга тийиш. Андай болбосо туунду инструмент жалпы позицияга же толугу менен, же пропорционалдык үлүштө киргизилиши керек.

B6.3.5 6.3.6-пунктунда бириктирилген финансылык отчеттуулукта болжолдонгон ички топтук операция боюнча валюталык тобокелдик, ушул операция ушул операцияны жүргүзгөн ишкананын колдонуудагы валютасынан башка валютада берилген жана валюталык тобокелдик бириктирилген пайдага же зыянга таасир тийгизген шартта, акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө объектиси катарында квалификацияланышы мүмкүндүгү көрсөтүлөт. Ушул максатта ишкана башкы ишкана, туунду ишкана, ассиоциацияланган ишкана, биргелешкен ишкана же филиал боло алат. Эгер болжолдонгон ички топтук операция боюнча валюталык тобокелдик пайданын же зыяндын бириктирилген көрсөткүчүнө таасир тийгизбесе, анда ушул ички топтук операция хеджирлөө объектиси катарында квалификацияланбайт. Адатта мындай операцияларга, үчүнчү тарап менен байланышкан операция болгон учурлардан тышкары, бир топтун мүчөлөрүнүн ортосунда жүргүзүлгөн башкарууга роялти, пайыздарды же сыйакы төлөө кирет. Бирок ички топтук операция боюнча валюталык тобокелдик пайданын же зыяндын бириктирилген көрсөткүчүнө таасир тийгизген учурларда, ушул ички топтук операция хеджирлөө объектиси катарында квалификацияланышы мүмкүн. Мисал катарында бир топтун мүчөлөрүнүн ортосунда жүргүзүлгөн запастарды сатуу же сатып алуу боюнча болжолдонгон операцияларды келтирсе болот, эгер топтун курамына кирбеген тарапка ушул запастар кийин сатылса. Ушундай эле негизги каражаттарды даярдаган топтун ишканасы тарабынан ушул негизги каражаттарды өзүнүн ишмердүүлүгүндө колдоно турган ошол эле топтун башка ишканасына негизги каражаттарды сатуу боюнча болжолдонгон ички топтук операция пайданын же зыяндын бириктирилген көрсөткүчүнө таасир тийгизиши мүмкүн. Бул, мисалы, негизги каражаттар сатып алуучу ишкана тарабынан амортизацияланарына, ал эми ушул негизги каражаттар боюнча алгачкы таанылган сумма, эгер болжолдонгон ички топтук операция сатып

алуучу ишкананын колдонуудагы валютасынан башка валютада берилсе, өзгөрүшү мүмкүндүгүнө байланыштуу.

B6.3.6 Эгер болжолдонгон ички топтук операцияны хеджирлөө хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу критерийлерине жооп берсе, анда пайданын же зыяндын көлөмү башка жалпы кирешенин курамында таанылат жана 6.5.11-пунктуна ылайык андан чыгарылат. Хеджирленген операция боюнча валюталык тобокелдик пайдага же зыянга таасир берген тийиштүү мезгил же мезгилдер болуп ушул тобокелдик пайданын же зыяндын бириктирилген көрсөткүчүнө таасир тийгизген мезгил же мезгилдер саналат.

**Ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объекттерин аныктоо**

B6.3.7 Компонент бүтүндөй объектке караганда андан кичирээк хеджирлөө объектисин билдирет. Натыйжада компонент ал бөлүгү болуп саналган объект дуушар болгон айрым тобокелдиктерди чагылдырат же болбосо ушул тобокелдиктерди айрым баскычта гана чагылдырат (мисалы, ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объектиси катарында объекттин пропорционалдуу үлүшү аныкталат).

*Тобокелдик компоненттери*

B6.3.8 Тобокелдик компонентин өздүк каалоо боюнча хеджирлөө объектиси катарында аныктоого болсо, ал финансылык же финансылык эмес объекттин өзүнчө идентификацияланган компонентин билдириши керек, ал эми ушул тобокелдик компонентинин өзгөрүүлөрүнөн улам ушул объекттин акча каражаттарынын агымдарынын же адилет наркынын өзгөрүүлөрү ишенимдүү бааланышы керек.

B6.3.9 Ишкананын каалоосу боюнча тобокелдик компоненттерин хеджирлөө объектиси катарында аныктоо үчүн кайсы тобокелдик компоненттери критерийлерге жооп берерин идентификациялоодо, ишкана ушундай компоненттерди ушул тобокелдик же тобокелдиктер тийиштүү болгон жана хеджирлөө жүргүзүлгөн рыноктун конкреттүү түзүмүнүн контекстинде баалайт. Мындай чечим тобокелдикке жана рынокко карата айырмаланышы мүмкүн тийиштүү фактыларды жана жагдайларды баалоону талап кылат.

B6.3.10 Ишкана өзүнүн каалоосу боюнча тобокелдик компоненттерин хеджирлөө объектиси катарында аныктоодо ал ушул тобокелдик компоненттери келишимде ачык көрсөтүлгөн/көрсөтүлбөгөнүн (келишимде аныкталган тобокелдик компоненттери) же алар бөлүгү болуп саналган объекттин адилет наркында же акча каражаттарынын агымдарында ачык эмес киргизилген/киргизилбегенин (келишимде аныкталбаган тобокелдик компоненттери) эске алат. Келишимде аныкталбаган тобокелдик компоненттери келишим түзүлбөгөн объекттерге (мисалы, болжолдонгон операциялар) же ушундай компонент ачык көрсөтүлбөгөн келишимдерге (мисалы, түрдүү базалык өзгөрүлмөлөр колдонулган баа формуласын эмес, бирдиктүү бааны гана караган бекемделген келишимдик милдеттенме) кириши мүмкүн. Мисалы:

(a) А ишканасында товарлардын жана башка факторлордун баасына (мисалы, дизель майынын, мазуттун баасы жана жеткирүү чыгымдары сыяктуу башка компоненттер) шилтемелерди камтыган, келишимде аныкталган формуланын негизинде баасы белгиленген жаратылыш газын берүүгө узак мөөнөттүү келишим бар. А ишканасы дизель майы боюнча ушул берүү келишиминин компонентин хеджирлейт, бул үчүн дизель майына форвард келишимин колдонот. «Дизель майы» компоненти берүү келишиминин шарттары менен ачык каралгандыктан, ал келишимде каралган тобокелдик компонентин билдирет. Натыйжада, баа формуласынын болушунун натыйжасында А ишканасы дизель майынын баасынын өзгөрүү тобокелдигинин таасири өзүнчө идентификацияланат деген тыянакка келет. Ошол эле учурда дизель майына форварддык келишимдер үчүн рынок бар. Ошондуктан, А ишканасы дизель майынын баасынын өзгөрүү тобокелдигинин таасири ишенимдүү бааланат деген тыянакка келет. Натыйжада, берүү келишиминин алкагында дизель майынын баасынын өзгөрүү тобокелдигинин таасири ишкана өзүнүн кароосу боюнча хеджирлөө объектиси катарында аныктай алган тобокелдик компонентин билдирет.

© ФОЭС Фонду

(b) В ишканасы өзүнүн өндүрүштүк болжолдоруна таянып, кофе сатып алуу боюнча өзүнүн келечектеги операцияларын хеджирлейт. Болжолдонгон сатып алуу көлөмүнүн бөлүгү берүүгө чейин 15 ай мурда хеджирленип баштайт. В ишканасы убакыттын өтүшү менен хеджирленген көлөмдү көбөйтөт берүү күнүнө жакындаган сайын). Кофеге болгон баанын өзгөрүү тобокелдигин башкаруу үчүн В ишканасы эки түрдүү келишимди колдонот:

(i) биржада соодаланган кофе боюнча фьючерстик келишимдер; жана

(ii) белгилүү бир өндүрүш объектисине жеткирилүүчү Колумбиядан Арабика сортундагы кофени берүү келишимдери. Ушул келишимдердин шарттары боюнча бир тонна кофенин баасы биржада соодаланган кофе боюнча фьючерстик келишимдердин баасына негизделген баа формуласын колдонуу менен аныкталат, бекитилген баа айырмасын, логистикалык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акынын өзгөрүлмө көлөмүн кошкондо. Кофени берүү келишими кофенин В ишканасына берилишинин аткарыла турган келишимин билдирет.

. Учурдагы жылдын түшүмүнө тийиштүү берүүлөргө карата кофени берүү келишимин бекитүү В ишканасына иш жүзүндө сатып алынган сапаттагы кофе менен (Колумбиядан Арабика сорту) биржада соодаланган фьючерстик келишимдин негизиндеги базалык сапаттуу кофенин бааларынын ортосундагы айырманы белгилөөгө мүмкүндүк берет. Бирок кийинки жылдын түшүмүнө тийиштүү берүүлөргө карата кофени берүү келишими азырынча жок, натыйжада баанын айырмасы белгиленбейт. В ишканасы учурдагы жылдын дагы жана кийинки жылдын дагы түшүмүнө тийиштүү берүүлөргө карата «базалык сапат» компоненти боюнча өзүнүн кофеге болгон баанын өзгөрүү тобокелдигин хеджирлөө үчүн биржада соодаланган кофе боюнча фьючерстик келишимдерди колдонот. В ишканасы үч түрдүү тобокелдикке дуушар болгонун аныктайт: базалык сапатты чагылдырган кофеге болгон баанын өзгөрүү тобокелдиги, базалык сапаттагы кофенин баасы менен иш жүзүндө алып жаткан Колумбиядан Арабика сортундагы кофенин баасынын ортосундагы айырманы (спрэд) чагылдырган кофеге болгон баанын өзгөрүү тобокелдиги, ошондой эле өзгөрүлмө логистикалык чыгымдарга байланышкан тобокелдик. Учурдагы жылдын түшүмүнө тийиштүү берүүлөргө карата В ишканасы кофени берүү келишимин бекиткенден кийин базалык сапатты чагылдырган кофеге болгон баанын өзгөрүү тобокелдиги келишимде аныкталган тобокелдик компоненти болуп калат, анткени баа формуласы биржада соодаланган кофе боюнча фьючерстик келишимдердин баасына чейин индексациялоону карайт. В ишканасы ушул тобокелдик компоненти өзүнчө идентификацияланат жана ишенимдүү бааланат деген жыйынтыкка келет. Кийинки жылдын түшүмүнө тийиштүү берүүгө карата В ишканасы кофени берүү боюнча эч кандай келишим түзө элек (б.а. ушул берүүлөр болжолдонгон операциялар болуп саналат). Натыйжада базалык сапатты чагылдырган кофеге болгон баанын өзгөрүү тобокелдиги келишимде аныкталбаган тобокелдик компонентин билдирет. Рыноктун түзүмүн талдоо менен В ишканасы аягында ага бериле турган кофенин иш жүзүндөгү көлөмү үчүн баа түзүү процессин эсепке алат. Натыйжада рыноктун түзүмүнө жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгына жараша В ишканасы болжолдонгон операциялар өзүнчө идентификацияланган жана ишенимдүү бааланган тобокелдик компоненти сыяктуу, ал келишимде аныкталбаса дагы, базалык сапатты чагылдырган кофеге болгон баанын өзгөрүү тобокелдиги менен дагы байланышкан деген тыянакка келет. Натыйжада В ишканасы кофени берүү келишимдери үчүн дагы, болжолдонгон операциялар үчүн дагы тобокелдик компоненттеринин (базалык сапатты чагылдырган кофеге болгон баанын өзгөрүү тобокелдигине карата) негизинде өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө мамилелерин аныктай алат.

(c) С ишканасы өзүнүн авиациялык майды келечекте сатып алуу бөлүгүн берүү күнүнө чейин максимум 24 ай мурун аны керектөө болжолунун негизинде хеджирлейт жана убакыттын өтүшү менен  хеджирленген көлөмдү көбөйтөт. С ишканасы хеджирлөө жүргүзүлгөн жана тийиштүү туунду инструменттердин рыноктук ликвиддүүлүгү көз каранды болгон мөөнөткө карата түрдүү келишимдерди колдонуу менен ушул

тобокелдик позициясын хеджирлейт. Салыштырмалуу узак мезгилдер үчүн (12 айдан 24 айга чейин) С ишканасы чийки мунай боюнча келишимдерди колдонот, анткени алар боюнча гана рыноктук ликвиддүүлүктүн деңгээли жетиштүү болуп саналат. 6 айдан 12 айга чейинки убактылуу мезгилдер үчүн С ишканасы газойль боюнча туунду инструменттерди колдонот, анткени алар жетиштүү деңгээлде ликвиддүү болуп саналат. 6 айдан аз убактылуу мезгилдер үчүн С ишканасы авиациялык май боюнча келишимдерди колдонот. С ишканасы мунай жана мунай продуктулары рыногунун түзүмүн талдайт жана маанилүү фактыларды жана жагдайларды төмөнкүдөй баалайт:

(i) С ишканасы Брент сортундагы чийки мунай салыштырмалуу стандарттык база катарында кабыл алынган географиялык аймакта өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Чийки мунай чийки заттын базалык түрү болуп саналат, анын баасы мунайды кайра иштетүүчү түрдүү продуктулардын баасына таасир тийгизет, анткени чийки мунай аларды өндүрүү үчүн баштапкы материал болуп саналат. Газойль мунай продуктулары үчүн базалык көрсөткүч катарында кабыл алынган, анын баасы кеңири мааниде мунай дистилляттарынын баасы үчүн индикатор болуп саналат. Бул С ишканасы өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзгөн экономикалык чөйрөдө чийки мунай жана аны кайра иштетүү продуктулары рыногуна карата колдонулган туунду финансылык инструменттердин типтеринде дагы чагылдырылган, тактап айтканда:

- стандарттык чийки мунай боюнча фьючерстик келишим, стандарттык чийки мунай катарында Брент сортундагы чийки мунай кабыл алынган;
- стандарттык газойль боюнча фьючерстик келишим, ал дистилляттардын баасын аныктоодо баа багыттамасы катарында колдонулат – мисалы, авиация майынын спрэдине карата туунду инструменттер авиация майынын баасы менен ушул стандарттык газойлдун баасынын ортосундагы айырманы жабат; жана
- Брент сортундагы чийки мунайдын баасына индекстелген стандарттык газойль боюнча крек-спредге карата туунду инструмент (б.а. чийки мунай менен газойлдун ортосундагы баа айырмасы боюнча туунду инструмент – мунайды кайра иштетүү үчүн маржа).

(ii) Мунайды кайра иштетүү продуктуларынын баасын аныктоо кандайдыр бир белгилүү мунайды кайра иштетүүчү заводдо кайсы чийки мунай кайра иштетилгендигине көз каранды эмес, анткени ушул мунайды кайра иштетүүчү продуктулар (газойль же авиация майы сыяктуу) стандартташтырылган продуктулар болуп саналат.

Натыйжада С ишканасы анын авиация майын сатып алууга байланышкан баалардын өзгөрүү тобокелдиги, чийки мунай дагы, газойль дагы кандайдыр бир келишимдин шарттарында көрсөтүлбөсө дагы, Брент сортундагы чийки мунайдын баасы менен аныкталган чийки мунайдын баасынын өзгөрүү тобокелдиги менен байланышкан компонентти жана газойлдун баасынын өзгөрүү тобокелдиги менен байланышкан компонентти өзүнө камтыйт деген тыянакка келет. С ишканасы ушул эки тобокелдик компоненти, алар келишимде аныкталбаса дагы, өзүнчө идентификацияланат жана ишенимдүү бааланат деген тыянак чыгарат. Натыйжада С ишканасы өзүнүн каалоосу боюнча тобокелдик компоненттеринин негизинде (чийки мунай компоненти боюнча же газойль компоненти боюнча) реактивдүү кыймылдаткычтар үчүн майды болжолдуу сатып алууга хеджирлөө мамилесин аныктай алат. Ошондой эле ушул талдоо, эгер, мисалы, С ишканасы West Texas Intermediate (WTI) сортундагы чийки мунайга карата туунду инструменттерди колдонсо, анда Брент сортундагы чийки мунай менен WTI сортундагы чийки мунайдын ортосундагы баа айырмасынын өзгөрүүлөрү хеджирлөөнүн натыйжасыздыгына алып келээрин билдирет.

© ФОЭС Фонду

(d) D ишканасы бекитилген пайыздык ставкадагы карыздык инструментке ээ. Ушул инструмент, рынок базалык ставкадагы спрэддин негизинде (мисалы, LIBOR ставкасы) бири-бири менен салыштырылган окшош карыздык инструменттердин көп түрдүүлүгү менен мүнөздөлгөн жана өзгөрүлмө пайыздык ставкадагы инструменттер адатта ушул базалык ставкага чейин индекстелген экономикалык чөйрөдө чыгарылат. Пайыздык тобокелдикти башкаруу үчүн адатта ушул базалык ставка боюнча карыздык инструменттердин спрэдине көз каранды эмес аталган базалык ставканын негизинде пайыздык своптор колдонулат. Бекитилген пайыздык ставкадагы карыздык инструменттердин баасы алар пайда болгон учурда түздөн-түз базалык ставканын өзгөрүүлөрүнө ылайык өзгөрөт. D ишканасы ушул базалык ставка өзүнчө идентификациялоого жана ишенимдүү баалоого болгон компонентти билдирет деген тыянакка келет. Натыйжада ушул бекитилген пайыздык ставкадагы карыздык инструменти үчүн D ишканасы өзүнүн каалоосу боюнча базалык пайыздык ставканын өзгөрүү тобокелдигине байланышкан тобокелдик компонентинин негизинде хеджирлөө мамилелерин аныктай алат.

B6.3.11 Тобокелдик компоненти ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объектиси катарында аныкталганда, тобокелдик компонентин билдирбеген башка хеджирлөө объекттериндей эле, ага хеджирлөөнү эсепке алуу боюнча бардык талаптар коюлат. Мисалы, хеджирлөө мамилеси натыйжалуу болушу, ал эми хеджирлөөнүн натыйжасыздыгы бааланууга жана таанылууга тийиштүүлүгү тууралуу талапты кошкондо, квалификациялык критерийлер колдонулат.

B6.3.12 Ошондой эле ишкана өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө объектисинин акча каражаттарынын агымдарынын же адилет наркынын өзгөрүүлөрүн айрым белгиленген баадан же башка өзгөрүлмөдөн жогору же төмөн («бир жактуу тобокелдик») хеджирлөө объектиси катарында аныктай алат. Хеджирлөө объектиси менен байланышкан бир жактуу тобокелдик хеджирлөө инструменти болуп саналган, сатып алынган опциондун убакыт ичиндеги наркын эмес, ушул опциондун ички наркын чагылдырат (хеджирлөө үчүн ишкана тарабынан аныкталган тобокелдиктей эле, ал ошондой негизги параметрлерге ээ болсо). Мисалы, ишкана өзүнүн каалоосу менен товарларды сатып алуу боюнча болжолдонгон операциянын баасынын жогорулашына байланыштуу келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүү тобокелдигин хеджирлөө объектиси катарында аныктай алат. Мындай учурда ишкана өзүнүн каалоосу боюнча аталган баанын белгиленген деңгээлден ашык көбөйүшүнүн натыйжасы болуп саналган гана акча зыяндарын хеджирлөө объектиси катарында аныктайт. Хеджирленген тобокелдик сатып алынган опциондун убакыт ичиндеги наркын өзүнө камтыбайт, анткени убакыт ичиндеги нарк пайдага же зыянга таасир тийгизген болжолдонгон операциянын компоненти болуп саналбайт.

B6.3.13 Инфляция тобокелдиги келишимде аныкталбаса, ал өзүнчө идентификацияланбайт жана ишенимдүү бааланбайт, ушунун натыйжасында ишкананын каалоосу боюнча финансылык инструменттин тобокелдик компоненти катарында аныкталбайт деген четке кагылган божомол бар. Бирок, аз учурларда инфляция чөйрөсүнүн жана карыздык инструменттердин тийиштүү рыногунун өзгөчө кырдаалдарынын натыйжасында өзүнчө идентификацияланган жана ишенимдүү бааланган, инфляция тобокелдигине байланышкан тобокелдик компонентин аныктоого болот.

B6.3.14 Мисалы, ишкана карыздык инструментти чыгарган экономикалык чөйрө купонсуз облигацияларга негизделген реалдуу пайыздык ставкалардын убактылуу түзүмүн куруу үчүн тийиштүү рынок жетиштүү ликвиддүү саналгандай, инфляция деңгээлине байлаштырылган облигациялардын көлөмүн жана убактылуу түзүмүн карайт. Бул тийиштүү валюта үчүн инфляция карыздык инструменттердин рыноктору менен өзүнчө каралган маанилүү фактор болуп саналаарын билдирет. Мындай жагдайларда инфляция тобокелдиги менен байланышкан компонент купонсуз облигацияларга негизделген реалдуу пайыздык ставкалардын убактылуу түзүмүн колдонуу менен хеджирленген карыздык инструмент боюнча акча каражаттарынын агымдарын дисконттоо аркылуу аныкталышы мүмкүн (б.а. тобокелдиксиз (номиналдуу) пайыздык ставкага байланышкан компонентти кантип аныктоого болгондой). Жана тескерисинче, көп учурларда инфляция тобокелдиги менен байланышкан компонент өзүнчө

идентификацияланбайт жана ишенимдүү бааланбайт. Мисалы, ишкана купонсуз облигацияларга негизделген реалдуу пайыздык ставкалардын убактылуу түзүмүн куруу үчүн инфляция деңгээлине байланган облигациялар рыногу жетишсиз ликвиддүү болуп саналган шарттарда карыздык инструментти номиналдуу пайыздык ставка менен гана чыгарат. Бул учурда рыноктун түзүмүн, ошондой фактыларды жана кырдаалдарды талдоо ишканага инфляция үлүштүк инструменттер рыногунун катышуучулары тарабынан өзүнчө каралган маанилүү фактор болуп саналат деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк бербейт. Натыйжада, ишкана келишимде аныкталбаган инфляция тобокелдиги өзүнчө идентификацияланбайт жана ишенимдүү бааланбайт деген болжолду четке кага албайт. Натыйжада, инфляция тобокелдиги менен байланышкан компонентти ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объектиси катарында аныктоого болбойт. Мындай ыкма инфляция тобокелдигин хеджирлөөнүн кайсы инструментиишкана тарабынан колдонулгандыгына карабастан колдонулат. Тактап айтканда, ишкана номиналдуу пайыздык ставкадагы карыздык инструментке инфляция тобокелдигин хеджирлөөнүн учурдагы инструментине таандык мөөнөттөрдү жана шарттарды жөн эле өткөрө албайт.

B6.3.15 Келишимде аныкталган, инфляция деңгээлине байланган таанылган облигация боюнча акча каражаттарынын агымдарынын инфляциялык тобокелдик компоненти (камтылган туунду инструментти өзүнчө эске алуу талап кылынбаса), ушул инфляциялык тобокелдик компоненти ушул инструмент боюнча башка акча каражаттарынын агымдарына таасир тийгизбеген шартта, өзүнчө идентификацияланат жана ишенимдүү бааланат.

*Номиналдык нарктын компоненттери*

B6.3.16 Ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө объектиси катарында аныкталышы мүмкүн номиналдуу нарктын эки типтеги компоненти болот: бүтүндөй объекттин пропорционалдуу үлүшүн билдирген компонент жана компонент-катмар. Компоненттин тибине карата эсепке алуу түрдүү болот. Ишкана өзүнүн каалоосу боюнча бухгалтердик эсеп максатында компонентти аныктоо менен өзүнүн тобокелдиктерди башкаруу максатына ылайык иш кылышы керек.

B6.3.17 Пропорционалдуу үлүштү билдирген компоненттин мисалы катарында карыз келишиминде каралган акча каражаттарынын агымдарынын көлөмүнүн 50 пайызы саналат.

B6.3.18 Компонент-катмар объекттердин берилген, бирок ачык жыйындысынан же берилген номиналдуу нарктан тандалышы мүмкүн. Компонент-катмарлардын мисалдары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) операциянын акча көлөмүнүн бөлүгүн, мисалы чет өлкөлүк валютада берилген, сатуудан түшкөн акча каражаттарынын агымынын кийинки 10 акча бирдиги, 201X-жылдын мартында чет өлкөлүк валютадагы биринчи 20 акча бирдигинен кийин; [5]

(b) физикалык көлөмдүн бөлүгү, мисалы XYZ газ сактагычындагы жаратылыш газынын запасынын калдыгынан акыркы 5 млн. куб метр;

(c) операциянын физикалык же башка көлөмүнүн бөлүгү, мисалы, 20X1-жылдын июнундагы сатып алуудан биринчи 100 баррель мунай же 20X1-жылдын июнундагы сатуудан биринчи 100 Мвт-саат электр энергиясы; же болбосо

(d) хеджирлөө объектисинин номиналдуу наркынын «катмары», мисалы: 100 млн. а.б. түзгөн бекемделген келишимдик милдеттенменин жалпы суммасынан акыркы 80 млн. а.б., бекитилген пайыздык ставкадагы облигациянын 100 млн. а.б. наркынан акыркы 20 млн. а.б. же адилет нарк боюнча мөөнөтүнөн мурда төлөнүшү мүмкүн бекитилген пайыздык ставкадагы карыздык инструменттин 100 млн. а.б. жалпы суммасынан биринчи 30 млн. а.б. (берилген номиналдуу нарк 100 млн. а.б. түзөт).

[5] Ушул стандартта акчалай суммалар «акча бирдиктеринде» (а.б.) жана «чет өлкөлүк валютадагы акча бирдиктеринде» (чет өлкөлүк валютадагы а.б.) берилген.

B6.3.19 Эгер кандайдыр бир компонент-катмар ишкананын каалоосу боюнча адилет наркты хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө объектиси катарында аныкталса, анда ишкана аны берилген номиналдуу нарктын курамынан бөлүшү керек. Адилет наркты хеджирлөөнүн квалификацияланган мамилелери боюнча талаптарды сактоо максатында ишкана адилет нарктын өзгөрүшүн эске алуу менен хеджирлөө объектисин кайра баалоого тийиш (б.а. аны хеджирленген тобокелдик менен шартталган адилет нарктын өзгөрүүлөрүн эске алуу менен кайра баалоо). Адилет наркты хеджирленген түзөтүү хеджирлөө объектисин таануу токтотулганга чейин пайданын же зыяндын курамында таанылышы керек. Натыйжада ушул адилет наркты хеджирленген түзөтүү таандык объектти байкоо зарыл. Адилет наркты хеджирлөө алкагында компонент-катмарга карата ушул талап ишкананын ушул компонент курамынан чыгарылган номиналдуу наркты байкоо керектигин билдирет. Мисалы, B6.3.18(d)-пунктунда акыркы 20 млн. а.б. же биринчи 30 млн. а.б. андан ажыратуу үчүн 100 млн. а.б. өлчөмүндөгү жалпы берилген номиналдуу наркты байкоо зарыл.

B6.3.20 Мөөнөтүнөн мурда төлөө опционун өзүнө камтыган компонент-катмар, эгер мөөнөтүнөн мурда төлөө опционунун адилет наркына хеджирленген тобокелдиктин өзгөрүүлөрү таасир тийгизсе, ишкананын каалоосу боюнча адилет наркты хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө объектиси катарында аныкталышы мүмкүн эмес, ушул хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүшүн аныктоодо аныкталуучу катмар тийиштүү мөөнөтүнөн мурда төлөө опционун эске алуу менен каралган учурлардан тышкары.

*Объект боюнча акча каражаттарынын агымдарынын компоненттери менен жалпы көлөмүнүн ортосундагы өз ара байланыш*

B6.3.21 Эгер финансылык же финансылык эмес объект боюнча акча каражаттарынын агымдарынын компоненти ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объектиси катарында аныкталса, анда ушул компоненттин өлчөмү бүтүндөй объект боюнча акча каражаттарынын агымдарынын жалпы көлөмүнөн аз же ушул көлөмгө барабар болушу керек. Бирок хеджирлөө объектиси катарында ишкананын каалоосу боюнча бүтүндөй объект боюнча бардык акча каражаттарынын агымдары аныкталышы мүмкүн жана бир конкреттүү тобокелдикке карата гана хеджирлениши мүмкүн (мисалы, LIBOR ставкасынын же салыштырма база үчүн кабыл алынган товардын баасынын өзгөрүүлөрүнөн келип чыккан өзгөрүүлөргө карата гана).

B6.3.22 Мисалы, натыйжалуу пайыздык ставкасы LIBOR ставкасынан төмөн финансылык милдеттенменин учурунда, ишкана өзүнүн каалоосу боюнча төмөнкүлөрдү хеджирлөө объектиси катарында аныктай албайт:

(a) LIBOR ставкасы боюнча эсептелген пайыздык төлөмдөргө барабар ушул милдеттенменин компонентин (плюс адилет наркты хеджирлеген учурда карыздын негизги суммасы); жана

(b) калдык компонентинин терс көлөмүн.

B6.3.23 Бирок натыйжалуу пайыздык ставкасы LIBOR ставкасынан (мисалы) 100 базистик пунктка төмөн бекитилген пайыздык ставкадагы финансылык милдеттенменин учурунда, ишкана өзүнүн кароосу боюнча LIBOR ставкасынын өзгөрүүлөрү менен шартталган бүтүндөй ушул милдеттенменин наркынын өзгөрүшүн (б.а. LIBOR ставкасы боюнча карыздын негизги суммасы жана пайыздары 100 базистик пунктун кемиткенде) хеджирлөө объектиси катарында аныктай алат. Эгер бекитилген пайыздык ставкадагы финансылык инструмент ал пайда болгондон кийин бир нече убакыттан кийин хеджирленсе жана пайыздык ставкалар ушул убакыттын ичинде өзгөрсө, анда ишкана өзүнүн кароосу боюнча ушул объект боюнча төлөм жүргүзүлгөн келишимдик пайыздык ставкадан ашкан базалык пайыздык ставкага барабар тобокелдик компонентин хеджирлөө объектиси катарында аныктай алат. Ишкана муну өзүнүн каалоосу боюнча тийиштүү хеджирлөө объектисин аныктаган күнү ишкана ушул инструментти сатып алган деген божомолго карата эсептелген натыйжалуу пайыздык ставкадан базалык ставка төмөн болгон шартта жасай алат. Мисалы, ишканада бекитилген ставкадагы 100 а.б. номиналы менен финансылык актив пайда болду дейли, анын натыйжалуу пайыздык ставкасы 6 пайызды түзөт, ошол эле учурда LIBOR ставкасы 4 пайызга барабар. Ишкана бир нече убактан кийин, LIBOR

ставкасы 8 пайызга чейин көбөйгөндө, ал эми активдин адилет наркы 90 а.б. чейин төмөндөгөндө ушул активди хеджирлеп баштайт. Ишкана, эгер ал өзүнүн кароосу боюнча LIBOR пайыздык ставкасынын тийиштүү өзгөрүү тобокелдигин хеджирлөө объектиси катарында аныктаган күнү ушул активди сатып алса, анда анын 90 а.б. адилет наркына карата аныкталган ушул актив боюнча натыйжалуу киреше ошол учурда 9,5 пайызды түзмөк деп эсептеген. LIBOR ставкасы аталган натыйжалуу кирешеден төмөн болгондуктан, ишкана өзүнүн каалоосу боюнча бир бөлүгү келишимде каралган пайыздык төлөмдөрдөн жана бир бөлүгү учурдагы адилет нарк менен (б.а. 90 а.б.) төлөө мөөнөтү келгенде төлөнүүгө тийиш сумманын (б.а. 100 а.б.) ортосундагы айырманы билдирген көлөмдөн турган LIBOR сегиз пайыздык ставкасына шайкеш келген компонентти хеджирлөө объектиси катарында аныктай алат.

B6.3.24 Эгер өзгөрүлмө пайыздык ставкадагы финансылык милдеттенме боюнча (мисалы) LIBOR үч айлык ставка өлчөмүндөгү пайыздар 20 базистик пунктун кемитүү менен чегерилсе (ошол эле учурда «флор» - нөл базистик пункттар каралса), анда ишкана өзүнүн каалоосу боюнча LIBOR ставкасынын өзгөрүүлөрү менен шартталган бүтүндөй ушул милдеттенме боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүшүн (б.а. LIBOR үч айлык ставкасы боюнча төлөмдөр 20 базистик пунктун кемиткенде – «флорду» кошо алганда) хеджирлөө объектиси катарында аныктай алат. Натыйжада, эгер ушул милдеттенменин калган колдонуу мөөнөтүндө LIBOR үч айлык форвард ставкаларынын өзгөрүү сызыгы 20 базистик пунктунан төмөн түшүүнү көрсөтпөсө, анда хеджирлөө объектиси боюнча акча каражаттарынын агымдары нөл же оң спрэд менен LIBOR үч айлык ставкасы боюнча пайыздарды төлөөнү караган милдеттенмедей өзгөрүлөт. Бирок, эгер ушул милдеттенменин (же анын бөлүгүнүн) калган колдонуу мөөнөтүндө LIBOR үч айлык форвард ставкаларынын өзгөрүү сызыгы 20 базистик пунктунан төмөн түшүүнү көрсөтсө, анда хеджирлөө объектиси боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүшү нөл же оң спрэд менен LIBOR үч айлык ставкасы боюнча пайыздарды төлөөнү караган милдеттенмеге салыштырмалуу аз болот.

B6.3.25 Финансылык эмес объекттин ушундай мисалы болуп баасы тийиштүү базалык сорттогу чийки мунайга белгиленген баадан айырмаланган конкреттүү мунай кенинен өндүрүлгөн белгилүү бир түрдөгү чийки мунай саналат. Эгер ишкана бир баррелдин баасы базалык чийки мунайдын баасына карата 10 а.б. кемитүү менен, бирок 15 а.б. төмөн эмес («флор») эсептелген баа формуласын караган келишим боюнча ушундай чийки мунайды сатса, анда ишкана өзүнүн каалоосу боюнча базалык сорттогу чийки мунайдын баасынын өзгөрүшү менен шартталган ушул сатуу келишими боюнча акча каражаттарынын агымдарынын бүтүндөй өзгөргөн көлөмүн хеджирлөө объектиси катарында аныктай алат. Бирок, ишкана өзүнүн каалоосу боюнча базалык сорттогу чийки мунайдын баасынын жалпы өзгөрүү көлөмүнө барабар компонентти хеджирлөө объектиси катарында аныктоого укугу жок. Натыйжада форварддык баа (ар бир берүүгө) 25 а.б. төмөн эмес деңгээлде кармалганга чейин, хеджирлөө объектиси боюнча акча каражаттарынын агымдары базалык сорттогу (же оң спрэд менен) чийки мунайга белгиленген баа боюнча чийки мунайды сатуудан түшкөн акча каражаттарынын агымдарындай өзгөрөт. Бирок, кандайдыр бир берүүлөрдүн ичинен кайсы биринин форварддык баасы 25 а.б. төмөн болсо, анда хеджирлөө объектиси боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүшү базалык сорттогу (же оң спрэд менен) чийки мунайга белгиленген баа боюнча чийки мунайды сатууга салыштырмалуу аз болот.

## Хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу мүмкүндүгүн аныктаган квалификациялык критерийлер (6.4-бөлүмү)

### Хеджирлөө натыйжалуулугу

B6.4.1 Хеджирлөө натыйжалуулугу – бул хеджирлөө инструментинин адилет наркынын же акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрү хеджирлөө объектисинин адилет наркынын же акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрүн компенсациялаган даража (мисалы хеджирлөө объектиси болуп тобокелдик компоненти саналса, инструменттин адилет наркынын же акча каражаттарынын агымдарынын тийиштүү өзгөрүүсү болуп ушул хеджирленген тобокелдик менен шартталган өзгөрүү саналат). Хеджирлөөнүн натыйжасыздыгы – бул хеджирлөө инструментинин адилет наркынын же акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрү хеджирлөө объектиси боюнча тийиштүү өзгөрүүлөрдөн ашкан же болбосо аз болгон даража.

B6.4.2 Ишкана өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө мамилелерин аныктоо күнүнө карата, кийин – туруктуу негизде ишкана, күтүлгөндөй, ушул хеджирлөө мамилелери колдонулган мөөнөттүн ичинде ага таасир тийгизе турган хеджирлөө натыйжасыздыгынын булактарын талдоого тийиш. Ушул талдоо (хеджирлөө мамилелерин кайра балансстоого байланышкан, B6.5.21-пунктуна ылайык түзөтүүнү кошкондо) ишкана үчүн ал хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарын аткарууну баалаган негиз болуп саналат.

B6.4.3 Күмөн санабоо үчүн алгачкы контрагентти клиринг контрагентине алмаштыруунун натыйжасы жана 6.5.6-пунктунда каралгандай тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү хеджирлөө инструментин баалоодо, натыйжада хеджирлөө натыйжалуулугун баалоодо жана хеджирлөө натыйжалуулугунун көлөмүн аныктоодо чагылдырылышы керек.

**Хеджирлөө объектиси менен хеджирлөө инструментинин ортосундагы экономикалык өз ара байланыш**

B6.4.4 Экономикалык өз ара байланыштын милдеттүү болушу тууралуу талап хеджирлөө инструменти жана хеджирлөө объектиси хеджирлөө тобокелдиги болуп саналган бир эле тобокелдикке дуушар болуунун натыйжасында, эрежедегидей, карама-каршы багыттарда өзгөргөн наркка ээ экендигин билдирет. Ошентип хеджирлөө инструментинин наркы жана хеджирлөө объектисинин наркы хеджирлөө объектиси болуп саналган тобокелдикке (мисалы, Брент сортундагы жана WTI сортундагы чийки мунайдын баасы) окшош таасир тийгизгендей болуп экономикалык байланышкан бир эле базалык өзгөрүлмөнүн же бир нече базалык өзгөрүлмөлөрдүн өзгөрүүлөрүнүн натыйжасында ырааттуу өзгөрүлөөрүн күтсө болот.

B6.4.5 Эгер базалык өзгөрүлмөлөр дал келбесе, бирок бири-бири менен экономикалык байланышта болсо, анда хеджирлөө инструментинин наркы жана хеджирлөө объектисинин наркы, мисалы, ушул базалык өзгөрүлмөлөрдүн өздөрү бир аз өзгөрүлгөндө, аталган эки базалык өзгөрүлмөлөрдүн ортосундагы баа дифференциалы өзгөргөндүгүнүн натыйжасында бир багытта өзгөрүлгөн учурлар болот. Мындай учурда хеджирлөө объектиси менен хеджирлөө инструментинин ортосундагы экономикалык өз ара байланыштын болушу тууралуу талап аткарылышы мүмкүн жана аткарылат, эгер мурдагыдай эле базалык өзгөрүлмөлөр өзгөргөн учурда, хеджирлөө инструментинин наркынын жана хеджирлөө объектисинин наркынын өзгөрүшү, эрежедегидей, түрдүү багытта болот деп күтүлсө.

B6.4.6 Экономикалык өз ара байланыштын болушун баалоодо тийиштүү хеджирлөө мамилелери тобокелдикти башкаруу максаттарына шайкеш келер/келбесин аныктоо үчүн аларды колдонуу мөөнөтүнүн ичинде алардын мүмкүн болгон жүрүм-туруму дагы талданат. Эки өзгөрүлмөнүн ортосундагы статистикалык оңдоп-түзөөнүн болушу алардын ортосундагы экономикалык өз ара байланыштын болушу тууралуу жыйынтык чыгаруу үчүн негиз болуп саналбайт.

**Кредиттик тобокелдиктин таасири**

B6.4.7 Хеджирлөөнү эсепке алуу модели хеджирлөө инструменти жана хеджирлөө объектиси боюнча пайдаларды жана зыяндарды өз ара компенсациялоонун жалпы түшүнүгүнө негизделгендиктен, хеджирлөө натыйжалуулугу ушул эки объекттин ортосундагы экономикалык өз ара байланыш менен гана эмес (б.а. алардын базалык өзгөрүлмөлөрүнүн өзгөрүүлөрү), кредиттик тобокелдиктин хеджирлөө инструментинин дагы, хеджирлөө объектисинин дагы наркына тийгизген таасири менен аныкталат. Кредиттик тобокелдиктин таасири, эгер хеджирлөө инструменти менен хеджирлөө объектисинин ортосунда экономикалык өз ара байланыш болсо дагы, өз ара компенсациянын деңгээли туруктуу эмес болушу мүмкүндүгүн билдирет. Мындай натыйжа хеджирлөө инструменти боюнча же хеджирлөө объектиси боюнча кредиттик тобокелдиктин экономикалык өз ара байланыш менен шартталган нарктын өзгөрүшүнө үстөмдүк таасир көрсөткөндөй (б.а. базалык өзгөрүлмөлөрдүн өзгөрүүлөрүнүн таасири), өтө олуттуу өзгөрүшүнүн натыйжасында пайда болушу мүмкүн. Өзгөрүүнүн масштабы, кредиттик тобокелдиктин натыйжасында пайда болгон зыян (же пайда) базалык өзгөрүлмөлөрдүн өзгөрүүлөрү хеджирлөө инструментинин же хеджирлөө объектисинин наркына көрсөткөн таасиринен ашып кеткенде, ушул өзгөрүүлөр олуттуу болсо дагы, кредиттик тобокелдик фактору үстөмдүк кылгандай ушунчалык олуттуу болуп саналат. Жана тескерисинче, эгер белгилүү бир

© ФОЭС Фонду

мезгилдин ичинде базалык өзгөрүлмөлөр негизинен өзгөрүлбөсө, кредиттик тобокелдик менен байланышкан хеджирлөө инструментинин наркынын же хеджирлөө объектисинин наркынын бир аз өзгөрүшү базалык өзгөрүлмөлөрдүн өзгөрүүлөрүнө караганда наркка чоң көлөмдө таасир берет деген факт үстөмдүктүн пайда болушуна алып келбейт.

B6.4.8 Хеджирлөө мамилелеринде кредиттик тобокелдик үстөмдүк фактор болуп саналган учурдун мисалы болуп ишкананын камсыздалбаган туунду инструменттин жардамы менен товардын баасынын өзгөрүү тобокелдигине дуушар болгон позицияны хеджирлөөсү саналат. Эгер ушул туунду инструмент боюнча контрагенттин кредитти төлөп берүү жөндөмдүүлүгү бир топ төмөндөсө, анда контрагенттин кредитти төлөп берүүгө жөндөмдүүлүгүнүн өзгөрүүсүнүн хеджирлөө инструментинин адилет наркына тийгизген таасири, хеджирлөө объектисинин наркынын өзгөрүшү негизинен товардын баасынын өзгөрүшүнө көз каранды болгондо, ага көрсөткөн товардын баасынын өзгөрүүлөрүнүн таасиринен ашышы мүмкүн.

**Хеджирлөө коэффициенти**

B6.4.9 Хеджирлөө натыйжалуулугуна болгон талаптарга ылайык хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө коэффициенти ишкана хеджирлеген хеджирлөө объектисинин сандык көлөмү менен аталган хеджирлөө объектисинин сандык көлөмүн хеджирлөө үчүн ишкана тарабынан колдонулган хеджирлөө инструментинин сандык көлөмүнүн ортосундагы катышты чагылдырган коэффициентке дал келиши керек. Натыйжада, эгер ишкана тобокелдик боюнча 100 пайыздан аз, мисалы, 85 пайыз позицияны хеджирлесе, анда өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө мамилесин аныктоодо ал тобокелдик боюнча позициянын 85 пайызы менен ушул 85 пайызды хеджирлөө үчүн ишкана колдонгон хеджирлөө инструментинин сандык көлөмүнүн ортосундагы катышка шайкеш келген хеджирлөө коэффициентин колдонууга тийиш. Ушундай эле, эгер, мисалы, ишкана номиналдуу нарк боюнча финансылык инструменттин 40 бирдигинин жардамы менен тобокелдик боюнча позицияны хеджирлесе, анда өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө мамилесин аныктоодо ал көрсөтүлгөн 40 бирдиктеги сандык көлөм менен (б.а. ишкана анда болушу мүмкүн көп сандагы бирдиктерге карата же аз сандагы бирдиктерге карата эсептелген хеджирлөө коэффициентин колдонбошу керек) ушул 40 бирдик аркылуу ишкана хеджирлеген хеджирлөө объектисинин сандык көлөмүнүн ортосундагы катышка шайкеш келген хеджирлөө коэффициентин колдонушу керек.

B6.4.10 Бирок, ишкана өзүнүн каалоосу боюнча ал иш жүзүндө колдонгон хеджирлөө объектисинин жана хеджирлөө инструментинин сандык көлөмдөрүнө карата эсептелген хеджирлөө коэффициентин колдонуу менен хеджирлөө мамилелерин аныктоодо, ишкана хеджирлөө объектиси менен хеджирлөө инструментинин ортосундагы салмактык дисбалансты эсепке албашы керек, ал өз кезегинде хеджирлөөнүн натыйжасыздыгына алып келмек (ал таанылган же таанылбагандыгына карабастан) жана анын мүмкүн жыйынтыгы болуп хеджирлөө эсебинин максатына туура келбеген натыйжаны отчеттуулукта чагылдыруу болуп саналмак. Натыйжада, ишкана өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө мамилелерин аныктоо максатында ал иш жүзүндө колдонгон хеджирлөө объектисинин жана хеджирлөө инструментинин сандык көлөмдөрүнө карата эсептелген хеджирлөө коэффициентин түзөтүшү керек, эгер бул ушундай дисбалансты жоюу үчүн зарыл болсо.

B6.4.11 Отчеттуулукта чагылдырылууга тийиш натыйжанын, хеджирлөөнү эсепке алуу максатынын шайкеш эместиги бардыгы/жоктугу тууралуу маселени чечүүдө, мисалы, төмөнкүдөй аспекттерди талдоо туура болот:

(a) ишкана тарабынан аныкталган хеджирлөө коэффициенти кандай маселени чечүүгө багытталган: акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөгө карата хеджирлөө натыйжасыздыгын таануудан качуу же адилет нарк боюнча эсепти колдонууну кеңейтүү максатында, ошол эле учурда хеджирлөө инструментининадилет наркынын компенсацияланган өзгөрүүлөрүнө ээ болбостон, көп сандагы хеджирлөө объекттеринин адилет наркын түзөтүү мүмкүндүгүн алуу; жана

(b) хеджирлөө объектисинин жана хеджирлөө инструментинин конкреттүү салмактык көлөмдөрүн колдонуу үчүн коммерциялык негиздер барбы, эгер бул хеджирлөө

натыйжасыздыгына алып келсе дагы. Мисалы, ишкана келишим бекитет жана өзүнүн каалоосу боюнча аны ушул инструменттер боюнча бүтүмдүн стандарттык көлөмү ишканага хеджирлөө инструментинин так ушул талап кылынган сандык көлөмүнө карата бүтүм бекитүүгө мүмкүндүк бербегендиктен («бүтүмдүн стандарттык көлөмүнүн көйгөйү»), хеджирлөө объектисин эң мыкты хеджирлөөнү камсыз кылышы мүмкүн сандык көлөмгө шайкеш келбеген сандык көлөмдө хеджирлөө инструменти катарында аныктайт. Мисал катарында ар бир келишим 37 500 фунт кофени берүүнү караган кофе боюнча стандарттык фьючерстик келишимдер аркылуу 100 тонна кофе сатып алууну хеджирлеген ишкананы келтирсе болот. Ишкана 100 тонна көлөмүндөгү сатып алууну хеджирлөө үчүн же беш, же алты келишимди (тийиштүү түрдө 85,0 жана 102,1 тоннаны түзөт) гана колдоно алат. Бул учурда ишкана өзүнүн каалоосу боюнча ал иш жүзүндө колдонгон кофе боюнча стандарттык фьючерс келишимдеринин санына карата эсептелген хеджирлөө коэффициентин колдонуу менен хеджирлөө мамилелерин аныктайт, анткени хеджирлөө объектисинин жана хеджирлөө инструментинин салмактык көлөмдөрүнүн дал келбөөсүнө байланышкан хеджирлөө натыйжасыздыгы хеджирлөө эсебинин максатына шайкеш келбеген натыйжаны отчеттуулукта чагылдырууга алып келмек.

**Хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарын аткарууну канча жолу баалоо керек**

B6.4.12 Ишкана хеджирлөө мамилелеринин башында жана кийин хеджирлөө мамилеси хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарына жооп берер/бербесин туруктуу негизде баалоого тийиш. Эң аз дегенде ишкана ар бир отчеттук күнгө карата же болбосо хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарын аткарууга таасир тийгизген кырдаалдардын олуттуу өзгөрүүсүнүн натыйжасында, ушул окуялардын кайсынысы биринчи болоруна карата, ушундай баалоону жүргүзүшү керек. Ушул баалоо хеджирлөө натыйжалуулугу боюнча күтүүлөргө байланышкан, ошондуктан перспективдүү гана болуп саналат.

**Хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарын аткарууну баалоо методдору**

B6.4.13 Ушул стандартта хеджирлөө мамилеси хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарына жооп берер/бербесин баалоого мүмкүндүк берген метод белгиленбейт. Бирок ишкана хеджирлөө натыйжалуулугунун булактарын кошкондо, хеджирлөө мамилелеринин туура мүнөздөмөлөрүн аныктаган методду колдонушу керек. Ушул факторлорго карата колдонулган метод сапаттык же сандык баалоону билдириши мүмкүн.

B6.4.14 Мисалы, эгер хеджирлөө инструментинин жана хеджирлөө объектисинин негизги параметрлери (номиналдуу нарк, төлөө мөөнөтү жана базалык өзгөрүлмө сыяктуу) бири-бирине дал келсе же жакын болсо, ишкана аталган негизги параметрлерди сапаттык баалоонун негизинде хеджирлөө инструменти жана хеджирлөө объектиси бир эле тобокелдиктин натыйжасында, эрежедегидей, карама-каршы багытта өзгөрүлө турган наркка ээ деген тыянакка келе алат, натыйжада ушул хеджирлөө объектиси менен инструменттин ортосунда экономикалык өз ара байланыш болот (B6.4.4–B6.4.6-пункттарын караңыз).

B6.4.15 Ишкананын каалоосу боюнча туунду инструмент хеджирлөө инструменти катарында аныкталган учурда ал «акчада» же «акчадан тышкары» турган факт негизинен сапаттык параметрлерге негизделген баалоо туура эмес дегенди билдирбейт. Ушул фактынын натыйжасында пайда болгон хеджирлөө натыйжасыздыгынын сапаттык параметрлерге негизделген баалоо аны адекваттуу идентификациялай албаган масштабга ээ болушу кырдаалдарга көз каранды.

B6.4.16 Жана тескерисинче, эгер хеджирлөө инструментинин жана хеджирлөө объектисинин негизги параметрлери тыгыз жакындыкта турбаса, анда өз ара компенсациялоо даражасы боюнча айкын эместиктин деңгээли жогорулайт. Натыйжада хеджирлөө мамилелери колдонулган мөөнөттүн ичинде хеджирлөө натыйжалуулугун болжолдоо кыйыныраак. Мындай учурда хеджирлөө объектиси менен хеджирлөө инструментинин ортосундагы экономикалык өз ара байланыштын болушу же жоктугу тууралуу ишкана сандык баалоонун негизинде гана (B6.4.4–B6.4.6-пункттарын караңыз) тыянак чыгара алат. Ошондой эле айрым учурларда сандык баалоо ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө мамилелерин аныктоо үчүн колдонулган хеджирлөө

коэффициенти хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарына (В6.4.9–В6.4.11-пункттарын караңыз) жооп берер/бербесин баалоо үчүн талап кылынышы мүмкүн. Ишкана ушул эки айырмаланган максаттар үчүн бир же түрдүү методдорду колдоно алат.

В6.4.17 .Эгер хеджирлөө натыйжалуулугуна таасир тийгизген кырдаалдарда өзгөрүүлөр болсо, анда ишканага методду өзгөртүүгө туура келиши мүмкүн, анын жардамы менен, хеджирлөө натыйжасыздыгынын булактарын кошкондо, ал мурдагыдай эле хеджирлөө мамилелеринин маанилүү мүнөздөмөлөрүн чагылдыраарын күбөлөндүрүү үчүн хеджирлөө мамилелеринин хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарына шайкештигин баалайт.

В6.4.18 Ишкана тарабынан жүргүзүлгөн тобокелдиктерди башкаруу хеджирлөө мамилелери хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарына жооп берер/бербесин баалоо үчүн негизги маалымат булагын билдирет. Бул чечим кабыл алуу үчүн колдонулган башкаруучулук маалымат (же талдоо) хеджирлөө мамилелери хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарына жооп берер/бербесин баалоо үчүн негиз катарында колдонулушу мүмкүндүгүн билдирет.

В6.4.19 Ишкана тарабынан таризделген хеджирлөө мамилелери боюнча документация ишкана хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарын аткарууну кантип баалай тургандыгын сыпаттоону камтышы керек, бул үчүн колдонулган методду же методдорду сыпаттоону кошкондо. Хеджирлөө мамилелери боюнча документация ушул методдор өзгөргөн учурда жаңылануууга тийиш (В6.4.17-пунктун караңыз).

## Квалификациялык критерийлерге жооп берген хеджирлөө мамилелерин (эсепке алуу (6.5-бөлүмү)

В6.5.1 Адилет наркты хеджирлөөнүн мисалы болуп пайыздык ставкалардын өзгөрүүлөрүнө байланыштуу бекитилген пайыздык ставкадагы карыздык инструменттин адилет наркынын өзгөрүү тобокелдигин хеджирлөө саналат. Ушундай хеджирлөө эмитент тарабынан же ушундай инструменттин кармоочусу тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн.

В6.5.2 Акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөнүн максаты болуп хеджирлөө объектиси болуп саналган күтүлүүчү акча каражаттарынын агымдары мезгил ичиндеги пайдага же зыянга таасир тийгизген мезгилге же мезгилдерге чейин хеджирлөө инструменти боюнча пайданы же зыянды таанууну кийинкиге жылдыруу саналат. Акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөнүн мисалы болуп өзгөрүлмө пайыздык ставкадагы карыздык инструментти (ал амортизацияланган же адилет нарк боюнча бааланган/бааланбаганына карабастан) бекитилген пайыздык ставкадагы карыздык инструментке айлантуу максатында свопту колдонуу саналат (б.а. хеджирлөө объектиси болуп саналган келечектеги акча каражаттарынын агымдары келечектеги пайыздык төлөмдөрдү билдирген келечектеги операцияны хеджирлөө). Башка жагынан, сатып алынгандан кийин пайда же зыян  аркылуу адилет нарк боюнча кайра бааланууучу катарында эске алына турган карыздык инструментти болжолдуу сатып алуу акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөнүн алкагында хеджирлөө объектиси болушу мүмкүн эмес объекттин мисалы болуп саналат, анткени таануу кийинкиге жылдырылышы мүмкүн хеджирлөө инструменти боюнча пайданы же зыянды өз ара компенсацияга жетишүүгө болгон мезгилдин ичинде пайданын же зыяндын  курамына тийиштүү кайра классификациялоого мүмкүн эмес болмок. Ошол себептен сатып алынгандан кийин адилет нарк боюнча эске алына турган, өзгөрүүсү башка жалпы кирешенин курамында чагылдырыла турган карыздык инструментти болжолдуу сатып алуу дагы акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөнүн алкагында хеджирлөө объектиси боло албайт.

В6.5.3 Бекемделген келишимдик милдеттенмени хеджирлөө (мисалы, электр энергиялык компаниянын отунду бекитилген баада келечекте сатып алуу боюнча таанылбаган келишимдик милдеттенмесине тийиштүү отундун баасынын өзгөрүшүн хеджирлөө) адилет нарктын өзгөрүү тобокелдигин хеджирлөөнү билдирет. Натыйжада мындай хеджирлөө адилет наркты хеджирлөөнү билдирет. Бирок 6.5.4-пунктуна ылайык бекемделген келишимдик милдеттенме дуушар болгон валюталык тобокелдикти хеджирлөө акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөнү эсепке алуу үчүн каралган тартипте альтернатива катарында эске алынат.

**Хеджирлөө натыйжасыздыгын баалоо**

B6.5.4 Хеджирлөө натыйжасыздыгын баалоодо ишкана акчанын убакыт ичиндеги наркын эске алышы керек. Натыйжада ишкана келтирилген нарктын негизинде хеджирлөө объектисинин наркын аныктайт, анын натыйжасында хеджирлөө объектисинин наркынын өзгөрүшү убакыттын өтүшү менен акчанын наркынын өзгөрүү таасирин дагы чагылдырат.

B6.5.5 Хеджирлөө натыйжасыздыгын баалоо максатында хеджирлөө объектисинин наркынын өзгөрүү көлөмүн эсептөө үчүн ишкана параметрлери хеджирлөө объектисинин негизги параметрлери менен дал келген (адатта мындай инструмент «гипотетикалык туунду инструмент» деп аталат) жана, мисалы, болжолдонгон операцияны хеджирлөө алкагында баанын (же ставканын) хеджирленген деңгээли боюнча калибрленген туунду инструментти колдоно алат. Мисалы, эгер учурдагы рынок деңгээлинин эки тараптуу өзгөрүү тобокелдиги хеджирленсе, анда гипотетикалык туунду инструментишкана өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө мамилелерин аныктаган учурда нөлдүк наркка чейин калибрлеген гипотетикалык форварддык келишимди билдирет. Эгер, мисалы, бир тараптуу тобокелдик хеджирленсе, анда гипотетикалык туунду инструмент болуп гипотетикалык опциондун ички наркы саналмак, ал ишкана өзүнүн кароосу боюнча хеджирлөө мамилелерин аныктаган учурда, эгер баа анын учурдагы рынок деңгээлинде хеджирленсе же «акчадан тышкары» болсо, эгер баа учурдагы рынок деңгээлинен жогору (же узак позицияны хеджирлеген учурда, төмөн) деңгээлде хеджирленсе, учурдагы рынок баасы менен дал келген аткаруу баасына ээ болмок. Гипотетикалык туунду инструментти колдонуу – бул хеджирлөө объектисинин наркынын өзгөрүү көлөмүн эсептөөнүн мүмкүн болгон ыкмаларынын бири. Гипотетикалык туунду инструмент хеджирлөө объектисинин так көчүрмөсү, ошондуктан, эгер ушул нарктын өзгөрүү көлөмү башка ыкманы колдонуу менен аныкталгандай жыйынтыкка алып келет. Натыйжада «гипотетикалык туунду инструментти» колдонуу өз алдынча ыкманы эмес, хеджирлөө объектисинин наркын эсептөө үчүн гана колдонулган математикалык ыкманы билдирет. Ошондуктан «гипотетикалык туунду инструмент» хеджирлөө инструментинде гана болгон (бирок хеджирлөө объектисинде эмес) мүнөздөмөлөрдү хеджирлөө объектисинин наркына киргизүү үчүн колдонулбайт. Чет өлкөлүк валютада берилген карыздык инструмент мисалы боло алат (ал боюнча пайыздык ставка бекитилген же өзгөрүлмө болуп саналар/саналбасына карабастан). Ушундай карыздык инструменттин наркынын өзгөрүү көлөмүн же ал боюнча акча каражаттарынын агымдарынын жалпы өзгөрүүсүнүн келтирилген наркын эсептөө үчүн гипотетикалык туунду инструмент колдонулса, ушул гипотетикалык туунду инструмент түрдүү валюталарды алмаштыруу үчүн үстөктү камтыбайт, шарттары боюнча валюта алмаштыруу жүргүзүлгөн реалдуу туунду инструменттер ушундай үстөктү караса дагы (мисалы, валюталык-пайыздык своптор).

B6.5.6 Гипотетикалык туунду инструментти колдонуу менен аныкталган хеджирлөө объектисинин наркынын өзгөрүү көлөмү дагы хеджирлөө мамилелери хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарына жооп берер/бербесин баалоо үчүн колдонулушу мүмкүн.

**Хеджирлөө мамилелерин кайра баланстоо жана хеджирлөө коэффициентинин өзгөрүшү**

B6.5.7 Кайра баланстоо болуп хеджирлөө коэффициентин хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарына жооп берген деңгээлде кармап туруу максатында ишкананын каалоосу боюнча аныкталган буга чейин болгон хеджирлөө мамилелери боюнча хеджирлөө инструментинин же хеджирлөө объектисинин сандык көлөмдөрүнүн өзгөрүшүн билдирет. Ишкананын каалоосу боюнча аныкталган хеджирлөө инструментинин же хеджирлөө объектисинин сандык көлөмүнө башка максатта киргизилген өзгөрүүлөр ушул стандарттын максатында кайра баланстоо болуп саналбайт.

B6.5.8 Кайра баланстоо B6.5.9–B6.5.21-пункттарына ылайык хеджирлөө мамилелеринин уландысы катарында эске алынат. Кайра баланстоону жүргүзүүдө хеджирлөө мамилелеринин натыйжасыздыгы хеджирлөө мамилелерин түзөтүүнүн алдында түздөн-түз аныкталат жана таанылат.

B6.5.9 Хеджирлөө коэффициентин оңдоп-түзөө ишканага тийиштүү базалык өзгөрүлмөлөргө же тобокелдик өзгөрүлмөлөрүнө байланыштуу пайда болгон хеджирлөө инструменти менен хеджирлөө объектисинин ортосундагы мамилелердин өзгөрүүлөрүнө көңүл бурууга мүмкүндүк берет. Мисалы, хеджирлөө инструменти жана хеджирлөө объектиси ар түрдүү, бирок өз ара

байланышкан базалык өзгөрүлмөлөргө ээ болгон хеджирлөө мамилелери ушул эки базалык өзгөрүлмөлөрдүн (мисалы, ар түрдүү, бирок өз ара байланышкан базалык индекстер, ставкалар же баалар) ортосундагы өз ара байланыштын өзгөрүүсүнө карата өзгөрүлөт. Натыйжада, кайра балансто, хеджирлөө инструменти менен хеджирлөө объектисинин ортосундагы мамилелер хеджирлөө коэффициентин оңдоп-түзөтүү менен компенсациялана тургандай өзгөргөн учурларда хеджирлөө мамилелерин улантууга мүмкүндүк берет.

B6.5.10 Мисалы, ишкана В чет өлкөлүк валютасы базалык болуп саналган жана ошол эле учурда А жана В чет өлкөлүк валюталарынын ортосундагы алмаштыруу курсу жасалма кармалып турган (б.а. аларды алмаштыруу курсу борбордук банк тарабынан же башка ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген диапазондун же белгиленген деңгээлдин алкагында кармалып турат) валюталык туунду инструменттин жардамы менен А чет өлкөлүк валютасы боюнча валюталык тобокелдикти хеджирлейт. Эгер А чет өлкөлүк валютасы менен В чет өлкөлүк валютасынын ортосундагы алмаштыруу курсу өзгөрсө (б.а. жаңы диапазон же жаңы курс белгиленсе), анда ушул жаңы алмаштыруу курсун эске алуу менен тийиштүү хеджирлөө мамилелерин кайра балансто жаңы кырдаалдарда каралган хеджирлөө мамилелери мурдагыдай эле хеджирлөө коэффициенти боюнча хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарына жооп беришине жетишүүгө мүмкүндүк бермек. Тескерисинче, эгер валюталык туунду инструмент боюнча дефолт болсо, анда хеджирлөө коэффициентинин өзгөрүшү каралган хеджирлөө мамилелеринин хеджирлөө натыйжалуулугунун көрсөтүлгөн талаптарына шайкеш келишин улантууну камсыздай албак эмес. Натыйжада, кайра балансто хеджирлөө инструменти менен хеджирлөө объектисинин ортосундагы өз ара байланыш хеджирлөө коэффициентин түзөтүү менен компенсациялана тургандай өзгөргөн учурларда хеджирлөө мамилелерин улантууга мүмкүндүк бербейт.

B6.5.11 Хеджирлөө инструментининадилет наркынын өзгөрүшү хеджирлөө объектисинин адилет наркынын же ал боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрү менен компенсацияланган деңгээлде ар бир өзгөрүү эле хеджирлөө инструменти менен хеджирлөө объектисинин ортосундагы өз ара байланыштын өзгөрүшүн билдирбейт. Ишкана өзүнүн күтүүсү боюнча хеджирлөө мамилелери колдонулган мөөнөттүн ичинде ага таасир тийгизиши мүмкүн хеджирлөө натыйжасыздыгынын булактарын талдайт жана өз ара компенсациялоо даражасындагы өзгөрүүлөр төмөнкүлөрдү билдирер/билдирбесин баалайт:

(a) актуалдуу боюнча калган хеджирлөө коэффициентинин тегерегиндеги өзгөрүүнү (б.а. хеджирлөө инструменти менен хеджирлөө объектисинин ортосундагы өз ара байланышты тийиштүү чагылдырууну улантат); же

(b) хеджирлөө коэффициенти мындан ары хеджирлөө инструменти менен хеджирлөө объектисинин ортосундагы өз ара байланышты тийиштүү чагылдырбаган белгини.

Ишкана хеджирлөө коэффициенти боюнча хеджирлөө натыйжалуулугунун талаптарын эске алуу менен, б.а. каралуучу хеджирлөө мамилелери хеджирлөөнү эсепке алуу максаттарына дал келбеген жыйынтыкты отчеттуулукта чагылдыруу натыйжасы болуп саналган хеджирлөө натыйжасыздыгына алып келиши мүмкүн (ал таанылганына жана таанылбагандыгына карабастан) хеджирлөө инструменти менен хеджирлөө объектисинин ортосундагы салмактык дисбалансты чагылдырбагандыгына күбөлөнүү үчүн ушул баалоону жүргүзөт. Натыйжада ушул талдоо ой жүгүртүүнү колдонууну талап кылат.

B6.5.12 Өзгөрүлбөгөн хеджирлөө коэффициентинин тегерегиндеги өзгөрүүнү (жана, натыйжада ушуга байланыштуу пайда болгон хеджирлөө натыйжасыздыгын) ар бир өзүнчө өзгөрүүдө хеджирлөө коэффициентин түзөтүү аркылуу азайтууга болбойт. Натыйжада мындай кырдаалдарда өз ара компенсациялоо даражасынын өзгөрүшү хеджирлөө натыйжасыздыгын баалоо жана таануу маселеси болуп саналат, бирок кайра балансташтырууну талап кылбайт.

B6.5.13 Тескерисинче, эгер өз ара компенсациялоо даражасынын өзгөрүшү каралуучу хеджирлөө мамилелери үчүн азыркы убакта колдонулган хеджирлөө коэффициентинен айырмаланган хеджирлөө коэффициентинин тегерегиндеги өзгөрүүнүн болушун же ушул хеджирлөө коэффициентинен четтөө жагдайы байкалганын көрсөтсө, анда хеджирлөө коэффициентин оңдоп-түзөтүү аркылуу хеджирлөө натыйжасыздыгын азайтууга болот, колдонулуп жаткан

хеджирлөө коэффициенти сакталган учурда хеджирлөө натыйжасыздыгы көбөйөт. Ошондуктан ушундай жагдайлардаишкана хеджирлөө мамилеси хеджирлөө эсебинин максаттарына дал келбеген жыйынтыкты отчеттуулукта чагылдыруу натыйжасы болуп саналган хеджирлөө натыйжасыздыгына алып келиши мүмкүн (ал таанылганына жана таанылбагандыгына карабастан) хеджирлөө инструменти менен хеджирлөө объектисинин ортосундагы салмактык дисбалансты чагылдырар/чагылдырбасын баалоого тийиш. Эгер хеджирлөө коэффициенти түзөтүлсө, бул хеджирлөө натыйжасыздыгын баалоого жана таанууга дагы таасирин тийгизет, анткени кайра баланстоону жүргүзүүдө ишкана B6.5.8-пунктуна ылайык ушул хеджирлөө мамилелерин оңдоп-түзөтүүнүн алдында хеджирлөө мамилелеринин натыйжасыздыгын түздөн-түз аныктоого жана таанууга тийиш.

B6.5.14 Кайра баланстоо хеджирлөө мамилелери башталгандан кийин ишкананын – хеджирлөөнү эсепке алуу максатында – ушул хеджирлөө мамилелери үчүн белгиленген хеджирлөө коэффициентине таасир эткен кырдаалдардын өзгөрүшүнө карата хеджирлөө инструментинин же хеджирлөө объектисинин сандык көлөмүн оңдоп-түзөтөөрүн билдирет. Адатта ушул оңдоп-түзөтүү хеджирлөө инструментинин же хеджирлөө объектисинин иш жүзүндө колдонулган сандык көлөмүн оңдоп-түзөтүүнү чагылдырышы керек. Бирок ишкана иш жүзүндө колдонгон хеджирлөө инструментинин же хеджирлөө объектисинин сандык көлөмүнүн негизинде эсептелген коэффициентти оңдоп-түзөтүүгө тийиш, эгер:

(a) ал иш жүзүндө колдонгон хеджирлөө инструментинин же хеджирлөө объектисинин сандык көлөмүнө өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин эсептелген хеджирлөө коэффициенти хеджирлөө эсебинин максаттарына дал келбеген жыйынтыкты отчеттуулукта чагылдыруу натыйжасы болуп саналган хеджирлөө натыйжасыздыгына алып келиши мүмкүн дисбалансты чагылдырат;

(b) ишкана иш жүзүндө колдонгон хеджирлөө инструментинин же хеджирлөө объектисинин сандык көлөмүн сактайт жана жыйынтыгында алынган хеджирлөө коэффициенти жаңы кырдаалдарда хеджирлөө эсебинин максаттарына дал келбеген жыйынтыкты отчеттуулукта чагылдыруу натыйжасы болуп саналган хеджирлөө натыйжасыздыгына алып келиши мүмкүн дисбалансты чагылдырат (б.а. ишкана хеджирлөө коэффициентин түзөтүүнү жүргүзбөгөндөн улам пайда болгон дисбалансты түзбөшү керек).

B6.5.15 Эгер ушул хеджирлөө мамилелери менен жүргүзүлгөн тобокелдиктерди башкаруу максаты өзгөрсө, кайра баланстоо колдонулбайт. Мунун ордуна хеджирлөөнү эсепке алуу үчүн каралган тартипте ушул хеджирлөө мамилелерин эске алууну токтотуу керек (ошол эле учурда ишкана өзүнүн каалоосу боюнча B6.5.28-пунктунда сыпатталгандай, мурдагы хеджирлөө мамилеринен хеджирлөө инструментин же хеджирлөө объектисин киргизүү менен жаңы хеджирлөө мамилесин аныктай алат).

B6.5.16 Эгер хеджирлөө мамилелерин кайра баланстоо жүргүзүлсө, анда хеджирлөө коэффициентин түзөтүү түрдүү жолдор менен аткарылышы мүмкүн:

(a) төмөнкүлөр аркылуу хеджирлөө объектисинин салыштырма салмагы көбөйүшү мүмкүн (бул бир эле убакта хеджирлөө инструментинин салыштырма салмагын азайтат):

(i) хеджирлөө объектисинин көлөмүн көбөйтүү; же

(ii) хеджирлөө инструментинин көлөмүн азайтуу.

(b) төмөнкүлөр аркылуу хеджирлөө инструментинин салыштырма салмагы көбөйүшү мүмкүн (бул бир эле убакта хеджирлөө объектисинин салыштырма салмагын азайтат):

(i) хеджирлөө инструментинин көлөмүн көбөйтүү; же

(ii) хеджирлөө объектисинин көлөмүн азайтуу.

Көлөмдүн өзгөрүшү болуп хеджирлөө мамилелерине киргизилген сандык көлөмдөрдүн өзгөрүшү түшүнүлөт. Натыйжада көлөмдүн азайышы объекттер же операциялар колдонулбай

калат же алардын пайда болушу мындан ары күтүлбөйт, бирок алар мындан ары хеджирлөө мамилелеринин бөлүгү болуп саналбайт дегенди милдеттүү билдирбейт. Мисалы, хеджирлөө инструментинин көлөмүнүн азайышы ишкананын туунду инструментти сактап калышына, бирок ошол эле учурда тийиштүү хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө инструменти болуп анын бөлүгү гана калышы мүмкүндүгүнө алып келиши мүмкүн. Мындай кырдаал, эгер хеджирлөө мамилесине киргизилген хеджирлөө инструментинин көлөмүн азайтуу аркылуу гана кайра баланстоону жүргүзүү мүмкүн болгон, бирок ошол эле учурда ишкана мындан ары зарылдыгы жок көлөмдү сактап калган учурда болот. Бул учурда хеджирлөө мамилесине киргизилбеген туунду инструменттин бөлүгү пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча эске алынат (эгер ал башка хеджирлөө мамилелерине киргизүү үчүн ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө инструменти катарында аныкталбаса гана).

B6.5.17 Хеджирлөө объектисинин көлөмүн көбөйтүү аркылуу хеджирлөө коэффициентин түзөтүү хеджирлөө инструментининадилет наркынын өзгөрүүлөрүн баалоо кандайча жүргүзүлөөрүнө таасир тийгизбейт. Мурда ишкананын каалоосу боюнча аныкталган көлөмгө тийиштүү хеджирлөө объектисинин наркынын өзгөрүүлөрүн баалоо дагы өзгөрүүсүз калат. Бирок кайра балансташтырылган күндөн тартып хеджирлөө объектисинин наркынын өзгөрүүлөрүнүн курамына хеджирлөө объектисинин кошумча көлөмүнүн наркынын өзгөрүүлөрү дагы киргизилет. Ушул өзгөрүүлөр тең салмакташтырылган күндөн тартып жана ишкана өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө мамилесин аныктаган күнгө карата эмес, ушул күнгө карата бааланат. Мисалы, эгер ишкана 100 тонна товарды 80 а.б. форварддык баа боюнча (хеджирлөө мамилелери башталган күнгө карата форварддык баа) алгачкы хеджирлесе, андан кийин форвардык баа 90 а.б. түзгөндө, кайра балансташтырылган учурда ушул көлөмдү 10 тоннага көбөйтсө, анда хеджирлөө объектиси кайра балансташтырылгандан кийин эки катмардан турат: 80 а.б. баа боюнча хеджирленген 100 тоннадан жана 90 а.б. баа боюнча хеджирленген 10 тоннадан.

B6.5.18 Хеджирлөө инструментинин көлөмүн азайтуу аркылуу хеджирлөө коэффициентин оңдоп-түзөтүү хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүүлөрүн баалоо кандайча жүргүзүлөөрүнө таасир тийгизбейт. Мурдагыдай эле хеджирлөө мамилесине киргизилген көлөмгө тийиштүү хеджирлөө инструментинин адилет наркынын өзгөрүүлөрүн баалоо дагы өзгөрүүсүз калат. Бирок тең салмакташтырылган күндөн тартып хеджирлөө инструменти азайган көлөм мындан ары хеджирлөө мамилелеринин бөлүгү болуп саналбайт. Мисалы, ишкана хеджирлөө инструменти катарында туунду инструментти колдонуу менен 100 тоннаны түзгөн көлөмгө товардын баасынын өзгөрүү тобокелдигин алгачкы хеджирлесе жана тең салмакташтырган учурда ал ушул көлөмдү 10 тоннага азайтса, анда хеджирлөө инструменти катарында 90 тонна көлөмгө дал келген номиналдык сумма калат (B6.5.16-пунктунда мындан ары хеджирлөө мамилелеринин бөлүгү болуп саналбаган туунду инструменттин (б.а. 10 тонна) көлөмү үчүн натыйжалар каралат).

B6.5.19 Хеджирлөө инструментинин көлөмүн көбөйтүү аркылуу хеджирлөө коэффициентин оңдоп-түзөө хеджирлөө объектисинин наркынын өзгөрүүлөрүн баалоо кандайча жүргүзүлөөрүнө таасир тийгизбейт. Мурда ишкананын каалоосу боюнча аныкталган көлөмгө тийиштүү хеджирлөө инструментинин адилет наркынын өзгөрүүлөрүн баалоо дагы өзгөрүүсүз калат. Бирок кайра балансташтырылган күндөн тартып хеджирлөө инструментинин адилет наркынын өзгөрүүлөрүнүн курамына хеджирлөө инструментинин кошумча көлөмүнүн наркынын өзгөрүүлөрү дагы киргизилет. Ушул өзгөрүүлөр кайра балансташтырылган күндөн тартып жана ишкана өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө мамилесин аныктаган күнгө карата эмес, ушул күнгө карата бааланат. Мисалы, ишкана хеджирлөө инструменти катарында туунду инструментти колдонуу менен 100 тоннаны түзгөн көлөмгө товардын баасынын өзгөрүү тобокелдигин алгачкы хеджирлесе жана кайра балансташтырган учурда ал ушул көлөмгө дагы 10 тоннаны кошсо, анда хеджирлөө инструменти кайра балансташтырылгандан кийин 110 тонна жалпы көлөмдөгү туунду инструменти болуп көрсөтүлөт. Хеджирлөө инструментинин адилет наркынын өзгөрүшү 110 тонна жалпы көлөмдү жапкан бардык туунду инструменттердин адилет наркынын жалпы өзгөрүшүн билдирет. Ушул туунду инструменттер түрдүү убакыт мезгилдеринде бекитилгендиктен (анын ичинен ишкананын каалоосу боюнча туунду инструменттер алгачкы таанылган учурдан тартып ушул инструменттерди хеджирлөө мамилелерине киргизүү

© ФОЭС Фонду

мүмкүндүгүн эске алуу менен), алар форвард ставкалары сыяктуу түрдүү негизги параметрлерге ээ болушу мүмкүн (жана, кыязы, болот).

B6.5.20 Хеджирлөө объектисинин көлөмүн азайтуу аркылуу хеджирлөө коэффициентин түзөтүү хеджирлөө инструментинин адилет наркынын өзгөрүүлөрүн баалоо кандайча жүргүзүлөөрүнө таасир тийгизбейт. Хеджирлөө мамилесине киргизүү улантылган көлөмгө тийиштүү хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүүлөрүн баалоо дагы өзгөрүүсүз калат. Бирок кайра балансташтырылган күндөн тартып хеджирлөө объектиси азайган көлөм мындан ары хеджирлөө мамилелеринин бөлүгү болуп саналбайт. Мисалы, эгер ишкана 100 тоннаны түзгөн товарды 80 а.б. форварддык баа боюнча алгачкы хеджирлесе, андан кийин кайра балансташтырылган учурда ушул көлөмдү 10 тоннага азайтса, анда кайра балансташтырылгандан кийин хеджирлөө объектиси болуп 80 а.б. боюнча хеджирленген 90 тонна өлчөмүндөгү көлөм болот. Мындан ары хеджирлөө мамилелеринин бөлүгү болуп саналбаган 10 тонна хеджирлөө объектиси хеджирлөөнү эсепке алууну токтотууну чагылдыруу үчүн каралган талаптарга ылайык эске алынат (B6.5.6–B6.5.7 жана B6.5.22–B6.5.28 пункттарын караңыз).

B6.5.21 Хеджирлөө мамилелерин кайра балanstоодо ишкана, күтүлгөндөй, хеджирлөө мамилелери колдонулган (калган) мөөнөттүн ичинде ага таасир тийгизген хеджирлөө натыйжасыздыгынын булактарын талдоону жаңылашы керек (9B6.4.12-пунктун караңыз). Ушул хеджирлөө мамилелерине тийиштүү документация тийиштүү жаңыланууга тийиш.

**Хеджирлөөнү эсепке алууну токтотуу**

B6.5.22 Тийиштүү квалификациялык критерийлер аткарылбай калган күндөн тартып хеджирлөөнү эсепке алууну перспективдүү колдонуу токтотулат.

B6.5.23 Ишкана төмөнкүдөй хеджирлөө мамилелерин жокко чыгарбашы жана ошону менен токтотпошу керек:

(a) мурдагыдай эле тобокелдиктерди башкаруу максатына жооп берет, анын натыйжасында алар хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу үчүн квалификациялык критерийлерге жооп берүүчү катарында аныкталган (б. а. ишкана мурдагыдай эле ушул тобокелдиктерди башкаруу максатын көздөйт); жана

(b) бардык башка квалификациялык критерийлерге жооп берүүнү улантат (эгер колдонулса, ушул хеджирлөө мамилелерин кайра баланстоону эске алуу менен).

B6.5.24 Ушул стандарттын максаттары үчүн ишкананын тобокелдиктерди башкаруу боюнча стратегиясы анын тобокелдиктерди башкаруу максаттарынан өзүнчө каралат. Тобокелдиктерди башкаруу стратегиясы ишкана өзүндө болгон тобокелдикти кантип башкаргандыгын аныктаган эң жогорку деңгээлде белгиленет. Тобокелдиктерди башкаруу стратегиясында, эрежедегидей, ишкана дуушар болгон тобокелдиктер идентификацияланат жана аларга байланыштуу ишкана кабыл алган чаралар сыпатталат. Тобокелдиктерди башкаруу стратегиясы адатта узак убакытка белгиленет жана ушул стратегияны колдонуу мөөнөтүнүн ичинде кырдаалдар өзгөргөн учурда жооп катары белгилүү бир ийкемдүүлүктү карашы мүмкүн (мисалы, хеджирлөө көлөмү өзгөргөн пайыздык ставкалардын же товардын бааларынын түрдүү деңгээлдери). Эрежедегидей, мындай стратегия башкы документте түзүлөт, анын мазмуну саясатты белгилеген жана көбүрөөк конкреттүү көрсөтмөлөрдү камтыган документтер аркылуу ишкананын төмөндө турган деңгээлдери боюнча бөлүштүрүлөт. Тескерисинче хеджирлөө мамилелерине карата тобокелдиктерди башкаруу максаты өзүнчө алынган конкреттүү хеджирлөө мамилелеринин деңгээлинде белгиленет. Ал ишкананын каалоосу боюнча аныкталган конкреттүү хеджирлөө инструменти ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объектиси катарында аныкталган тобокелдик боюнча конкреттүү позицияны хеджирлөө үчүн кантип колдонулаарына тийиштүү. Натыйжада тобокелдиктерди башкаруу стратегиясы тобокелдиктерди башкаруу максаты ушул жалпы тобокелдиктерди башкаруу стратегиясын ишке ашырууга байланышкан көптөгөн түрдүү хеджирлөө мамилелерин камтышы мүмкүн. Мисалы:

(a) Карызды каржылоого карата ишкананын пайыздык тобокелдиктерди башкаруу боюнча стратегиясы бүтүндөй ишкананын алкагында өзгөрүлмө жана бекитилген пайыздык ставка менен тартылган каржылоо түзүмүн аныктоочу белгиленген диапазонду колдонууну карайт. Стратегия бекитилген пайыздык ставкадагы карыздык инструменттердин үлүшү 20дан 40 пайызга чейинки диапазондон ашпагандыгында турат. Мезгил-мезгили менен ишкана пайыздык ставкалардын деңгээлине карата ушул стратегияны ишке ашыруу ыкмасы тууралуу чечим кабыл алат (б.а. бекитилген пайыздык ставкадагы карыздардын кайсы деңгээлин белгиленген 20-40 пайыз диапазонунун чегинде белгилөө керек). Эгер пайыздык ставкалар төмөн болсо, анда ишкана пайыздык ставкалар жогору болгонго караганда, бекитилген пайыздык ставкадагы карыздык инструменттерди көп колдонот. Ишкананын карызы өзгөрүлмө пайыздык ставка менен 100 а.б. өлчөмүндөгү карыздык инструмент менен көрсөтүлгөн, анын 30 а.б. своптун жардамы менен бекитилген пайыздык ставкадагы позицияга которулган. Ишкана ири инвестицияны каржылоо үчүн, ушул максатта бекитилген ставкадагы облигацияларды чыгаруу менен, 50 а.б. өлчөмүндө кошумча карыз каражаттарын тартуу үчүн төмөн пайыздык ставкаларды колдонууну чечет. Төмөн деңгээлдеги пайыздык ставкаларды эске алуу менен, ишкана мурда өзү аныктаган өзгөрүлмө ставкадагы позицияны хеджирлөө деңгээлин 20 а.б. төмөндөтүү менен, бекитилген пайыздык ставкадагы карыздардын үлүшүн карыздын жалпы суммасынын 40 пайызына чейин жогорулатууну чечет, бул натыйжада бекитилген ставка менен 60 а.б. өлчөмүндөгү позицияны берет. Мындай кырдаалда тобокелдиктерди башкаруу стратегиясы өзгөрүүсүз калат. Ишкана тарабынан колдонулган ушул стратегияны ишке ашыруу ыкмасы, тескерисинче, өзгөрдү, бул мурда хеджирленген өзгөрүлмө ставкадагы 20 а.б. өлчөмүндөгү позицияга карата тобокелдиктерди башкаруу максаты тийиштүү өзгөргөнүн билдирет (б.а. конкреттүү хеджирлөө мамилелеринин деңгээлинде өзгөрүү болду). Натыйжада, мындай кырдаалда мурда хеджирленген өзгөрүлмө ставкадагы 20 а.б. өлчөмүндөгү позицияга карата хеджирлөөнү эсепке алууну токтотуу керек. Бул своп боюнча позицияны 20 а.б. номиналдуу наркка азайтууну талап кылышы мүмкүн, бирок кырдаалдарга карата ишкана ушул своптун көлөмүн сактай алат, мисалы, аны тобокелдик боюнча башка позицияны хеджирлөө үчүн колдоно алат же ал соода портфелинин бөлүгү боло алат. Бир жагынан, эгер ишкана мунун ордуна своп аркылуу бекитилген ставкадагы өзүнүн жаңы карызынын бөлүгүн өзгөрүлмө ставкадагы карызга которсо, анда ал мурда хеджирленген өзгөрүлмө ставкадагы позицияга карата хеджирлөөнү эсепке алууну улантууга тийиш болмок.

(b) Тобокелдиктерге дуушар болуу көп өзгөрүлгөн позицияларга карата пайда болот, мисалы, карыздык инструменттердин ачык портфели боюнча пайыздык тобокелдик. Жаңы карыздык инструменттерди кошуу жана карыздык инструменттерди таанууну токтотуу тобокелдик боюнча ушул позицияны дайыма өзгөртөт (б.а. ушул кырдаал төлөө мөөнөтү келгенине карата позицияны кадимки акырындап азайтуудан айырмаланат). Позиция дагы, ушул позиция боюнча тобокелдикти башкаруу үчүн колдонулган хеджирлөө инструменттери дагы бир азга ошондой калган динамикалык процесс. Натыйжада ушундай позицияга ээ ишкана аталган позициянын өзгөрүшүнө карата пайыздык тобокелдикти башкаруу үчүн колдонулган хеджирлөө инструменттерин дайыма түзөтөт. Мисалы, ишкана өзүнүн каалоосу боюнча төлөө мөөнөтү келгенге чейин 24 ай калганда карыздык инструменттерди ошол эле 24 ай мөөнөтүнө пайыздык тобокелдикке карата хеджирлөө объектиси катарында аныктайт. Ушундай эле жол-жобо убакыттын башка интервалдарына же төлөө мөөнөттөрүнө дагы колдонулат. Кыска убакыттан кийин ишкана бүтүндөй же айрым хеджирлөө мамилелерин же болбосо мурда анын каалоосу боюнча төлөө мөөнөтүнө дал келген мөөнөткө аныкталган ушул хеджирлөө мамилелеринин кандайдыр бир бөлүгүн токтотот жана позициянын өлчөмүнө жана ошол учурда колдонулган хеджирлөө инструменттерине карата өзүнүн каалоосу боюнча төлөө мөөнөтүнө дал келген мөөнөткө жаңы хеджирлөө мамилелерин аныктайт. Ушул кырдаалда хеджирлөөнү эсепке алууну колдонууну токтотуу аталган хеджирлөө мамилелери ишкананын өзүнүн каалоосу боюнча мурда аныкталган хеджирлөө инструментинин жана хеджирлөө объектисинин ордуна жаңы хеджирлөө инструменти жана жаңы хеджирлөө объектисин аныктаган кырдаалды чагылдырат. Тобокелдиктерди башкаруу стратегиясы ошондой эле калат, бирок буга чейин аныкталган хеджирлөө

мамилелерине карата натыйжалуу тобокелдиктерди башкаруу максаты жок. Мындай учурда хеджирлөөнү эсепке алууну токтотуу тобокелдиктерди башкаруу максаты өзгөргөн деңгээлде колдонулат. Бул ишканадагы кырдаалга көз каранды, мисалы, кандайдыр бир төлөө мөөнөтү боюнча бардык же айрым гана хеджирлөө мамилелерине же хеджирлөө мамилелеринин бир бөлүгүнө гана таасир көрсөтүшү мүмкүн.

(c) Ишкана тобокелдиктерди башкаруу стратегиясына ээ, анын алкагында ал болжолдонгон сатуулар жана ушул сатуулардын натыйжасында пайда болгон дебитордук карыздар боюнча валюталык тобокелдикти башкарууну жүргүзөт. Ушул стратегияга ылайык ишкана валюталык тобокелдикти дебитордук карыз таанылганга чейин гана өзүнчө хеджирлөө мамилелери катарында башкарат. Ушундан кийин ишкана аталган өзүнчө хеджирлөө мамилелеринин алкагында мындан ары валюталык тобокелдикти башкарбайт. Мунун ордуна ал дебитордук карыз, кредитордук карыз жана ошол эле чет өлкөлүк валютада көрсөтүлгөн туунду инструменттер боюнча (жасала элек болжолдонгон операцияларга тийиштүү эмес) бир эле убакта валюталык тобокелдикти башкарууну жүргүзөт. Бухгалтердик эсеп максатында бул «табигый хеджирлөө» болуп саналат, анткени ушул бардык объекттер боюнча валюталык тобокелдик менен байланышкан пайдалар жана зыяндар мезгил ичиндеги пайданын же зыяндын курамында токтоосуз таанылат. Натыйжада бухгалтердик эсеп максатында, эгер хеджирлөө мамилелери ишкананын каалоосу боюнча төлөм күнүнө чейинки мезгилге аныкталса, алар тийиштүү дебитордук карыз таанылган учурда токтотулушу керек, анткени алгачкы хеджирлөө мамилелери үчүн аныкталган тобокелдиктерди башкаруу максаты мындан ары колдонулбайт. Эми валюталык тобокелдикти башкаруу ошол эле стратегиянын алкагында, бирок башка негизде жүргүзүлөт. Тескери кырдаалда, эгер ишкананын тобокелдиктерди башкаруу боюнча башка максаты болсо жана бүтүм боюнча эсептешүү күнү келгенге чейин болжолдонгон сатуулардын жана алар менен байланышкан дебитордук карыздын аталган суммасы үчүн атайын аныкталган бирдиктүү улануучу хеджирлөө мамилелеринин алкагында валюталык тобокелдикти башкарууну жүргүзсө, анда хеджирлөөнү эсепке алуу ушул күнгө чейин уланмак.

B6.5.25 Хеджирлөөнү эсепке алууну токтотуу төмөнкүлөргө таасир бериши мүмкүн:

(a) бүтүндөй хеджирлөө мамилелерине; же

(b) өзүнчө хеджирлөө мамилелеринин бир бөлүгүнө (бул хеджирлөөнү эсепке алуу ушул хеджирлөө мамилелеринин калган бөлүгүнө колдонула берет дегенди билдирет).

B6.5.26 Бүтүндөй каралган хеджирлөө мамилелери хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу критерийлерине жооп бербей калганда, толугу менен токтотулат. Мисалы:

(a) ушул хеджирлөө мамилелери хеджирлөөнүэсепке алууну колдонуу критерийлерине жооп берген катарында аныкталган тобокелдиктерди башкаруу максатына мындан ары шайкеш келбесе (б.а. ишкана мындан ары тобокелдиктерди башкаруунун ушул максатын көздөбөсө);

(b) хеджирлөө инструменти же инструменттери сатылып кетсе же болбосо тийиштүү келишимди же келишимдерди колдонуу токтотулса (ушул хеджирлөө мамилелеринин бир бөлүгү болгон бүтүндөй көлөмгө карата);

(c) хеджирлөө объектиси менен хеджирлөө инструментинин ортосунда мындан ары экономикалык өз ара байланыш болбосо же кредиттик тобокелдик фактору аталган экономикалык өз ара байланыштын натыйжасында пайда болгон нарктын өзгөрүүлөрүнө үстөмдүк таасир көрсөтүп баштаса.

B6.5.27 Хеджирлөө мамилелеринин бир бөлүгү гана хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу критерийлерине жооп бербей калганда, ушул хеджирлөө мамилелеринин белгилүү бир бөлүгү токтотулат (ал эми алардын калган бөлүгүнө хеджирлөөнү эсепке алуу колдонула берет). Мисалы:

(a) хеджирлөө мамилелерин кайра баланстоодо хеджирлөө коэффициенти хеджирлөө объектисинин айрым көлөмү ушул хеджирлөө мамилелеринин бир бөлүгү болбой калгандай түзөтүлүшү мүмкүн (B6.5.20-пунктун караңыз); натыйжада хеджирлөө мамилелеринин бир бөлүгү болбой калган хеджирлөө объектисинин ошол көлөмү үчүн гана хеджирлөөнү эсепке алуу токтотулат; же

(b) болжолдонгон операцияны (же анын компонентин) билдирген хеджирлөө объектисинин айрым көлөмүнүн пайда болуу мүмкүндүгү жогору болбой калса, пайда болуу мүмкүндүгү жогору болбой калган хеджирлөө объектисинин ошол көлөмүнө карата гана хеджирлөөнү эсепке алуу токтотулат. Бирок, эгер мурунку окуялардын статистикасы ишкана өзүнүн каалоосу боюнча болжолдонгон операциялар үчүн хеджирлөө мамилелерин аныктаганын жана кийин ушул болжолдонгон операцияларды жүргүзүү мындан ары күтүлбөйт деп белгилегенин көрсөтсө, анда ишкана ушундай операциялар боюнча болжолдорду жасаганда, анын күтүлүүчү операцияларды так болжолдоо жөндөмүнө күмөн саналат. Бул ушундай болжолдонгон операциялар келечекте жүргүзүлөрүн күтүү толук ыктымалдуу болор/болбосун (6.3.3-пунктун караңыз), натыйжада аларды хеджирлөө объектилери катарында аныктоого болор/болбосун баалоого таасир берет.

B6.5.28 Ишкана өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөөнү эсепке алуу токтотулган (бир бөлүгү же толугу менен) кандайдыр бир мурунку хеджирлөө мамилелеринен хеджирлөө инструментин хеджирлөө объектисин киргизүү менен жаңы хеджирлөө мамилелерин аныктай алат. Мындай кырдаал мурунку хеджирлөө мамилелерин улантууну түшүндүрбөйт, «кайра ишке киргизүүнү» жана жаңы хеджирлөө мамилелерин аныктоону билдирет. Мисалы:

(a) Хеджирлөө инструментинин эмитентинин кредиттик рейтинги ушунчалык кескин түшүп кеткендиктен, ишкана ушул инструментти жаңы хеджирлөө инструментине алмаштырат. Бул алгачкы хеджирлөө мамилелеринин алкагында тобокелдиктерди башкаруу максатына жетишилбегенин билдирет, натыйжада ушул мамилелер толук көлөмдө токтотулат. Ишкананын каалоосу боюнча аныкталган жаңы хеджирлөө инструменти мурда хеджирленген позицияны хеджирлеши керек жана ал жаңы хеджирлөө мамилелерин түзөт. Натыйжада хеджирлөө объектисинин же ал боюнча акча каражаттарынын агымдарынын адилет наркынын өзгөрүүлөрү ишкананын каалоосу боюнча алгачкы хеджирлөө мамилелери аныкталган күндөн эмес, ишкана жаңы хеджирлөө мамилелерин аныктаган күндөн тартып жана ушул күнгө карата бааланат.

(b) Хеджирлөө мамилелери алар үчүн аныкталган мөөнөт аяктаганга чейин токтотулат. Ушул хеджирлөө мамилелеринин бир бөлүгү болуп саналган хеджирлөө инструменти ишкананын каалоосу боюнча башка хеджирлөө мамилелери үчүн хеджирлөө инструменти катарында аныкталышы мүмкүн (мисалы, хеджирлөө инструментинин көлөмүн көбөйтүү аркылуу кайра баланстоодо хеджирлөө коэффициентин түзөткөн учурда же болбосо ишкананын каалоосу боюнча жаңы хеджирлөө мамилелерин аныктаган учурда).

**Опциондордун убакыт ичиндеги наркын эсепке алуу**

B6.5.29 Опцион белгилүү бир убакыт аралыгына тийиштүү катарында каралышы мүмкүн, анткени анын убакыт ичиндеги наркы опциондун кармоочусуна белгилүү бир убакыттын аралыгында коргоону камсыз кылгандыгы үчүн акы төлөөнү билдирет. Бирок опцион кайсынысын: белгилүү бир операцияга байланышкан объектти же белгилүү бир убакыт аралыгына байланышкан объектти хеджирлегендиги тууралуу маселени чечүү үчүн аталган хеджирлөө объектисинин мүнөздөмөлөрү сыяктуу аспект туура болуп саналат, ал кантип жана качан пайдага же зыянга таасир тийгизерин кошкондо. Натыйжада ишкана хеджирлөө объектисинин мүнөзүнө жараша ушул объекттин түрүн баалоого тийиш (6.5.15(a)-пунктун караңыз) (хеджирлөө мамилелери акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө же адилет наркты хеджирлөө болуп саналар/саналбасына карабастан):

(a) Опциондун убакыт ичиндеги наркы белгилүү бир операцияга байланышкан хеджирлөө объектисине кирет, эгер өзүнүн мүнөзү боюнча хеджирлөө объектиси опциондун убакыт ичиндеги наркы операцияга байланышкан чыгымдардын бөлүгү катарында мүнөздөлгөн ушул операцияны билдирсе. Мисал болуп опциондун убакыт ичиндеги наркы операциялык чыгымдарбаштапкы баалоого киргизилген беренени таанууга алып келген хеджирлөө объектисине кирген кырдаал саналат (мисалы, ишкана биржалык товарларды сатып алуу боюнча, болжолдонгон операция же бекемделген келишимдик милдеттенме болобу, ушул товардын баасынын өзгөрүү тобокелдигине карата операцияны хеджирлейт жана аталган операцияны жүргүзүү боюнча чыгымдарды тийиштүү товардык запастарды баштапкы баалоого киргизет). Опциондун убакыт ичиндеги наркын конкреттүү хеджирлөө объектисин баштапкы баалоого киргизүүнүн натыйжасында, ушул убакыт ичиндеги нарк аталган хеджирлөө объектиси менен бир мезгилде пайдага же зыянга таасир тийгизет. Ушундай эле жол менен товарды сатуу боюнча бүтүмдү хеджирлеген ишкана, болжолдонгон операция же бекемделген келишимдик милдеттенме болобу, тийиштүү опциондун убакыт ичиндеги наркын ушундай сатууга байланышкан чыгымдардын курамына киргизмек (натыйжада опциондун убакыт ичиндеги наркы хеджирленген сатуу бүтүмүнөн түшкөн киреше менен бир мезгилде пайданын же зыяндын курамында таанылмак).

(b) Опциондун убакыт ичиндегинаркы белгилүү бир убакыт аралыгы менен байланышкан хеджирлөө объектисине кирет, эгер өзүнүн мүнөзү боюнча хеджирлөө объектиси убакыт ичиндеги нарк белгилүү бир убакыт мезгилинде тобокелдиктен коргонууну сатып алууга байланышкан чыгымдардын беренеси катарында мүнөздөлгөндөй болсо (бирок ошол эле убакта хеджирлөө объектиси (a) пунктуна ылайык операциялык чыгымдарга алып келген операцияны жүргүзүүгө алып келбейт). Мисалы, эгер товардын запастары тийиштүү колдонуу мөөнөтүнө ээ товардык опционду колдонуу менен алты ай мөөнөтүнө адилет наркты азайтуу тобокелдигине карата хеджирленсе, анда ушул опциондун убакыт ичиндеги наркы аталган алты айлык мөөнөттүн ичинде пайдага же зыянга кирет (б.а. системалык жана рационалдык негизде амортизацияланат). Башка мисал болуп валюталык опционду колдонуу менен 18 айлык мөөнөткө хеджирленген, чет өлкөлүк бөлүмгө салынган таза инвестицияны хеджирлөө саналат, бул ушул опциондун убакыт ичиндеги наркын аталган 18 айлык мезгилдин ичине киргизүү зарылдыгына алып келет.

B6.5.30 Хеджирлөө объектисинин мүнөздөмөлөрүнөн, ушул хеджирлөө объектиси кантип жана качан пайдага же зыянга таасир тийгизерин кошкондо, белгилүү бир убакыт аралыгы менен байланышкан хеджирлөө объектисин хеджирлеген опциондун убакыт ичиндеги наркы амортизацияланган мезгил дагы көз каранды, ошол эле учурда аталган мезгил ушул опциондун ички наркы хеджирлөөнү эсепке алуунун алкагында пайдага же зыянга таасир тийгизиши мүмкүн мезгилге шайкеш келет. Мисалы, эгер пайыздык опцион («кэп») өзгөрүлмө ставкадагы облигация боюнча пайыздык чыгашалардын көбөйүшүнөн коргоо үчүн колдонулса, анда аталган «кэптин» убакыт ичиндеги наркы «кэптин» ички наркы пайдага же зыянга таасир тийгизиши мүмкүн мезгилдин ичинде пайданын же зыяндын курамына киргизүү аркылуу амортизацияланат:

(a) эгер «кэп» беш жылды түзгөн өзгөрүлмө пайыздык ставкадагы облигацияларды колдонуунун жалпы мөөнөтүнүн биринчи үч жылында пайыздык ставкалардын өсүшүн хеджирлесе, анда ушул «кэптин» убакыт ичиндеги наркы ушул биринчи үч жылдын ичинде амортизацияланат; же болбосо

(b) эгер «кэп» беш жылды түзгөн өзгөрүлмө пайыздык ставкадагы облигациялардын жалпы мөөнөтүнүн экинчи жана үчүнчү жылынын ичинде пайыздык ставкалардын өсүшүн хеджирлеген, колдонуу күнү кийинкиге жылдырылган опционду билдирсе, анда ушул «кэптин» убакыт ичиндеги наркы экинчи жана үчүнчү жылдардын ичинде амортизацияланат.

B6.5.31 6.5.15-пунктуна ылайык опциондордун убакыт ичиндеги наркын эсепке алуу тартиби ишкананын каалоосу боюнча аны хеджирлөө инструменти катарында аныктоо күнүнө карата нетто-көлөмдө нөлгө барабар убакыт ичиндеги наркка ээ (адатта «нөл чыгымдары менен коллар» деп аталуучу),

сатып алынган жана чыгарылган опциондордун комбинациясына дагы колдонулат (опциондордун бири пут-опцион, ал эми экинчиси колл-опцион болуп саналган). Бул учурда ишкана, эгер ушул хеджирлөө мамилелери колдонулган бүтүндөй мезгилдеги убакыт ичиндеги нарктын өзгөрүүлөрүнүн жалпы көлөмү нөлгө барабар болсо дагы, убакыт ичиндеги нарктын бардык өзгөрүүлөрүн башка жалпы кирешенин курамында таанууга тийиш. Натыйжада, эгер опциондун убакыт ичиндеги наркы:

(a) белгилүү бир операция менен байланышкан хеджирлөө объектисине кирсе, анда хеджирлөө объектисинин наркы оңдоп-түзөтүлгөн же пайданын же зыяндын курамында кайра классификацияланган ушул хеджирлөө мамилелери аяктаган учурда убакыт ичиндеги нарктын көлөмү (6.5.15(b)-пунктун караңыз) нөлгө барабар болот;

(b) белгилүү бир убакыт аралыгы менен байланышкан хеджирлөө объектисине кирсе, анда убакыт ичиндеги нарк менен байланышкан амортизация чыгашалары нөлгө барабар.

B6.5.32 6.5.15-пунктуна ылайык опциондордун убакыт ичиндеги наркын эсепке алуу тартиби ушул убакыт ичиндеги нарк хеджирлөө объектисине кирген деңгээлде гана колдонулат (дал келген убакыт ичиндеги нарк). Опциондун убакыт ичиндеги наркы хеджирлөө объектисине кирет деп эсептөө керек, эгер опциондун негизги параметрлери (номиналдуу нарк, колдонуу мөөнөтү жана базалык өзгөрүлмө сыяктуу) хеджирлөө объектиси боюнча ушундай негизги параметрлерге дал келсе. Натыйжада, эгер опциондун жана хеджирлөө объектисинин негизги параметрлери толук көлөмдө дал келбесе, анда ишкана дал келген убакыт ичиндеги наркты аныктоого тийиш, б.а. сыйакыга киргизилген убакыт ичиндеги нарктын кайсы бөлүгү (учурдагы убакыт ичиндеги нарк) каралып жаткан хеджирлөө объектисине киририн аныкташы керек (жана, натыйжада 6.5.15-пунктунда каралган тартипте эске алынууга тийиш). Ишкана хеджирлөө объектиси боюнча негизги параметрлерге толугу менен дал келген негизги параметрлерге ээ опционду баалоонун жардамы менен опциондун дал келген убакыт ичиндеги наркын аныктайт.

B6.5.33 Эгер учурдагы убакыт ичиндеги нарк жана дал келген убакыт ичиндеги нарк айырмаланса, анда ишкана 6.5.15-пунктуна ылайык өздүк капиталдын өзүнчө компонентинин курамында топтолгон сумманы төмөнкүчө эсептөөгө тийиш:

(a) Эгер хеджирлөө мамилелери башталган күнгө карата учурдагы убакыт ичиндеги нарк дал келген убакыт ичиндеги нарктан ашса, ишкана төмөнкүлөргө тийиш:

(i) дал келген убакыт ичиндеги наркка жараша өздүк капиталдын өзүнчө компонентинин курамында топтолгон сумманы эсептөөгө; жана

(ii) убакыт ичиндеги нарктын ушул эки көлөмүнүн адилет наркынын өзгөрүүлөрүнүн ортосунда пайда болгон айырмаларды пайданын же зыяндын курамында чагылдырууга.

(b) Эгер хеджирлөө мамилелери башталган күнгө карата учурдагы убакыт ичиндеги нарк дал келген убакыт ичиндеги нарктан аз болсо, ишкана төмөнкүлөргө карата адилет нарктын өзгөрүүлөрүнүн эң аз жалпы көлөмүнө жараша өздүк капиталдын өзүнчө компонентинин курамында топтолгон сумманы эсептөөгө тийиш:

(i) учурдагы убакыт ичиндеги наркка; жана

(ii) дал келген убакыт ичиндеги наркка.

Учурдагы убакыт ичиндеги наркка карата адилет нарктын өзгөрүүлөрүнүн көлөмүнүн калган бөлүгү пайданын же зыяндын курамында таанылышы керек.

Форварддык келишимдер боюнча форвард элементин жана финансылык инструменттер боюнча валюталык базалык спрэддерди эсепке алуу

B6.5.34 Форварддык келишимди белгилүү бир убакыт аралыгы менен байланышкан деп эсептесе болот, анткени анын форвард элементин айрым убакыт ичиндеги төлөмдү билдирет (ушул келишим

бекитилген мөөнөттү билдирген). Бирок хеджирлөө инструменти кайсынысын: белгилүү бир операцияга байланышкан объектти же белгилүү бир убакыт аралыгына байланышкан объектти хеджирлегендиги тууралуу маселени чечүү үчүн аталган хеджирлөө объектисинин мүнөздөмөлөрү сыяктуу аспект туура болуп саналат, ал кантип жана качан пайдага же зыянга таасир тийгизерин кошкондо. Натыйжада ишкана хеджирлөө объектисинин мүнөзүнө жараша ушул объекттин түрүн баалоого тийиш (6.5.16 жана 6.5.15(а)-пункттарын караңыз) (хеджирлөө мамилелери акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө же адилет наркты хеджирлөө болуп саналар/саналбасына карабастан):

(a) Форварддык келишимдин форвард элементи белгилүү бир операцияга байланышкан хеджирлөө объектисине кирет, эгер өзүнүн мүнөзү боюнча хеджирлөө объектиси форвард элементинин убакыт ичиндеги наркы операцияга байланышкан чыгымдардын бөлүгү катарында мүнөздөлгөн ушул бүтүмдү билдирсе. Мисал болуп форвард элементи операциялык чыгымдар баштапкы баалоого киригизилген беренени таанууга алып келген хеджирлөө объектисине кирген кырдаал саналат (мисалы, ишкана запастарды сатып алуу боюнча, болжолдонгон операция же бекемделген келишимдик милдеттенме болобу, валюталык тобокелдикке карата чет өлкөлүк валютада көрсөтүлгөн операцияны хеджирлейт жана аталган операцияны жүргүзүү боюнча чыгымдарды тийиштүү запастарды баштапкы баалоого киргизет). Форвард элементин конкреттүү хеджирлөө объектисин баштапкы баалоого киргизүүнүн натыйжасында, ушул форвард элементи аталган хеджирлөө объектиси менен бир мезгилде пайдага же зыянга таасир тийгизет. Ушундай эле жол менен валюталык тобокелдикке карата чет өлкөлүк валютада көрсөтүлгөн товарды сатуу боюнча бүтүмдү хеджирлеген ишкана, болжолдонгон операция же бекемделген келишимдик милдеттенме болобу, ушул форвард элементин ушундай сатууга байланышкан чыгымдардын курамына киргизмек (натыйжада форвард элементи хеджирленген сатуу бүтүмүнөн түшкөн каражат менен бир мезгилде пайданын же зыяндын курамында таанылмак).

(b) Форварддык келишимдин форвард элементи белгилүү бир убакыт аралыгы менен байланышкан хеджирлөө объектисине кирет, эгер өзүнүн мүнөзү боюнча хеджирлөө объектиси форвард элементи белгилүү бир убакыт мезгилинде тобокелдиктен коргонууну сатып алууга байланышкан чыгымдардын беренеси катарында мүнөздөлгөндөй болсо (бирок ошол эле убакта хеджирлөө объектиси (а) пунктуна ылайык операциялык чыгымдарга алып келген операцияны жүргүзүүгө алып келбейт). Мисалы, эгер товардын запастары тийиштүү мөөнөткө түзүлгөн товарларды берүү боюнча форвард келишимин колдонуу менен алты ай мөөнөтүнө адилет нарктын өзгөрүү тобокелдигине карата хеджирленсе, анда ушул форварддык келишимдин форвард элементи аталган алты айлык мөөнөттүн ичинде пайдага же зыянга кирет (б.а. системалык жана рационалдык негизде амортизацияланат). Башка мисал болуп валюталык форварддык келишимди колдонуу менен 18 айлык мөөнөткө хеджирленген, чет өлкөлүк бөлүмгө салынган таза инвестицияны хеджирлөө саналат, бул ушул форварддык келишимдин форвард элементин аталган 18 айлык мезгилге бөлүштүрүү зарылдыгына алып келет.

B6.5.35 Хеджирлөө объектисинин мүнөздөмөлөрүнөн, ушул хеджирлөө объектиси кантип жана качан пайдага же зыянга таасир тийгизерин кошкондо, белгилүү бир убакыт аралыгы менен байланышкан хеджирлөө объектисин хеджирлеген форварддык келишимдин форвард элементи амортизацияланган мезгил дагы көз каранды, б.а. ушул форвард элементи кирген мезгил аралыгында. Мисалы, эгер форварддык келишим алты айдан кийин башталган үч айлык пайыздык ставкалардын өзгөрүү тобокелдигин үч ай мөөнөтүнө хеджирлесе, анда тийиштүү форвард элементи жети айдан тартып тогуз айды камтыган мезгилдин ичинде амортизацияланат.

B6.5.36 6.5.16-пунктунда каралган форварддык келишимдин форвард элементин эсепке алуу тартиби, эгер ишкананын каалоосу боюнча форварддык келишим хеджирлөө инструменти катарында аныкталган күнгө карата тийиштүү форвард келишими нөлгө барабар болгон учурда дагы колдонулат. Бул учурда ишкана, эгер форвард элементине байланышкан адилет нарктын өзгөрүүлөрүнүн жалпы көлөмү ушул хеджирлөө мамилелери колдонулган бардык мезгилде нөлгө барабар болсо дагы, форвард элементине кирген адилет нарктын өзгөрүүлөрүн башка

жалпы кирешенин курамында таанууга тийиш. Натыйжада, эгер форварддык келишимдин форвард элементи:

(a) белгилүү бир операция менен байланышкан хеджирлөө объектисине кирсе, анда хеджирлөө объектисинин наркы түзөтүлгөн же пайданын же зыяндын курамында кайра классификацияланган ушул хеджирлөө мамилелери аяктаган учурда форвард элементинин көлөмү (6.5.15(b) жана 6.5.16-пункттарын караңыз) нөлгө барабар болот;

(b) белгилүү бир убакыт аралыгы менен байланышкан хеджирлөө объектисине кирсе, анда форвард элементи боюнча амортизациянын суммасы нөлгө барабар.

B6.5.37 6.5.16-пунктуна ылайык форварддык келишимдин форвард элементин эсепке алуу тартиби ушул форвард элементи хеджирлөө объектисине кирген деңгээлде гана колдонулат (дал келген форвард элементи). Форварддык келишимдин форвард элементи хеджирлөө объектисине кирет деп эсептөө керек, эгер форварддык келишимдин негизги параметрлери (номиналдуу нарк, колдонуу мөөнөтү жана базалык өзгөрүлмө сыяктуу) хеджирлөө объектиси боюнча ушундай негизги параметрлерге дал келсе. Натыйжада, эгер форвард келишиминин жана хеджирлөө объектисинин негизги параметрлери толук көлөмдө дал келбесе, анда ишкана дал келген форвард келишимин аныктоого тийиш, б.а. форварддык келишимге киргизилген форвард элементинин кайсы бөлүгү (учурдагы форвард элементи) каралып жаткан хеджирлөө объектисине кирерин аныкташы керек (жана, натыйжада 6.5.16-пунктунда каралган тартипте эске алынууга тийиш). Ишкана хеджирлөө объектиси боюнча негизги параметрлерге идеалдуу дал келген негизги параметрлерге ээ форвард келишимин баалоонун жардамы менен дал келген форвард элементин аныктайт.

B6.5.38 Эгер учурдагы форвард элементи жана дал келген форвард элементи айырмаланса, анда ишкана 6.5.16-пунктуна ылайык өздүк капиталдын өзүнчө компонентинин курамында топтолгон сумманы төмөнкүчө эсептөөгө тийиш:

(a) Эгер хеджирлөө мамилелери башталган күнгө карата учурдагы форвард элементинин абсолюттук көлөмү дал келген форвард элементи боюнча абсолюттук көлөмдөн жогору болсо, ишкана төмөнкүлөргө тийиш:

 (i) дал келген форвард элементине жараша өздүк капиталдын өзүнчө компонентинин курамында топтолгон сумманы эсептөөгө; жана

 (ii) ушул эки форвард элементтеринин адилет наркынын өзгөрүүлөрүнүн ортосунда пайда болгон айырмаларды пайданын же зыяндын курамында чагылдырууга.

(b) Эгер хеджирлөө мамилелери башталган күнгө карата учурдагы форвард элементинин абсолюттук көлөмү дал келген форвард элементи боюнча абсолюттук көлөмдөн төмөн болсо, ишкана төмөнкүлөргө карата адилет нарктын өзгөрүүлөрүнүн эң аз жалпы көлөмүнө жараша өздүк капиталдын өзүнчө компонентинин курамында топтолгон сумманы эсептөөгө тийиш:

 (i) учурдагы форвард элементинин абсолюттук көлөмүнө; жана

 (ii) дал келген форвард элементинин абсолюттук көлөмүнө.

Учурдагы форвард элементинин адилет наркынын өзгөрүүлөрүнүн көлөмүнүн калган бөлүгү пайданын же зыяндын курамында таанылышы керек.

B6.5.39 .Ишкана валюталык базалык спрэдди финансылык инструменттен бөлгөн учурда жана өзүнүн каалоосу боюнча ушундай финансылык инструментти хеджирлөө инструменти катарында аныктоодо аны алып салган учурларда (6.2.4(b)- пунктун караңыз), B6.5.34–B6.5.38-пункттарында баяндалган пайдалануу боюнча колдонмонун жоболору алар форварддык келишимдин форвард элементине колдонулгандай эле ушул валюталык базалык спрэдге колдонулат.

© ФОЭС Фонду

## Объекттердин тобун хеджирлөө (6.6-бөлүмү)

### Нетто-позицияны хеджирлөө

*Хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу критерийлери жана ишкананын каалоосу боюнча нетто-позицияны хеджирлөө объектиси катарында аныктоо*

B6.6.1 Эгер ишкана тобокелдиктерди башкаруу максатында нетто-негизде хеджирлөөнү жүргүзгөн учурда гана, нетто-позиция хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу критерийлерине шайкеш келиши мүмкүн. Ишкана хеджирлөөгө карата ушундай ыкманы колдонор/колдонбосу тууралуу маселе фактылык маселе болуп саналат (жөн эле ырастоо же документация эмес). Натыйжада ишкана белгилүү бир эсептик жыйынтыкка жетишүү үчүн гана нетто-негизде хеджирлөөнү эсепке алууну колдонууга укуктуу эмес, эгер бул анын тобокелдиктерди башкаруу ыкмасын чагылдырбаса. Нетто-позицияны хеджирлөө белгиленген тобокелдиктерди башкаруу стратегиясынын бөлүгү болууга тийиш. Эрежедегидей, мындай стратегия негизги башкаруучу персоналы тарабынан бекитилет, бул термин ФОЭС (IAS) 24тө аныкталган.

B6.6.2 Мисалы, А ишканасы, колдонуудагы валюта болуп анын улуттук валютасы саналат, жарнама чыгашалары боюнча тогуз айдан кийин чет өлкөлүк валютада 150 000 а.б. төлөөгө бекемделген келишимдик милдеттенмеге жана 15 айдан кийин чет өлкөлүк валютада 150 000 а.б. суммасына даяр продукцияны сатууга бекемделген келишимдик милдеттенмеге ээ. А ишканасы валюталык туунду инструментти билдирген келишимди түзөт, анын шарттары боюнча тогуз айдан кийин эсептешүүлөр жүргүзүлөт жана А ишканасы чет өлкөлүк валютада 100 а.б. алат жана улуттук валютада 70 а.б. төлөйт. А ишканасы кандайдыр бир башка позициялар боюнча валюталык тобокелдикке дуушар болгон эмес. А ишканасы нетто-негизде валюталык тобокелдикти башкарат. Натыйжада А ишканасы тогуз ай мөөнөтүнө чет өлкөлүк валютада 100 а.б. өлчөмүндөгү валюталык туунду инструмент менен нетто-позициянын ортосундагы хеджирлөө мамилелерине хеджирлөөнү эсепке алууну колдоно албайт (сатып алуу боюнча – б.а. жарнама кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуу боюнча бекемделген келишимдик милдеттенменин көлөмүнөн чет өлкөлүк валютадагы 150 000 а.б. жана сатуу боюнча бекемделген келишимдик милдеттенменин көлөмүнүн чет өлкөлүк валютадагы 149 900 а.б. (чет өлкөлүк валютадагы 150 000 а.б. ичинен) түзгөн).

B6.6.3 Эгер А ишканасы нетто-негизде валюталык тобокелдикти башкарууну жүргүзсө жана валюталык туунду инструментти билдирген келишимди бекитпесе (анткени бул анын валюталык тобокелдикке дуушар болуусун азайтпайт, кайра көбөйтөт), анда ишкана тогуз айдын аралыгында табигый хеджирленген позицияга ээ болмок. Эрежедегидей, мындай хеджирленген позиция финансылык отчеттуулукта көрсөтүлмөк эмес, анткени аталган операциялар келечекте түрдүү отчеттук мезгилдерде таанылат. Нөлдүк нетто-позиция, 6.6.6-пунктундагы талаптар аткарылган учурда гана, хеджирлөөнү эсепке алууну колдонуу критерийлерине шайкеш келмек.

B6.6.4 Нетто-позицияны түзгөн объекттердин тобу ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объектиси катарында аныкталганда, ишкана ушул максатта ушул нетто-позицияны түзүшү мүмкүн объекттерди өзүнө камтыган бүтүндөй объекттер тобун аныкташы керек. Ишканага өзүнүн каалоосу боюнча нетто-позициянын конкреттештирилбеген абстрактуу көлөмүн хеджирлөө объектиси катарында аныктоого уруксат берилбейт. Мисалы, ишкананын чет өлкөлүк валютадагы 100 а.б. жалпы суммасына тогуз айдан кийин сатуу боюнча бир нече бекемделген келишимдик милдеттенмелери жана чет өлкөлүк валютадагы 120 а.б. жалпы суммасына 18 айдан кийин сатып алуу боюнча бир нече бекемделген келишимдик милдеттенмелери бар. Ишкана өзүнүн каалоосу боюнча чет өлкөлүк валютадагы 20 а.б. чегинде нетто-позициянын абстрактуу көлөмүн хеджирлөө объектиси катарында аныктай албайт. Анын ордун ал өзүнүн каалоосу боюнча бирге хеджирленген нетто-позицияны түзгөн сатып алуулардын дүң суммасын жана сатуунун дүң суммасын аныктоого тийиш. Ишкана өзүнүн каалоосу боюнча нетто-позиция түзүлө турган дүң позицияны аныкташы керек, ушундай жол менен ишкана квалификацияланган хеджирлөө мамилелерин эсепке алуу шарттарын аткара алат.

*Хеджирлөө натыйжалуулугуна тийиштүү талаптарды нетто-позицияны хеджирлөөгө колдонуу*

B6.6.5 Ишкана нетто-позицияны хеджирлегенде жана ушул учурда хеджирлөө натыйжалуулугуна карата 6.4.1(c)-пунктунун талаптары аткарылган/аткарылбаганы тууралуу маселени чечүүдө, ал хеджирлөө инструментинин адилет наркынын өзгөрүүлөрү менен айкалышта хеджирлөө инструментинин таасирине окшош таасирге ээ нетто-позициянын курамындагы объекттердин наркынын өзгөрүүлөрүн талдоого тийиш. Мисалы, ишкананын чет өлкөлүк валютадагы 100 а.б. жалпы суммасына тогуз айдан кийин сатуу боюнча бир нече бекемделген келишимдик милдеттенмелери жана чет өлкөлүк валютадагы 120 а.б. жалпы суммасына 18 айдан кийин сатып алуу боюнча бир нече бекемделген келишимдик милдеттенмелери бар. Ишкана чет өлкөлүк валютадагы 20 а.б. валюталык фоварддык келишимдин жардамы менен чет өлкөлүк валютада 20 а.б. өлчөмүндөгү нетто-позиция боюнча валюталык тобокелдикти хеджирлейт. Хеджирлөө натыйжалуулугуна карата 6.4.1(c)-пунктунун талаптары аткарылган/аткарылбаганы тууралуу маселени чечүүдө ишкана төмөнкүлөрдүн ортосундагы өз ара байланышты кароого тийиш:

(a) валюталык форварддык келишимдин адилет наркынын өзгөрүшүн валюталык тобокелдик менен шартталган сатуу боюнча бекемделген келишимдик милдеттенмелердин наркынын өзгөрүүлөрү менен бирге; жана

(b) валюталык тобокелдик менен шартталган сатууларды жүргүзүү боюнча бекемделген келишимдик милдеттенмелердин наркынын өзгөрүүлөрүн.

B6.6.6 Ушундай эле, эгер B6.6.5-пунктунда келтирилген мисалда ишкана нөл нетто-позицияга ээ болсо, анда хеджирлөө натыйжалуулугуна карата 6.4.1(c)-пунктунун талаптары аткарылган/аткарылбаганы тууралуу маселени чечүүдө ишкана валюталык тобокелдиктен келип чыккан сатууларды жүргүзүү боюнча бекемделген келишимдик милдеттенмелердин наркынын өзгөрүүлөрү менен валюталык тобокелдик менен шартталган сатып алууларды жүргүзүү боюнча бекемделген келишимдик милдеттенмелердин наркынын өзгөрүүлөрүнүн ортосундагы өз ара байланышты эсепке алмак.

*Акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөдө нетто-позицияны хеджирлөө*

B6.6.7 Ишкана тобокелдиктер бөлүгүндө компенсациялоочу позицияларга ээ объекттердин тобун хелджирлегенде (б.а. нетто-позицияны), хеджирлөө эсебин колдонуу мүмкүндүгү хеджирлөө мамилелеринин тибине көз каранды. Эгер хеджирлөө адилет наркты хеджирлөөнү билдирсе, анда мындай нетто-позиция ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объектиси катарында аныкталышы мүмкүн. Бирок, эгер хеджирлөө акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөнү билдирсе, анда аталган нетто-позиция, эгер валюталык тобокелдик хеджирленген жана ишкананын каалоосу боюнча мындай нетто-позицияны хеджирлөө объектиси катарында аныктоодо болжолдонгон операциялар, күтүлгөндөй, пайдага же зыянга, ошондой эле алардын мүнөзүнө жана көлөмүнө таасир тийгизген отчеттук мезгил көрсөтүлгөн учурда гана, хеджирлөө объектиси катарында аныкталышы мүмкүн.

B6.6.8 Мисалы, ишкана сатуудан түшкөн акыркы чет өлкөлүк валютадагы 100 а.б. жана чет өлкөлүк валютада сатып алуу боюнча чыгымдар акыркы 150 а.б. түзгөн нетто-позицияга ээ. Сатуулар дагы, сатып алуулар дагы бир эле чет өлкөлүк валютада көрсөтүлгөн. Хеджирленген нетто-позицияны жетиштүү конкреттүү аныктоо үчүн ишкана хеджирлөө боюнча баштапкы документтерде А продукциясын же В продукциясын сатуу жана А классындагы, В классындагы жабдууларды жана А сырьесун сатып алуу каралышы мүмкүндүгүн көрсөтөт. Ошондой эле ишкана алардын ар бир түрү боюнча операциялардын көлөмүн көрсөтөт. Ишкана сатуудан түшкөн каражаттардын төмөнкү катмары (чет өлкөлүк валютадагы 100 а.б.) чет өлкөлүк валютадагы биринчи 70 а.б. көлөмүндө А продукциясын жана чет өлкөлүк валютадагы биринчи 30 а.б. көлөмүндө В продукциясын болжолдонгон сатууну түзөөрүн документтерде көрсөтөт. Эгер ишкана көрсөтүлгөн сатуу көлөмдөрү түрдүү отчеттук мезгилдерде пайданын же зыяндын көлөмүнө таасир тийгизет деп күтсө, анда ал муну өзүнүн документтеринде көрсөтөт, мисалы, биринчи отчеттук мезгилде пайданын же зыяндын көлөмүнө таасир тийгизет деп күтүлгөн А продукциясын сатуудан алынган чет өлкөлүк валютадагы биринчи 70 а.б. жана экинчи отчеттук мезгилде пайданын же зыяндын көлөмүнө таасир тийгизет деп күтүлгөн В продукциясын сатуудан алынган чет өлкөлүк валютадагы биринчи 30 а.б. Ошондой эле ишкана сатып алуу боюнча чыгымдардын төмөнкү катмары (чет өлкөлүк валютадагы 150 а.б.) чет өлкөлүк

валютадагы биринчи 60 а.б. көлөмүндө А классындагы жабдууну, чет өлкөлүк валютадагы биринчи 40 а.б. көлөмүндө В классындагы жабдууну жана чет өлкөлүк валютадагы биринчи 50 а.б. көлөмүндө А чийки затын сатып алууну түзөөрүн документтерде көрсөтөт. Эгер аталган көлөмдөгү сатып алуулар түрдүү отчеттук мезгилдерде пайданын же зыяндын көлөмүнө таасир тийгизет деп күтүлсө, ишкана пайдага же зыянга таасир тийгизет деп болжолдонгон сатып алуулардын көлөмү тууралуу маалыматты өзүнүн документтерине отчеттук мезгилдер боюнча бөлүп киргизет (ал документтерде сатуу көлөмү тууралуу маалыматты кантип чагылдырганына окшош). Мисалы, болжолдонгон операция төмөнкүдөй сыпатталышы мүмкүн:

(a) кийинки он отчеттук мезгилдин ичинде үчүнчү отчеттук мезгилден тартып пайданын же зыяндын көлөмүнө таасир тийгизет деп күтүлгөн А классындагы жабдууну сатып алууга чет өлкөлүк валютадагы биринчи 60 а.б. чыгымдары;

(b) кийинки 20 отчеттук мезгилдин ичинде төртүнчү отчеттук мезгилден тартып пайданын же зыяндын көлөмүнө таасир тийгизет деп күтүлгөн В классындагы жабдууну сатып алууга чет өлкөлүк валютадагы биринчи 40 а.б. чыгымдары; жана

(c) үчүнчү отчеттук мезгилде алынат жана сатылат, б.а. ушул же кийинки отчеттук мезгилдерде пайданын же зыяндын көлөмүнө таасир тийгизет деп күтүлгөн А чийки затын сатып алууга чет өлкөлүк валютадагы биринчи 50 а.б. чыгымдары.

.Болжолдонгон операциянын көлөмдөрүнүн мүнөзүн сыпаттоого негизги каражаттардын бир типтүү объекттерин амортизациялоо схемасы сыяктуу аспекттер киргизилет, эгер ушундай объекттердин мүнөзү амортизацияланган схема ишкана ушул объекттерди кантип колдоноруна жараша өзгөргөндөй болсо. Мисалы, эгер ишкана эки түрдүү өндүрүштүк процесстерде А классындагы жабдуулардын объекттерин колдонсо, алардын өзгөчөлүгү болуп амортизациянын эки түрдүү ыкмасын: жабдуу ондон ашык отчеттук мезгилдердин ичинде амортизацияланган линиялык методду жана продукциянын көлөмүнө пропорционалдуу жабдуунун наркын эсептен чыгаруу методун колдонуу саналат, анда А классындагы жабдууну сатып алуунун болжолдонгон көлөмү боюнча өзүнүн документтеринде ишкана ушул көлөмдү колдонула турган амортизация схемалары боюнча бөлүү менен көрсөтөт.

B6.6.9 6.5.11-пунктуна ылайык аныкталган нетто-позицияга карата акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөдө суммалар хеджирлөө инструментинин адилет наркынын өзгөрүүлөрү менен айкалышта хеджирлөө инструментинин таасирине окшош таасирге ээ ушул нетто-позициянын курамында объекттердин наркынын өзгөрүүлөрүн өзүнө камтышы керек. Бирок хеджирлөө инструментинин таасирине окшош таасирге ээ ушул нетто-позициянын курамында объекттердин наркынын өзгөрүүлөрү алар кирген операциялар таанылган учурда гана, мисалы, болжолдонгон сатуу жүргүзүлгөн жана тийиштүү түшкөн киреше таанылган учурда таанылат. Мисалы, ишкана чет өлкөлүк валютада 100 а.б. суммасына тогуз айдан кийин жүргүзүлө турган бир нече сатууларды жана чет өлкөлүк валютада 120 а.б. суммасына 18 айдан кийин жүргүзүлө турган бир нече сатып алууларды толук ыктымалдык менен болжолдойт. Ишкана чет өлкөлүк валютадагы 20 а.б. валюталык форварддык келишимдин жардамы менен чет өлкөлүк валютада 20 а.б. өлчөмүндөгү нетто-позиция боюнча валюталык тобокелдикти хеджирлейт. 6.5.11(a)–6.5.11(b)-пункттарына ылайык акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинде таанылa турган суммаларды аныктоодо, ишкана төмөнкүлөрдү салыштырат:

(a) форварддык валюталык келишимдин адилет наркынын өзгөрүшүн валюталык тобокелдик менен шартталган толук ыктымалдуу болжолдонгон сатуулардын наркынын өзгөрүүлөрү менен; жана

(b) валюталык тобокелдик менен шартталган толук ыктымалдуу болжолдонгон сатып алуулардын наркынын өзгөрүүлөрүн.

Бирок, ишкана ушул форварддык валюталык келишимге кирген сумманы толук ыктымалдуу болжолдонгон сатуулар финансылык отчеттуулукта таанылганга чейин гана таанийт; ушул учурда аталган болжолдонгон операциялар боюнча пайдалар же зыяндар таанылат (б.а. ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө мамилелери аныкталган учур менен түшкөн киреше

таанылган учурдун ортосундагы мезгилде валюталык курстун өзгөрүшү менен шартталган нарктын өзгөрүшү).

B6.6.10 Ушундай эле, эгер жогорудагы мисалда ишкананын нөл нетто-позициясы болсо, ал валюталык тобокелдик менен шартталган толук ыктымалдуу болжолдонгон сатуулардын наркынын өзгөрүүлөрүн валюталык тобокелдик менен шартталган толук ыктымалдуу болжолдонгон сатып алуулардын наркынын өзгөрүүлөрү менен салыштырмак. Бирок, мындай суммалар тийиштүү болжолдонгон операциялар финансылык отчеттуулукта таанылган учурда гана таанылууга тийиш.

**Ишкананын каалоосу боюнча хеджирлөө объектиси катарында аныкталган объекттердин тобунун катмарлары**

B6.6.11 B6.3.19-пунктунда көрсөтүлгөн себептер менен ишкананын каалоосу боюнча тийиштүү объекттердин тобунун компонент-катмарларын аныктоо курамында хеджирленген компонент-катмар аныкталган объекттердин тобунун номиналдуу наркын так идентификациялоону талап кылат.

B6.6.12 Конкреттүү хеджирлөө мамилелерине бир нече түрдүү объекттердин тобунан катмарлар киргизилиши мүмкүн. Мисалы, активдердин тобу жана милдеттенмелердин тобу боюнча нетто-позицияны хеджирлөөдө хеджирлөө мамилелерине активдердин тобунун компонент-катмары жана милдеттенмелердин тобунун компонент-катмары бириктирилиши мүмкүн.

**Хеджирлөө инструменти боюнча пайдаларды же зыяндарды көрсөтүү**

B6.6.13 Эгер объекттер акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө алкагында бирдиктүү топ катарында бирге хеджирленсе, алар пайда же зыян жана башка жалпы киреше тууралуу отчетто түрдүү беренелерге таасир тийгиши мүмкүн. Аталган отчетто хеджирлөөдөн алынган пайдаларды же зыяндарды көрсөтүү бул кайсы объекттердин тобу экендигине көз каранды.

B6.6.14 Эгер объекттер тобунда тобокелдик боюнча өз ара компенсациялаган позициялар болбосо (мисалы, валюталык тобокелдикке карата хеджирленген пайда же зыян жана башка жалпы киреше тууралуу отчетто түрдүү беренелерге таасир тийгизген валюталык чыгашалардын тобу), анда хеджирлөө инструменти боюнча кайра классифицикацияланган пайдалар же зыяндар тийиштүү хеджирлөө объектиси таасир тийгизген беренелердин ортосунда бөлүштүрүлүшү керек. Мындай бөлүштүрүү системалык жана рационалдуу негизде жүргүзүлүүгө тийиш жана бир хеджирлөө инструменти боюнча пайдалардын же зыяндардын нетто-көлөмүн дүң көрсөтүүгө алып келбеши керек.

B6.6.15 Эгер объекттер тобунда тобокелдик боюнча өз ара компенсациялаган позициялар болсо (мисалы, валюталык тобокелдикке карата бирге хеджирленген, чет өлкөлүк валютада көрсөтүлгөн сатуулардын жана чыгашалардын тобу), анда ишканапайда же зыян жана башка жалпы киреше тууралуу отчетто хеджирлөөдөн алынган пайдаларды же зыяндарды өзүнчө берене менен көрсөтүүгө тийиш. Мисалы, чет өлкөлүк валютадагы 20 а.б. валюталык форварддык келишимдин жардамы менен чет өлкөлүк валютада 100 а.б. суммасына сатуудан жана чет өлкөлүк валютада 80 а.б. өлчөмүндөгү чыгашалардан түзүлгөн нетто-позиция боюнча валюталык тобокелдикти хеджирлөө учурун карайлы. Мезгил ичиндеги (ушул нетто-позиция мезгил ичиндеги пайдага же зыянга таасир тийгизгенде) пайданын же зыяндын курамына акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинен кайра классификацияланган валюталык форварддык келишим боюнча пайданын же зыяндын көлөмү хеджирленген сатуулар жана чыгашалар таасир тийгизген беренелер боюнча эмес, өзүнчө берене менен көрсөтүлүшү керек. Андан тышкары, эгер тийиштүү сатуулар чыгашаларга караганда мурунураак мезгилде жүргүзүлсө, сатуудан түшкөн киреше баары бир ФОЭС (IAS) 21ге ылайык «спот» алмаштыруу курсу боюнча бааланат. Хеджирлөөдөн алынган пайданын же зыяндын тийиштүү көлөмү акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервин тийиштүү ондоп-түзөө менен нетто-позицияны хеджирлөө таасири мезгилдеги пайдада же зыянда чагылдырылгандай, өзүнчө беренеде көрсөтүлөт. Кийин хеджирленген чыгашалар тийиштүү кийинки мезгилдеги пайдага же зыянга таасир тийгизгенде, сатуулардын натыйжасында мурда акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө резервинин

© ФОЭС Фонду

курамында таанылган хеджирлөөдөн алынган пайданын же зыяндын көлөмү мезгил ичиндеги пайданын же зыяндын курамында кайра классификацияланат жана ФОЭС (IAS) 21ге ылайык «спот» алмаштыруу курсу боюнча баалануучу хеджирленген чыгашаларды өзүнө камтыган өзүнчө берене менен көрсөтүлөт.

B6.6.16 Адилет наркты хеджирлөөнүн айрым түрлөрүндө хеджирлөө максаты негизинен хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүүлөрүн компенсациялоодо эмес, хеджирлөө объектиси боюнча акча каражаттарынын агымдарын кайра түзүүдө турат. Мисалы, ишкана пайыздык свопту колдонуу менен пайыздык ставканын өзгөрүшү менен шартталган адилет нарктын өзгөрүү тобокелдигине карата бекитилген ставкадагы карыздык инструменттин адилет наркын хеджирлейт. Ишкана жүргүзгөн хеджирлөөнүн максаты болуп бекитилген пайыздык ставка боюнча акча каражаттарынын агымдарын өзгөрүлмө пайыздык ставка боюнча акча каражаттарынын агымдарына кайра түзүү саналат. Ушул хеджирлөө мамилелерин эсепке алуунун алкагында ушул максат мезгил ичиндеги пайданын же зыяндын курамында пайыздык своп боюнча пайыздардын таза суммасын чегерүү аркылуу чагылдырылат. Нетто-позицияны (мисалы, бекитилген ставкадагы актив жана бекитилген ставкадагы милдеттенме боюнча нетто-позицияны) хеджирлеген учурда, аталган пайыздардын чегерилген таза суммасы пайда же зыян жана башка жалпы киреше тууралуу отчетто өзүнчө берене менен көрсөтүлүүгө тийиш. Бул бир инструмент боюнча пайдалардын же зыяндардын нетто-көлөмүн аларды отчеттун түрдүү беренелеринде таануу менен бири-бирине дүң суммаларды компенсациялоо түрүндө кеңейтип көрсөтүүдөн алыс болуу үчүн жасалат (мисалы, мындай ыкма бир пайыздык своп боюнча пайыздык түшүүлөрдүн нетто-көлөмүн түшкөн пайыздык кирешенин жана пайыздык чыгашалардын дүң суммалары түрүндө кеңейтип көрсөтүү зарылдыгынан алыс болууга мүмкүндүк берет).

## Күчүнө кирүү күнү жана өткөөл жоболор (7-глава)

### Өткөөл жоболор (7.2-бөлүм)

### Соодага арналган финансылык активдер

B7.2.1 Ушул стандартты алгачкы колдонуу күнүнө карата ишкана өзүнүн финансылык активдерди башкаруу бизнес-модели 4.1.2(а)-пунктунда каралган шартка же болбосо 4.1.2А(а)-пунктунда каралган шартка шайкеш келеби же 5.7.5-пунктуна ылайык ал финансылык активге карата чечим чыгарууга укуктуубу, аныктоого тийиш. Ушул максатта ишкана финансылык активдер соодага арналган деген аныктамага жооп береби, эгер алгачкы колдонуу күнүнө карата ушул активдерди сатып алса, ушул маселени кантип чечээр эле, аныкташы керек.

### Нарктын түшүшү

B7.2.2 Өтүүдө ишкана ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болгон бардык негизделген жана ырасталган маалыматты эске алуу менен, финансылык активди алгачкы тааныган учурда болгон финансылык актив боюнча кредиттик тобокелдикти болжолдуу баалоо үчүн аракет жумшоого тийиш. Өтүү күнүнө карата - финансылык активди алгачкы тааныган учурдан тартып кредиттик тобокелдик олуттуу жогорулаганы/жогорулабагандыгы тууралуу маселени – чечүүдө, ишкана мүмкүн болгон бардык маалыматты толук издөөгө милдеттүү эмес. Эгер ишкананын алгачкы тааныган учурдан тартып кредиттик тобокелдик олуттуу жогорулаганын/жогорулабагандыгын ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз аныктоо мүмкүндүгү жок болсо, анда 7.2.20-пункту колдонулат.

B7.2.3 Ушул стандартты алгачкы колдонуу күнүнө чейин баштапкы таануу күнү келип калган (же болбосо – зайым берүү боюнча келишимдик милдеттенмелерге же финансылык кепилдик келишимдерине карата – ишкана тийиштүү келишимдин бир тарабы болгон күн) финансылык инструменттер боюнча зыянга каралган баалоо резервин аныктоо үчүн ишкана - өтүү күнүнө карата жана андан кийин аталган инструменттерди таануу токтотулган учурга чейин – ушул инструменттерди баштапкы таануу күнүнө карата кредиттик тобокелдикти аныктоо же болжолдуу баалоо үчүн мааниге ээ маалыматты талдоого тийиш. Алгачкы кредиттик тобокелдикти аныктоо же болжолдуу баалоо үчүн ишкана, B5.5.1– B5.5.6-пункттарына ылайык

инструменттердин портфели боюнча маалыматты кошкондо, ички жана тышкы маалыматты талдай алат.

B7.2.4 Мурунку мезгилдер үчүн жетиштүү маалыматы жок ишкана ички отчеттордон маалыматты жана статистикалык маалыматтарды (жаңы продуктуну чыгарууга болор/болбосу тууралуу маселени чечүүдө даярдалышы мүмкүн маалыматтарды), ушундай продуктулар тууралуу маалыматты же, эгер туура болсо, салыштырылуучу финансылык инструменттер боюнча ушундай деңгээлдеги башка ишканалардын тажрыйбасын колдоно алат.

## Аныктамалар (А тиркемеси)

### Туунду инструменттер

BA.1 Туунду инструменттердин типтүү мисалдары болуп фьючерстик жана форварддык келишимдер, «своп» келишимдери жана опциондук келишимдер саналат. Туунду инструмент адатта валютанын суммасын, акциялардын санын, салмак же көлөм бирдиктеринин санын же болбосо келишимде көрсөтүлгөн башка бирдиктерди билдирген номиналдуу суммага ээ. Бирок туунду инструмент анын кармоочусунан же аны чыгарган тараптан келишим бекитилген учурда инвестициялоону же номиналдуу сумманы алууну талап кылбайт. Альтернатива катарында туунду инструмент же бекитилген сумманы, же номиналдуу суммага байланышкан айрым келечектеги окуялардын натыйжасында өзгөрүлүшү мүмкүн сумманы (бирок базалык өзгөрүлмөнүн өзгөрүшүнө пропорционалдуу эмес) төлөөнү талап кылышы мүмкүн. Мисалы, келишим алты айлык LIBOR ставкасы 100 базистик пунктка көбөйгөн учурда, 1 000 а.б. өлчөмүндө бекитилген төлөмдү талап кылышы мүмкүн. Мындай келишим, номиналдуу сумма аныкталбаса дагы, туунду инструмент болуп саналат.

BA.2 Ушул стандарттагы туунду инструменттин аныктамасы базалык беренени берүү аркылуу дүң негиздеги эсептөөлөр менен келишимдерди өзүнө камтыйт (мисалы, бекитилген пайыздык ставкадагы карыздык инструментти сатып алууга форвард келишими). Ишканада финансылык эмес объектти сатып алууга же сатууга келишим болушу мүмкүн, ал акча каражаттары же башка финансылык инструменттер менен же болбосо финансылык инструменттерди алмаштыруу аркылуу нетто-негизинде жөнгө салынышы мүмкүн (мисалы, келечектеги күнгө карата бекитилген баада товарды сатып алууга же сатууга келишим). Мындай келишим ушул стандарттын колдонуу чөйрөсүнө кирет, ал ишкананын күтүлгүчү сатып алуу, сатуу же колдонуу керектөөлөрүнө ылайык финансылык эмес объектти берүү максатында бекитилген жана кармап туруу улантылган учурлардан тышкары. Бирок, ушул стандарт, эгер ишкана 2.5-пунктуна ылайык өзүнүн каалоосу боюнча классификацияны колдонсо, ишкананын күтүлгүчү сатып алуу, сатуу же колдонуу керектөөлөрүнө карата ушундай келишимдерге колдонулат (2.4–2.7-пункттарын караңыз).

BA.3 Туунду инструменттин аныктоочу мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп ал караган алгачкы таза инвестиция рынок факторлорунун өзгөрүүлөрүнө болжолдуу окшош көңүл бурушу мүмкүн башка келишимдердин түрлөрү үчүн талап кылынышы мүмкүн инвестициядан төмөн болушу саналат. Опциондук келишим ушул аныктаманы канааттандырат, анткени сыйакынын өлчөмү опцион байланган базалык финансылык инструментти алуу үчүн талап кылынышы мүмкүн инвестицияга караганда төмөн. Бирдей адилет наркка ээ түрдүү валюталарды алгачкы алмаштырууну талап кылган валюталык своп аныктаманы канааттандырат, анткени анын алгачкы таза инвестициясы нөлгө барабар.

BA.4 Стандарттык шарттарда сатып алуу же сатуу операция жүргүзүлгөн күн менен туунду инструменттин аныктамасын канааттандырган эсептешүү күнүнүн ортосундагы бекитилген баага ээ келечектеги операциялар боюнча келишимдик милдеттенмени шарттайт. Бирок өзүнүн кыска колдонуу мөөнөтүнөн улам келечектеги операциялар боюнча келишимдик милдеттенме туунду финансылык инструмент катарында таанылбайт. Мунун ордуна ушул стандарт ушундай стандарттык келишимдерди эсепке алуунун өзгөчө тартибин карайт (3.1.2 жана B3.1.3– B3.1.6-пункттарын караңыз).

BA.5 Туунду инструменттин аныктамасы келишимдин тарабы үчүн мүнөздүү болбогон финансылык эмес өзгөрүлмөлөргө карата көрсөтмөлөрдү камтыйт. Аларга конкреттүү региондогу жер титирөөдөн келип чыккан зыяндар индекси же конкреттүү шаардагы температура индекси кирет. Келишимдин тарабы үчүн мүнөздүү болгон финансылык эмес өзгөрүлмөлөр келишимдин тарабынын активине доо кетирген же кыйраткан өрттүн пайда болушун же пайда болбошун өзүнө камтыйт. Финансылык эмес активдин адилет наркынын өзгөрүшү, эгер адилет нарк ушундай активдердин рынок баасынын өзгөрүүлөрүн гана эмес (финансылык өзгөрүлмө), конкреттүү кармалып турган финансылык эмес активдин абалын дагы (финансылык эмес өзгөрүлмө) чагылдырса, анын ээси үчүн мүнөздүү болуп саналат. Мисалы, эгер конкреттүү автомобилдин жоюу наркынын кепилдиги кепил берүүчүнү автомобилдин физикалык абалынын өзгөрүү тобокелдигине алып келсе, ушундай жоюу наркынын өзгөрүүлөрү автомобилдин ээси үчүн мүнөздүү болуп саналат.

## Соодага арналган финансылык активдер жана милдеттенмелер

BA.6 Эрежедегидей, соода активдүү жана тез-тез сатып алуулар жана сатуулар менен мүнөздөлөт, ал эми соодага арналган финансылык инструменттер адатта баанын кыска мөөнөттүү өзгөрүшүнөн же дилердин маржасынан пайда алуу максатында колдонулат.

BA.7 Соодага арналган финансылык милдеттенмелер төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт:

(a) хеджирлөө инструменттери катарында эске алынбаган туунду милдеттенмелерди;

(b) кыска позициянын ээлик кылуучусу тарабынан тартылган финансылык активдерди берүү жагынан милдеттерди (б.а. ишкана зайым катары тарткан, бирок али ээлик кыла элек финансылык активдерди сатат);

(c) жакынкы келечекте сатып алуу ниети менен чыгарылган финансылык милдеттенмелерди (мисалы, карыздык инструменттин адилет наркынын өзгөрүшүнө жараша эмитент жакынкы келечекте кайтарып алышы мүмкүн котировкаланган карыздык инструментти); жана

(d) топтук негизде башкарылган идентификацияланган финансылык инструменттердин портфелинин бөлүгү болуп саналган финансылык милдеттенмелерди жана кыска мөөнөттө пайда алуу жагдайы тууралуу күбөлөндүргөн жакында болгон операцияларды.

BA.8 Милдеттенме соода ишмердүүлүгүн каржылоо үчүн колдонулат деген факт милдеттенмени соодага арналганга айландырбайт.

© ФОЭС Фонду